www.bizdin.kg



www.bizdin.kg

КЫРГЫЗ ССР
ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

# СЕЙТЕК

МАНАС ЭПОСУНУН

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮГҮ

4
КИТЕП

*Кыргыз Мамлекеттик Басмасы*
*Фрунзе 1960*

# КИРИШ СӨЗ

Негедир ушул убакка чейин «Сейтек» поэмасы кыргыз фольклорун изилдөөчүлөрдүн көз жаздымында келе жатканы байкалат. Сөз арасына кыпчылып кеткени болбосо, бул сонун поэманын бүткүл ажарын ачып көрсөткөн эмгектер жокко эсе. Анткени менен «Сейтек» атактуу «Манас» трилогиясын бардык тараптан жыйынтыктаган, корутундулаган бөлүмү катарында эсептелүүгө толук укуктуу. Аны кандайдыр бир эпилог, болбосо калыптанып бүтө элек поэма түспөлүндө кароо эн бери калганда маселеге үстүртөн мамиле кылгандык болор эле. Мейли сюжеттик жана композициялык түзүлүшү жагынан болсун, мейли каармандардын көркөм элестеринин ачылышы жана идеялык мазмунунун толуктугу жагынан болсун «Сейтек» өтө оригиналдуу өз алдынча бүткөн чыгарма.

Бул поэманын «Манас» менен «Семетейдей» эле бир нече варианттарынын болушу да анчейин кокустук эмес. Бул абал баарынан мурда чыгарманын эл арасында кеңири таралгандыгын айгинелейт. Эл ичинен чыккан не бир таланттар «Сейтекке» дагы «Манас» менен «Семетейдей» эле ыйык карап, терең сүймөнчүлүк менен акындык шыгын жумшашпай койгон эмес. Атактуу зор манасчылар бул эпостун үч бөлүгүн бир-биринен ажыратпай карашкан. Манас жөнүндө сөз боло баштаганда эле анын уулу Семетей, небереси Сейтек көз алдыда турган. Бизге маалим болуп жеткен манасчылардын эң зору Саякбай Каралаевдин варианты боюнча бул трилогиянын толук айтылышы ойго алчу нерсе.

Арийне, «Сейтектин» варианттарынын бардыгы дээрлик эле бир кылка, сыйда эмес, Манасчылардын акындык шыгына, арымына, турмуштук тажрыйбасына жана көз карашына жараша алардын варианттарынын да жекече касиеттери, өзгөчөлүктөрү бар. Бул талашсыз чындык. Ошондой болсо дагы поэманын бүткүл сонун жактары заманыбыздын алп манасчысы Саякбай Каралаевдин вариантынан таасын сезилет. Мындан, албетте, калган манасчылардын, атап айтканда, Сазанов Багыштын, Рысмендеев Шапактын, Ыбрай Абдырахмановдун ж.б. «Сейтектери» колго илинбейт деген бир беткей чогоол корутунду чыкпоого тийиш. Аталган манасчылардын ар биринин варианттары өздөрүнүн күчтүү жана чабал жактары менен мүнөздөлөт. Бирок булардын арасынан көркөм сюжеттин жетер жерине чейин иштелиши, окуялардын нагыз эпикалык арымда сүрөттөлүшү, образдардын даана ачылышы жагынан Саякбай Каралаевдин варианты орошон өзгөчөлөнүп турат.

«Манас» эпосунун айрыкча биринчи бөлүгү Сагымбай Орозбаков боюнча ар түрдүү элге жат идеяларга, диндик катмарлануулярга дуушар болгону белгилүү. Поэманын нукура элдик негизин калыбына келтирүү үчүн ар түрдүү варианттарды бириктирүү зарылчылыгы да мына ушундан улам келип чыккан. Ал эми «Сейтекте» болсо иш башкача Чыгарманын идеялык-көркөмдүк составына чоочун ар түрдүү катмарлануулар буга келип жеткен жок. Ошондуктан ар кыл идеялык-көркөмдүктө айтылган варианттарды атайлап бириктирүү жасалмалуулукка алып барар эле. Ушул учурлар эске алынып, бир нече варианттардын негизинде бириктирилип, кыскартылып түзүлгөн «Манаска» жана «Семетейге» караганда «Сейтектин» айырмаланышы, ал бир гана варианттын, Саякбай Каралаевдин вариантынын негизинде берилди.

«Манас» трилогиясы генеалогиялык циклизация принцибинде түзүлгөнү таанымал. Анын биринчи бөлүмү Манастын жана анын баатырларынын өлүмү, ошондой эле экинчи бөлүмү да Семетейдин кайып болуп кетиши сыяктуу күчтүү трагедия менен

аяктайт. Эки поэманын акырында тең адилетсиз зулумдар. баскынчылар бийликке келет. Эл жакырланат, туш тарапка качып бүлүнө баштайт.

Эпостун мындайча бүтүшү элдин тилегин, илгери үмүтүн сүрөттөгөн чыгарма үчүн мүнөздүү болбос эле. Окуя канчалык трагедиялуу болсо дагы элдик оозеки чыгармалардын аякташы оптимисттик мааниге ээ болорун улуу М. Горький таамай белгилеген. Дүйнөлүк бай элдик оозеки чыгармалардын тажрыйбаларына бекем негизделген бул теоретикалык жобо түздөн-түз кыргыз эпосторуна да тиешелүү.

Ушундан улам табийгы түрдө «Сейтек» жөнүндөгү поэманын башталышы зарыл. Ал бөлүм ич арадан чыгып элди эзген Канчоро, кыйырды бузуп келген Желмогуз уулу Сарыбай сыяктуу мыкаачы душмандардын биротоло жеңилишин баяндамак.

Ич арадан чыгып элди бузуп жарган жана сырттан келген душманга каршы күрөшүү — «Манас» трилогиясы үчүн традициялуу сюжеттик мотив Бирок, «Семетей» поэмасы «Манастын» идеялык-көркөмдүк системасын кайталабаган сыяктуу эле «Сейтек» бөлүмү дагы мурдагы сюжеттик схеманы анчейин гана кайталабайт, ага жаны идеялык маани киргизет, толуктайт, тереңдетет. Тагыраак айтканда трилогиянын негизги идеялык-тематикалык негиздерин улантат, акыр аягына жеткирет, бүткүл жомокту тыянактайт.

«Сейтек» дагы «Семетей» сыяктуу эле кыргыз элинин бүлүнүшү, каармандардын жеңилиши, азап чегиши менен башталат Бирок, традициялуу сюжеттик мотивдин кайталанышы дегенибиз мурда болгон окуялар, турмуштук кырдаалдар толук түрдө кайрадан сүрөттөлөт де» теңдикке жатпайт. Элдик эпостун көркөмдүк системасынын айрыкча касиеттеринин бири традициялык сюжет канчалык деңгээлге көтөрүлгөнү менен белгиленет. Болбосо, генеалогиялык принцип менен байланышкан бөлүктөрдүн өз алдынча оригиналдуулугу болбос эле.

Эпикалык «клишелерди» анчейин гана курулай кайталоо деп түшүнүү натуура жыйынтыктарга алып барат. Эпостук «клишелер» жаңы турмуштук кырдаалдарга, шарттарга байланыштуу жаңы мааниге ээ болмок «Сейтек» бөлүмүнүн эн күчтүү жактарынын бири — анда дал ушул традициялык сюжеттик  мотивдердин жаңыча чечилгенине байланыштуу.

Биздин оюбузча бул трилогиянын идеялык-көркөмдүк бирдиктиги жалаң гана генеалогиялык циклизацияга байланыштуу эмес. Баарынан мурда мындагы образ сүрөттөө принцибинин бекем салттуулугунда. Ошондуктан «Манас» эпосунун айрым бөлүктөрүнө мүнөздөмө бергенде, биринчисин — баатырлык, экинчисин — романтикалык, үчүнчүсүн — трагедиялык поэмалар катарында белгилөө жалпысынан алганда ишенимдүү болуп көрүнгөнү менен чынында поэмалардын нагыз идеялык -көркөмдүк ажарын, бул бөлүмдөрдүн бир-биринен ажырагыс байланыштарын ачып бере албайт. Ар бир поэмада ушул көрсөтүлгөн касиеттер бар. Ырас, бирөөндө күчтүү, басымдуу, экинчисинде анчалык эмес. Мындай болушу да табийгы көрүнүш.

Образдын традициялуу болушу дегенибиз баатырдын ордуна жаңы баатыр төрөлөт. Ошондой эле анын күчтүү, амалкөй, кара мүртөз душмандары болот. Ал эми булардын арасындагы күрөш болсо эпостун улам кийинки бөлүгүндө, улам башка турмуштук кырдаалдарда көрсөтүлгөн.

Өтө татаал турмуштук кырдаалдардын көрсөтүлүшү «Сейтек» поэмасында Айчүрөктүн образын бүткүл поэманын сюжеттик негизин түзгөн каармандардын катарына кошот. Ал мында аялдык сулуулуктун жана айлакерликтин жеткен элеси катарында гана эмес, акылмандуулуктун, эр жүрөктүүлүктүн, туруктуулуктун образы катарында берилет. Кадимки турмуштук шарттардын сүрөттөлүшү менен

фантастикалык учурлардын шайма-шай келиши, Айчүрөктүн образынын эстетикалык таасирдүүлүгүн күчөтөт. Карапайым аял болуп туруп, каалаганда аккуу болуп кубулуп кетиши, болбосо Тооторудай сыйкырлуу тулпарларды «дубалап» салышы Айчүрөктүн образына чыныгы эпикалык мүнөз киргизет. Булар жомоктогудай болгону менен кадимки жашаган адамдардын турмушун көрсөткөндөй таасир этет.

Эпостук образдардын көркөмдүк таасирлүүлүгү кадимки кадыресе турмуштук кырдаалдардын фантастикалык учурлар менен тыгыз айкалышына байланыштуу. Фантастикалык апыртуу образга канат байлайт, аны укмуштанат.

Эпикалык фантастика адамдар арасындагы не бир татаал катнаштарды, байланыштарды көрсөтүүдө көркөмдүк реалдуулугун күчөтүүгө кызмат кылат. Арийне, бул жерде образдын реалдуулугу жөнүндө сөз баратканда бул адабий түшүнүккө жекече мамиле кылуу керек. Бул баарынан мурда жазма адабияттын өзгөчөлүгүнө байланыштуу чыккан түшүнүк экени белгилүү. Ал эми оозеки чыгармачылыктын касиеттерине жана өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу реализм дегенибиз өзүнүн жекече маанисине ээ болмок.

Эпосто образ түзүү ыкмасы көркөм ой жорутуунун өзүнчө бир түрүнө жатат. Андагы фантастиканы, гиперболизацияны, мифтик учурларды каармандардын кадыресе турмуштук абалдарынан ажыратууга болбойт. «Эмне үчүн Бакай өлбөйт», «эмне үчүн Айчүрөк сулуулугунан өчпөйт» деп суроо коюу туура болбос эле. Бул образдарды түзүүдө элдик таланттар дал ошондой касиетти аларга «түбөлүк» берген. Эпостук образдардын түзүлүшүндөгү ушундай бөтөнчөлүктөрдү эске алганда гана алардын табиятына үңүп кире алган болобуз.

Айчүрөктүн Кыязга карата болгон мамилелеринде кадимки кадыресе турмуштук карым-катыштар да бар, жомоктук сыйкырлуу укмуш фантастика да бар. Баарынан сонуну ушул эки учурдун бир-бирине айкалышып сайкеш келгени. Кыяздын Тоотордан ажырашы апыртпай айтканда деле «Сейтек» поэмасынын чыныгы кооздугун түзгөн бөлүмдөрдөн. Сөз арасында айта кете турган нерсе, С. Каралаевдин вариантынын башка варианттардан айрыкча өзгөчөлүгү анда ар кыл сюжеттик мотивдердин терең иштелишинде. Маселен, башка варианттарда Тооторуну Айчүрөктүн «алдап» кеткендиги жөнүндө үстүртөн гана айтылат. Аларда бул сюжеттик мотивдин ички кыймылы сүрөттөлбөйт. Турмуштук ушул кырдаалга байланыштуу Айчүрөктүн образы да ачылбай калат.

Ал эми С. Каралаевдин вариантында болсо дал ушул эпизоддо Айчүрөктүн образы бардык жагынан көрсөтүлгөн. Ал жеткен айлакер, акылман, эр жүрөк баатыр, эч нерседен тайманбас каарман. Кыязды сыйкырдуу Тоотордан ажыратуу душмандын өлүмүнө тете экенин Айчүрөк кадиксиз түшүнөт.

Тоотору жөнүндөгү окуянын ар түрдүү фантастикалык учурлары толугу бойдон образдын терең ачылышына ылайыкталат. Тооторунун тилин бууп салыш, буга өчөшкөн сыйкырдуу Тооторунун Айчүрөктү алып-учуп жөнөшү, эң акырында, акылман аялдын сыйкыры менен Тооторунун «койго жетпес койкүрөң» болуп калышы, мына ушулардын баардыгы сыйкырлуу кара күчтүн үстүнөн болгон адамдын жеңишин белгилейт. Ошентип, фантастикалык учурлардын кадимки турмуштук катнаштар менен айкалыштырып сүрөттөлүшү образдын көркүн ачып, маанисин тереңдетет. «Сейтекте» ушул драматикалык окуядан кийин сюжет түйүндөлөт, башкача айтканда, Сейтек баш болгон баатырлар душмандын адилетсиз зордугунан элди, жерди бошотууга аттанышат.

Кыргыз элинин атактуу трилогиясынын биринчи бөлүмү Манастын, экинчи бөлүмү Семетейдин, үчүнчү бөлүмү Сейтектин ысмы менен аталганына карабастан, аларды эпостун бүткүл сюжеттик эриш-аркактарын түзгөн каармандар катарында кароо бир беткей жыйынтыктоолорго алып келер эле. Бул эпостун бөтөнчө бир идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрүнө анда жекече алынган каармандын айрыкча даңазаланышы таптакыр мүнөздүү эмес. Чыгарманын бүткүл идеялык-көркөмдүк негизинин арымдуулугу да, кеңирдүүлүгү да анда ар түрдүү каармандардын турмушу, тагдыры бардык тараптан сүрөттөлгөнүнө байланыштуу. Дал ушул мааниде алып караганда «Сейтек» поэмасында Күлчоронун образы айрыкча өзгөчөлөнүп турат.

Күлчоро «Семетей» бөлүмүнүн негизги каармандарынан экени белгилүү." Анда ал Семетейдин бирден бир ишенген чоролорунан. Баатырлыгы, эр жүрөктүүлүгү Семетейден ашса ашып түшөт, эч жеринен кемибейт. Мына ушундай каарман туткундалып Канчоро менен Кыяздын колунда калды. Ушунун өзү эле бул образдын жаңы түстөр менен ачылышына ыңгай түзмөк. Мына ушундан улам элдик эпоско каармандын мүнөзүн көргөзүүдө аны катып селейип калган абалында эмес, ар түрдүү кыймылдарында, кубулуштарында көргөзүү мүнөздүүбү деген пикир келип чыгат. Анткени, Күлчоро мурдагы «Семетей» бөлүмүндөгү шайыр, ачык жигит эмес, башка турмуштук кырдаалдарга байланыштуу анын мүнөзү да, кыялы да өзгөргөн. Эпикалык образдын күчү да жомоктук каармандар аркылуу кадимки турмуштук катнаштардагы адамдардын тагдырын, ыйын, ар түрдүү кубанычын көрсөтө алгандыгында.

Ушул аспектиде Күлчоро менен Канчоронун катнаштарын алып көрүү жетишерлик. «Семетей» поэмасында бул эки каарман чыгарманын сюжетиндеги «тизгин чоёр» образдар катарында берилет. Канчоронун мүнөзүндөгү айрым ичи тарлык, кара мүртөздүк, коркоктук болбосо ал негизинен оң кейипкер катарында сүрөттөлөт. Ошондой болсо дагы бул каармандардын бири-бирине кескин карама-каршы турган образдар экени маалим боло баштайт. Бул образдардын көркөмдүк таасирдүүлүгү алардын адамдык касиеттерин, сапаттарын көрсөтүүдө ылгый бир түскө келтирип «оң» жана «терс» кылып бере салбастан, алардын мүнөзүндөгү татаал бурулуштарды ыргак менен сүрөттөөгө тыгыз байланыштуу.

Булардын контрасттык каармандардан экендиги алардын аттарында эле берилген. Канчоро эмгенде эмчегинен кан чыкканын Каныкей кандайдыр бир кара ниеттиктин жышааны катарында Семетейге алда нече бекеринен айтпаса керек. Күлчоро жеткен адилеттүүлүктүн, адамгерчиликтин, ал эми Канчоро болсо арамзаалыктын, кара ниеттүүлүктүн элестери катарында сүрөттөлөт. Адамдык ушул сапаттарды көрсөтүүдө элдик генийдин бүткүл күчтүү жактары Күлчоро менен Канчоронун образдарынын «Сейтек» бөлүмүндөгү өнүгүшүндө ачылат.

Кыргыз эпосторунда образ жалаң гана сюжеттин тынымсыз кыймылдарында гана эмес, каармандарга берилген мүнөздөмөлөрдө кадимкидей бүткүл ажары менен сүрөттөлөт. Бул учур «Манас» трилогиясына аябай мүнөздүү. Манастын өзүнө берилген эле классикалык мүнөздөмөнү эске түшүрүү жетишерлик.

Алтын менен күмүштүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй
Асман менен жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Айың менен күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй..

Бул Манаска берилген мүнөздөмө-салыштыруунун айрым гана саптары. Аларды Манаска берилген туруктуу мүнөздөмө-салыштыруулар деп айтууга толук болот. Анткени, алар дайыма Манаска гана тиешелүү. Ошондой эле бул ыр саптары улам жаңы турмуштук кырдаалдарга байланыштуу улам жаңы вариацияларда берилип турат.

Мүнөздөмө-салыштыруу образдын ачылышында негизги ыкмалардан. Бул ык эпосто катышкан каармандардын көрсөтүлүшүндө баардыгында тең кеңири колдонулганын байкайбыз. Ырас мүнөздөмө-салыштыруулар Манаска берилген сыяктуу кеңири болушу жана да кыска, чакан болушу мүмкүн. Маселен, чыканактай эр Агышка берилген мүнөздөмө-салыштыруу өтө кыска, чакан, ошондой эле өтө так. Мындай мүнөздөмө-салыштыруулар айтуучу-жомокчу тарабынан да берилиши ыктымал, ошондой эле айрым каармандар тарабынан берилет. Мына дал ушул жагынан алып караганда Канчорого карата айтылган Каныкейдин жана Бакайдын баалары көркөмдүк жагынан «Сейтек» поэмасындагы эң кооз учурлардан деп айтууга болот. Албетте, кооздук дегенибиз жылма, жылтырак сөздөр эмес. Бул мүнөздөмө-салыштырууларда Канчоронун тирүү образы көз алдыга таасын тартылат да, нак турмушта жашаган реалдуу адамдын мүнөзү, не бир кылык-жоруктары, мыкаачылыктары сезимди ичиркентип турат. Көркөм образдын эстетикалык таасирдүүлүгү да ушуга байланыштуу го деп ойлойбуз. Кандай болсо дагы поэманын сюжеттик негизин анын башкы каарманы Сейтек ээлөөгө тийиш. Биз мурда айткандай жеке каарманды даңазалоо «Манас» трилогиясына мүнөздүү эмес. Ошондой болсо да традициялуу сюжеттин шарты боюнча окуяны жетектөөчү баш каарман Сейтек болуп эсептелет. Бирок мында дагы баш каарман дегенди шарттуу түшүнүү керек. Баш каарман десе эле «ойду омкоруп, тоону томкоргон» баатыр деп түшүнүү алда канча жаңылыштык. Бул образдын шөкөттөлүшүндө, сыпатталышында «Манастагыга» караганда фантастика, ал турмак кадимки эпикалык гипербола алда канча аздай. Арийне, мындан Сейтектин образында жомоктук, эпикалык касиет жок деген жыйынтык чыкпайт. Антип айтуу бүткүл поэманын идеялык-көркөмдүк системасына чоогол шек келтиргендик болор эле. Мындагы маселе образды сүрөттөөдөгү кандайдыр бир өзүнчөлүктүн, бөтөнчөлүктүн бар экендигинде болуп жатат. Сейтектин образын сүрөттөөдөгү бул өзгөчөлүк баарынан мурда бүткүл поэманын образ системасына байланыштуу.

«Манас» жана «Семетей» бөлүмдөрүндө көбүнчө согуштук эпизоддор басымдуулук кылат. Ошого ылайык андагы каармандардын образы да ошондой окуяларда, ошондой идеялык мотивдерде ачылат. Ал эми «Сейтек» бөлүмүндө болсо элдин оор турмушун сүрөттөөгө айрыкча көңүл бөлүнөт. Мына ушуга жараша андагы образдар дагы көп учурларда кадимки турмуштук шарттарда сүрөттөлөт. Ушул кырдаал Сейтектин образынын сыпатталышына таасирин тийгизбей койбойт:

Бугулуу Талас, бул Кең-Кол,
Жерде өскөн эл канда?
Энекем менен абакем,
Элге жетер күн кайда?
Кыялап ашып жол тартсак,
Кырк адырмак бел кайда?

Кырааным абам эл кайда,
Маңдайдан басып от албай,
Өз журтума жете албай,
Каңгырап жүрүш не пайда,
Карангүн абам эл кайда,
Элге жетер күн кайда?

Биз бул ыр саптарын Сары Тазга карата айткан Семетейдин сөздөрүнө салыштырып көрөлү. Өз жери жана эли жөнүндө укканда ызасына чыдабаган Семетей мындайча жыйынтык чыгарат:

Ушул сөзүң чын болсо,
Айтканыңды кылбасам,
Төбөсү ачык көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун!
Атагы урсун Таластын,
Арбагы урсун Манастын.

Сейтек али жаш, али бала, анын сөздөрүндө бир боор жеринен ажыраган адамдын катуу кайгысы, жүрөк мыкчыган ызаасы бар. Элдик эпос анын ушундай образын берүүдө апыртпайт, кадимки турмуштагыдай кылып берет. Ал эми Семетейде болсо өз күчүнө ишенген баатырлык да, кадимки Манастын айбатындай айбат бар. Бирдей эле тагдырдагы каармандардын мындайча ар башка планда сүрөттөлүшү ар бир поэманын духуна, образдык системаларынын ар башкалыгына тыгыз байланыштуу.

«Семетейде» баатырлык мотив күчтүү, ал эми «Сейтекте» жогоруда белгиленгендей элдин турмушун, тагдырын сүрөттөө учурлары басымдуулук кылат. Муну анчейин байкалбас деталдан эле сезүүгө болот. «Семетей» бөлүмүндө башкы каарман адегенде эле «эр», «шер», «кабылан» сыяктуу гиперболикалык маанидеги эпитеттер менен мүнөздөлөт. Ал эми Сейтектин туруктуу эпитеттери «жаш», «бала» сыяктуу түшүнүктөр. Мына ушул жерде традициялык сюжеттин жаңы турмуштук кырдаалдарда кандайча жаңы интонацияга ээ болорун байкаш үчүн баатырлардын Таласка келген учурларын карап көрүү жетишерлик. Семетей келгенде да, Сейтек келгенде да Таластын пейзаждык көрүнүшү берилет. Мындагы айрым образдык курулмалардын кайталанганына карабастан бул пейзаждык сүрөттөрдүн берилиши эки жерде тең өз ордунда. Анткени, поэтизацияланып сүрөттөлгөн табияттын көрүнүшү өз жерин сагынган каармандардын сезимин козгоп, ата журтуна карата болгон сүйүүсүн ого бетер чыңайт. Бул поэтикалык сүрөттөөлөрдү анчейин гана сөзмө-сөз кайталоо деп түшүнүү жаңылыштык болор эле. Анткени, ар бир учурда мурдагы табылган образдык курулмалар жаңы көркөм деталдар менен толукталып турат. «Семетейдеги» төмөнкү ыр саптарына көңүл буралы:

Кең Талас чоң өзөн,
Жаткан экен чалкайып,
Эчкиликтин Кара-Зоо,
Көктү тиреп каркайып,
Адырдан аркар куюлуп,
Адырдын чөбү суюлуп,
Будурдан бугу куюлуп,
Будурдун чөбү суюлуп…

Мына дал эле ушул көрүнүш «Сейтек» поэмасында мындайча көркөмдөлөт:

Касиеттүү кен Талас,
Жаткан экен чалкайып,
Мунун тоосу бийик аркайып.
Кара курту бармактай…
Булагы ашып ташыптыр,
Муңдуу бир киши жашыптыр.
Жалбырагы жаргактай,

Келтирилген үзүндүлөрдө мурдагы традициялык образдын башталуу учуру гана сакталганы көрүнүп турат. Андан ары болсо манасчы табияттык кубулуштардын башка жактарына көңүл бурганы айкын. Ушундан улам бул табияттык кубулуштарда сүрөттөлүп жаткан каармандардын да психологиясы ар башка. Семетейдин жана

Сейтектин Таласка келишиндеги пейзаждык көрүнүштөр гана эмес, ошону менен бирге башка турмуштук кубулуштардын сүрөттөлүшү дагы айырмаланып турат. Семетей келгенде аны капталынан кара чаар кабылан, бир жагынан көк жал, алды-артынан Алмамбет, Чубак, Сыргак баш болгон баатырлардын арбактары тосуп алат. Булардын сүрөттөлүшү поэманын сюжеттик өнүгүшүнө кандайдыр бир укмуштуу жомоктук касиет киргизет да, Семетейдин баатырлык шаңына эп келип турат. Ал эми Сейтектин келишинде болсо мындай баатырдык маанидеги эпикалык элестер жок. Аны Бозинген тосуп чыгат.

Сары керүү кайкаңга,
Өзөнү жылгын тайпаңга
Бала жетип келди эле,
Чын кырчындын оюна,
Чоң чынардын боюна,
Жакын жетип келгенде,
Бет алдынан буркурап,
Боздоп чыкты Бозинген,
Баатырдан калган төө экен,
Жүктөп айтар жүгү жок,
Айтайын десе тили жок,
Адамдын сүйгөн малы бар,
Ай, Бозинген, жаныбар.
Маң-маң-маң баскан,
Төрт аягын тең баскан.
Чуудаларын чан баскан,
Эки көзүн кал баскан.

Бул жерде Бозингендин сүрөттөлүшү кокустук эмес. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгына адамдын кайгысын, муңун, оор турмушун көргөзүүдө тайлагынан ажыраган ингендин ыйы менен сүрөттөө өтө мүнөздүү. Казак элинин атактуу окумуштуусу Ч. Ч. Валиханов айткандай «Манас» эпосу кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгындагы бардык жанрларды өз ичине камтыганын эске алсак, анда Бозингендин образы аллегориялык мааниге ээ болот. Бозингендин элесинен эле адилетсиз адамдардын кол алдында эзилген элдин турмушу көзгө көрүнө баштайт. Поэманын идеялык мазмуну, жогоруда белгиленгендей, кандайдыр бир айрым адамдардын кордугун эмес, жалпы элдин оор абалын көрсөткөндүгү менен айырмаланат. Дал ушул мааниде алып караганда Сейтектин Каныкейге жолукканы кандай күчтүү, кандай көркөм. Бул  эпизод адам Турмушунун оор кайгысы, аянычтуу учурлары менен жык толгон. Бирок канчалык азаптарды тартса дагы эне кайратынан жанбайт, келечектен үмүтүн үзбөйт. Бул идеялык мотив Сейтек менен Каныкейдин диалогунда эң күчтүү берилген.

Саякбай Каралаевдин варианты боюнча «Сейтек» поэмасынын таасирлүү учурларынын бири Семетейдин кайып болуп кетишин сүрөттөгөн учурлар. Башка варианттарда бул мотив айрым учурларда кездешкен менен ал акыр аягына жеткирилбегенин байкайбыз. Ал эми С. Каралаевде болсо Семетейдин кайып болуп кеткени гана эмес, анын кандайча кайрадан эл арасына келгени да толук сүрөттөлөт. Арийне, бул миф. Бирок, мифтин болушу эпостун идеялык-көркөмдүк негизин бузбайт, тескерисинче, кооздойт, көркөмдүк касиетин күчөтөт. Эл өзүнүн сүйүктүү каарманына өлүмдү ыраа көрбөйт. Анын үстүнө Сейтек дагы кадимкидей күчүнө толуп, эр жете элек. Анын душмандары да каардуу. Ушунун баарын эске алганда Семетейдин кайрадан элге кошулушу ылайыктуу, Анын элге кошулушу кыргыз баатырларынын кайрадан күчкө толо башташын, үзүлгөндөрдүн уланып, чачылгандардын жыйнала баштаганын элестетет. Бирок, Семетей элге кайрадан кантип кошулду, бул маселе көркөмдүк жагынан кандайча чечилди? Маселенин баары мына ушунда. Биздин оюбузча бул сюжеттик мотив «Сейтек» поэмасында эң сонун иштелген, жетер жерине жеткирилген учурлардан болуп эсептелет. Семетейди биринчи жолу көргөн Кара Дөө

аны элге алып келүүгө аракеттенет. Аракетинен эчтеке чыкпагандан кийин ал Күлчорого барат. Бирок, Күлчоронун да колунан келбейт. Акырында Каныкейдин эмчек сүтү гана Семетейге тил берип, көзүн ачат. Семетейдин элге кайра кошулушу фантастика экендигине карабастан, кадимки турмушта кездешүүчү окуялардай кабыл алынат. Анткени, эне сүтүнүн ыйыктыгы жөнүндөгү идея ошончолук чанда кездешкен күч менен сүрөттөлгөн.

А, Каныкей жок болсо,
Белести чалып сүзүп кой,
Белгилүү абаң төрөдөн,
Күдөрүңдү үзүп кой.
Конуш күтүп жер болбойм,
Энекем өтсө дүйнөдөн,
Күлчоро сага эл болбойм.

«Сейтек» поэмасынын эң чатыш жери анын жыйынтыктоочу бөлүмү. Сейтектин Таласка келгенге чейинки сюжеттик эриш-аркактардын айрым жерлериндеги айырмачылыктарды эске албаганда буга чейинки окуялар негизинен бардык варианттарда бирдей.

Ал эми поэманын жыйынтыктоочу бөлүмүнө келгенде Саякбайдын варианты калгандардан кескин түрдө айырмаланган сыяктуу. Мындай кескин айырмалануу эпостун пайдасынабы, же жокпу жана ал кандайдыр бир эпостун тулку боюна сырттан алынган гана жасалмалуу кошумчабы? Сөз бул жерде Сарыбай дөөнүн урушу жөнүндө бaратат. Чынын айтканда Желмогуз уулу Сарыбай менен болгон согуш жалгыз гана Саякбай Каралаевдин вариантында гана айтылат.

«Манас» трилогиясы өзүнүн бүткүл идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн алып караганда баарынан мурда баатырдык эпос. Бул аныктама менен эпосту изилдөөчүлөрдүн бардыгы текши макул. Трилогиянын биринчи бөлүмү да ошондой эле экинчи бөлүмү да кайгылуу бүтөт- Мындай аяктоо кыргыз эпосторунун табиятына мүнөздүүбү? Биздин оюбузча жок. Чындыктын, адилеттүүлүктүн жеңиши менен бүтүү кыргыз эпосторунун баардыгына дээрлик мүнөздүү. Кенже эпос деп аталган кайсы гана поэманы албайлык, башкы каармандар көп азаптардан кийин акыры жеңишке ээ болушат. Табияттын кара күчү менен күрөшүп зоокада калган Кожожаштын өчүн акыры анын уулу Молдожаш алат. Мындай мисалдарды четтен келтирүүгө болот.

Элдик эпостордун ушундай традицияларын бек сактаган «Манас» эпосунун кубанычтуу, бийик оптимизм менен аякташы сөзсүз болчу. «Манас» трилогиясын элдик традициялардан обочо турган кандайдыр бир өзүнчө жеке нерсе катарында кароо жаңылыштыкка такайт. Сөз арасында кыпчый кете турган нерсе кыргыз эпосторун изилдөөдө «Манас» поэмасын кенже эпостордон ажыратып кароо бир беткейлик болор эле. Булардын бири-бири менен киндиктеш экенин унутпоо керек. Эгерде ушуларды эске алсак «Манас» трилогиясы кандайдыр бир чоң, күчтүү, каардуу душманды жеңүү менен бүтүшү айкын. Бул аныктама бизге белгилүү болгон бардык варианттардын жыйынтыктоочу главалары менен далилденет.

Дээрлик бардык варианттарда Сейтек күчтүү душман менен согушат да, аны жеңет. Ар бир вариантта келген душмандын аты башкача аталат да, сүрөттөө учурлары да түрлүүчө берилет. Маселен, Шапак Рысмендеевдин, Багыш Сазановдун варианттарында Сейтек Коңурбайдын уулу Куялы менен согушат. Куялы бул жолу атасынын кегин кууп келет. Жакшылык Сарыков, Ыбрай Абдырахманов боюнча Сейтек Кара Дөө менен согушат. Ошентип, бул варианттарда Куялы да, Кара Дөө да терс

каармандар катарында берилет. Ал эми, Саякбай Каралаевдин вариантында болсо булар оң каармандар катарында, Сейтектин достору катарында сүрөттөлөт. Бул вариант боюнча Сейтек Желмогуз уулу Сарыбай дөө менен согушат. Ошентип, сюжеттик айырмачылык дегенибиз бар болгону каармандардын башка-башка аталганына гана барып такалат.

Окуучу эпосто Желмогуз уулу Сарыбай деген жок эмес беле, деп сурашы мүмкүн. Жок, андай эмес. Мындай каарман эпосто бар. Саякбай Каралаевдин вариантында чоң-казаттагы окуядан төмөнкүлөрдү окуйбуз:

Тоодой чокмор байланып,
Тозогу тоону айланып,
Желмогуз уулу Сарыбай,
Көгала издеп жүрүптүр.
Сары келсе кокустан,
Заман акыр салат деп,
Сарыбай, Көгөла тартып алат
Олуят атаң билиптир.
Тулпар ичин ачырып,
Көгаланы качырып,
Чубак сенин айыңдан,
Өткөн иштин жайынан,
Мен кечпеген суу калбай,
Мен ашпаган тоо калбай,
Күндүзүндө тынч албай,
Түн ичинде уйку албай
деп Көгаланы баккамын,
Сарыбай иттин кордугун,
Нечен жылы тарткамын.

Ырас, «Манас» эпосунда Сарыбай дөөнүн образы кеңири окуяларда сүрөттөлбөйт, ал жөнүндө кабар гана берилет. Бирок бул берилген кабар өтө таамай кабар, анын качан гана болбосун Манаска душман экендиги жөнүндөгү кабар.

Ошентип, Сарыбай дөөнүн «Сейтек» бөлүмүндө көрсөтүлүшү табийгы иш. Кеп бул жерде Сейтек Кара Дөө менен күрөшөбү, Куялы менен чабышабы, же Сарыбай менен алышабы баары бир. Эпостун каарманы кандайдыр бир каардуу душман менен күрөшмөк. Маселенин баары мына ушунда. Ал эми Сейтектин душмандарынын ар түрдүү варианттарда ар башка аталышы айтуучунун жекече шыгына, каармандардын аттарын эске тутуп калышына жана ал уккан чөйрөгө байланыштуу болушу ыктымал. Маселен, тяншандык манасчылар көбүнчө Сейтек менен Кара Дөөнү уруштурат. Демек ушул версия аларда кеңири тараган болуу керек. Ошондуктан Сейтектин Желмогуз уулу Сарыбай менен болгон согушун поэманын табийгы түрдө аякташы катарында кабыл алууга толук негиз бар.

«Сейтек» поэмасынын эң толук вариантын түзүүдө мезгилибиздин улуу манасчысы Саякбай Каралаевдин чыгармачылык эмгеги өтө зор. Башкасын айтпаганда деле Семетейдин кайын болуп жүрүшүн эске алуу жетишерлик.

«Манас» эпосундагы сүйүктүү каармандардын кайып болушу жөнүндөгү сөз эл арасында байыртадан бери тарап келе жаткан легенда. Аны атайы ырга айландырмак тургай, эпостун көркөмдүк системасына сиңирип жиберүү элдик чыгармачылыкты таза

сактаган адамдын гана колунан эмес, жеткен таланттын шыгына жараша болмок. Болбосо Семетейдин кайып болгондугу жөнүндө сөз арасында гана айтылбаса атайы эпизод катарында башка варианттарда дээрлик кездешпейт. Мына ушул мааниде алып караганда Сейтектин Желмогуз уулу Сарыбай дөө менен болгон согушун Саякбай Каралаевдин укмуштуу айтуучулук шыгын белгилеген факт катарында да баалоого тийишпиз. Арийне, баардыгын тең эле Саякбай Каралаевдин энчиңе өткөрүп берелик деген сөз эмес. Ал сөзсүз элден алган, жана акындык таланты менен кайрадан не бир электен өткөрүп коомдоп, кайрадан элге берген.

Желмогуз уулу Сарыбай Дөө менен болгон күрөш «Сейтек» поэмасынын баатырлык багытталышын эң жогорку бийиктикке чыгарат, чыгарманын бүткүл идеялык-көркөмдүк негизин жыйынтыктайт. Сарыбай чексиз каардуу, ашкан күчтүү душман. Элдик эпос атайы анын ким экендигин, кайдан келгендигин айтпайт. Мына ушул жагынан алып караганда Сарыбай дөө илгертен бери келе жаткан Манастын душманы. Ушул жагынан алып караганда бул образ кандайдыр бир жыйынтыктоочу мааниге ээ. Ошондуктан мындай душманды жеңүү да оңойлукка турбайт. Сарыбай дөөнү жеңүү кыргыз элин байыртан бери эзип келе жаткан душманды жеңүү.

«Манас» эпосунда айрыкча согуштук эпизоддорду сүрөттөөдө штамптуу бир калыптагыдай кайталоолордун бар экендигин өч ким танбайт. Бөтөнчө мындай кайталоолор Сагымбай Орозбаковдун вариантында кездешет. Бул кайталануулар эпостун өзүнчө бир жаңы катмарлануулардын түзгөн. Анткени айтуучу жат идеялардын таасири менен Манасты дүйнөнү бүт чапкан баатыр катарында көрсөтүүгө аракеттенип, жасалмалуу түрдө бир эле согуштук эпизодду уламдан-улам кайталай берүүгө аргасыз болгон. Ошентип, эпос элдик негизден ажыраган сайын өзүнүн көркөмдүгүн дагы, оригиналдуулугун дагы жогото берген. Ал эми качан гана нагыз элдик кызыкчылык үчүн болгон согуштук окуяларды сүрөттөөдө болсо айтуучу улам жаңы сүрөттөөлөрдү, ыктарды таба алган.

Сарыбай дөө менен болгон согуштук эпизоддун көрсөтүлүшү өтө оригиналдуу. Ал турмак анын сүрөттөлүшү традициялуу көнүмүштөн тышкары. Сүрөттөлүшү жагынан бул «Манастагы» «Чоң казатты» да, «Семетейдеги» «Коңурбайдын кол салышын да» туурабайт, алардан кескин түрдө өзгөчөлөнүп турат. Бул согуштук эпизод эң жогорку көркөмдүк күч менен сырттан келген душмандын күчтүүлүгүн дагы, аны жеңген адилеттүүлүктүн күчүн да даана көргөзөт. Сүрөттөөдөгү гиперболика каармандардын образын берүүдө негизги көркөм сөз каражаттарына жатат. Бирок мындагы душмандар «тийип» кетсе эле кырыла бербейт. Сүрөттөөдөгү апыртуу тескерисинче душмандын айбатын, каарын көрсөтүүгө жумшалган. Сарыбай дөө менен адегенде Күлчоро, андан кийин жаңыдан жетилип келе жаткан Сейтек, эң акырында Куялы кыз беттешет. Сүрөттөөдөгү мындай градациялык ык окуянын чыйралуусун күчөтөт, душмандын каардуулугун ыргактуу түрдө толук ачат. Арийне, мурдагысындай эмес Күлчоро Сарыбай дөөгө алы жетпейт. Сейтек жеңе турган болгондо ары куу, ары арамза Сарыбай дөө жети күнгө уруксаат алат, Сейтек чын баатырлыктын бийик салты менен ага уруксаат кылат. Ошентип Сейтек ашкан баатыр гана эмес, ошону менен бирге эпикалык согуштун бүткүл шарттарын сактай алган адилеттүү каарман. Сейтектин ушундай баатырлыгын. кыргыз элине келечекте чеп экенин ал турмак Сарыбай дөө дагы мойнуна алат:

Берен кыргыз элине
Бек бекиткен темирдей,
Чабышып жүрүп чаалыдым.
Күрөш баштап күбүлдүм,

Чеп экенсиң эр Сейтек!
Талыкпас элем талыдым,
Арстан элем наалыдым,
Бүгүн жандан түңүлдүм.
Айткан сөзгө көнүңүз.
Жети күн мөөнөт бериңиз?

Чынында Сейтек Сарыбай дөөнү жеңди Бирок, элдик эпостун бирден бир касиети кандайдыр бир турмуштан тышкары каармандарды мактап даңазалай берүү эмес. Карапайым адамдардын арасында не бир баатырлар бар экендигин көргөзүү эпостун элдиктүүлүгүн алда канча күчөтмөк. Дал мына ушундай образдарга Кайып чал кызы Куялы кирет. Ал кандайдыр бир чукулунан гана табыла калган образ эмес, поэманын бүткүл идеялык агымы менен даярдалган образ.

«Манас» трилогиясынын бирден-бир элдиктүүлүгү жана маанилүүлүгү ар түрдүү аялдардын образынын галереясын түзгөндүгүндө. Алардын арасында колу чебер уз, туюктан жол тапкан акылман да, кайратынан жанбаган балбан баатыр, суктанткан сулуу да бар. Куялы дал ушулардын катарына кирет. Кыскасы, Куялы «Сейтек» эпосу үчүн бөтөн көрүнүш эмес. Нукура элдин генийи жараткан каарман гана төмөнкүдөй сөздөрдү айтат:

Кандай кыраан болсо да,
Канаты менен учат го
Куйругу менен конотко,
О, кагылайын Күлчоро,
Кайраты болот жаш Сейтек,
Кадууну артып кол баштап.
Такоол болуп бергиле!
Каары катуу Сарыбайга,
Качпай тике баралы,
Кармашты күчтүү салалы.

Куялынын образын жетер жерине жеткирип көрсөтүп турган эпостун бул сөздөрүнөн ашырып эч нерсе айтууга мүмкүн эмес. Бул каарман баарынан мурда элдин күчүнө таянган баатыр. Анын үстүнө ал карапайым адамдардын арасынан чыккан кыздын образы. Ушуларды эске алганда эле Куялынын образы «Манас» трилогиясынын негизги идеялык мотивдерин улаган жана акыр аягына жеткирген образдардан экени талашсыз болуп чыгат. «Манас» трилогиясы атайы «Сөз башы» менен башталат. Анда бул элдик жомоктун нечен замандардан бери укумдан-тукумга өтүп келе жаткандыгы жөнүндө айтылат. Үчүнчү бөлүмүндө, башкача айтканда, «Сейтек» поэмасында «Сөз аягы» берилет. Баш-аягы билинбей көз кайкыган бул зор чыгармага ушундай композициялык ыктын зарылчылыгы өтө чоң. Ал кандайдыр бир зор жана татаал архитектуралык курулуштун башталган жана бүткөн жерин белгилеп тургандай.

Бирок, эпос эмне менен бүттү, кептин баары мына ушунда турат. «Сөз аягында» душман биротоло жеңилгенден кийин Семетейдин, Күлчоронун, Айчүрөктүн, Бакайдын, Каныкейдин алыс сапар кеткендиги жөнүндө айтылат. Чыгарманын мындай бүтүшү элдин акылмандуулугу менен гана табылган. Эл өзүнүн сүйүктүү каармандарына өлүмдү ыйгаргысы келбейт. Алардын түбөлүк «жашап» тирүү калышын каалайт. Ошондуктан эл арасында Семетейлердин сапар чегип жүргөндүгү жөнүндө легенда бекеринен кеңири таралган эмес. Семетейлердин кетиши үмүт үзгөндүк, көңүл чөккөндүк эмес, алар душмандын биротоло жеңилишин жакшы түшүнүшөт, ошондой эле «үзүлүп кетсе улачу, чачылып кетсе жыйноочу» Сейтек бар экенин билишет. Ошентип алардын сапар чегиши бийик оптимисттик идеяга сугарылып, поэманын ого бетер көркүн чыгарып турат. Профессор В. М. Жирмунскийдин билдирүүсү боюнча каармандын кайып болуп кетиши жөнүндөгү ыр дүйнөлүк фольклордо өтө кеңири тараган легендаларга жатат. Маселен, Артур жөнүндөгү келы легендасы дал ушундай.

Саякбай Каралаев боюнча «Сейтек» поэмасынын башка варианттардан өзгөчөлүгү, анын сюжеттик толуктугунда. Атактуу манасчынын элестүү сөзү менен айтканда «бир чапандын этегин айтса, жакасын таштап кетпейт».

Эпостук сюжеттин толук болушу окуялардын гана берилишине байланыштуу эмес. Окуялардын айтылышы зарыл шар». Бирок, ал окуялар көркөм деталдар, ар түрдүү-сүрөттөөлөр менен шөкөттөлбөсө, анда ал курулай окуя болуп калышы ыктымал.

«Семетей» бөлүмүндө Күлчоронун туткундалып кетиши жөнүндө айтылат. Ал эми ушунун өзү эле «Сейтектин» башталышында берилет. Мындай «кайталоонун» берилишине эмне себеп? «Семетейдин» аягында Күлчоронун туткундалышы айтылып гана тим болот. Ал эми бул окуя болсо «Сейтекте» көркөм деталдар менен сүрөттөлөт. Ошондуктан, муну куру кайталоо катарында кабыл албоо керек.

Сейтектин Каныкейге жолугушун эстеп көрөлү. Кармап турган торпогуна сайгак тийип, Каныкейди жыгып кетет. Буга ызасы келе калган Сейтек торпокту бөлө чабат. Чачыкейден корккон байкуш карыя, жаш баатырды каргай баштайт. Мына ушул кичине деталь Каныкей менен Сейтектин тагдырын кеңири сүрөттөгөн диалогду түзөт. Мында чоң энесинин кайгылуу оор абалын көргөн баатырдын катуу ызаасы да, азаптуу турмуш жедеп көкөйүнө тийген кемпирдин ачуу кайгысы да бар. Ошентип, сюжеттик мотивдин толук сүрөттөлүшүндө көркөм деталь стилистикалык эң негизги курулмалардан болуп эсептелет.

Арийне, «Сейтек» поэмасынын стилистикалык курулмалары ар түрдүү жана бай. Бул маселе өзүнчө атайы изилдөөлөрдү талап кылган проблемалардан. Ошондой болсо дагы олуп-чолуп айрым пикирлерди айтууга туура келет.

«Сейтек» эпосунун сюжеттик эриш-аркактарынын курулушунда жана окуялардын өнүгүш-ыргагын түзүүдө диалог чоң мааниге ээ. Диалог мында кандайдыр бир каармандардын анчейин гана кеп-сөзү эмес. Ал баарынан мурда окуянын тынымсыз өнүгүшүн сүрөттөгөн көркөм сөз каражаттарына кирет. Диалог каармандардын бири-бирине карата болгон мамилелерин көрсөтүү менен бирге алардын образын ачат, Кыяз менен Канчоронун, Күлчоро менен Канчоронун, Сейтек менен Каныкейдин диалогдору мына ушундай. Кыяздын коркоктугу, аңкоолугу, Канчоронун жеткен кара мүртөздүгү, Күлчоронун адилеттүүлүгү, Сейтектин баатырлыгы, Каныкейдин акылмандуулугу дал ушул диалогдордо берилет. Айрым учурларда диалогдо башка каармандардын образы ачылат. Маселен, Айчүрөк менен Каныкейдин диалогу. Мында Канчоронун баскынчылыгы, канкорлугу сейрек кездешүүчү көркөмдүктө көрсөтүлөт. Мындай диалогдорду кандайдыр бир каармандардын речи катарында гана эмес, белгилүү образды ачуудагы диалог — мүнөздөмө катарында кабыл алуу керек.

Кызыл-кызыл кырмызы,
Кырып тытсам бөлүнбөйт.
Тигил эмчек сүт берген эсерин,
Бизге кылчаяр түрү көрүнбөйт.
Жашыл ала тал жибек,
Жан-жанын тытсам бөлүнбөйт.
Тигил жакындап кирсе «жакшы
уулун»
Жан коёр неме көрүнбөйт.

Келтирилген үзүндү Канчоро жөнүндөгү Айчүрөктүн Каныкейге айтып жаткандарынан алынды. Бул анчейин гана айтылып жаткан сөздөр эмес, баш-аягы

текши чылк образ. Эпоско мүнөздүү болгон эпикалык параллелизмди эске албаганда деле, Канчоронун аты аталбай, анын ордуна «эмчек сүт ичкен эсериң» деген метафоралык салыштыруу каарманга карата болгон Айчүрөктүн мамилесин так көрсөтүп турат. Мында «эмчек сүттү» унуткан адамдын колунан кандай жакшылык келмек эле деген адилеттүү жыйынтык бар.

Диалог дегенде эле муну азыркы жазма адабияттын маанисинде түшүнбөө керек, Диалог дегенибиз эпосто өзүнчө бир драматикалык эпизодду да түзүшү мүмкүн. Маселен, Күлчоро айыгып келгенден кийин анын Канчоро менен болгон аңгемеси. Ары баатыр, ары адилет Күлчоро качандыр бир мезгилде бирге эмчек эмген Канчорону кыйбайт. Ал эми канкор Канчоро болсо алардан таптакыр кол үзгөн. Бири-бирине антипод катарында коюлган бул образдардын бүткүл мааниси дал ушул драматикалык мүнөздөгү диалогдо көрсөтүлгөн.

Эпостун стилистикалык курулмаларынын дагы бир мүнөздүү учуруна андагы салыштыруу ыкмасынын кеңири колдонулушу болуп эсептелет. «Манас» эпосу ар түрдүү салыштырууларга жык толгон поэма. Бул эпосто көркөм тропторду баардыгы дээрлик кездешет. Бирок салыштыруу образды түзүүдө, ар түрдүү окуялардын элесин берүүдө ар дайым басымдуулук кылат. Салыштыруу жалаң гана эпоско эмес, кыргыз поэзиясына өтө мүнөздүү стилистикалык ыкмалардан.

Эпостук салыштыруу өздөрүнүн курулуу ыктарына карата кеңири жана кыска, чакан болот. Кеңири салыштыруулар көбүнчө окуяны, предметти, каарманды жаңыдан сүрөттөгөндө, алар жөнүндө толук элес берүү үчүн колдонулат. Маселен, Сейтектин портрети. Мында салыштыруу көбүнчө Сейтектин тышкы келбетинин Семетейге окшош экендигин көрсөтүүгө багытталган. Мындай кеңири салыштыруулардын айрым учурлары улам кийинки окуялардын жүрүшүнө байланыштуу кайталанышы мүмкүн. Ал эми кыска, чакан салыштыруулар болсо каармандын, окуянын, кубулуштун ошол турмуштук кырдаалга байланыштуу мүнөздүү гана учурун сүрөттөйт. Маселен, Күлчорону байламак болгондо мындай сүрөттөө берилет:

Күлчорону карасаң,
Оозундагы илеби
Өзөндүү тоонун желиндей.
Бет алганды жегидей.

Бул кыска, чакан сүрөттөөдө канчалык оор жарадар болсо дагы душмандын колуна түшпөскө аракет кылган баатырдын кайраты көрсөтүлгөн.

Эпостук салыштыруу сыпаттоо мүнөзү жагынан да ар кыл, ар башка. Белгилүү бир предметке түздөн-түз окшоштуруу маанисиндеги салыштыруулар учурайт.

Жал куйруктан айрылтып,
Куландай кылар бекенсиң?
Басуучу буттан айрылтып,
Жыландай кылар бекенсиң?

Тоодон аңчы ыргыткан,
Таштай кылар бекенсиң?
Соргок адам мүлжүгөн
Баштай кылар бекенсиң?

Бул үзүндү Канчоронун бузуктугу жөнүндө Каныкей айтканда Семетейдин берген жообунан алынды. Мында Семетейдин айтайын дегени эле ишенимдүү баатыр чоромон ажыратпа, аны менен касташтырба деген гана ой. Мына ушул ой конкреттүү предметтерге түздөн-түз кейиптештирилет да, элестүү образ түзүлөт. Эпостун көркөмдүк составына фантастика, гиперболика табийгы түрдө киргенине жараша

салыштыруулар дагы ушул учурга жараша келет. Гиперболикалык салыштыруу эпостун эң кооз, эң мүнөздүү жерлерин түзөт десек аша чаппайбыз.

Ошондо жамгырды көр, чокту көр,
Ак сарайдын ичине
Жайнап тийген окту көр.

Мында гиперболикалык маанидеги салыштыруулар окуянын элесин даана ачып, чыгармага чыныгы эпикалык мүнөз киргизет.

Эпостук салыштыруулар окуянын маанисине карата ар дайым өзгөрүп, кубулуп турат. Айчүрөк кантип болсо да Сейтектин өмүрүн сактап калууга аракеттенет. Анын мындай аракети эпикалык планда, Кыяз өңдүү каардуу душмандар менен болгон күрөштө өнүгөт. Ошондуктан Айчүрөктүн чыныгы жомоктук образын түзүү үчүн айтуучу эпикалык параллелизм маанисиндеги салыштырууларды колдонот.

Казгалдак деген кайран куш,
Кайрылбай учат жем үчүн.
Канымды төгүп ийейин,
Карындан чыккан сен үчүн.

Ителги деген кыраан куш,
Зыпылдап учат жем үчүн.
Курман болуп кетейин,
Курсактан чыккан сен үчүн.

«Сейтек» эпосунун үстүндө жүргүзүлгөн айрым гана байкоолор образды ачууда, турмуштук көрүнүштөрдү түзүүдө салыштыруу эң күчтүү стилистикалык ыкмалардан деп корутундулоого негиз берет. Албетте, мындай жыйынтык эпостун стилдик оймо-чиймелеринин ар түрдүүлүгүнө эч кандай шек келтирбейт.

Эн акырында «Сейтектин» ушул вариантын түзүүдөгү бир учурду айта кетүү керек. Жогоруда эскертилгендей бул китеп бир гана Саякбай Каралаевдин вариантынын негизинде кыскартылып берилди да, түзүүчү Түгөлбай Сыдыкбеков тарабынан эч кандай түзөтүүлөр, кошумчалар киргизилген жок. Бөлүмдөрдүн, заголовкалардын аттары гана окуянын мазмунуна жараша түзүүчү жана редакторлор тарабынан коюлду.

Мындан мурда бул трилогиянын биринчи бөлүмү «Манас», экинчи бөлүмү «Семетей» китеп болуп жарыяланган. Эми кыргыз элинин улуу жомогунун тыянактоочу бөлүмү «Сейтек» жарыкка чыкты. Нечен кылымдардан бери эл арасында оозеки формада жашап келе жаткан эпостун китеп болуп чыгышы сөзсүз ири маданий окуялардан болуп эсептелет.

*К. Асаналиев*

# Күлчоро менен Айчүрөктүн туткунга кетиши



## КҮЛЧОРОНУН ТУТКУНДАЛЫШЫ

Кайыпчынын үңкүргө
Кайып болду Семетей,
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей.
Мына ошондо Күлчоро
Амалын таппай дал болду,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый кан болду,
Алтын жаак айбалта
Артык кармап имерип:
«Оролмо тоонун тумшугу
Сеңириндей абам!»— деп,
Оң бөйрөгүн таянып:
«Ойронум абам!»— деп ыйлап,
Сол бөйрөгүн таянып:
«Солтонум абам» — деп ыйлап,
Өлөйүн деп, өлө албай.
Өз жанды өзү кыя албай:
«Белеске чыккан карагат,
Безилдетпей чорону,
Берен абам, ала жат!
Таласка конгон айлыңды,
Кагылайын кан абам,
Таба албадым дайныңды.
Кең-Колго конгон айлыңды.
Кокуй абам — үлкөн тоом,
Сенин таба албадым дайныңды!
Эй, кагылайын кан аба,
Сенин кара жаак айбалтаң
Муну кайкалатпай ким аштайт!
Мына калың кыргыз, көп аргын,
Капалантпай ким баштайт?
Айкырып четтен жоо кирсе,
Айгайлантпай ким тосот.
Эсилим сенден айрылып,
Ай караңгы түн болор,
Айлыңа чеге ким конор?
Кокуй күн абам, кантейин,
Өлгөнүн тиктеп көрбөдүм,
Кымыз менен жуудуруп,
Кымбат менен буудуруп,
Кагылайын кан абам,
Колум менен көмбөдүм!»—
Деп, ошентип, Күлчоро
Өксөп ыйлап тургуча,
Таң кашкайып сүрдү эле.
Жерден кара буу чыгып буркурап,
Туман таркай чачылып,
Тоо башында томуктай булут калбастан,
Күн туптунук ачылып,
Түздөн торгой чуркурап,
Өзөндөн муздак жел жүрүп
зыркырап,
Жан-жаныбар ойгонуп,
Талаа-түздөн чуркурап,
Тоо-тоонун башына
Күн жабылып бөлүнүп,
Жердин жүзү чорого
Туптунук болуп көрүнүп,
Үч-Кошойдун оюна,
Күлчоро көзүн салды эле,
Таластын куйган боюнда
Жаңырык менен бакырык,
Бир бөлүгү ал элдин

Манастап ураан чакырып,
Бакырыгын байкасаң,
Бөлөкбайдын бакырык,
Көктөн жылдыз боз болгон.
Төкөр уста Бөлөкбай
Дөөтү менен дос болгон.
Кайыбынан кабылган,
Мурунку өткөн Манаска
Мураа болуп табылган.
Барскан алса, үйлөшкөн,
Дөөтү менен Бөлөкбай
Кадимкидей сүйлөшкөн.
Куудай сакал кубарткан,
Кузгундай көзүн кызарткан,
Кырк калчасы жанында
Картайса да карыя,
Кайран уста Бөлөкбай,
Катуу жаңжал салыптыр.
Кара мүртөс Канчоро
Кырк калчасын кылычтап,
Кыргын салып кырыптыр.
Бөлөкбайдын Текесур,
Текесур мойнун ок кесип,
Чоң Кең-Колдо калыптыр.
Чогуу каптап жедигер,
Бөлөкбайдай абаңды
Карсылдакка алыптыр.
Төкөр уста кылдатты
Сүйрөтүп кардын жарыптыр.
Жылгындуу Кең-Кол, Чоң Талас,
Адам өлүп, кан агып,
Талаанга түшүп калыптыр.
Семетей атын жоюптур:
«Канчоро кандын эли» — деп,
Журттун атын коюптур.
Канчоро, Кыяз эки арам,
Үйрүлмөнүн Сазына,
Үйрүлтүп колду жыйышты,
Чогулманын Сазына,
Чогулуп кеңеш курушту:
«Калың кара жедигер.
Калбай кел!»— деп чакырып,
Каарын салып бакырып,
Канчоро кеп баштады:
«Улуктарын, шерлерин,
Элүү башы, жүз башы,
Эң төмөнкү он башы,
Эл баштаган эрлериң —
О, бириң калбай барың кел!
Айза имерип, ок кылдык,
Айкөб-шерди жок кылдык.
Казына талап, жылкы алып,
Олжого канып ойлоттук,
Казынасын көп талап,
Төкөр уста Бөлөкбай.
Дөөтү кулун сойлоттук.
Баатырларын байладык,
Берен, шери Семетей.
Семетейин жайладык.
Кең-Кол ашып, жол салдың.
Адырда жылкы алты сан,
Көп жылкыга кол салдың,
Жедигер өзүң болгону.
Минтип качан олжо алдың?
Айта турган кебим бар,
Кыжылдабай жедигер,
Бу кебиме кулак сал!
Бөлөгүн айтып нетесиң,
Калаасын бузуп, талкалап,
Катынын алып олжолоп.
Мураага минтип жетесиң.
Ээ, жедигер, жедигер
Олжо алганга коонуп,
Бул алганга жоонуп,
Күрпүлдөйсүң, өтөсүң,
Күлчоро шер — ал аман.
Ошону тирүү таштап нетесиң?
Телегейи тең ошол,
Ай ааламдын эри ошол.
Жалынсаң укпайт кебиңди.
Семирип алса Күлчоро,
Сенин секиден табат эбиңди.
Оңой чоро ал эмес,
Ойлонбой койчу жан эмес.
Күлчоро арзан эр эмес,
Байлашып барк келбеген,
Чалышып чамаа жетпеген,
Алыш кылып жөн эле,
Арстан тиши өтпөгөн.
Билеги жоон, өзү шер,
Жоого камбыл, артык эр,
Семирип-сергип алган соң,
Эл өөдөгө тартарда,
Ат кара тил мезгилде,

Бетеге өсүп толгондо,
Кан жайлоо убак болгондо,
Жети-Өзөндө жедигер,
Бөдөөнүн жалын өрүп ал,
Беш-алты айдын ичинде,
Күлчорону көрүп ал!
Ал Күлчоро жоголбойт,
Күлчоро жексен болбосо,
Уккун Кыяз кебимди,
Ылайым ишиң оңолбойт.
Канча сөз айттым тилимди ал!
Адыр-күдүр ак мойнок,
Алкым жагын чалалы.
Жан жабыла көп издеп,
Жадыгөйлүү кутургур,
Күлчорону табалы.
Чылаба кандын тукуму,
Атасынан бабасы,
Азабы мынча карачы.
Уламадан уладык,
Билгендерден сурадык,
Атасы анын Алмамбет,
Ак болоттон майлаптыр ,
Кутуруп өлгөн чоронун
Түпкү тегин сураба.
Түбү түптүү уу болгон,
Семетей өңдүү эренге
Ал өрттөнгүр туу болгон.
Зың-зың этип кенебес,
Каарына тийгенде,
Кандай баатыр болсо да,
Бучкагына теңебес,
Ымыркай бала кезинде,
Эне-атасы такыр жок,
Ал кутургур табылган.
Берендигин карачы,
Бүгүн да Манас баласы,
Семетей анын агасы
Аздап белин буунчу,
Калың кара жедигер,
Сенден, Семетей кунун куучу.
Кыязын союп кыйратчу,
Күлчоро жайы мына ушул.
Ал, жөн калбоочу кектүү кул.
Канчоро мындай деген соң.
Кан кебине кайруу жок,
Кыяз турду «макул» — деп,
Байы өлгөндөй барбактап,
Бек кубанып дардактап,
Кыяз менен Канчоро
Убаданы бек кылды.
Айры белес кайкаңдан, —
Абасынан айрылган
Күйүтүн чороң тыя албай,
Чымындай жанын кыя албай,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Бел байлаган бели жок,
Белгилүү кайран шери жок,
Ошо кезде чородо,
Каралашар тууган жок,
Казатка минер буудан жок,
Чамаа чарчап, ал кетип,
Каралды кылган кайран шер,
Кан Семетей эр өтүп,
Мына ошондо Күлчоро,
Кең күдүргө токтоду,
Кейип, жанып чок болду.
Агарып өңү суюлуп,
Мууну сары суу болуп,
Жер мунарып дуу болду,
Дүнүйө жүзү түн болуп,
Түйшүктүү мүшкүл иш болду.
Калган экен байкушуң,
Токсон жерден жара жеп.
Чамаа чарчап, ал кетип,
Денеден кара кан кетип,
«Кокуй күн абам өлбө! — деп, —
Кордукту куу жан көрбө — деп, —
Кечээ атамды кудай алганда,
Эне, атадан айрылып,
Ымыркай кезде калганда,
Асырап, сактап эр кылган,
Абам эр уулу менен тең кылган.
Шер экенин билгизген,
Моюнуна мингизген.
Курсагы ачып калар — деп,
Казыдан кесип жегизген.
Чын бир тууган болсун — деп, —
Энекем Каныкейдин эмчегин,
Тең бөлдүрүп эмизген
Жай аптабы тиер — деп,
Көлөкөгө бактырган,
Жаныма жолдош болот — деп, —

Ээрчитип жүрүп бактырган.
Эреним абам барында,
Эркелеп тамак жечү элем,
Жөлөк болуп абама,
Элимди багам дечү элем,
Мен ак зөңгөк элем, жол болдум,
Айкөл шерден айрылып,
Артыкча жаман кор болдум.
Мен кагышка кирдим, кайрылдым,
Өз тууганым жоо болуп,
Кан абам сенден айрылдым.
Ашыгым жарып ок тийип.
Айлана албай турамын.
Душманым миң-сан мен жалгыз,
Томугум бузуп ок тийип,
Толгоно албай турамын.
Учарга канат кайкы экен
Чын таалайым тайкы экен.
Көрөрүм калың шор болуп,
Асман ачык, жер бүтөө
Армандуу мүшкүл күн болуп,
Каңгырып калдым жаман ат,
Катыгүн абам, ала жат!
Картайган Бакай карыя
Карааны тоодой абам жок.
Каптаса терең дарыя
Калың журт менин паанам жок,
Ушундай белең жалганчы,
Атаңдын көрү дүйнө шок!
Каңгырап басып, кайгырдым
Каралды болгон Семетей,
Семетейден айрылдым.
Кыстап келген бу Кыяз
Кызыл мунар тоо эмес,
Же кыйырдан келген жоо эмес..
Кара будур тоо эмес,
Каптап жаткан жедигер,
Же калмактан чыккан жоо эмес.
Ала-Тоо эле жерибиз.
Кара чепкен, ак калпак
Калын кыргыз элибиз.
Карсылдатып ок аттың.
Бурулган экен сыртыбыз,
Чиркин, бузулган экен ыркыбыз!
Кабылан өлүп, күч кетти,
Бакты, дөөлөт бүт кетти.
Жылгындуу Кең-Кол, Таластан
Сары адырмак бел кетти,
Журт коргону Семетей —
Элимден адам шер кетти.
Акыл качып, бөлүндү,
Ажыдаардай каршы жоо,
Көзүмө суук көрүндү.
Жылгындуу Кең-Кол жер калды,
Аргын кыргыз эл калды.
Эми Күлчоро кирчү көр калды.
Астымда буурул мал болсо,
Мурдакыдай ал болсо,
Чийбейт белем сызыкты,
Ушул келген Кыязга
Кылбайт белем кызыкты...»
Көп ойлонуп Күлчоро,
Кең-Колду кечип өтө албай,
Кайыпчынын Кара-Үңкүр,
Кара үңкүргө жете албай,
Наалы така, кең өтүк,
Аягында далпылдайт,
Абасы кандын Бозкисе,
Бу белинде шарпылдайт.
Атасынын сыр бараң,
Ал колунда жаркылдайт.
Сыр бараңды атууга,
Жаңгыз атар дары жок,
Жаман мүшкүл, караан иш,
Күлчородо каруу жок.
Кең дүнүйө тар болду,
Жан багуучу шилекей
Бир жутууга зар болду,
Казы жебес Күлчоро,
Карасаң, жаман кар болуп,
Мууну бошоп, ич кайнап,
Чамаа чарчап, көз жайнап,
Күдүрдү беттеп баса албай
Үч-Кошойдун бөксөнү
Боздоп чоро аша албай,
Кара-Буура, Чаткалды,
Кара зоңкоң баткалды
Карап чороң кете албай,
Бая белгилүү жерге жете албай,
Тамандын баары оюлду,
Эрге жөлөк эки бут
Эбинен тайып, союлду.
Согончоктун калың эт
Ташка тийип жоюлду.

Жалгыз терек, Чук-Терек
Белесте Беш-Таш оюнда,
Кан жайлоонун боюнда,
Адыр-күдүр баткалда,
Асты жагы көп ыргай,
Көп ыргайда көк үңкүр,
Көп дүйнөнү чачканда,
Кечээ төкөр уста байкушум,
Кордук көрүп качканда,
Коргологон жери экен,
Чыбырдуу-Булак, Миң-Жылга.
Бакай кандын үңкүрү
Баштатан көк журт дечү экен.
Кара үңкүргө Күлчоро
Басып кирди алсырап,
Айла кетип кансырап.
Көргөн дүйнө тар болду,
Ордого жатпас Күлчоро,
Ал үңкүрдө кор болду.
Баана кылып үңкүрдү,
Баатыр шериң жатты эле.
Куураган чөп, бетеге,
Кара кыяк, ак сокто,
Оозун бүтөп үңкүрдүн
Куу сөңгөк чөптөн тартты эле.
Алы кетип алсырап,
Жатты чоро кансырап.
Кээде тилге келе алса,
Кээде тилге келе албай,
Кээде көзү көрө алса,
Кээде көзү көрө албай.
Кейиштүү дарман болду эми.
Муну мындай таштайлы,

Жедигердин зор Кыяз,
Чубактын уулу Канчоро
Эми ошондон кабар баштайлы.
Адыр басып, бел ашып,
Күлчоро издеп келатып,
Акыл ойлоп эр Кыяз
Канчорого муну айтат:
«Ал Семетей көк жал өлгөн жок,
Ал кайра тартпас чын жайды
Кайран киши көргөн жок.
Качырып найза сайганда,
Айып болду деп турам,
Караса, көзгө илинбей,
Кайып болду деп турам.
Ажал жетпей кокустан,
Аман болсо окустан,
Түпкө чогуу жетпесин.
Булкунтуп буурул минбесин,
Бурулуп келип, кокустан,
Бузукту мыктап салбасын?
Арты-кийиним карасам,
Чубактын уулу Канчоро,
Достум, сенин ар кыялың санасам,
Бөтөнчө турат сөзүңдө,
Бөлөкчө чатак өзүңдө,
Чалгыртың турат көзүңдө.
Чаркынды байлап, бейлесем,
Чатагың турат өзүңдө.
Бул Манастын уулу эр Семең,
Сен Чубактын уулу Канчоро
Жетим калсаң атаңдан,
Сени туугандан артык көрүптүр.
Каныкейдин сол эмчек,
Канчоро, саа бериптир.
Улук экен Семетей,
Сени уялаштай көрүптүр.
Эрчитип жүрүп эр кылып,
Эрешен менен тең кылып,
Айзага мыктуу шер кылып,
Кичине жаның чоңойтуп,
Жаман жаның оңолтуп,
Ок өтпөс чопкут кийгизип,
Ок жетпес тулпар мингизип,
Жаяны кесип жедирип,
Кыргыз журт эмес, кылымга
Канчоро баатыр дегизип,
Атагың журтка чыгарып,
Семетей кыйын шер экен.
Сен, Чубактын уулу Канчоро,
Сен, антыңды бузуп, журт булгап,
Сен, абаңа кара санадың.
Арамың толук абыдан,
Каапыр чоро экенсиң,
Айтылуу мыш-мыш чын болсо
Чын тозоктун түбүнө
Баруучу чоро экенсиң.
Сен тууганыңды душмандай
Көрүүчү чоро экенсиң.
Сен ар мүшкүлгө батыраак
Көнүүчү чоро экенсиң.

«Достум» — деген адамды
Сазайын өз колуна
Берүүчү чоро экенсиң.
Бузуктугуң айтайын:
Өз абаңа өч болдуң,
Баатыр сендей болобу?
Сени баатыр деген оңобу?
Сен, балаанын кара көзүсүң,
Сен, журт бузгучтун өзүсүң.
Бул Семетей — журттун буйласы,
Калкка маалым атагы,
Калкты чайкап, эл бузган,
Жанагы Чынкожонун чатагы.
Ал Чынкожо болбосо,
Акылман Толтой эр абам,
Ошо Чынкожонун айынан
Үйүз-бүйүз турушуп,
Өпкө жарып, өт алып,
Өпкөлөшүп, урушуп,
Же ак адырмак тоо эмес
Же кырылышчу жоо эмес.
Ошо Чынкожонун кордугу,
Андан ашык болду го,
Канчоро сенин зордугуң?
Айтканым ушул, билип ал,
Ай, жан достум, тилимди ал,
Бурулуп, бузук жүрбөйлү,
Бул кызыр чалган чорого
Кайрылып эми тийбейли.
Бул Алмамбет уулу Күлчоро
Жайнаган кызыл чок экен,
Жаратканда жок экен.
Душманга — болот ок экен.
Кыргызга кыстап жоо келсе,
Карааны тийчү шер экен.
Бул күрдөлүү баатыр Күлчоро
Күтүп алчу эр экен.
Орнотуп койгон журтуна
Темирден коргон чеп экен.
Адал кыял, кең пейил
Аябаган шер экен.
Жазайыл жаңжал билбейли,
Тилимди алгын жан достум,
Эми Күлчорого тийбейли!
Бул көк жал шердин дал өзү.
Көгөрүшө берип нетели,
Жүр, жан досум, кетели!
Кыбылаңдан жел болуп,
Күлчоро менен эл болуп,
Ак буудай унун чайнашып,
Ак болот мизин жалашып,
Ак жылкыдан боз болуп,
А дүйнөлүк дос болуп,
Асмандагы жылдыздай
Козголошуп кетелик,
Омуроо-көөдөн такашып,
Кабылан шер, эр менен
Кас болушуп нетелик?
Желикпегин Канчоро,
Жергеге эсен жетелик»
Мына ошондо Канчоро
Баарланып күүлөндү,
Жедигердин Кыязга,
Болжолу жок сүйлөндү:
«Жети өзөн сенин жериңди
Жер экен деп жүргөмүн.
Ээ, жерге кирген, көр Кыяз,
Сени мен эр экен деп жүргөмүн.
Баатыр Кыяз деп жүрсөм,
Катын Кыяз экенсиң.
Көп немени ойлогон,
Жакыр Кыяз экенсиң.
Айтканым ушул билип ал,
Баатырым Кыяз, тилимди ал,
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Күркүрөп күтөр жер эмес.
Алмамбет уулу Күлчоро,
Кокуй, Кыяз, не дейсиң,
Экөөбүзгө эл эмес!
Тийбей койсок кокустан,
Катылбай койсок окустан,
Оорусунан арылар,
Айтышчу жакка кайрылар.
Жарасынан арылар,
Жаңжалга мыктап кайрылар.
Оюна койсоң ал чороң,
Ооруган жери басылар.
Жоо аяган жарадар,
Кыяздын каны чачылар.
Катылбай койсоң, Күлчоро,
Көрүнөө күнү туубайбы?
Көйкапка чейин куубайбы!
Күлчорону эл көрсөң,
Төрөсүйсүң, сен Кыяз,

Төбөбүздөн баспайбы,
Төрөлөрдү жанчпайбы!
Терең кудук казбайбы,
Бокчолорду тизбейби?
Төрт түлүктү чачпайбы!
Бурулуп бузук салбайбы,
Кайдагы кегин албайбы!
Эсейип алса, ал чоро
Так эшектей кардың жарбайбы,
Э — эселек Кыяз, оңбой кал!
Сан колдон коркуп койбогон
Согушкан адам сойлогон,
Каары катуу чорону
Кантип тууган кыласың?
Ар качандан, бир качан,
Чоркок Кыяз экенсиң.
Чоң тобокел кылбаган,
Торпок Кыяз экенсиң.
Түндө эшикке чыга албас,
Сен, коркок Кыяз экенсиң.
Түк акылың деги жок,
Өз жаныңа бир мүшкүл,
Кылчуу Кыяз экенсиң.
Өз журтуңду талкалап,
Сен, кырчуу Кыяз экенсиң.
Кыргын, олжо канкорго,
Салам десең, чыныңды айт!
Дүмөктү катын Айчүрөк,
Муну алам десең чыныңды айт!
Артык бузук Канчоро,
Алкынып кебин айтты эле,
Жедигердин зор Кыяз:
«Болду, курдаш, баатыр — деп,
Тил албаган адамдын,
Атасы болсун капыр» — деп.
Адам өлөт ант кылып,
Убаданы бат кылып,
Калың кара жедигер,
Баарысы чуулап калышты.
Бу караниет Канчоро,
Муну башчы кылып алышты.
Ал Күлчоро баатырды,
Жаралуу болгон бакырды,
Жабыла таап алууга,
Кырк аркан бою зынданга,
Колуна тийсе салууга,
Кастарын тигип Канчоро,
Боз-ала желек туу болуп,
Бой-бойлогон чуу болуп,
Кылычты кынсыз байлашып
Жай жарагын жайлашып.
Уңгусу болот, учу курч,
Учуна тарткан кара курч
Эки беттүү, төрт кырлуу,
Эсепсиз болот айза алып,
Эми издеди чорону.
Наалы така кең өтүк
Баскан экен Күлчоро,
Адыр-будур белести,
Ашкан экен Күлчоро,
Кара-Буура, Чаткалга
Желген экен Күлчоро,
Бул Кайыпчынын Кара-Үңкүр,
Баскан изи дапдаана
Келген экен Күлчоро.
Кечээ Канчоро менен Күлчоро,
Кыргыздын сары майын жеп,
Кысырдын семиз тайын жеп,
Кулан минип, куш салып,
Шабиет ойноп, даң салып,
Күлкүлөр күндү батырып,
Тамаша таңды атырып,
Эриксе, элик атканда,
Эрикпесе чоролор
Кечээ элкин ойноп жатканда,
Жылкы багып бирге өскөн,
Ата, жылас болгон Канчоро
Элкин басып эл көргөн,
Жылкы жайып жер көргөн,
Кайыпчынын Кара-Үңкүр,
Эл жашынган даана үңкүр.
Качып чоро баргандыр,
Жашынып шого калгандыр.
Ээрчиткени эр Кыяз,
Жол баштаган Канчоро
Ал Күлчоро баатырдын,
Сары изине чөп салып,
Кутура кууп алыптыр.
Таң агарып сүргөндө,
Асмандан жылдыз бириндеп,
Таң атардын муздак жели зирилдеп.
Жан-жаныбар, макулук,
Ордунан туруп чуркурап,
Тал бутагы ийилип,

Кумдун үстү чийилип,
Камыштын башы зыркырап,
Талаадан балапан торгой чуркурап,
Таң саргарып атты эле.
Асмандан тараза жылдыз батты эле,
Тоо тоодон мунар уюлуп,
Жылгадан сандаган булак куюлуп.
Муңканып сайрап, токсон түр
Булбулдун үнү угулуп,
Токойдон ар түрлүү чымчык чурулдап,
Кыраңдан элик бакырып,
Будурдан бугу чакырып,
Жер көрүнүп келгенде,
Астындагы мингени
Көбөш кандын Көкборчук
Ал Көкборчук бууданга
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Бу Канчоро баатырың,
Желген экен желигип,
Үңкүр оозу басылган,
Ал үңкүрдүн оозуна
Чириген өлөң чачылган,
Күлчоро баатыр катылган,
Наалы өтүктүн такасы
Ачык даана басылган,
Канчоро турду бакырып,
Зор Кыязды чакырып:
«Жолуң болгон, эр Кыяз,
Жорткондо жолуң болуптур,
Жогуң жолго конуптур,
Кечиксең жолуң болуптур,
Качкының жолго конуптур,
Жедигердин эр Кыяз,
Кадимки жолуң болуптур.
Балбаныңар, шериңер,
Балбансыган эриңер,
Айзага камбыл ыктууңар,
Аябаган мыктууңар,
Тик качырып чорону
Тирүү кармап алыңар,
Түшсө чыккыс калың шор
Бадиректи малыңар! »
Деп Канчоро айтканда
Туш-тушунан баарысы
Кыяздап ураан чакырып,
Каптап кирди жедигер.
Мына ошондо Күлчоро
Чамаа чарчап, ал кетип,
Байкуш чоро кар болгон.
Балбандар каптап барарда,
Тегеректеп балбандар.
Азыр шорго маларда,
Атадан калган жойкума
Кармай калып сабынан,
Суурул алып кабынан,
Кайраттанып имерди,
Балбандардан далайын,
Бөлө чаап жиберди.
Алысыраак балбанды
Айза менен сойлотту,
Андан жакын келгенин
Башына кылыч ойнотту.
Шер атактуу курган эр
Каарданып зыргытты,
Колуна тийген балбанды
Көк улактай ыргытты.
Бет алганын майдалан,
Берендери «кайда» лап,
Колот жерди майдалап,
Жолборстору «кайда» лап.
Жолотпой турду шер чоро.
Жедигердин зордукка
Көнбөй турду Күлчоро.
Чымындай жанды аларга
Бербей турду Күлчоро.
Жедигердин эр Кыяз,
Жетип айза салууга,
Тоотору тулпар ат минип,
Оңкоңдогон тору аттын
Кыл куйругун чарт түйүп,
Кызырканып эр Кыяз
Мыктап кирип барды эле.
Күлчорону карасаң,
Оозундагы илеби
Өзөндүү тоонун желиндей,
Бет алганды жегидей,
Балбандыгы башкача.
Бадиректи карасаң,
Баатырдыгы бир мынча.
Үйдөй чокмор колго алып,
Үтүрөйүп чыр салып,
Кара ташты бир салып,
Чокморунан чок чыгып,
Кара таштан от чыгып,

Бет алышкан балбандын
Эченин жерге жанчтады.
Күлчорону көргөндө,
Эрдемсиген бу Кыяз
Ысыгына бата албай,
Суугуна жата албай,
Бет алышып бара албай,
Бекишип айза сая албай,
Сыртын салып, зор Кыяз,
Батпай чыгып кетти эми.
Бура тартып сабылды,
Чоронун буудандыгын көргөндө,
Бурулуп бузук сала албай,
Канчорого жалынды:
«Айланайын курдаш, ай,
Жан жолдошуң Күлчоро
Телегейи тең экен,
Ичин карап отурсаң,
Жер жүзүнөн кең экен.
Капырай, курдаш, муну ойлон,
Сары кашат, кыраңга
Там болуучу уул экен.
Келбетин көрүп болдум таң,
Жаратылбайт мындай жан.
Беделин бенде чанбаган,
Чорого бет алып киши барбаган.
Бу чын жаралган Күлчоро,
Боо чымчышкан адам оңобу,
Бу касиеттүү баатырга
Карачы, катылган аман болобу!
Каарланса душманга
Сели тийчү уул тура.
Бу кадимки кыргыз аз журтка
Бели тийчү уул тура.
Бу кара саат чоронун
Астынан көрсөң ак жолтой,
Мунун көк жалдыгы сан колдой.
Жан курдаш, достум, кебимди ук!
Эки тизгин, бир чылбыр,
Саа бердим, достум алыңыз!
Бу өрөпкүп турган чорого
Өзүңүз согуш салыңыз.
Береги алакандай жедигер,
Мунун убалы, сообу болобу,
Милдетин өзүң алыңыз,
Баатыр, өзүңүз согуш салыңыз!
Бу сыр алышкан душманың,
Курдаш ай, билгениңдей барыңыз.
Чоронун кайраты ашкан, заары күч
Билгендей өзүң барбасаң,
Айланайын курдаш, ай,
Баарыбызды кылат түз!
Жайласаң — өзүң жайлап сал,
Баатыр, байласаң өзүң байлап ал
Баатыр, амалыңды кылыңыз,
Алыштан качып турат деп,
Баатыр, ачууңузду тыйыңыз!
Башымды кессең, мен мына
Баатыр, өлтүрүп ийсең жер мына.
Баатыр, кыжырлансаң мен мына,
Астыңа тартуу кылайын,
Тоотору тулпар ат мына.
Баатыр, кыйыктансаң эл мына,
Кыркып ийсең башымды,
Кымбатың Кыяз мен мына.
Береги, калың кара жедигер,
Талашпайын өзүңдөн,
Кандыгын өзүң алыңыз.
Баатыр, керекке жарай салыңыз!»
Заарынан коркуп чоронун,
Кыяз турду сабылып,
Канчорого жалынып.
Муну укканда Канчоро
Каарланып сүксүйүп,
Кайраттанып үксүйүп,
Ачылган ороо көздөнүп,
Майлаган буудай жүздөнүп,
Эки бети salaңдап,
Эки даңгыт тойгудай,
Каарланса кутургур,
Кармашканды сойгудай.
Уңгусу болот учу курч,
Айбалтаны байланып,
Ок өтпөс тонун кийинип,
Душмандык түрү билинип.
Баягы кең жасаган айбалта
Болоттоп мизин өтөгөн,
Сабына алтын кологон,
Салышчу жоого болжогон.
Ар порумдап машаган,
Төкөр берен чоң уста —
Бөлөкбай өзү жасаган.
Сугатына келгенде
Кара булак суу кеткен,

Мунун мизин уста түзөткөн.
Көмүрүнө чыдабай
Чынардуу токой жоюлган,
Мунун көөрүгүнө жан түтпөй.
Көп букачар союлган.
Айбалта жайы момундай,
Ач билекке салынып,
Абайлап көрсөң Канчоро
Ак жолборстой чамынып,
Кур-кур этип күүлөнүп,
Жетип келди бачагар
Күлчорого сүйлөнүп,
Ал Күлчоро байкушта
Чапчышарга чама жок,
Алы кеткен ал чоро,
Акырын сүйлөп кеп баштап.
Канчорого сабылып:
Абайлап көрсөң Канчоро
Башта күндөн билесиң,
Комокойлуу айза алып,
Сан кол жарган баатырың,
Ушу бүгүн кан аба,
Колуңа түшкөн бакырмын.
Бөксө жол элек кыялаш,
Жан бирге элек уялаш.
Тапканыбыз жыйгандаш,
Бир чоңойдук курбалдаш,
Тай, кунандай тебиштик,
Талашып эмчек эмиштик.
Энчилеш мал жыйгандаш,
Эгиз өстүк курбалдаш.
Баатыр, каарланып какайсаң.
Каршылык кылбайм, союңуз.
Уялаш элек, кан аба,
Көтөрүлбөйт колубуз!»
Деп ошентип Күлчоро
Жаңжалсыз сабыр кылганда,
Кара мүртөс Канчоро
Каарданып, чамынып,
Кара болот балтасын
Кош колдоп кармап имерди.
Жадаалын салып Канчоро,
«Айры шили тушу» — деп, —
Өрөпкүгөн куу кулдун
Өлөр жери ушул» — деп,
Качырып кирип, чорону
Шилиге тартып жиберди:
«Капта, балбан, байла!»— деп,
Берендерди чакырып,
Беттеп турду Канчоро.
Канчоро беттеп турганда
Шамдагайы болжолсуз,
Шакылдаган шер чоро,
Ай ааламды буй кылган
Аябаган эр чоро
Кечээ кабылан Манас барында,
Капысынан кабылган,
Медиян-Чөлдүн белинен,
Бет алган мойнок сеңирден,
Тоо жоголгон урчукта,
Такалган тоонун тумшукта,
Асмандан түшкөн алты курч.
Кылычтын кыйын ыктуусу,
Жанды болот мыктуусу,
Кындан суурса кызарган,
Кыйкырып жоого шилтесе,
Кырк кулачтай узарган,
Атагы чыккан алты курч,
Кармай калып сабынан,
Сууруп алып кабынан.
Канчоро кайра тарткыча
Шай колдогон Күлчоро.
Кылычты колго алганы.
А булкунган Канчоро
Бура тарта бергиче.
Каарланып Күлчоро
Түрө кармап арамды
Түп этектен алды эле,
Колунда болот кылычты
Шилтеп туруп калды эле.
Оң этегин арамдын
Оё чаап салды эле.
Көкборчуктун бир санын
Соё чаап салды эле.
Ошол кезде чорону
Туш-тушунан качырып,
Балбанынын баарысы
Кыяздап ураан чакырып,
Камалашып алды эми.
Күлчородон ал кетти,
Денеден кара кан кетти.
Эң бир баатыр эки кол.
Көтөрүлбөй шал болду,
Коюнга кара кан толду,

Казылып жаткан калың ор,
Кайнамак болду эми шор.
Айза сунуп, балта уруп,
Каптап кетти ошо жол,
Арканчаны, тончону,
Тегиз темир колчону,
Айза сунчу берени,
Айбалта чапчу эрени,
Кылычка кыйын ыктуусу,
Кыйын кымбат мыктуусу
Тегеректеп кетти эле,
Ал сапары чорону
Далбаса кылып өттү эле.
Тегеректеп балбандар
Темирден торго салды эми.
Каарданып Канчоро
Катуу буйрук кылды эми.
Булкунгандан, силкинип,
Жадаалданып, сактанып,
Турган экен кутургур
Жедигерге мактанып:
«Эриң Кыяз баш болуп,
Элтең урган жедигер.
Элтелеңдеп турасың,
Эселек акыл кыласың,
Баарың бирдей чуулдап,
Качуучудай чениңер,
Каның, бегиң чогулуп,
Качып кетем дедиңер.
Каралдыңар Канчоро,
Жедигер, саа жай чоро,
Шай колдогон шер чоро,
Чын көк жалдын биридир,
Кадырдын жарык түнүдүр.
Канчоро аман барында,
Алты өндүр сууда бөлүм жок,
Ай аалам каптап кол салсын,
Жедигер, саа өлүм жок.
Жети өндүр сууда бөлүм жок,
Жер жайнаган кол чыксын,
Жер жапырып мол чыксын,
Бурулушта калаа жок,
Канчоро буудан барында
Жедигер, саа балаа жок.
Манастын уулу көөдөктүн
Капкасын бузуп, кан кылдык,
Кара жолун чаң кылдык.
Жылгындуу Кең-Кол Таласка
Сырайзаны ойноттук,
Сырттандарын сойлоттук,
Белеске тулпар туйлаттык,
Бегинин баарын кыйраттык.
Каарланса Канчоро
Кан жаадырар белиңе,
Жок, жакшыласа, жедигер,
Ур жаадырар элиңе.
Жадаал жиним кармаса,
Калайык ашып чыга алгыс,
Кадуусу көпкөк белдирмин.
Тууралап душман келе алгыс,
Кара кек жал шерденмин.
Белести буздум, жол салдым,
Бейлим кетип бир ишке.
Өз абама кол салдым.
Топон суу жүрсө бой бербес,
Айзакерден ыктуусу,
Азаматтын мыктуусу,
Кыйла шерден кымбаты.
Бар көк жалдын баатыры,
Алтымыштын артыгы,
Колго түшкөн Күлчоро —
Кылым жандын мыктуусу.
Эмчек ээмп, бирге өскөн,
Эгиз чоро аты уйкаш,
Күлчорону байладым.
Өчөшүмө тийгенде,
Өздөн кайра тартпаймын.
Жадаалдуу жиним кармаса,
Жакынга кылча кайтпаймын».
Деп ошондо оолугуп,
Айкырып кирип Канчоро
Каарды катуу баштады.
«Бабаңар Толтой көк жалды
Күлчоро союп таштаган.
Алдырып салып жедигер,
Аттарын ээсиз коштогон.
Алда кайран бир боорум,
Баланча жерге өлдү деп,
Жедигер минтип боздогон.
Бу Талас саа жер эмес,
Күлчоро саа эл эмес.
Күрсүлдөгөн куу кулдун,
Он далысын ойгула!
Оң кечирин сойгула!


Сол далысын ойгула!
Сол кечирин сойгула!
Өлүк эмес, тирүү эмес,
Арам санаа бул кулду,
Ара жайга койгула!
Кырк жылкычы, сексен кул,
Ошоо отунчу, суучу кылгыла!
Тездик менен өлтүрбөй,
Кордук менен өлтүрүп,
Аябай шорго салгыла!
Адам болсоң, эл болсоң,
Ук жедигер кебимди!
Абайлабай окустан,
Кыйнабай коюп, кокустан,
Чыканактап уйку алып,
Чырым этип, тынч алып,
Жанбаштап жанды тындырып,
Жатып уйку кандырып,
Эңишти эпсиз салбасын,
Эс алып кайра калбасын!
Эс алчу болсо чорого
Дабаа кылар айлаң жок.
Эс алдырбай чоронун
Кончуна салгын кызыл чок,
Мунун жүрөгүндө темир ок
Чылгый мээнет Күлчоро,
Мындай балаа деле жок,
Семирчү болсо бул чоро,
Сергичү болсо Күлчоро.
Боор ооруба, жедигер!
Боор оорусаң өлөсүң,
Кайра келбес чын жайды.
Далай эриң көрөсүң!
Оң бутуна бу кулдун
Кысырак байлап туйлатып,
Кыйшаңдаса чочкону
Кабыргасын кыйратып,
Белине аркан батырып,
Кабыгы менен катырып,
Эртең эрте турганда,
Чылгый тери ийлетип,
Күүгүм кире, күн бата,
Уйку бербей, чорону,
Тамашага бийлетип,
Талпактай сабап кергиле
Карыган жылкы томугун,
Аш ордуна жуткузуп,
Тогуз аяк суу берип,
Отунга опсуз салгыла,
Ушинтип кекээр алгыла!
Буту-колун кергиле,
Жазасын жакшы бергиле!
Сенин жаның барбы, жедигер?
Жаңкы айтканды кылгыла!»—
«Бу Канчоро баатырдын
Бул айтканы акыл — деп, —
Бу дегени макул — деп, —
— Муну укпаган жедигер,
Торго түшкөн чорого
Тозокту толук салалы,

Толтойдун кегин алалы! —
Деп ушинтип, жедигер,
Ал Күлчоро байкушка
Асыла кетип көп балбан
Көмкөрөдөн салды эми.
Көрсөң дүмөк ушул иш
Колго тийген баатырга
Жедигер жапаа кылды эми,
Оң далыны ойду эми,
Оң колунун кечирин
Такыр кесип койду эми.
Качырга байлап мингизип,
Кырк жылкычы баатырга,
Олжо кылып, кул кылып,
Күлчорону берди эми.
Канынан буйрук келген соң,
Жылкычы аяп турабы?
Кордобой коюп ушу жол
Жылкычы башы Карагул,
Тим коюп, кудай урабы?
Эртең эрте чорону
Караңгы жерге каматып,
Камчы менен сабатып.
Көкбөрү кылып талатып,
Оң колу жок, сол кол бар,
Көп жазасын берди эми.
Күлчоро болду артык кор.
Ал кырк кулач арканга
Отун таңып аркалап,
Кара жагал кементай
Капталы сандап бөлүнүп,
Далыдан кара кан агып,
Дал-дал болуп кементай

www.bizdin.kg

Туш-тушунан бөлүнүп.
Эңкейгенде чоронун
Жаман жери көрүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Өлөйүн дейт арынан,
жетип бөлүнүп,
Тарчылык түшүп башына,
Көңүлү
Өлбөй жүрөт байкушун
Ойдо үмүт барынан.
Аны андай таштайлы
Кара ниэт Канчоро
Жомогунан баштайлы.





## КАНЧОРОНУН КАН БОЛУШУ

Бөлүнгөн бөксө жол менен,
Жедигердин зор Кыяз,
Бөтөнчө душман кол менен,
Канчорого барганда
Барып кеңеш салганда,
Ал Канчоро капырың
Той кылышка ой кылып,
Сары каймал төө союп,
Сандап жаткан бээ союп,
Сайылган бактын баарысын:
«Канчоро кандын багы — деп, —
Салынуу турган алтын так,
Канчоро кандын тагы» — деп,
Атактуу көк жал аттарын
Айттырбастан жойдурду,
Канчоро атын койдурду.
Киши тапкыс ой кылып,
Адамдан сайып алты жүз,
Ат чаптырып, той кылып,
Коркутуп калкты чогултуп:
«Канчоро кан болду» — деп,
Ааламда жок ой кылып.
Ал Канчоро капырың
Алтын таажы кийгени,
Алтын такка мингени,
Аргын менен кыргызга,
Каары ашкан жан болду.
Кайран элди кар кылып,
Канкор чоро Таласка
Каарын төккөн кан болду.

Кан болгондо Канчоро
Элге өкүм чачты эми:
«Миң карача төө бер — деп,
Миң кара кашка бээ бер — деп,
Бир миң төөгө чай бер — деп,
Миң атанга жүк чыкчу
Кызыл алтын зер бер» — деп,
Калкка алым салды эле.
Алымына чыдабай,
Көңүлгө батпай көп санаа,
Көзүнүн жашы миң талаа,
Капчалга качып, топтошуп,
Капчал тоого токтошуп,
Өскөп ыйлап кайран журт,
Семетейди жоктошуп:
«Кечээ жылгындуу Кең-Кол оюнда,
Кең Таластын боюнда,
Кара-Буура, Чаткалда,
Кайкалап көп эл жатканда,
Көк түс бойлоп кончу элек,
Канжайлак менен Суусамыр,
Жерди жайлап турчу элек,
Жыргал көк жал, өлбөй кал.
Канчоронун кордугун
Мендесине бербей кал!
Тору ала жорго тай бербей,
Кан экен дебей, Семеңе,
Томуктуу жилик эт бербей,
Жатуучу белек кайкайып.
Кымбат көк жал барында,
Кымыз ичип кызышып,
Чекеден терди сызышып,
Жерге-Тал бойлой кончу элек.

Эр көк жалдан айрылып,
Кордук көрүп өлдүкпү?
Зор кыямат тозокту,
Тирүүбүздө көрдүкпү?
Кокуй, Семең өлбөй кал!
Ата болуп асырап
Эне болуп сактаган
Эрден султан өлбөй кал!
Бейпайды бул эл көрбөй кал!
Кабылан көкжал барында,
Булут минип, муз бүркүп,
Муз мурутча жүрдүкпү?
Канчоро кан болгон соң
Качып кирер эл таппай,
Тирүүлөй кирер көр таппай,
Өрттөнүп жанып, күйдүк го.
Бороон күптү биз болуп,
Кайда калар экенбиз
Буудан шерден айрылып,
Буркурап ыйлап кайгырып,
Бутка чокой тартынып,
Сайда калат экенбиз.
Бузук мүшкүл күн көрүп,
Таң атпас күүгүм түн көрүп,
Качып, тентип, сабылып,
Моюнга куржун салынып,
Жаханнамды кыдырып,
Кезип кетер бекенбиз.
Жайсыз канга кезиктик,
Жай таба албай кайран журт,
Безип кетер бекенбиз.
Күл азыкты чачарбыз,
Күүлөнчү болсо Канчоро
Күйүтүнө ким көнсүн,
Туш-тушту көздөй качарбыз,
Жейт-Кайтка жете өтөрбүз.
Канчоронун каарынан
Чыдабай тентип кеттик — деп,
Арт жакка айта кетербиз.
Өлбөчүдөй жутунуп,
Тонбоочудай кумтунуп,
Боздой-боздой өтөрбүз,
Кыйлабыз качып Алтайга,
Кыйналарбыз далайга,
Өксөгөндөн күйөрбүз,
Кабылан баатыр өттүң — деп
Семетей кошуп жүрөрбүз.
Э, атаңдын көрү кайран журт,
Кулаалы учат жерине,
Кандан кордук көргөндө,
Курама кетет элине.
Түлөк куш учат жерине,
Каны катуу иш кылса
Тентиген кетет элине,
Деп эл чуулап турганда,
Кырк чоронун даанасы,
Кутубийдин баласы,
Тоюна токсон сойдурган,
Акжолтой деп койдурган.
Журт чуркурап турганда,
Акжолтой айтты бул кепти:
«Айчүрөк айым ичинде, —
Айкөлдөн калган мурапы,
Алты айлык талгак бала бар,
Жети жылы болгуча,
Бул Канчоро канкордун
Дегенине көнөлү,
Алымын чыдап берели,
Айткан ишин кылалы.
Айчүрөктүн баласы,
Эгерде эркек уул болсо,
Колго мунар болууга,
Чокмор кылып алалык.
Кайрандан калган белек деп,
Караан кылып алалык.
Журт бүлдүргөн чорого,
Кериштин кенен салалык,
Жетим жүрүп жетилсе
Жеткилең бир кек алалык.
Ажалдуубуз өлөрбүз.
Кадыр алла салганын
Маңдайга жазса көрөрбүз.
Кан болгон Канчоронун
Жети жыл каарын көрөрбүз.
Төрөлүү биздин кайран журт,
Төрөбүздөн айрылып,
Тентийбиз кайда кайгырып?
Канчоро каардуу болду — деп.
Айрылбайлык калайык,
Ала-Тоо сонун жериңден»,
Кара тилин кайраган,
Кан алдында сайраган,
Кадимки чечен Акжолтой
Өксүп кеткен көп элди,

Качырбастан боздурбай,
Туш-туш жакка тоздурбай,
Кыргызды тосуп калды эми.
Акжолтой оозун жыйгыча,
Кудай бетин көргөзбө,
Асманга учуп топурак,
Көп кол кайнап топурап,
Сурнай үнү заңкылдап,
Жезнай үнү бапылдап.
Чыбыр тартып кең майдан,
Чымчык учпас кең жайдан,
Чоң-Жылгындын оюнан,
Кең өрөөн Талас боюнан,
Боз ала желек туу болуп,
Бой-бойлогон чуу болуп,
Желектүү найза алыптыр.
Жер жарылган чуу баштап,
Жедигердин кан Кыяз,
Канчорого барыптыр:
«Достум, жакшы келдиң» — деп,
Канчоро кан күүлөнүп,
Эр Кыязга сүйлөнүп;
«Калың кара жедигер,
Колуңарга кубанам,
Кол берериң эр Кыяз
Зоруңарга кубанам.
Керүүгө айыл конуптур.
Кечикпей жолуң болуптур.
Аргын жолго конуптур,
Аябай жолуң болуптур.
Мыкты журт элең жедигер,
Билген чырды кылыңар,
Кыйындап мүшкүл салыңар,
Кызыталак каңкордун
Кыйласын талап алыңар.
Тобуна мүшкүл салыңар,
Тополоңун тоз кылып,
Токтотпой талап алыңар.
Жайлап салдың, жедигер,
Таластын тоодой дөөсүн!
Жабыла кирип, жедигер,
Ордосун бузуп, дилде алгын!
Оймок ооз, бото көз,
Опсуз сулуу кыз-келин
Так олжо кылып, минди алгын!
Кайраттуусун күң кылгын,
Эр Семетей өлгөндө,
Олжосун мынча алдык деп,
Калайыкка дүң кылгын!
Жети-Өзөн атак жерине,
Жедигер баргын элиңе.
Алжып калган чалдарын,
Белинен кармап бүктөп кет,
Агар алтын, ак күмүш,
Желмаян билге жүктөп кет!
Олжого бу журт канышсын.
Эчен дүйнө, көп малды,
Жедигер журту алышсын!
Эсепсиз эрдик кылдык деп,
Бир мактанып барышсын.
Жардык кылдым, жедигер,
Көп олжону алгыла,
Канчоро кандын доору деп,
Угуза кабар салгыла!»
Деп ошентип Канчоро
Эл бүлдүрүп, журт бузуп,
Бузук жакка камынды.
Ээ кызыталак, Канчоро
Башынан кар кетпеген,
Боз ала борчук тоо эмес,
Болбогурду көрдүңбү
Же калмактан келген жоо эмес.
Өз болотун мокотуп,
Өз тууганын жоготуп,
Бузулган экен быйыл түш,
Өзүнүн элин талаткан,
Кылымда болбойт мындай иш.
Калың кара жедигер
Акылманы муну ойлоп:
«Кылымдан ишти оңолтсо,
Шайтан болуп кагышып,
Туткагы кармап арам бул,
Биздин Кыяз канды жоготсо,
Айылды чууга салар деп,
— Өзүнүн калкын минетти,
Бизди кайдан аяр — деп,
— Өз агасын өлтүрүп,
Өз тууганын кор кылган,
Кайсы жерде бу шумдун,
Кимге элдиги бар экен?
Жаратылган абыдан
Жаткан кудай каары экен
Биздин эр Кыязга кай жерде
Туугандыгы бар экен.

Улук болду Канчоро,
Канчоро эмес, шум чоро.
Эртеңки күндө чыр кылса,
Керикке кошун артат го,
Кернейин тартат го,
Жети өзөндө жедигер,
Бизди акыры кудай урат го.
Каардуу кыйын неме экен,
Калтырбай журтту кырат го.
Алдатып салып бу шумга
Биздин Кыязды кудай урат го,
Тагына бутун артат го,
Биздин калың кара жедигер
Бир азапты тартат го,
Бу кутурган чоронун
Куйкуму турат көзүндө.
Мунун култулдак турат сөзүндө.
Мунун чаары турат көзүндө,
Чабылып кетсин Канчоро,
Чатагы турат өзүндө.
Ашкере терең ой-ойлоп,
Баш чайкашып, бой-бойлоп,
Жашы менен карысы
Артын ойлоп акыры
Акыл кошпой чорого
Алар эми турду эле.
Ар качандан бир качан
Арамдыгы көп чоро,
Айыкпастай түнөргөн
Арамдыкка көк чоро.
Калтырбай элди чакырды,
Каарланып бакырды:
«Калың кара жедигер,
Каның мында турасың.
Калк эскиртип, журт билген
Баарың мында турасың.
Билесиңер, жедигер,
Айчүрөк долу чатагын,
Ал Айчүрөк долуну
Кыяз кан албай жатарбы?
Ал Айчүрөк катындын,
Кылтылдаган капырдын,
Жергелүү кыргыз салышкан
Көрбөдү беле чатагын!
Алуучу Толтой кан болгон,
Күйүп өлгөн кутургур,
Күлчородон жай болгон.
Өткөн бир иш жайынан,
Айчүрөк долу айынан,
Эрен кожо кан өлгөн,
Эңишкен жандын баары өлгөн.
Жедигер журттун айылы,
Жесир калып зайыбы,
Бузулуп быт-чыт айылы,
Чыкпай калган белгисиз
Жедигердин дайыны.
Кезетиң келди, чырыңды,
Салбайсыңбы жедигер,
Толтоюңдун чын кегин
Албайсыңбы, жедигер!
Кезетиң келди колуңа,
Көрбөйсүңбү, жедигер,
Канкордун катын-балдарын
Бөлбөйсүңбү, жедигер,
Каның айткан жарлыкка
Көнбөйсүңбү, жедигер!
Сансыз дүйнө көп олжо
Таппайсыңбы, жедигер,
Семетей кандын ордосун
Чаппайсыңбы, жедигер!
Жана каардуу катын Айчүрөк
Олжо кылып долуну
Албайсыңбы, жедигер?
Жер, жериңе мактанып.
Барбайсыңбы, жедигер !
Жети-Өзөндөн койбой журт,
Жыйбайсыңбы, жедигер,
Сандаган малды той кылып
Сойбойсуңбу, жедигер!
Күндөй сулуу чүрөктү,
Күйүтү артык дүмөктү
Нике кыйып Кыязга
Койбойсуңбу, жедигер!
Кызык оюн, чоң тойго,
Батканың кандай, э Кыяз,
Ордо күтүп, так минип,
Чоң дөөлөткө керилип
Чоң тамаша, кең жыргал
Жатканың кандай, э Кыяз!
Мээнет катын Чүрөктү
Белек тартып алыңыз.
Канчородой досуңду
Кан көтөрүп салыңыз!»—
Деп Канчоро турганда

Кыяз айтып жардыкты,
Ал Канчоро капырды
Ак кийизге салды эми.
Айланасы чынар бак,
Мунарада алтын так,
Алтын таажы кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Кан көтөрүп алды эми.
Дарбазалуу коргонго,
Чачыкейдин ордого,
Жетип келди кабарчы:
«Канчоро кан болду!»— деп,
Айта келди кабарды,
Ошондо, эрке катын Чачыкей
Сүбөлөрү былкылдап,
Сүйүнгөндөн шыңкылдап:
«Кечээ төрө аман барында,
Күйүттүн көбүн билчү элек,
Канчоро менен экөөбүз,
Күбүрөшө жүрчү элек.
Кыраңга элкин конууга,
Эрди-катын болууга,
Убадабыз бар эле,
Сүйүнчүңө алтын ал» —
Деп, арамдыгы билинди,
Канчорого тийүүгө
Чачыкей катын сүйүндү.
Тоюна токсон тай сойду.
Дүнүйөнү тең коюп,
Семетейдин чоң ордо
Жедигерге бастырды
Агар алтын, ак күмүш
Зарып кылып чачтырды.
Кожо, молдо жыйдырды,
Ал Чачыкей катынды
Канчорого нике кыйдырды.
Тамаша курган жыйында
Калайыкка каарын арттырды,
Олуя чал Бакайын
Сексен кыйын балбанга
Өлтүрбөстөн, житирбей,
Көкбөрү кылып тарттырды.
Куудай сакал кубарып,
Куурап турду бабаңыз.
Көзүнүн жашы он талаа
Өлөйүн деп, өлө албай,
Бет бырышып, суюлуп,
Байкуш Бакай абаңыз
Боздогонун «араңыз!
Кең дүнүйө тар болду,
Карганда Бакай кар болду.
Бүгүн көргөн, эртең жок,
Ушундай экен дүйнө шок.
Ич өрттөнүп, боору чок,
Чапчышарга чамаа жок,
Бекчейип барып бел кеткен,
Бакай абаң колунан
Бар кайрат качып, ал кеткен.
Оздон шекер сөз кеткен.
Ойрон абаң өзүнөн
Бадырайган көз кеткен.
Шайман качып Бакайдан
Мүшкүлгө мыктап баткан кез.
Күрсүлдөп көпкөн Канчоро,
Көкбөрү кылып тарткан кез.
Дөңгөлөнүп айгырдын,
Жолунда жүрөт эр Бакай,
Жетимиш балбан жедигер,
Колунда жүрөт эр Бакай.
Кең дүнүйө тар болду,
Кеңешке баргыс зор Бакай
Берендерден айрылып.
Башкача жаман кор болду.
«Жергелеш элим барында,
Элге тутка эр элең,
О, Семетей өлбөй кал,
Кордукту бу жан көрбөй кал!
Айга жолдош чолпонум,
Ардактаган солтонум,
Армандуу жанга керегим,
А дүйнө кеткен Алмамдан
Алып калган белегим,
Жетиктен белин курчанган,
Жети сан кара жоо чыкса,
Жеке кирип кол салган,
Кыраандардын кыскасы,
Кымбаты эле Күлчором.
Сапарым чукул барында
Күйөрүм, — жетим өлбөй кал!
Же кууранган карып мен Бакай,
Зымырык этин жедимби?
Сырттандардан айрылып,
Күйүп өлсүн дедиңби?
Картайганда мен Бакай,

Өңгөчө дууга түштүмбү?
Же мүрөктүн суусун ичтимби?
Көп жаңылып курган жан,
Кузгундун көзүн жедимби,
Ар дайымдан, бир дайым,
Айланайын жараткан,
Бакайды куурап өлсүн дедиңби
Олуя заада Каныкей
Белги айткан сөзү эле:
«Аман болсо зилинде,
Душман болот — деди эле.
Эмчек сорсо, кан чыкты,
Орою бөлөк түрүндө,
Душман деген зилинде,
Жүргөнүнөн чуу чыкты,
Бери заада бейбактын
Айткан кеби чын чыкты.
Абайлабай мен Бакай,
Аркы-терки чалыпмын.
Ак сакалым кыркылып,
Абайлабай калыпмын.
Мээнетиме шашыпмын,
Олуям качып башымдан,
Кокуй болгон экемин.
Алысты көрбөй, мен Бакай
Сокур болгон экемин.
Кыйла жыл өлбөй жутунуп,
Кымбатымдан айрылып,
Карыганда мен Бакай
Көкбөрү болдум тытылып…»
Боздой, боздой Бакайдын
Аяр жаны калбады.
Жаак кайрап, тил безеп.
Канчорону каргады:
«Ой, Канчоро кулунум,
Оңбой калган гүл ботом.
Бу кылыгың курусун.
Ымыркай бала кезиңде,
Мойнуңа тумар таккамын,
Боорго кысып кучактап,
Алдейлеп жүрүп баккамын.
Ачкадан өлүп калат — деп,
Казыдан кесип жегиздим.
Каныкейдин эмчегин
Кадиксиз тууган болсун — деп,
Э, арам саа эмиздим.
Калың аргын, көп кыргыз,
Бөтөнчө эл, Канчоро,
Качан «балан» дегиздим?
Эренге канат болсун — деп,
Ээрчитип жүрүп эр кылдым,
Эр уулу менен тең кылдым.
Жетим элең чоң кылдым,
Жетилдирип мол кылдым.
Эрбейген боюң эр кылдым,
Балам, эбегейсиз шер кылдым.
Эрдигиңди арттырдым,
Актаганың ушулбу,
Эңкейгенде абаңды,
Көкбөрү кылып тарттырдың.
Карыган Бакай абакең,
Калкка караан кан эле
Көкбөрү тарттың, Канчоро,
Маа дээр өчүң бар беле?
Эңкейгенде зор Бакай,
Эгиниң кам ордумбу?
Бабаң Балта, Чубактын
Баарысын мен сойдумбу,
Алаңды ала качтымбы?
Ак алтың дүйнөң чачтымбы?
Куланды кууй качтымбы?
Куруткудай сен мени
Куржунда булуң чачтымбы?
Балам, өзөн-өзөн, өзөнчө
Өзөнчөгө конуп кал!
Куйөрүңдөн айрылып,
Өзүң мендей болуп кал!
Балам, өлбөй-житпей көп жашап,
Балам, менин тонум кийип кал!
Балам, жанарыңан айрылып,
Өзүң мендей болуп кал!
Балам, бышарың болсун душманың.
Ичинде калсын бушманың.
Балам, керүүгө бойлоп конуп кал,
Жар-жороңдон айрылып,
Жапаа түшүп башыңа
Өзүң мендей болуп кал!»
Чакчылакей чаң болуп,
Курган Бакай абаңыз,
Мунун дүмөгү мына караңыз.
Ал Канчоро капырдын
Жандаганы өң балбан,
Бакайды кылып көкбөрү,
Канчоро баштап чоң жаңжал,

Коробойт да, ийменбейт.
Каарланып мындай дейт:
«Мен касиеттүү жан болдум,
какбаш
Калайык ийрип, журт бийлеп,
Мен кол токмоктой кан болдум,
какбаш!
Мен уу ачытам күбүңө, какбаш!
Ушинтип жетем түбүңө, какбаш!
Сениң тамырың суурул алармын,
какбаш!
Саа далай бир тозок салармын,
какбаш!.
Адамдан таш боор Канчоро
Колу, бутун Бакайдын
Көк улактай чойдурду,
Көк ала койдой сойдурду.
Куру дүрмөт ок менен
Буга коюп аттырып.
Буудан Бакай абаңа
Бу мүшкүлдү тарттырып,
Карыган Бакай абаңдын
Мээнет шору көп болду.
Бакай кандын жатканы
Чөп алачык үй болду.
Картайганда Бакайдын
Эки көзү көр болду.
Кадырлуу башы абаңдын
Кара жер менен тең болду.
Каарланып Канчоро
Таласка салды зордукту.
Жалгыз Бакай кары эмес,
Калың элге Канчоро
Көрсөттү эми кордукту.
Кечээ, кайран энең Каныкей
Каалап салган Аксарай,
Ар немеге чак сарай,
Перизаада Айчүрөк
Берен бейбак келгенде,
«Мекен кылып алгын» деп,
Энчи кылып Каныкей.
Бей таалайга бергенде,
Перизаада Айчүрөк
Айланасын бек кылып,
Ортосун алтын так кылып,
Ойронуна чак кылып,
Опсуз кылган Аксарай,
Көк жал шерге чак сарай.
Жакут, кохар ташынан
Аземдетип жардырган,
Айландыра сарайды
Коproductionздотуп салдырган.
Алтын менен сырдаган,
Күмүш менен чырмаган,
Эки киши унчукса,
Өзүнөн өзү ырдаган.
Карагайдан ноо кылган,
Таштан жыйып тоо кылган.
Айза сайса мадаган,
Алалбай душман жадаган.
Алып адам жетпеген,
Төрт аяктуу айбандан
Чычкан жойлоп өтпөгөн.
Белесин душман чалбаган,
Бет алып адам барбаган.
Айланасы чеп коргон.
Аксарайда Чүрөккө
Куп мураапы Акжолтой,
Акырын жетип барыптыр,
Аябай кебин салыптыр!
Калың кара жедигер
Кырк эки курчап Семеңди
Алганын айтып турду эми.
Аты жок айкөл дардайып
Калганың айтып турду эми.
Өз ичинен жоо чыгып,
Өзөгүнөн дарт чыгып,
Арманын айтып турду эми.
Атсыз калган кайран шер
Арамдан найза жегенден
Айып болду деп уктум.
Өлүп сөөгү табылбай,
Кайып болду деп уктум.
Колоттон туман табылып,
Аркайган тоонун башына,
Карарып булут жабылып,
Томурайып, тоо кулап,
Кыян жүрүп, боор сулап,
Күндүр-түндүр түн болуп
Колотко аңгир суу толуп,
Тескейдеги жыгачтын
Тамыры чыгып сороюп,
Жедигердин арык ат
Такыр өлүп тороюп,

Мураазына баатырдын
Жетип калды деп уктум.
Кайып болуп, айкөлүм,
Кетип калды деп уктум.
Баатырдын айткан кеби эле:
— Карыган энем Каныкей
Маңдай сөөгү кайкы — деп,
— Ар качандан, бир качан,
Күн көрөрү тайкы — деп.
— Кежиге чачы ор эле
Көрөрү калың шор эле.

Чыңырып бетин жырбасын,
Чымындай жанын кыйбасын
Өлүп калса энекем,
Акылсыз мүшкүл чала бар,
Өлбөй жүрүп көрсүн да,
Айчүрөктүн боюнда
Бүдөмүк бүткөн бала бар.
Тоюна токсон сойгула,
Эркек болсо баланы,
Сейтек атка койгула.
Төрөнүн керек кеби эле,
Так ошондой деди эле.
Ободо чолпон жылдыздай,
Болжош кылгын деди эле, —
Өлбөсө абаң Күлчорого
Жолдош кылсын — деди эле, —
Беттеп кирген душманга
Санат болот — деди эле, —
Аман жүрсө Сейтегим,
Канат болот — деди эле...
Семең айткан керээзи
Айчүрөккө айт деген.
Кандап бетиң тытпаңыз,
Кара чачты жайбаңыз,
Катуу дүмөк, чоң мүшкүл
Кайран башка келген соң,
Андай ишти кылбаңыз.
Каралуу башың эр кылгын,
Катын башың туу кылгын.
Канчоро менен Кыязга
Адам көргүс чуу кылгын.
Керүүдөн айдап көчүңдү
Келберсиген акмактан
Кейибей ал өчүңдү.
Ургаачы жолборс шер болсоң,
Чын Айчүрөк сен болсоң,
Арамдан алгын өчүңдү!».
Деп, ошентип Акжолтой,
Айтып ийди мындай деп:
«Канатыңар Күлчоро
Чекесин тешип, тул кылды,
Далысын кесип, чорону
Жылкычыга кул кылды.
Ачалбарс кылыч аштады,
Калгандарды Канчоро
Калтырбай кырып таштады.
Сары кан союп сапырды,
Абам Бакай карыяны
Көкбөрү кылып тарттырды.
Каарланып күйүндү,
Калың аргын, көп кыргыз
Кайран жандан түңүлдү» —
Капырай, Акжолтой мындай деген соң,
Чоң энеси Чыйырды
Эсинен танып жыгылды.
Шордуу энеси Каныкей
Өкүрүп-өксөп туралбай,
Өз жанын өзү кыялбай,
Кайран энең Каныкей:
«Күл ботом» — деп буркурап,
«Күйөрүм!» — деп чыркырап:
«Кечигип чачым өргөнүм,
Зарыгып жүрүп көргөнүм.
Эми менин көрөргө каран түнүм бар,
Медер кылган жалгызым,
Сенден бөлөк кимим бар» —
Деп, ошентип Каныкей
Ыйлап турду зыркырап,
Боздоп турду буркурап,
Каныкей үнүн укканда.
Кайың кейип, тал ыйлап,
Калың журттун баары ыйлап,
Жер силкинип, таш ыйлап,
Жеткилең кыргыз баш ыйлап,
Асты калың жер ыйлап,
Акжолтой баштап эр ыйлап.
Кечээ кабарында бар бекен?
Кайыбынан кабылган,
Кан Манаска табылган,
Аты анын Кумайык

Оозун ачып аңылдап,
Аза күтүп калыптыр.
Семетейден айрылып,
Айып болду Актайган,
Каргысын алып ыргытып,
Кайып болду Актайган.
Көзү кара көк жал бут,
Канатын жайып куушурбас,
Казды көлдөн учурбас,
Төкөөрү темир, тээги жез,
Тегереги эки кез.
Тепкени тирүү кетпеген,
Кол үстүнөн эт жеген.
Чалгыны болот кубарган,
Чабыттаса бендени
Чын кумардан чыгарган,
Боосу жибек, тууру алтын,
Болжолу жок Акшумкар
Ар толгонуп баркылдап,
Бутун кайсап тыткылап,
Томогосун каккылап,
Кол көтөрсө жем жебей,
Аза күтүп абыдан,
Боор жүнүн тыткылап,
Тыткан экен Акшумкар.
Кайып болуп талаалап,
Сызган экен акшумкар.
Акшумкар антип турганда,
Эрээн ыйлап, кан ыйлап,
Көргөн жандын баары ыйлап,
Жашы менен карысы,
Жаман, жакшы баарысы,
Өз кайгысын жеп ыйлап:
«Кайрандын көзү өткөн соң,
Кандай заман, кандай күн,
Болор экен? — деп ыйлап,
Айкөл көзү жок болду,
Аргын кыргыз бул журттун
Айлы кандай конор? — деп,
Айласы кандай болор? — деп
Эли кандай конор? — деп,
Элдин ээси жоголду
Аргын кыргыз бу журттун
Эсеби кандай болор?»— деп
Журт чуркурап, чуу болду,
Асман жарган дуу болду.
«Берендин көзү барында
Беттешип калың жоо келсе,
Кайрадан алыс сүрчү элек.
Бере, келеңкер чачпак, кең соору
Келини сулуу эл элек.
Кайраттуу эрдин барында,
«Балакет кайда дээр» — элек.
Адырлуу Талас жерибиз,
Кулаптыр аска белибиз.
Сууган белем Демибиз,
Адам, сыздаган белем элибиз.
Байланган белем багыбыз,
Сынган белем шагыбыз.
Эми Таласка курган бак барбы?
Таалайлуу шерден айрылдык,
Дардайып жатар чак барбы?
Эми биздин дөбөгө тиккен бак барбы?
Дөөгүрсүп жатар чак барбы?
Бизде көңүлдө далай бушман бар,
Бизди көмгөнү турган душман бар.
Бүгүндө көргөн, эртең жок,
Ичиң жалын, бооруң чок,
Ушундай болор дүйнө шок».
Калың журт кейип муну айтып,
Атамдан мүшкүл шумду айтып.
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Журт чуркурап турганда,
Желиккенден бакырып,
Эр Кыяздап чакырып,
Канчоро каарды баштады.
Эмгекке журтту салууга
Семетей атын өчүрүп,
Өзү султан болуп калууга,
Кыязына кеп кылды.
Убаданы бек кылды.
Ак чатырдай боз бээни,
Адырдан кармап алышты
Антка кармап, ал бээни
Эл ичинде чалышты.
Бээден акса кара кан,
Кошколдоп колду малышып,
Канчоро, Кыяз эки арам
Ант учуна чыкты эми.
Кашатча топо кара кыр,
Бел ордуна көрбөдү,
Кайышып турса калайык

Кара мүртөс Канчоро
Чөп ордуна көрбөдү.
Пил териси добулбас,
Добулбасты урду эми,
Кан Кыяздын калың кол,
Баарын күүлөп турду эми:
«Канчоро кандын кебине,
Кың этпей киргин эбиме,
Кара-Бура, Чаткалда,
Каран калган көп жылкы
Кайкалап мында жаткандыр.
Семетейдин сан жылкы,
Сапыра талап алгыла!»
Деп айкырып Канчоро
Айбалта камдай кармады,
Үтүрөңдөп күүлөнүп,
«Аттангын!»— деп жедигер,
Баарына буйрук салганы.
Кыязы андан күрсүлдөп,
Күүлөп калган кези экен.
Ордосун бузуп салгын! — деп,
«Жылкысын тийип алгын!» — деп
Кандары жарлык кылганда,
Кыяздап ураан чакырып,
Адырда жылкы алты сан,
Айкырык салып калың кол,
Аны тийип өттү эми.
Түп көтөрө сан кара,
Түбүнө чогуу жетти эми.
Тоодогу жылкы токсон сан,
Ач кыйкырык чуу салып,
Аны тийип өттү эми.
Сан казына, түмөн мүлк,
Калың кол каптап ойду эми,
Күчтүүсүнгөн эрээни
Күрдөлүү күлүк ат алды.
Күчү жок жаман чабалы,
Бороон күптү тай алды.
Таласта кыргыз, көп аргын,
Таланды жаман көрдү эми.
Таластагы көп элди,
Укурук салып бөлдү эми.
Адам көрбөс сын кылды,
Артыкча мүшкүл чыр кылып
Колу каптап, малды алды,
Эселек экен Кыязы,
Эрди өлтүрүп жанды алды.
Ой чуркурап, козголуп
Аргын, кыргыз аралаш,
Тополоңу тоз болду.
Жайнап жаткан көп элге
Жапаны жаман салды эми,
Чынкожо, Толтой куну деп,
Жаман чаап алды эми.
Калың кол кирди жан койбой.
Жалдуу куйрук тай койбой,
Куйруктуу козу эт койбой,
Узун аяк мал койбой,
Урушка айла кылуучу
Союл чабар жан койбой,
Журт баштаган эр койбой,
Кайрат кылган эл койбой,
Келеңкер чачпак, кең соору
Келинден чыккан уз койбой,
Оймок ооз, бото көз,
Ойкуштаган кара көз,
Кырмызы көйнөк, айча бел,
Кылтылдаган кыз койбой,
Кыйын талоон кылды эми,
Такыр койбой немесин,
Талап алып турду эми.
Кыргын кылып далайды,
Канчоро, Кыяз баш болуп,
Эми каптап кирди сарайды.
Бузулган экен көргөн түш,
Мурунтан барбы мындай иш?
Кабылан тууган айкөлдүн
Атасынан бабасы
Бу өңдөнгөн мүшкүлдү
Көргөн эмес карачы!
Каптал жактан Канчоро
Каптап найза сунду эле,
Кутпа жагын зор Кыяз
Камап келип турду эле.
Бо, байкуш катын Айчүрөк,
Жесир болду, муңу көп.
Бо, жети кан кара жоо келсе,
Желбегей кирип кол салып,
Айгайды калың салуучу,
Ажыратып алуучу
Күлчоро жетик мында жок.
Ошондо жамгырды көр, чокту көр,
Аксарайдын ичине
Жайнай тийген окту көр.

Туш-тушунан чуркурап,
Каптап кирген топту көр.
Жоонун сүрүн көргөндө,
Өң бузулуп, ич күйүп,
Өлөйүн деп, өлө албай,
Чиркин, өз жанын өзү кыя албай.
Тизеси жерге бүгүлүп,
Чыңырып ыйлап, чыркырап,
Чын Каныкей үстүнө
Боздоп кирди буркурап.
Мына ошондо Айчүрөк
Акырын айтып, бек таштайт,
Энеси Каныкейге кеп баштайт:
«Ээ, кара сурдун сулуусу,
Ургаачынын урдуусу,
Кең көйнөктүн тазасы,
Ургаачынын башасы,
Узун чачтын ыктуусу,
Зайып заттын мыктуусу,
Азап менен ажалдын,
Барлык менен жоктуктун
Кадырын билген энекем
Кагылайын берекем!
Үзүлгөндү улаган,
Чачылганды жыйнаган,
Өчкөн отту тамызып,
Өлгөн жанды тиргизип.
Калдай башын туу кылып,
Каарлуу башын эр кылып,
Бек азап менен мүшкүлдүн
Баркын көргөн энекем!
Тууган, душман адамдын,
Аркын көргөн энекем!
Энеке, кападар болду санаабыз.
Артык мүшкүл салды го,
Эмчегиң берген балаңыз!
Энеке, мен көргөндү көрдүңбү,
Мен билгенди билдиңби,
Казып койгон ор келет,
Кайнатып койгон шор келет
Канчалык илек кол келет,
Ак асаба туу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Калың кара жедигер
Селдей каптап мол келет..
Берендери бетинде,
Камап айдап, кыргын деп,
Энеке Канчоро уулуң артында.
Жан каштайта ок атып,
Каптап чыгып келатат,
Энеке эмчегиң эмген балаңыз!
Балаң душман болушуп
Байкап эне, караңыз!
Кызыл-кызыл кырмызы
Кырып тытсам бөлүнбөйт!
Тигил эмчек сүт урган эсериң,
Бизге кылчаяр түрү көрүнбөйт!
Жашыл-ала тал жибек
Жан-жанын тытсам бөлүнбөйт,
Тигил, жакындап кирсе «жакшы уулуң»
Жан коёр неме көрүнбөйт».
Деп, ошентип Айчүрөк
Кайран энем Каныкей,
Каныкейге арыз айтып,
Какшап ыйлап турду эле.
Ошондо берен энең Каныкей:
«Ээ, кулунум, балам Айчүрөк,
Айтканыңдын баары чын,
Жаа тартышып, урушуп,
Канчоро кыйла жоо болду,
Энесин Камбар алыптыр,
Атасын бүтүн унутуп
Кара нээт каапырың
Ошо Камбар чоронун
Уулу болуп калыптыр:
— Чубактан калган чунак — деп,
Асылдан калган мурап — деп,
Берен балам Семетей
Бөксө менен желгенде,
Баана кылып өзүмө
Балам алып келгенде,
— Жүрөгү майлуу болсун — деп,
Казыдан кесип жегиздим,
Кадиксиз тууган болсун — деп,
Эмчегим сүтүн эмиздим.
Сол эмчегим Канчоро
Соруп ээмп турганда —
Дене боюм зыркырап,
Чымындай жаным чыркырап,
Сай сөөгүм зыркырап,
Соргон сайын ал кеткен,
Эмчектен кара кан кеткен.
Мен шордуудан ал кеткен.

Түбү душман болорун,
Кылча койбой калкты,
Бир кыргын кылып коёрун,
Каалап ойлоп билгемин,
Каран түнду саларын,
Чоңойсо журтту чабарын,
Кармашып шорго маларын,
Тышы тууган, ичи арам,
Сыр билип, түпкө жетерин
Эчак эле билгемин.
Түбүндө душман экенин,
Түп-түзүнөн билгемин.
Жоо болор деп жүргөмүн.
Чымындай жанды кыйнадым,
Ажыбай, Бакай каны бар,
Эл арытып журт көргөн
Эрендердин баары бар,
Олуя бар, эрен бар,
Алты айчылык келерди,
Жети айчылык кетерди,
Жеткилең көргөн даанышман,
Көзү көргөн алыстан,
Сүйлөгөнү жарыя,
Калк атасы карыя,
Капиядан сөз тапкан,
Караңгы түндө көз тапкан,
Кол баштаса кажыбас,
Караңгыда карсактын
Изине түшсө жаңылбас,
Укма билген кары бар,
Ушунча элдин баары бар,
Чунайган уулум барында
Эмизбей жаңжал салгамын.
Эл топтотуп, журт жыйып.
Эрикпей жыйып алгамын,
Кепти ортого салгамын.
Эмчектен кан чыкты — деп,
Жүзү бөлөк түрүндө,
Акыры душман зилинде,
Мүлкүң өрттөп, чет кылат,
Зилинде сени мерт кылат,
Арагыңды суу кылат,
Айлыңды бузуп чуу кылат,
Кыялы чатак, ичи арам,
Белгилүү ала жоголбос,
Бейли бузук оңолбос,
Түгөңгүр душман зилинде,
Ушу чороң чоңойсо,
Душман болор түбүндө
Эрээнди жыйып чыркырап,
«Канчоро көзүн жогот» деп,
Эчен күнгө буркурап,
Айтсам уулум болгон жок,
Какшасам тилим алган жок.
Сырттан тууган Семетей,
Телегейи тең эле,
Ичин көрсөң көк жалдын
Көл, дайрадан кең эле.
Менин айткан сөзүмө
Болбой койгон кенебей,
Боздоп айткан кебимди
Бучкагына теңебей.
Укпай койгон сөзүмдү.
Уят кылган өзүмдү.
Бейлебей койгон сөзүмдү,
Көп кейиткен өзүмдү:
— Караан кылгын баланы
Кантип кармап сой дейсиң?
Катыгүн энем не дейсиң?
Тууган болчу чорону
Туура кармап сой дейсиң,
Бу бадирек бир бала.
Бир бала тентек болгондо,
Бейтаалай энем, не дейсиң?
Жангыз бала жоо болуп,
Ай ааламды соробу?
Бир ымыркай баланы
Жоо көргөн киши оңобу?
Бек зааданын жалгызы
Медерин соёр жан барбы?
Кан зааданын жалгызы
Караанын сойчу жан барбы?
Карантүн энем экенсиң!
Башымдагы мекенсиң,
Бузулган ишке бурмалап,
Бууракмалуу долу эне,
Мени бузуп коёр бекенсиң?
Бешиктеги баланын,
Бек болорун ким билет?
Карындагы баланын
Кан болорун ким билет?
Боорткодо баланы,
Жоо болорун билдим деп,
Жоболоңдуу шордуу энем,

Жосуну жок кеп салдың,
Өйдө тартсам өбөгүм,
Ылдыйда тартсам жөлөгүм
Канчоро менен Күлчоро
Менин экөө тең тууган бөбөгүм.
Бул Алмамбет, Чубак эки атам
Бул экөөнөн калган мураапы.
Бу эгиз болчу эрлерди,
Кай бет менен бөлөмүн?
Ачуулансам курган жан,
Ак калпак журтум жыямын,
Аты уйкаш эки баланы
Белиме таңуу кыламын.
Бет алган жоону кырамын,
Э, бейтаалай энем, не дейсиң?
Сенин эне, бу кебиңди ким уксун,
Көз көрбөгөн түн уксун
Ала аскалуу тоо уксун,
Ач айкырык, куу сүрөөн
Айгайлаган жоо уксун.
Казылган кара көр уксун!
Билгичсинип шордуу эне,
Кыямат кеткен атамды
Күндүзүндө кыбырлап,
Түн ичинде шыбырлап
Ууга салган экенсиң.
Жакынынан жат кылып,
Жапанын санын тарттырып,
Жан казатка мингизип,
Жабыктырып, күйдүрүп,
Жолго салган экенсиң.
Жарыктык атам Манасты
Сиз эне, бир жолго салган экенсиң.
Айкөл атам Манасты
Ала аскардай тоо кылып,
Буруп жолдон чыгарып,
Энем, тууган менен жоо кылып,
Окус кылган бекенсиң.
Ата берен энем, бейтаалай,
Жал куйруктан айрылтып,
Куландай кылар бекенсиң?
Басуучу буттан айырып,
Жыландай кылар бекенсиң?
Тоодон аңчы ыргыткан
Таштай кылар бекенсиң?
Соргок адам мүлжүгөн,
Энеке баштай кылар бекенсиң?
Акыл ийлеп, ой ойлоп,
Душман кылар бекенсиң?
Ар жагымды башыма
Бейтаалай энем, оңбой кал,
Сен душман кылат экенсиң!
Каралды чуңкур дөбөгө
Тоо чыгарат экенсиң,
Ар жакыным башыма
Жоо чыгарат экенсиң!
Бөлүнтпөгүн санаамды,
Бөлөкчө мындай дебегин.
Каралды кылган баланы» —
Деп, ошентип Семетей
Кан, бек айтса тил албай,
Канчоронун жоругун,
Куу жолтой балам биле албай,
Серүүн кылган сөзүмдү,
Шерменде кылган өзүмдү.
Бузук кылган сөзүмдү,
Уят кылган өзүмдү,
Өткөн иштин жайынан,
Көрүнбөй алты ай көзүмө,
Айтсам кирбей сөзүмө
Көп ишенбей өзүмө,
Мойнуна тумар тактырган,
Чоң энеси Чыйырды,
Чыйырдыга бактырган.
Ажыбайдай аркалап
Каалап тамак бердирген.
Көп ишенбей энеге
Тамак-ашын баланын,
Көрпөянга бердирген.
Асырап, багып эр кылган,
Эр уулу менен тең кылган.
Тогузга бала келгенде,
Торконун гүлүн кийгизип,
Топ бузар жорго мингизип,
Тойго эрчитип жүргүзүп,
Желбеген жорго мингизип,
Аргын менен кыргызды
Былкылдатпай билгизип,
Асырап, сактап зор кылган,
Аалам журтка чоң кылган.
Ыйлап атса сооротуп,
Уктап атса ойготуп.
Эрчитип жүрүп эр кылган.
Казыдан кесип жегизген,

Өлбөй жүрсө, канкорго
Өбөк болот дегизген.
Эриксе элик аттырган,
Мунун эш кармаган баласы,
Акырында Канчоро
Жоо болгонун карачы!
Эй, ата балам Айчүрөк,
Эй, кейибегин кулунум,
Өлөңдөн күйүп, өрт чыгып,
Өз ичиңден жоо чыгып,
Уу төгүптүр күбүңө,
Ушу турган Канчоро
Балам, жеткен экен түбүңө!
Эй, Айчүрөк, кулунум,
Менин ичим жалын, сыртым чок.
Сенин ичиңде алты ай бала бар,
Мен медер кылам кудайга,
Жаратканга көөнүм ток.
Айчүрөк балам кебимди ук!
Кордук, мүшкүл күн көрүп,
Кошуп ыйлап күйөрмүн,
Так сени он эки жыл күйөрмүн,
Он эки жылы толгуча,
Кордук тартып жүрөрмүн.
Он эки жылда келбесең,
Мен зарланып жүрүп өлөрмүн!
Эй, Айчүрөк кулунум,
Акылга дыйкан сен элең,
Курсактагы белегиң
Эркек болбой кыз болсо,
Айчүрөк балам, кат учур,
Кат учурсаң бат учур,
Арка чачым өрөйүн,
Күйүп, бышып чок болуп,
Мен шордуу ошол күнү өлөйүн!
Эгерде эркек уул болсо,
Толуктап тоюн соё көр,
Мунун атын Сейтек коё көр.
Мойнуна белги тага көр,
Кирдүү көйнөк кийгизбей,
Киргил ашты ичирбей,
Кир жугузбай бага көр!
Жашы он үчкө келгенде,
Жылгындуу Кең-Кол жерин айт,
Жыргалдуу кыргыз элин айт,
Өзөндүү Талас жерин айт,
Аргын кыргыз элин айт,
Толуп жаткан сонунду айт,
Бобу мен карабет долуну айт,
Эй, айланайын Айчүрөк,
Жибек оңуп жүн болбойт,
Жакшы ургаачы кулунум,
Жоого түшсө күң болбойт.
Кайрат байлап, шердик кыл!
Тууганың болду душманың
Балам, азыркы кезде эрдик кыл!
Эй, Айчүрөк кулунум,
Айтканым ушул билип ал,
Кармоого кетип Күлчоро
Ардыгып ботом өлгөндүр,
Өлбөй аман бар болсо,
Кордуктун көрүн көргөндүр.
Баатыр дале, шер дале
Жылкычыга кул болуп,
Акырегин жоорутуп,
Эки колун оорутуп
Күйүп жүрөр Күлчором.
Көз салбасаң жаман ат,
Күлчоро саа аманат!
Жылында көзүн көрө гөр,
Кементай-тону жыртылса,
Эй, кулунум Айчүрөк,
Кез-кезде жамап бере гөр!
Ачып келсе тойгузуп,
А Күлчоро кайниңди
Арып келсе семирткин!
Көз салбасаң жаман ат,
Эй Айчүрөк кулунум,
Күлчоро саа аманат!»—
Деп, ошентип Каныкей,
Кайран энең бейтаалай,
Кээде кейип, кээде ыйлап,
Шердикке салып турду эле,
Кээде боздоп, кээде ыйлап,
Эрдикке салып турду эле,
Айтып оозун жыйгыча,
Ар сөздү айтып тыйгыча,
Алтын, күмүш сан дилде
Талап кирди жедигер.
Арам өлгөн Канчоро
Оңуп калган эмедей,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Аркагы жибек, торко көз,

Аколпок тартып кийиптир.
Кадуулап ашар бел таппай.
Каралды кылар шер таппай.
Кайран жандан түңүлүп,
Колунда мылтык, чот келте,
Чот келте кармап жүгүрүп.
Асмандан жылдыз бөлүнбөйт,
Көз мунарып, түн түшүп.
Түк эчтеме көрүнбөйт.
Жалгыз калып ордодо,
Согушуп турган Акжолтой
Кайыпчынын белине,
Канжайлактын сеңирге,
Чымындай жанга күч келип,
Чын дүйнөсүн чачыптыр.
Чыдай албай бу көк жал,
Кайыпчы көздөй качыптыр.
Канчоро кармап аларда,
Койбой кордук саларда,
Коондой ичин жararда,
Койдой башын кесерде,
Түбүнө түптүз жетерде,
Жакага жамгыр жаадырып;
Бөксөнү туман алдырып,
Күн бузулуп, тутулуп,
Күндөп, түндөп жөө чуркап,
Кайыпчынын Кара-Тоо
Чыга качкан сеңирге,
Акжолтой качып кутулуп.
Айып болду Акжолтой,
Канчоронун каарынан
Кайып болду Акжолтой.
Таң супаасы көрүнүп,
Асмандан жылдыз чуркурап.
Кыбыла көздөп бөлүнүп,
Көз байланган мунарык
Асмандан өйдө бөлүнүп,
Жер жарылып, таң атып,
Оркогой тоонун баш-башы,
Адамга даана көрүнүп,
Жер жарылып келгенде,
Жеттик деп белин курчанып,
Адамдан артык жан экен,
Чынкожо, Толтой тең өлүп,
Талашканча бар экен.
Катынында калк бузган,
Кыз кезинде бул Чүрөк
Каада чайкап, эл бузган,
Күндөй жарык эме экен.
Чүрөктү Чүрөк дебеген,
Кудай урган кеп экен.
Жалаң оюн, чоң кумар,
Батчу Чүрөк турбайбы?
Алган жардын кумарын
Ашчу Чүрөк турбайбы?!
Эзелки капа, үлкөн дарт
Жазчу Чүрөк турбайбы?
Болжоосуз Чүрөк сен үчүн,
Чачпасам илек малымды.
Малдан ашып баарды,
Кыдыртып кыйла шаарды,
Казына оозун ачпасам,
Бардыгер тапкан, жыйганым,
Зарып кылып Чүрөккө
Сан карамды чачпасам,
Чүрөк сулуу кирүүгө
Түндүгү алтын, боосу жез,
Кулпунтуп ордо таппасам,
Жедигердин казына,
Арбынырак коротуп,
«Чүрөктү Кыяз алды» — деп,
Аалам журтка чуу кылып,
Кыймылдаган адамдын
Кыйласын жыйып той кылып,
Кылымга кылып тамаша,
Кыз алгандай кылбасам.
Байбичелеп сабылып,
Күнүгө кырк жол жалынып,
Кызматын кылып камынып,
Маңдайында турбасам,
Айдай катын Айчүрөк,
Айткан тилин албасам,
Айдаган жакка барбасам,
Дегенине көнбөсөм,
Акмилтенин чогу урсун!»
Жакындабай зор Кыяз
Чүрөккө турду жалынып.
Асмандан алланын күнү бүркөлөт,
Айчүрөктүн башына
Алтымыш санаа бир келет:
«Жакындаса, Кыязды
Жаныма келсе, Канчоро
Түйшүктү түптүз салсам — деп,
Алмадай башын алсам — деп,

Акыр-темир чоң дүмөк
Эки арамга салсам» — деп,
Эр мүчөлүү ыктуу күн,
Жоонун айласын билген мыктуу
күң.
Ат бороюн сыдырган.
Ай ааламдын баарысын
Учуп жүрүп кыдырган.
Зулпукор кылыч бек кармап,
Жакут таштай кашка тиш,
Ургачыдан башка тиш,
Качырата бек чайнап,
Сен дүнүйө түмөн мүлк,
Сапырылып той түштү.
Курган жеңең оюна
Адам чечип, журт билбес,
Аябаган ой түштү.
Ордо ичинде Айчүрөк,
Оолжуган сулууга
Камап такыр кире албай,
Жетип талап алалбай,
Катын арстан кургурга
Белгилүү чүрөк долуну
Бет алып кармап алалбай,
Бейтаалайды көргөндө,
Акылынан шашты эми.
Жедигердин Кыязы
Канчоро канга барды эми:
«Бул Айчүрөк катындын
Көйнөгү торко бөлүнбөйт,
Эл болчу түрү көрүнбөйт.
Ургачыдан бир түркүн
Башка түрү бар экен.
Ак тасма кайыш сыдырган.
Ай ааламдын баарысын
Учуп жүрүп кыдырган,
Жылас болгон жеңеңдин
Кашкалык түрү көрүнөт,
Достум элең Канчоро,
Бу катының бек жаман.
Жети-Өзөн алып барганда,
Достум, желигип турган бейбагын,
Ашыма уу салбасын,
Алпарганда катының,
Аркыраган каапырың,
Тындым кылып салбасын!
Күпчөккө салып бозону,
Күйгүзгөн уудан кошпосун,
Кашайта көздү ойбосун,
Катындан Кыяз өлдү деп,
Кайра тартпас чын жайды
Көөдөгүнөн көрдү деп,
Кылым журт шылдың кылбасын,
Достум, урчу кудай урбасын!
Кулак угуп көз көргөн
Эрен шылдың кылбасын,
Албайлы тажаал катынды,
Уяттуу мүшкүл кылбасын.
Айгыр болуп азынап,
Азапка салып турбасын!
Долу жеңең Чүрөктү
Достум, тил алчы, Кыяз албасын!»
Мына ошондо Канчоро
Булкунгандан силкинип,
Жер токмоктоп күүлөнүп,
Зор Кыязга сүйлөндү:
«Атаңдын көрү эр Кыяз,
Эр Кыяз эмес, жер Кыяз
Катындан карыш кем Кыяз,
Капыр Кыяз экенсиң!
Адал нике, ак жуптуу
Катындан арам ойлойсуң,
Минте берсең болбойсуң!
Достум, ар качандан бир качан
Кермелеттиң сөзүмдү,
Кейиттиң, Кыяз өзүмдү!
Толтой өлгөн Чүрөккө
Тополоң чууну салдым деп,
Олжолоп аны алдым деп.
Эр Толтойдун эски көк
Кары кегим алдым деп,
Бир мактанып калбасаң,
Сенин кан экениң кай жакта?!
Калк эскиртип журт күткөн,
Жан экениң кай жакта?
Кокуй Кыяз, чыр кылдың.
Айтылуу Талас жерди алдын,
Аргын, кыргыз элди алдың.
Кулчоро, Бакай дөөнү алдың.
Сандаган тулпар малды алдын.
Сайышка кирсе, сан кашка,
Жалпы баары көйкашка.
Беренден мынча шерди алдың.
Кайра тартып кылчактап,

Каччуудай мойнуң бурасын.
Чын талашсаң — жесирин.
Чымыркансаң өз зайбың
Катындан коркуп турасын.
Калжырайсың сен Кыяз,
Сен кимди шылдың кыласың?
Катүгүн Кыяз, кебимди ук!
Беринин кызы Чүрөктү
Кимдер каалап сүйбөсүн,
Ошондой мөлтүрөгөн дүмөктү.
Кааласаң, кайран Чүрөктү
Катын дебей, кыз дегин.
Жолу каткан дүмөктү.
Башына конду дөөлөт, бак,
Кыймылдаарың ушул чак.
Кызыталак каңкордун
Кыраандан бузуп, айлын ал.
Күн жүздөнгөн зайбын ал
Таласка сайган багын ал
Эл бийлеген тагын ал» —
Деп, ошентип Канчоро
Кайра кудай дагы уруп.
Карагандан бүркөлүп,
Кыйкырыгы таш жарып
Жай жарагын жайланып.
Кынсыз кылыч байланып.
Айбалта колго алганы.
Катынды олжо кылууга
Каптап кирди Канчоро:
«Карма күңдү! Карма! — деп.
Кол-аягын байла — деп,
Айткан тилди албаса,
Айдаган жолго барбаса,
Талпактай сабап кергиле,
Жазалап ура бергиле!
Кементайды кийгизип,
Кер байталга мингизип,
Таманын тилип, туз салып,
Ак бетин тилип, курт салып,
Атасы Акун шаарына
Талакатын бергиле,
Салпайтып айдап ийгиле!
Атасы Акун шаарынан
Келген эле бу долу,
Кер ичик кийип, шалкылдап,
Кер жорго минип, балкылдап,
Эми кейип барсын шермендең
Кер байтал менен талпылдап.
Тил албаса, бейбакты
Куу байталды мингизип,
Курмушу чапан кийгизип,
Кулжуйтуп айдап ийгиле!
Атасы Акун шаарынан
Келбеди беле бу долу
Керимсел кийип, балкылдап.
Боз жорго минип шаркылдап,
Атасы Акун шаарына
Куруп барсын кара бет,
Куу байтал менен далпылдап,
Курмушу кийип шалпылдап!
Акун журту ушактап,
Айласын чогуу кетирсин.
Басып барган бала жок,
Жеңгетай алган жеңе жок,
Учуп зрге тийди деп,
Учмактуу дүмөк, мүшкүл сөз
Ал эринен айрылып,
Тентип бейбак келди деп,
Акункан журту чуркурап.
Айың-ушак кылышсын.
Же болбосо Айчүрөк,
Деген сез ушул, билгин сен!
Кан төгүлтүп, эр өлбөй,
Эр Кыязга тийгин сен!
Эр Кыязга тийбесең,
Тал талынан бөлүнөт
Олоңдой кара чачыңыз,
Кесилет бүгүн башыңыз!
Өлгөн көкжал зоруңуз,
Байланган жеңе колуңуз.
Өлбөй-житпей күн көрүп,
Айткан тилди алыңыз,
Жедигер каны Кыязга
Байбиче болуп барыңыз!
Айткан тилди алсаңыз,
Эр Кыязга барсаңыз,
Түн-тамаша, күн-оюн,
Күрдөлүү сөздү билиңиз,
Кохардан болот үйүңүз,
Эки тизгин, бир чылбыр,
Эр Кыяздан алыңыз!
Катын башаа дедирип,
Жети-Өзөндө жедигер
Султан болуп калыңыз!

Тил ал, жеңе Айчүрөк,
Жапаа тартып, кор болбой,
Алтыныңды жедирбей,
Олжо катын дедирбей,
Сыйыңыз менен барыңыз!
Ургаачы жолборс шер элең,
Айткан тилди алыңыз!
Айткан тилди албасаң,
Ал Кыязга барбасаң,
Жулунат төбө чачыңыз,
Кесилет кымбат башыңыз».
Ошо кезде Айчүрөк
Зордукчу канды көргөндө
Ичи өрттөнүп бук болуп,
Ажыратып алуучу
Аргын, кыргыз жок болуп,
Жеңекең ойлоп чын жаңжал,
Муну курчаганы көп балбан.
Жапа көрүп асыл баш,
Бу катында көп арман.
Берен жеңең Айчүрөк
Акырың сүйлөп, бек таштайт,
Эр Кыяз менен Канчоро
Бул экөөнө кеп баштайт:
«Кумпайдан туугaн кабылан,
Кузгундан тууган куу Кыяз,
Курдаш деп кантип тиемин?
Шумкардан тууган кабылан,
Каргадан тууган шум Кыяз
Төшүмдү кантип ачтырам?
Төшөгүм кантип бастырам?
Бу төбөдөн тийген Кыязың
Төрө көкжал баатырдын
Төшөгүн басса оңобу?
Эки тизгин, бир чылбыр
Колума кантип алайын,
Кордук, талаан, чыр көрбөй,
Кыязга кантип барайын.
Ала-Тоодой Айкөлдөн
Кантип тирүү калайык.
Сураса бербес, буурулга,
Чором, суук укурук салыпсыз,
Жалынса бербес Чүрөгүн,
Олжо кылып алыпсыз.
Тууганга душман кылыпсыз,
Өз абаңды өлтүрүп,
Өңгөчө чором, тунупсуз.
Агаңа казат баштапсыз,
Чором, бегиңе бейпай баштапсыз,
Бек Ала-Тоо, аз кыргыз
Жергеңди каран таштапсыз.
Эми кара жаак Зулпукор,
Кажатып ийбей, ким аштайт,
Калайык камап, жоо келсе,
Кагыштан тосуп, ким баштайт?
Толкуган эчен жоо чыкса,
Томсоруп турган бу журтту
Тоз-тоз кылбай ким баштайт?
Тоодой абаң өлтүрүп.
Белге кеткен экенсиң..
Томуктай акыл сенде жок,
Ордолуу журт, аз кыргыз
Элиңди салып тозокко,
Бузулган чором, оңбой кал,
Селге кеткен экенсиң!
Ойлосоң, жаңжал ушундай,
Алты күлүк ат менен,
Алакандай кат менен,
Адыр-күдүр бел менен,
Адамдар баспас чөл менен,
Каканчыга, туңшага:
«Чородон Айкөл өлдү» — деп,
Кеп угулса мынчага.
Калдайчынын канына,
Каканчынын шаарына,
Кулак угуп, көз көргөн.
Кыймылдуу журттун баарына,
Кан аттанып, жол жүрүп,
Кошуун толуп конбойбу?
Алеңгир жаа чуу болуп,
Кан талоосу болбойбу?
Канчором сени сойбойбу?
Уу ачытаар күбүңө,
Урушуп түмөн жоо келсе,
Жедигер каны эр Кыяз.
Сенин кошо жетер түбүңө!»
Күйүп-жанып Айчүрөк,
Опсуз болот Зулпукор.
Оңдоп кармап аларда.
Ок жыландай октолуп,
Канчорону чабарда
Кыя шилтеп кылычты.
Басыгы бузук, тузу арам,
Бадиректи соёрдо,

www.bizdin.kg

Өрөпкүгөн чорону
Өлүм кылып коёрдо,
Балбандар түштү арага.
Эмилдин уулу Эжибай,
Эпсиз балбан ал эле.
Карачечен жөө күлүк,
Канчоро шумдун жанында
Төө балбан деген бар эле.
Эжибай менен Төө балбан
Экөө тосуп калганы.
Мунун эри баатыр, эпсиз күң,
Экөө турмак жетөөнүн.
Кылычтап башын алганы,
Кудай бетин көргөзбө,
Сарайдын ичи чан, болуп,
Камап кирген балбандар
Кандын тилин алчулар,
Чүрөккө каршы барчулар,
Кулап жатты тырайып,
Эптүүсүнгөн эр балбан
Денесинде башы жок,
Сулап жатты сырайып.
Жесир катын Айчүрөк
Жылгын, Талас, Баткалда,
Ордону талап жатканда,
Калдай башын туу кылып,
Катын башын эр кылып,
Жеңекең салды чоң жаңжал.
Ошо болгон жаңжалда
Эр Күлчоро, Акжолтой,
Каралды эки каны жок,
Байгамбар бабаң Бакай жок,
Эр Сары кан абам жок.
Айчүрөк баштап өң зайып,
Жаңжалдашып турушту,
Олжого түшпөй байкуштар,
Опсуз салды урушту.
Эрен жеңең Айчүрөк
Канчорону этектен
Капшыра кармап алыптыр,
Бир өңүрүн какшаалдын
Кесе чаап салыптыр:
«Карма, балбан, көбүң — деп,
Карабет долу жеди — деп
Каралуу каман оңбойт» — деп,
Канчоро жүрөт бакырып, —
«Жаныңды тирүү койбойт» деп
Кайраттуусу Канчоро
Балбанды сүрөп камынып,
Ачып көздү жумгуча,
Андай-мындай дегиче,
Камбыл Кыяз жеткени,
Орто белден болотту,
Үзө чаап өткөнү.
Айдай катын Айчүрөк
Алты жерден жара жеп,
Ак эмчектен кан кетти,
Аппак катын Чүрөктөн
Чамаа чарчап ал кетти.
Эрбеңдеген эки кол,
Көтөрүлбөй шал болду,
Кырмызы көйнөк, суп бешмант
Жуурулган кара кан болду.
Кызыталак куу дүйнө
Жан батырбай тар болду.
Бери заада Айчүрөк
Беренинен айрылып,
Жеңекең минтип кор болду.
Өткөн өмүр төрөсүн.
Бир көрүүгө зар болду.
Айчүрөк кейип турганда
Кыяздын ыктуу балбаны',
Колу-бутун бекитип,
Теңиз жеңең байкуштү
Балбандар байлап алганы.
Мөңкүсө үзүп чыга алгыс.
Торго кетти Айчүрөк.
Жедигер ээси Кыяз кан
Зорго кетти Айчүрөк,
Жедигердин Кыязы
Кызыл куйрук пилди алды,
Пилге жүктөп дилде алды,
Айчүрөктү -баш кылып,
Эң сулуудан миңди алды.
Ордо бузуп, олжо алып,
Ойлосоң мынча жан алып.
Алтын менен күмүштү,
Жүктөй албай турду эле,
Агача келин, сулуу кыз,
Үптөй албай турду эле.
Канчоро менен бул Кыяз.
Чыбык кыркып, кеп кылды,
Адам качкыс шерт кылды.
«Жети-Өзөндө жедигер

Жер жайнаган көп элди
Жетегим сенден аябайм,
Кып-кызыл куйрук пилимди ал,
Кыйнабай жаным тилимди ал,
Мен бир кыйын сөз айтам билип ал
Бере, аргын менен кыргыздын
Бу жагына сак болчу, ай!
Бурмасы турат сөзүндө,
Достум, бу журтуңдун бузугу турат көзүндө.
Чубатууга чубатып,
Байкасак кантет бу белди?
Эренин кырып калтырбай,
Достум, таштасак кантет бу элди».
Зор Кыяз айтып мындай кеп,
Угуп турган Канчороң
Чочуп кетти мындай деп:
«Бу айтканың кандай кеп?
Жылгындуу Кең-Кол, Таласты,
Ором десем оромун,
Сором десем чуулатып,
Ажыдаардай лоп тартып,
Калтырбай калкын соромун.
Кыйын жиним кармаса,
Кыл таштабай бул журтту
Кыргын кылып коёмун.
Чапчышарга чама жок,
Алыша турган алы жок
Бакырыгым укканда
Жоосун коюп жорголор,
Ачуулансам ушу журт
Үй-үйүнө корголор.
Кечээ кара суунун боюнан,
Каспан тоонун оюнан,
Кең Дыңшанын четинен
Кең Орхонун бетинен,
Каардуу Ала-Тоо оюнан,
Каркыранын боюнан,
Үкүрчүнүн оюнан,
Үч капкактын чатынан,
Айгыр жалдын астынан,
Чоктабылгы жайлаган,
Чоң кара атын байлаган.
Калдайдын уулу капырды,
Алтымыш жайсаң кенжеси
Кан Коңурбай баатырды,
Телкүрөң менен теминип,
Кан Манжууга жеткемин.
Манжуу каны Нескара
Кечилдин каны Коңурбай
Көмө коюп өткөмүн.
Басып башын кыйгамын,
Көөдөк эрдин алдына,
Тартуу кылып тургамын.
Аңгеме чуу курадым,
Жамгырчынын Акбала,
Оймок ооз, бото көз,
Келеңгер соору, кең чачпак,
Келберсиген жалжал көз.
Ургаачынын узу эле.
Жамгырчы кандын кызы эле
Каалаbackса кадыр түн эле.
Кызмат кылган чорого,
Жеңең маа тийүүчү күң эле.
Атанын кегин алды деп,
Чапчышканы Коңурбай,
Чалкасынан салды эле.
Жамгырчынын Шайымбек,
Акбала ашык сулууга,
Жекей боз торко кийгизип,
Желбеген жорго мингизип,
Ал торконун этегин
Кең кылып жерге тийгизип.
Маралдай болуп торолгон,
Башына чачы оролгон,
Бугудай болуп торолгон,
Бутуна чачы оролгон,
Себи жетип себилип,
Ак маралдай керилип,
Айтар сөздөн эринип,
Антип турган бейбакты,
Кеңеш кылып көрбөстөн,
Канчоро маа бербестен,
Канкорду кудай урганда,
Эл дүрбөтүп калк жыйып,
Алмамбет уулу чорого
Ал Акбала сулууну
Алып нике кыйганда,
Күлчорону шер кылып,
Күйгүзүп мени кем кылып,
Кайгыны каршы баштады,
Мелтиреген сулуудан,
Өзүм билген курбудан,
Достум Кыяз угуп ал,

Ушинтип куру таштады.
Акбалага тең болбой,
Ааламды бузбай кем болбой.
Катындан куру калгыча,
Кара жер менен тең болбой,
Каарланып сабылдым,
Манастын уулу көөдөктүн
Мунусуна таарындым.
Эр өлтүрүп, журт чачып.
Өтөйүн деп жүргөмүн.
Жети-Өзөндө эр Кыяз.
Эр экен деп мен сага
Кетейин деп жүргөмүн.
Бир түбүнө канкордун
Жетейин деп жүргөмүн.
Айтсам далай кебим бар,
Бир жол эмес, миң сапар,
Ал Семетей баатырдан
Кадырым калган жерим бар.
Ошол Акбала маа кыйгыла.
Өктөм кылган катыңды,
Өзүм токол кылайын.
Көөнүн маа бербесе.
Айткан сөзгө көнбөсө,
Кементайды кийгизип.
Кер байталга мингизип,
Кой артына салайын,
Отунчу, суучу кылайын,
Мүшкүл салып кыйнайын,
Тирүүлөй жашын сурайын.
Көөнүн берсе долуну,
Өңгөчө сулуу капырды,
Сапсалгалуу сары ачкыч,
Жалаң алтын баары ачкыч
Көнчөгүнө тактырып,
Көлөкө жерге бактырып,
Эл дүрбөтүп жыяйын,
Эрке катын кылайын.
Көөнүн берсе ал катын.
Тоюна токсон сойдуруп,
Атын Айым койдуруп,
Ордосун бөлөк жасатам.
Тил албаса ал катын
Малчыларга сабатып,
Койчуларга талатып,
Бутуна чокой кийгизбей,
Этегин жерге тийгизбей,
Жаанда төө айдатып,
Күйгүзүп, көзүн жайнатып,
Күңдүн күңү кылбасам,
Кыйнап жанын кыйбасам,
Канчоро болбой өлөрмүн,
Туулбай туна чөгөрмүн.
Бу Семетей баатырдын
Элин кыйнап, топ кылам,
Энесин кыйнап, жок кылам.
Өйдөлөрүн кырбасам,
Өрт өчкөндөй кылбасам.
Каарланып какайсам,
Каарыма чыдабай,
Кара таш талкан болбойбу,
Берениң Канчоронун
Ачуусуна тийгенде
Аалам талкан болбойбу?!»
Деп, Канчоро турганда,
Айтып оозун жыйгыча,
Андай-мындай дегиче,
Күлчоро зайбы Акбала,
Күйүп-бышып жүгүрүп,
Алтымыш нар, кырк тайга,
Сатып алган Актинте,
Кынынан сууруп камынып,
Кыямат кеткен бабаңдын
Арбагына жалынып,
Ургаачынын узу эле,
Жамгырчынын кызы! эле.
Адамдан бөлөк дайыны,
Ал Күлчоро зайыбы
Чын балакет баштаптыр,
Чымын жандан бечара
Өлдүм деп кечип таштаптыр.
Олоңдой болгон кайран чач,
Төбөгө кынап түйүптүр,
Күлчоронун чарайна
Төбөгө баса кийиптир,
Башкача күлүк боз кунан
Байтал бээнин кулуну,
Туулган жылкы куюну,
Кең көйнөгүн шымданып,
Жайдак ыргып миниптир.
Бозкунан менен ойнотуп,
Ченине келген балбанды
Жыга чаап сойлотуп.
Кешигин кенен жедирип.

«Келин ай, кулдук» — дедирип.
Айдап кирди Акбала:
«Келинден кордук көрдүк — деп,
Кээ бирөөбүз өлдүк — деп,
Катындан кордук көрдүк — деп,
Кай бирөөбүз өлдүк» — деп,
Качып балбан кириптир,
Антаңдап балбан киргенин,
Ал Канчоро билиптир.
Билип алып Канчоро
Тагынан түшүп түйүлүп,
Элтең уруп Акбала
Балбандардын баарысын
Капкага камап барганда,
Асты жактан кампайып,
Канчоро чыгып калганы.
Кайран катын Акбала
Канчорого жетерде,
Эми жетип чорону
Ойрон кылып өтөрдө,
Камбыл өскөн Канчоро
Найза ишине ыктуу бул
Ар немени айласын
Артык билген мыктуу бул,
Кырга темир, жез найза,
Кыска кармап туруптур:
«Сүбөөнүн быяк бети — деп,
— Өпкө боордун чети» — Дей,
Бозкунанды уруптур,
Камбыл чочко урганда,
Бозкунаны бүк түштү,
Акбала байкуш тик түштү.
«Мунусу душман экен» — деп,
Канчоро кандын көөнүнө
Айыкпас оору жык түштү.
Жана эсебин тапты эле,
Алтын жаак Айбалта
Алып камбыл Канчоро
Акбаланын колунан
Актинтени какты эле.
Актинтеден айрылып,
Торго түштү Акбала,
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Айланасы келиндин
Асман жарган чуу болуп,
Колго түштү Акбала.
Эргисе үзүп чыга алгыс
Торго түштү Акбала.
Мына ошондо Акбала,
Канчорого муну айтат:
Билгенге мүшкүл шумду айтат:
«Береги, жаман катын, жаш бала,
Тукумсуз бизди кыргыдай
Эпсиз карган, эсер жаш
Мындай зордук кылгыдай,
Талкалап, талап кеткидей,
Тап-такыр түпкө жеткидей,
Айкырып найза салгыдай,
Туура өлтүрүп шерлерди,
Туш-тушка кырып эрлерди,
Туура түпкө жеткидей,
Канкор атаң Чубакты
Кайсап жутуп таштаган,
А, кытай эмес, биз белек?
Баатырдыгың сында жок,
Кулжуңдашың сында жок,
Сенин кубарың өчү мында жок.
Ата, аңкылдаган айбан кул,
Айылды кырып чапкыдай,
Эсепти эпсиз тапкыдай,
Аланды ала качтыкпы?
Ак теңге булуң чачтыкпы?
Куланды кууй «ачтыкпы?
Куржунда булуң чачтыкпы?
Аштыгың чийки ордукпу,
Аркы атаң Акбалтаны сойдукпу?
Кесиреттүү кутургур,
Кең-Колдон чаптың көчүмдү,
А, келберсиген сендейден
Катындыгы курусун,
Ала албай турам өчүмдү?»
Келин какшап турганда
Ыңк-сыңк этип, кенебейт,
Акбала айтса канча сөз,
Кара жолтой Канчоро,
Бучкагына теңебейт.
Бобу коргондогу Чачыкей,
Бо, куйругу кучак чоң жеңем,
Акбала сүйлөп турганда,
Мунарадан бакырып,
Кырк балбанды чакырып,
Жардык кылды Чачыкей:
«Тиги какылдаган каапырдын,
Тиги Акбала сындуу катындын

Таманын тилип, туз салып,
Төбөсүн тилип, курт салып,
Кежээ чапан кийгизип,
Кер байталга мингизип,
Кой артынан салгыла,
Мал багар бейбак кылгыла!
Орой тентек катындын,
Тигил ороңдогон капырдын.
Оболку жинин тыйгыла,
Мунун алы канча жыйгыла!
Аңылдаган капырдын
Арбыган жинин тыйгыла.
Муну талпактай сабап кергиле,
Отун алып, суу куйсун,
Тиги жылкычыга бергиле! —
О, көрүп турган көп балбан:
«Макул жеңе, макул» — деп,
Катынга салды чоң жаңжал
Буйрук алган балбандар,
Кер байталга мингизди,
Кементайды кийгизди.
Ойлосо, мүшкүл иш болду,
Бул Каныкей менен Акбала,
Канчоро канга күң болду.
Күндүк менен күн өтүп,
Азап менен ал өтүп,
Акбаланы жыңайлак.
Уй артына салды эми.
Ал Каныкей байкушту
Музоочу кылып алды эми.
Муну мындай таштайлы,
Бер жагынан баштайлы:
«Чүрөктү Кыяз алды» — деп,
Эл чуркурап, барк болду,
Көп дүйнөгө жедигер
Көзү ачылбай карк болду.
Мына ошондо бу Кыяз,
Жети-Өзөндү көрүүгө
Жерге-Талдуу сеңирге,
Жетип ордо тикти эле.
Тоо бөлүнгөн урчукка,
Толтой кароол кароочу
Тумурайган тумшукка
Жедигердин зор Кыяз
Айчүрөктүн ак ордо
Түндүгү алтын, боосу жез,
Зор Кыязга келген кез,
Улугу оор жан болду,
Чүрөктү алып зор Кыяз,
Аалам журтка кан болду.
Ордо күтүп, кан болуп,
Алган экен зор Кыяз.
Жети-Өзөндүн оюна
Жеткилең Кыяз үй тикти.
Кабар айтып калкына,
Кан Кыяздын даңкына,
Улуксунган карыга,
Урулуу журттун баарына,
Курбу-курдаш кандарга
Асемге келчү жандарга,
Түгөл берди кабарды:
«Бери заада бейбактын
Беделин бу журт бүт көрсүн!
Тулпар чарчап, мал баскан,
Жерден бир тал койбоймун,
Кулак угуп, көз көргөн
Элден бир тал койбоймун!
Жети-Өзөндүн оюна,
Катын Чүрөк тоюна
Сан карача бээ соём,
Дүнүйөнү тең коём,
Малдан ачам баарды,
Айчүрөктүн тоюна
Чакырам кыйла шаарды!»
Жарлык уккан көп балбан
Сан карача төө союп,
Дүнүйөнү тең коюп,
Төрт түлүктү тең союп,
Өрнөктү Кыяз баштады,
Мал менен баштын баарысын
Ортого коюп таштады.
Жети-Өзөндө жедигер
Аттап алтын буу менен,
Асман жарган чуу менен,
Кан Кыяз кылган эп менен,
«Айчүрөк Кыяз алды» — деп.
Калк чуулаган кеп менен:
«Айкөлдү Кыяз сойду — деп,
Катын менен баласын
Олжо кылып койду» — деп,
Калың элге дуу болду
Көк асман жарган чуу болду.
Ошо тойду көрүүгө
Айгыр десе, төө минип,

Аты жок адам жөө жүрүп,
Катын чуулап, дүргүшүп,
Толгон кемпир, абышка
Боз бала шашып алышып,
Ошо тойго барууга
Балдардын баары жарышып,
Жети-Өзөндө жедигер
Каалабаптыр калыш,
Катын алган Кыяздын
Бу тоюна барышты,
Алты шаар, Маргалаң,
Аягы Букар, Самаркан,
Үстү Кокон, Анжыян,
Кангай жагы Маргалаң,
Жедигердин кан Кыяз
Жерге салам айтыптыр,
Аты угулган мынчалык
Элге салам айтыптыр.
Бу кабарды укканда
Калыстын баары түрдөнүп,
Кандын баары үксөңдөп,
Зор Кыязга сүйлөнүп,
Далай калыс жандары,
Такка минген кандары,
Журт баштаган ыктуусу,
Кырсык кесчү мыктуусу,
Төбө чачы сүксүйүп,
Кыяз канга үксөйүп:
«Манастын уулу Семетей
Телегейи тең эле.
Ичиң көрсөң баатырдын
Жер жүзүнөн кең эле.
Эч жан азар салбаган,
Жаралган адам уулунан
Коркуп кайра калбаган.
Ушунчалык көк жалдын,
«Таласын камай салдым — деп,
Катынын тартып алдым» — деп,
Агыштын уулу Кыяздын
Антаңдашын карачы,
Өзүнөн өзү күрпүлдөп,
Дөө болгонун карачы!
Жер үстүнө Кыяздын
Ээ болгонун карачы!»
Кыймылдаса чатагы
Кылым журтка баргыдай
Кыжылдап журт муну айтып
«Калк атасы Манастын
Калкына тийген оңорбу?
Туура көк жал баатырдын
Тукумун кырган болобу?
Белгилүү эле, шер эле,
Берен көк жал эр эле,
Кайнап жаткан Какандан
Кайтарып турган бел эле,
Журтка койчу шер эле.
Түбү түптүү Айкөлдүн
Тукуму карап турганда
Бизди кандай душман жээр эле.
Балбан да эле, дөө да эле,
Баары жокко ал баатыр
Паана болгон эр эле.
Эл туткасын жоготуп,
Ээлеп малын алдык — деп,
Катын тартып алганга
Бир мактанып калдык — деп
Кулжуңдаган Кыяздын
Кутурганын карачы.
Жеткилең шерди өлтүрүп,
Жердин, суунун жөн эле
Ээси болгон экен го?!
Жер үстүндө адамдын
Жерге кирген ал Кыяз
Дөөсү болгон экен го?!
Арстан Манас жоголбойт,
Манаска кара санаптыр,
Өзүң көргөн Кыяздын
Эгерде иши оңолбойт.
Кеңир Кең-Кол Таласты
Кемсинтпесин ал Кыяз,
Келберсип жаткан Манасты
Бу жылгындуу Кең-Кол, кен Талас
Биз жасаган жер эмес.
Бу кабылан айкөл эр Манас
Биз жараткан эр эмес.
Катынын алып, той кылып,
Бул кара баскан кан Кыяз,
Кырылганы жатабы?
Адырлуу Кең-Жол кең Талас
Кеп кылбай ашчу бел бекен
Айкөл көк жал Манаска
Адам тийчү эр бекен?
Агыштын уулу Кыяздын

Бу кылыгы жөн эмес»..
Бузулган чамбыл жердеген,
Бурумбек кан муну айтып,
Тоюна каршы! турду эле.
Чогулган элдин ичинде
Кире турган эпти айтып:
«Бу айтканың чын болсо,
Тою топот болсун — деп,
Кызыталак Кыязың,
Той бербесе койсун» — деп,
Кулагы угуп, далай жан,
Жер-жерине кайтты эми.
Жеткени жерге түкүрүп,
Каршы чыгып оюна,
Кандын кылган тоюна,
Наалатын артык чачты эми.
Билген жандын баарысы,
Жер-жерине тартты эми.
Деп, эл чуулап муну айтып,
Кайтып кетти далай кан,
Кайгыланды калың жан
Бирөөн-бирөө айдап артынан.
Муну мындай таштайлы,
Жети өзөндө жедигер.
Элинен кабар баштайлы.
Эл ичинен зор Кыяз
«Кыяздан буйрук келди» — деп,
Кыжылдаган жедигер
Толуп баары келиптир.
Асман жарган калың той,
Жедигер журту көрүптүр.
Айчүрөктүн ордого
Жакут менен кохар таш
Аралата жардырган,
Ат башындай кохардан
Түндүгүнүн көзүнө
Аземдетип салдырган.
Алтын чегээ урдуруп,
Арыптатып алтындап
Керегеге орогон,
Бул ордону жасарда
Кайран эрдин казына
Арбынырaак корогон.
Айчүрөк бейбак ордосун
Көк жал аман барында


Кышкысында бүктүргөн,
Жайдын күнү болгондо,
Көк ала майдан ыраңга
Сейилдикке тиктирген.
Жакут таштан жардырган.
Босогосун борумдап,
Маңдайына салдырган.
Байкаганга жөн эле,
Адамдын көөнүн кандырган.
Бу кара саат карандын
Жабык башы баймалуу,
Теги кызык карандын
Тегиричи саймалуу,
Керегенин көзүнө
Күмүш чырмап сындаткан,
Уук учтугу ушундай,
Деги аземдеп каранды
Алтын менен чырматкан.
Ошо күнү эр Кыяз
Элине жардык билгизди:
«Сураса бербес тулпарга,
Суук укурук салдым — дейт.
Ойлосо тийбес Чүрөктү
Олжого коштоп алдым — дейт.
Жети-Өзөндө жедигер,
Каның мында турасың,
Бу жан жаралган калың журт
Баарың мында турасың.
Кан Кыяздын ою деп,
Айчүрөктүн тою деп,
Айгай арбын чуу болсун,
Чар тарап малды жыгыла,
Чабылсын колдон дүнүйөм,
Бүгүн никебизди кыйгыла!
Бу бейбактын тоюна,
Миң карача бээ саям,
Өркөчтүү миң төө саям,
Бүгүн бакандары майышсын!
Бүгүн баатыр эрлер сайышсын!
Бакан сынып, боо түшсүн,
Белгилүү Чүрөк тоюнда
Эрендер кулап, тоо түшсүн.
Ал балбандар барышсын,
Сары жаргак шым кийип
Багелектен алышсын,
Жөө күрөш салышсын,
Жыкканы байып калышсын!
Олжого келген катын деп,

Кеп ичинде калбасын.
Таланып келген катын деп,
Кеги ичинде калбасын!
Кыз алгандай болбойт деп,
Арам санаа болбосун.
Кабылан экен кан Кыяз,
Ою ушундай болду деп,
Толуп жаткан жандарга
Көпөлөк кууган балдарга,
Тойго келбей алынган
Үйдө калган чалдарга,
Эр Кыяздын каалаган
Ою мындай болду деп,
Калк башкарган кайрандын
Тою мындай болду деп,
Артык кептен салгыла,
Каалаганың алгыла.
Катуу оюн, чоң күрөш
Кааладым журтум салгыла!»—
Бек Кыяз кылган бул тойдо
Балбандары күрөшүп,
Баатырлары сайышын,
Калың болду тамаша.
Ушундай улуу тоюнда,
Чапма нике кыйдырып,
Чүрөктү Кыяз алды эми.



www.bizdin.kg

# СЕЙТЕКТИН ТӨРӨЛҮШҮ ЖАНА БАЛАЛЫК ЧАГЫ



## АЙЧҮРӨКТҮН ТОЛГООСУ

Ай бөксөрүп күн өтүп,
Арадан мынча жыл өтүп,
Кечээ Чүрөктү Кыяз алганда,
Таласка талоон салганда,
Акундун кызы бейтаалай,
Өлөйүн деген оюнда,
Өлбөй тирүү калганы,
Семетейден калыптыр
Үч айлык бала боюнда,
«Беренден белги калды» — деп,
Бу перизаада өрттөнгүр,
Курсакта үч ай балага,
Медер кылып жүрүптүр!
«Кайрандан калган туяк жок,
Көк жалдан калган белги жок,
Ушундай караан дүйнө шок.
Олжо кылып бул башты,
Мейли, күчөгөн Кыяз алсын деп,
Эр туткасы эрендин,
Эл баштаган берендин
Артына тукум калсын» — деп,
Акылман жеңең Айчүрөк
Амалсыздан жүрчү экен.
Күүгүм кире, күн бата,
Калк уктап, дым жата,
Арка чачын өрчү экен.
Зор Кыяздын койнуна
Жанындагы нөөкөрүн
Өзү кылы, кубултуп,
Жаткырып аны берчү экен
Адал -башын ак тактап,
Ар немеден сак-сактап,
Касиеттүү бейтаалай,
Кереметы бир далай,
Кең көйнөктүү зайыптан
Артыла чыккан жан экен.
Перизаада бейбактын
Тилинде мөөрү бар экен
Ат бороюн сыдырган,
Ай ааламдын баарысын
Учуп жүрүп кыдырган,
Дубакөйү бар экен.
Учканын жума күн билген
Жүргөнүн кадыр түн билген,
Бир кубулуп учканда,
Мунун бир учканын ким билген?
Ыраңдуу түзду жайлаган,
Көз боочулап, дубалап,
Адамдын көзүн байлаган,
Адамга бүткөн акылдан,
Кылдай неме калбаган.
Каргышы жаман, заары күч,
Каргаганды кылат түз,
Беделин көргөн чочуган,
Көз байлаган зыйкырды,
Көбүрөөк даана окуган.
Артык жайлап жиберсе,
Жайдын күнүн кыш кылат,
Жайлоонун баарын муз кылат.
Тегин деп айтпа Чүрөктү,
Деги балаа дүмөктү,
Бекер дебе Чүрөктү.
Сулуулугу — сымбаты,

Пендеде жок бейбактын
Бейилсиген кымбаты.
Күндүзүндө Кагазды
Жан кубантып жалдаптыр.
Түн киргенде Кыязды
Көз боочу салып алдаптыр.
Муну менен Кыязда
Кенедей арам калбаптыр.
Күн бөксөрүп ай өтүп,
Чүрөктү Кыяз алганга
Тогуз айга толуптур.
Он айга чамаа болуптур
Ич жетилип, күн бүтүп,
Убакты жетип, күн өтүп,
Айдай катын Чүрөккө
Толгоо жеткен минетип.
Жуманын кадыр түнүндө
Толук толгоо жетиптир.
Бели сыздап бек ооруп,
Алтымыш мүчө, кырк бир сөөк
Бири калбай тең ооруп:
«Айзага таккан желекти,
Аташкан берген белекти,
Тулпардан калган туякты,
Туйгундан калган чунакты,
Туптуура кудай көргөз» — деп,
Кудайдан сурап бейтаалай,
Курсактагы баланы,
«Душманга шегин билгизбей,
Аман кылып аламбы?
Зордук кылса окустан
Тиктеген көздү оёбу?
Арстандан калган чунакка
Душмандык кылып коёбу?
Кемелине келтирбей,
Кечиктирбей соёбу? —
Деп, зарланат Айчүрөк
Көөдөнгө батпай көп санаа,
Көзүнүн жашы миң талаа.
Умай эне Зуурага
Уялбай ичин оңдотту,
Шек билгизбей эч кимге
Жети күн долу толготту.
Чымындай жанды үрөптүр,
Чын кудайдан бу катын
Чындап бала тилептир.
Мына ошондо Айчүрөк
Чыңырып үндү салганда,
Жансыз чыккан тал ыйлап,
Жараткандын баары. ыйлап,
Тогуз күнгө толгондо,
Токтонорго айла жок,
Толгон журту мында жок.
Таң кашкайып сүргөндө
Таң супасы бүлбүлдөп,
Жерге жарык тийгенде,
Болжолу жок бейтаалай,
Чын толготуп турду эми,
Толготконун жеңемдин,
Тоодой Кыяз көрдү эми.
Көрүп алып зор Кыяз,
Күңгүрөнүп күүлөнүп
Кан Кыяз каар баштады,
Кан Кыяз каарын көргөндө
Жоо келгендей жедигер
Үркүп кете таштады.
Кан белгиси мунара
Бийиктигин сураба,
Ал мунара үстүнөн,
Аймакка Кыяз бакырды)
«Толуп жаткан Жедигер!
Калбай кел» — деп чакырды.
«Калк эскирткен карың кел,
Узун кулак көп көргөн
Укма сөздүү баарың кел,
Айды эсепке салчууң кел
Ай эсебин алчууң кел!
Сындоо сөз айтам көрүңөр.
Айдай катын Чүрөктүн,
Бүгүн тапса баласы,
Кимдики болот билиңер?!
Муну укканда көп эли,
Күн эсебин эсептеп,
Күндү катка салды эле,
Ай эсебин эсептеп,
Аныктап билип калды эле,
Акырын сүйлөп бек таштап,
Сакалдуусу эр Куту,
Ал Кыязга кеп баштап,
«Айды эсептеп келгенде,
Он эки айга толуптур,
Катындын туучу баласы,
Өзүңдүн балаң болуптур.
Катын бала төрөсө,

оюна токсон союңуз,
Аныктап атын коюңуз!
Бөлүнбөсүн санааңыз,
Көөдөндөн чыккан чын болду,
Өзүңүздүн балаңыз
Эгерде эркек уул болсо,
Табылган аттан коёлу,
Балалуу Кыяз болду деп,
Көңүлдөгү капанын,
Бирин койбой жоёлу!
Каарлуу душман эл келсе,
Элге каршы көргөзүп,
Чокмор кылып алалык.
Эл ичине ээ кылып,
Жедигер журтка дөө кылып,
Кыяздын уулу дегизип,
Кочкор кылып алалык.
Оңолгон экен биздин түш,
Олжо катын уул тууса,
Жаман болбос биздин иш.
Бу катын тууган балаңыз,
Телегейи тең болор,
Теминген душман кем болор,
Каршы толкун сел болор,
Кармашкан адам кем болор
Беттеген жагы чаң болор,
Беттешпей душман дал болор,
Ойноо кезде баланын,
Мойнуна кылыч тагалы,
Канаттууга кактырбай,
Тумшуктуугa чектирбей,
Кирдүү аяктан ичирбей,
Кирдүү кийим кийгизбей,
Берен Кыяз уулу деп,
Ашкере эрдин өзү деп,
Паана кыла багалык.
Окус эркек төрөсө,
Андай-мындай дегендин
Ушактап айын кылгандын,
Кылычтап башын алалы.
Былжырап ушак айтпаска,
Журтум, кылычтын мизин жалайлы.
Ок өбүшүп, ант кылып,
Муну укканда жедигер;
«Болду Куту баатыр — деп,
Айтканы туура акыл — деп,
Сиздин тилди албастын
Жети атасы каапыр — деп,
Эл атасы Кутунун
Бул айтканы акыл» — деп,
Жедигер чуулап, журт дүрбөң.
Убаданы бек кылып,
Эли таркап кетти эми.
Жедигердин кан Кыяз,
Арам өлчү жан экен,
Ал Кыяздын арамы,
Ала-Тоодой бар экен.
Зыйкырчы жети кемпирин
Чакыртып үйгө келтирди.
Кемпирлер жайы ушундай,
Токсонго чыгып өлбөгөн,
Жер азабын көрбөгөн,
Желмогуздай зыйкырчы,
Арага жүрөр аракор,
Дүйнөгө чапчуу баракор,
Зыйкырчы жети кемпирдин
Өлсө көзү тойбогон,
Башы жерге кирсе да
Журт бузганын койбогон.
Чоң зыйкырчы дубакөй,
Чылгый балаа бу жетөө.
Ал толготкон катындын
Көзүн байлап салчу экен.
Жаш экен деп ойлобой,
Тындым кыла салчу экен.
Эл кеткен соң зор Кыяз,
Бир кишиге көргөзбөй,
Бир адамга билгизбей,
Зыйкырчы жети кемпирди,
Жанына жакын келтирди.
Акырын айтып, бек таштайт,
Арам Кыяз капырың,
Жетөөнө жети устара
Берип туруп кеп баштайт:
«Кыз төрөсө Айчүрөк,
Аппак ороп алгыла,
Тилегин берди, каным — деп,
Сүйүнчүлөй салгыла!
Эгерде эркек уул болсо,
Акыры душман зилинде,
Жакшылык кылбас түбүндө.
Устарадан алдырдым,
Бул устара мизинде,
Ажыдаардын уусунан.

Мизине мыктап салдырдым.
Аземдетип ороттум,
Баласын өлүм кылууга,
Кара малдын жарымын,
Устара үчүн короттум.
Адамдан артык жети энем,
Айчүрөк тапса эркек уул,
Киндигин кесип кала көр,
Билгизбей жоюп сала көр!
Баланын көзүн жоготсоң.
Кыяздын ишин оңолтсоң,
Дегениңе көнөрмүн,
Буттап алган кызыл зер,
Жети энем саа беремин.
Маңдайымдан кетирбей,
Мөмө кылып аламын.
Жети энекем силерди
Эне кылып аламын.
Өгөөмдү таштап бүлөөмдү ал,
Экөөмдү коюп, бирөөмдү ал!
Ашка, тойго минүүгө,
Кылтылдатып жүрүүгө,
Кылыгы жакшы мал эле,
Тоотору тулпар малымды ал,
Толгон дүйнө баарын ал!
Айлакер энем тилимди ал.
Айтканым ушу билип ал!
Кыйла тартуу мал берем,
Айланайын жети энем,
Кызматыма жарасаң.
Кызыл куйрук нар берем!»—
Деп, ошентип бул Кыяз.
Дүйнөнү төкпөй калбады.
Жети кемпир бузуку:
Ботом, Кыяз макул — деп,
Жоруп турган түшүңө.
Жарайлык мындай ишине.
Кызмат кылып жүрөбүз.
Балам, сендей зарыл кишиге.
Эркек болсо, баласын
Эптеп уурдап алабыз.
Барса келбес чын жайга,
Ал баланы саларбыз» —
Деп, кемпирлер турганда,
Кан Кыяздын үйүндө,
Отун алып суу куйган,
Карачач катын бар экен,
Дене күң болуп күн көрүп,
Кордукта жүргөн жан экен.
Жети кемпир Кыязга
Убада кылып турганын
Уккан экен Карачач.
Акылман кадыр түн экен,
Ургаачынын пири экен.
Тизеси жерге бүгүлүп,
Көңүлү кеткен бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Айта-буйта дегиче,
Антаңдап шашып Карачач,
Айчүрөккө барды эле:
«Айланайын эжеке,
Көрүп койсо, көөнүм ток,
Өзүңдөн башка караан жок.
Мен көргөндү көрдүнбү,
Мен билгенди билдиңби?
Мен билгенди билбесең,
Жети-Өзөн сизге жер эмес,
Зор Кыяз саа эл эмес.
Эркек туусаң өзүңдүн,
Дубалап көзүң оюуга,
Балаңды алып союуга,
Кемпирдин баары кеп кылды,
Убаданы бек кылды.
Ургаачы арстан шер элең,
Жети зулум кемпирдин,
Эбин тапкын, сен эже» —
Деп ошентип, Карачач,
Айтып оозун жыйгыча,
Жети кемпир дубакор,
Айчүрөктүн үстүнө
Көз будалап баласын,
Алганы кирип келди эле.
Бир шумдукка Чүрөктү
Салганы кирип барды эле.
Душмандыгын билген соң,
Айдай катын Айчүрөк;
«Сары саамал кымыздан
Энеңерге куйчу деп,
Суусаганы басылсын.
Умачтай көзү ачылсын.
Ачкадан оору кабылар,
Ток болсо акыл табылар.
Азапка себеп энелер.
Чоң жакшылык салчуулар,

Ажал менен азапты
Койбой сууруп алчуулар.
Билек кармап, иш билген,
Ачык эки көздүүлөр,
Айтканга туура сөздүүлөр.
Жанды кудай жаратат,
Амалын жетөөң таба гөр.
Жаным чыгып баратат!
Көзүм кетти жалдырап,
Сөөгүм турат шалдырап,
Чымындай жаным чыркырап,
Сай сөөктүн баарысы
Кетмек болду быркырап,
Көргөнү сонун колу май,
Бүбүдөн келдиң жетөөңөр,
Ооруган жерди баскыла
Себеп ээси энелер.
Умачтай көздү ачкыла!»—
Деп ошентип Айчүрөк.
Айтып оозун жыйды эле.
Уу кошулган кымыздан ,
Жеткилең эптүү Карачач ,
Кемпирлерге куйду эле,
Шыпылдаган бейтаалай,
Карчыгадай камынып,
Калп экенин билгизбей,
Кемпирлерге жалынып,
Шек билгизбей уу берип,
Күүгүм кире, күн бата,
Калайык уктап дым жата,
Саадактын баарын ок кылды,
Сааттуу жети кемпирди
Дүнүйөдөн жок кылды.
Коломтонун чекесин
Ороо кылып ойду эми,
Жеткилең катын Айчүрөк,
Бүктөй салып белинен
Коломтонун жээгине,
Тундурма сала койду эми,
Бир кишиге билинбей,
Жети мастан өлдү эми,
Кайра тартпас чын жайды,
Бузуку жетөө көрдү эми.
Таң сөгүлүп атканда,
Долунун иши жөнөптүр,
Төбөдөн чолпон кошулуп,
Белги болуп, төрөптүр.
Төрөлгөндө баласы,
Ырымы мындай карачы.
Оң чекеден күн чыгып,
Сол чекеден ай чыгып,
Тогоол болуп бул экөө,
Белги болуп алыптыр,
Айдай катын Айчүрөк,
Эркек төрөп салыптыр,
«Маңдайга сайган желек — деп,
Баатырдан калган белек — деп.
Туу казына чунак» — деп.
Кубангандан Айчүрөк
Ыраазы болуп болкулдап,
Сүйүнгөндөн солкулдап,
Төрөлгөндө бул бала,
Баладан башка көрүнүп,
Аркасында кара жал,
Эки айрылып төгүлүп,
Ойрону көкжал шеринин
Дал эле бала өзүндөй,
Тиктесе жүрөк жангандай,
Көрсө суусун кангандай,
Кабылан көкжал баатырдын
Оозунан түшө калгандай:
Күндөлүк күйүт жоголсо,
Аман болуп чоңойсо ,
Эрешен тартып эр болуп ,
Эр уулу менен тең болуп,
Жетим жүрүп жетилип,
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Жерин табар бекен — деп,
Жыргалдуу аргын көп кыргыз,
Элин табар бекен — деп.
Ар кыядан таянган,
Көчүп алар бекен? — деп,
Канчоро менен Кыяздан
Аман болсо бу балам,
Өчүмдү алар бекен? — деп,
Жаман катын бириндей,
Боздой берип нетейин,
Өзүңдөн туулган бала — деп,
Андан көрө Кыязга,
Шек билгизбей жетейин,
Алтымыш танап, миң акыл,
Жакшы ойлонуп алайын
Эркек төрөп бердим — деп,
Агыштын уулу Кыязга

Аябай милдет салайын.
Бек бекитип жанымды
Бул жалгызыңды багайын». —
Катын башым эр кылып,
Каралуу башым туу кылып,
Айдай катын Айчүрөк
Кирин өзү жууду эми,
Киндигин кесип, дагы өзү
Ак көйнөккө салды эми,
Аныктап ороп алды эми.
Агыштын уулу Кыязга
Алып жетип барды эми.
Эпсиз катын Айчүрөк,
Сүйүнчүлөп турду эми:
«Ырысың ырас жөнөптүр,
Айдай катын Чүрөгүң,
Эркек уул төрөптүр.
Ободон жылдыз болжошуң,
Жетилген мыкты санааңды
Көргөзгөнү турамын,
Кан баатыр Кыяз балаңды!
Мойнуна тумар тагыңыз,
Белгилүү катын тууду — деп,
Береним Кыяз багыңыз!
Мураага келген балаңды
Мураапы кылып алыңыз!
Жети-Өзөн экен жериңиз,
Жети-Өзөнду жердеген
Жедигер экен элиңиз.
Жергелүү журтуң чогулуп,
Жакшылык тоюн бербепсиз,
Баштатан бала көрбөпсүз
Алдыңкы жолду чубалтып,
Ат карышып бала ойноп,
Айткан элди кубантып,
Адамга той кылбапсыз.
Сүйүнчү Кыяз сөзүмө,
Аманатың айтайын,
Арстан Кыяз эр чиркин,
Баатыр алып келдим өзүңө!
Кеңиптир, кепкең жолуңуз,
Аман бала чоңойсо,
Ааламга жетер колуңуз.
Дурустап жакшы санааңды,
Баатыр, багып ал Кыяз, балаңды!» —
Айчүрөк мындай деген соң.
Тутанып өлгөн зор Кыяз,
Көп сүйлөбөй, тил айтпа,
Аңтаң калып алайып,
Ошондо Кыяз өзгөрүп,
Күркүрөп катуу күүлөнүп,
Каарды катуу баштады,
Калтырбай элдин жалгызын
Жутуп ие таштады.
Катыны тууса бул Кыяз,
Каар салып бакырды,
Айла билгич ыктуусун,
Акылга чечен мыктуусун,
Койбой журтун чакырды.
Калайык дүрбөп келиптир,
Карарганын Кыяздын
Кайран Куту көрүптүр.
Куту — журттун кутманы,
Жаагы ачылган чечени,
Көпкө чечен даңгылы,
Келишкен мыкты камбылы.
Кеби — ускалуу, сөзү — бал,
Кейисе чыкпайт андай жап.
Жатык сүйлөп, бек таштап,
Кайран Куту кеп баштап,
Эр Кыязга мындай дейт:
Балам Кыяз, баркын бар.
Кутман айткан бир сөздү,
Угуп көкжал билип. ал,
Уулум Кыяз, тилимди ал!
Канды кудай урарда,
Катыны менен кабышат,
Калкы менен чабышат.
Айза кармай боолашат,
Жакыны менен жат болуп,
Өз эли менен жоолашат.
Канды балаа басарда,
Жумшаган кулуң кежектейт,
Үйүндө ашын эсептейт,
Кан башынан бак кетет,
Астынан алтын так кетет
Ала аскардай бел кетет,
Карга, таандай чуркурап,
Андан кийин эл кетет.
Жакшынын башы соо болот,
Канды кудай урарда,
Калкы турмак, койнунда
Катыны менен жоо болот.
Баатыр Кыяз сен элең.

Журт чечени мен элем.
Бөлүптүрсүң санааңды,
Бөлөктүн уулу депсиң го,
Бөйрөктөн чыккан балаңды.
Алганың он бир ай болуп,
Бакты, дөөлөт конуптур,
Эркек төрөп зайыбың,
Жылдызың ондон болуптур,
Перизаада бейбактын
Бек агарар оюн кыл,
Бул баланын тоюн кыл!
Тоюна токсон кара сой:
«Менин уулум болду — деп,
Баланын атын өзүң кой!»—
Деп, ошентип эр Куту,
Кара тилин кайрады.
Сөз сүйлөдү ар кандай,
Анык айткан туура сөз,
Айза менен сайгандай,
Жүгүрмө чечен жан экен,
Жазы жаак, жалпак тил,
Жатык кыял, туура сөз,
Чечендиги бар экен.
Келер менен кетерди,
Кеңири билген жан экен.
Семеңе тийген Кыязга
Карасаң мындай Кутунун
Чоң кастыгы бар экен.
Элге эптүү кеп салып,
Эл тил алып чуркурап,
Кургурдуку акыл деп,
Айтканына макул — деп,
Калайыкка эп болуп,
Калайык макул көргөндө,
Кандай кылат зор Кыяз.
Элсиз калса кор Кыяз,
Колун алып артына,
Көп сүйлөбөй, тил айтпай,
Ойлоп турат бул Кыяз.
Жетим жүрүп жетилсе,
Өч алып түпкө жетерин,
Билип турат бул Кыяз,
Күйүп, жанып, чок болуп,
Азыганакай Чүрөктөн
Чочугандан токтолуп,
Арам ойлуу бул Кыяз,
Айчүрөктүн алдында,
Калп сөз менен каткырып,
Ооз учу менен оңбогур,
Калп балага жалынып,
Кара күчкө сабылып,
Баланы колго алууга,
Ат койдура салууга,
Ымыркай кезде баланын
Эсебин эптеп табууга,
Улуктарын, кандарын,
Жыйнап турду зор Кыяз:
«Баланы маа бергин!»— деп,
Сурап турду шум Кыяз:
«Айдай катың Чүрөгүм,
Көөдөндө ысык жүрөгүм,
Алда таала кудайдан,
Ушундай эле тилегим.
Перизаада, бейтаалай,
Таптың артык санаамды,
Таап бердиң кургурум
Кабагым ачар баламды.
Адырдан аккан булакты,
Артымда белек чунакты,
Алып кел уулду көрөйүн,
Ачып оозум өбөйүн,
Маңдайын жарык ачамын,
Боорума катуу басамын.
Карааным ушу балам! — деп,
Капанын баарын басамын
Ак сакалдуу карганга,
Көп узап жашап барганга,
Аңгеме оюн саламын,
Ат койдуруп аламын!»—
Деп, ошентип шум Кыяз,
Баланы сурап турду эле.
Калк мыктысы Кыязга
Ымыркай жаштуу баланы,
Бербей турган чара жок,
Ушундай болот дүйнө чок.
Арамды кудай урар — деп,
Ыктап койсо бооруна,
Баламды тындым кылар — деп,
Асмандан алданын күнү бүркөлүп,
Байкуш Чүрөк башына,
Алтымыш санаа бир келип,
Көңүлү сайлап бөлүнөт,
Бала бер деген Кыяздын
Ажыдаар түгү көрүнөт.

Аны көргөн Чүрөктүн
Көзүнүн жашы төгүлөт,
Бербеймин деп айталбай,
Мына ошондо Чүрөктүн
Чымындай жаны чыркырап,
Дене сөөгү быркырап,
Эрте сөзү — кеч болуп.
«Жылгындуу Кең-Кол, Таласты,
Кайрылып жетип көрсөм — деп,
Каныман калган чунакты,
Каралды кылып алсам деп,
Карыганда Бакайга.
Картайганда энеме,
Беренден калган белги деп,
Беттеп чунак келди» — деп,
Бир көргөзө салсам деп,
Кайраттуу катын Айчүрөк,
Жаркылдай басып бейтаалай,
Эзилип ыйлап тургуча,
Эр кайратты салайын,
Эрлик түрдү көргөзүп,
Баана кылган жалгызды,
Аман алып калайын.
Отко жакса күл болбой,
Шорго малса күң болбой,
Күчөтөйүн кебимди,
Алдырбайын белимди.
Эзелден шордуу курган жан,
Эрдикти эпсиз салайын,
Эсилден калган жалгызым,
Эптеп алып калайын.
Жайына койбой Кыязга,
Жаңжалды жаман салайын.
Каралды кылган жалгызды,
Эптеп алып калайын» —
Деп ошондо Айчүрөк
Кыяз сурап турганда,
Дегенине көндү эми,
Чылк жибекке оронуп,
Жаш баланы колго алып,
Баданадай балкылдап,
Тийген айдай жаркылдап,
Арстандан калган жалгызын,
Этегине салды эми,
Агыштын уулу Кыязга,
Амалсыз берди. баланы.
Баланы Кыяз алганы,
Ак сакалдуу карыга,
Ат койдуруп алам — деп,
Этегине салганы.
Болжолу жок баланын,
Моло таштай салмагы.
Агыштын уулу Кыяздын
Такасы жерге кириптир,
Туткагы кармап шум Кыяз,
Жоо болорун билиптир.
Биле коюп шум Кыяз.
Мыкыйынан күлүптүр,
Карасаң мындай шумду айтат,
Кандарына муну айтат:
«Айланайын кандарым,
Акылга дыйкан жандарым!
Керилсе, жоо чабарым,
Көп кылса акыл табарым,
Өөдө чыксам, — өбөгүм,
Ылдыйласам, — жөлөгүм!
Оо, кандарым сөздү уккула!
Этекте жаш баланы,
Бала эмес, кызыл балааны,
Өзү бөлөк түрүндө,
Бизге душман зилинде!
Салмагынан жан чыгып,
Бел зыркырап бөлүнөт,
Аман жүрүп чоңойсо,
Кылымга татыр көрүнөт,
Бейпайды бекем кылалы.
Убалы болсо моюндап,
Баланын жанын кыялы.
Эсебин эптеп табайын.
Балтыргандын тамырын
Сууругандай кылайын.
Тукумдук кара таруунду
Кууругандай кылайын». —
Кара мүртөс бул Кыяз
Эсебин таап тымызын
Жоймок болду баланы,
Кереметтүү катын Айчүрөк
Кеп кылбагын долуну,
Алты миң нар, миң тайга
Ардактап алган Актинте
Толтосу кохар, сабы алтын,
Сабын чийип кат койгон,
Актинте деп ат койгон,
Темирди чапса бу караан

Майтарылып тартпаган,
Шилтегенде, уч жеткен,
Учу тийсе, жан кеткен.
Кыяз кан олжо кылганда,
Ордону талап турганда,
Жедигердин жети эрин
Жайлай келген эмеспи,
Тирүү жанга пайда деп,
Эптүү жеңең Айчүрөк
Берениңдин Актинте
Ала келген эмеспи,
Эки жакты карабай,
Эрте өлдүм деп бу Чүрөк,
Эсилдүү жанды аябай,
Эр мүчөлүү, эпсиз күң,
Беренден калган Актинте
Кармай калып сабынан,
Сууруп алып кабынан,
Жылан боор чалган жибек боо,
Билекке орой чалыптыр,
Жаңгызга тийсе Кыязды,
Актинте менен салганы,
Кынынан жулуп алганы.
Дүмөктү Чүрөк баштады,
Чымындай болгон кайран жая,
Бала үчүн кыйып таштады,
Бейбактын түрүн көргөндө,
Кан Кыяздын көп төрө,
Как жарылды чуркурап,
Жолой албай Чүрөккө
Жолуна кирди дыркырап.
Жоболоңдуу катындын,
Дүмөгү мындай каапырдын,
Бет алдынан ооз ачып,
Колдогону сур жолборс,
Кең көйнөктүү зайыптан
Келбеттүү мындай жан болбос,
Ургаачыдан шер экен,
Сулуулугу, эрдиги
Бирдей келген күң экен:
«Казгалдак деген кайран куш
Кайрылбай учат жем үчүн,
Канымды төгүп ийейин
Карындан чыккан сен үчүн.
Ителги деген кыран куш,
Зыпылдап учат жем үчүн,
Курман болуп кетейин,
Курсактан чыккан сен үчүң».
Деп күүлөнгөн Айчүрөк
Эр Кыязга жетти эми:
«Жети-Өзөн кайкы жериңди,
Жер экен деп келгемин,
Жети-Өзөндө жедигер
Эл экен деп келгемин,
Жедигердин эр Кыяз
Мен, сени шер экен деп келгемин
Баатыр Кыяз, мен десем,
Сен катын Кыяз экенсиң.
Арам бейил, чоң кытмыр
Сен каапыр Кыяз экенсиң.
Жети сан кара жедигер,
Жемиштен журтуң ток бекен?
Олжого келип төрөгөн,
Элиңизде эр Кыяз,
Мен өңдүү күңүң жок бекен?
Кулаалы деген курган куш
Кубулуп учат талаага,
Жанымды курман кыламын.
Жатындан чыккан балага.
Эзелки жаным аябайм,
Эсер Кыяз, ук муну,
Сени кылам садага!
Ажылдасаң зор Кыяз,
Актинтени маламын,
О, Кыяз, сени жарамын!
Чарайнада баланын
Чатагын кантип сен билдиң?
Куураган Кыяз, оңбой кал.
Эгерде эки болбой кал!
Курсактан чыккан бу бала
Куланды кууй качтыбы,
Сенин, куржунда булуң чачтыбы!
Аланды ала качтыбы,
Ак алтын жыйган казынан,
Казынаңды чачтыбы?
Муну өлтүрүп сойгондой.
Тындым кылын койгудай,
Кандарыңды сойдубу?
Калкыңды бийлеп, чуу салып,
Жаның чыккан каапыр кул,
Жаш бала душман болдубу?
Кудай бардыр, куу Кыяз,
Дуба окуп, сен үчүн,

Аккуу кебин кийбесем,
Атакем Акун шаарына
Талыкпай учуп жүрбөсөм.
Кең Үргөнчтөн кол алып,
Жер жайната мол алып,
Найзасы учтуу ыктуу алып,
Уста жыйып, алп жыйып,
Албан түрдүү калк жыйып,
Булаңды булап алдырам,
Бузукту жаман салдырам.
Адал Кыяз эр десем,
Арам Кыяз экенсиң,
Акыл билбес, эс билбес,
Жаман Кыяз экенсиң!
Кылыч камдап, таш алып,
Бөлүптүрсүң санааңды.
Өлтүрмөк болгон экенсиң,
Өзүңдөн чыккан балаңды
Агыштын уулу сен Кыяз
Көп ишти салдың санаама,
Көбүрөөк душман болупсуң,
Денеңден чыккан балаңа!
Бузулуптур көргөн түш,
Өз баласын жоо көрүп,
Кызы талак оңбогур,
Кылымда болбойт ушул иш», —
Деп ошентип Айчүрөк,
Өкүм эчен сөздү айтып,
Баатыр Кыяз көкжалга
Балекеттүү кезди айтып,
Каарланды Айчүрөк,
Агыштын уулу Кыязга
Кайраттанып, жүйө айтты,
Ар бир кебин Кыяздын
Сөөгүнө тие айтты.
Ач билектен шап кармап,
Этекте эркек баланы
Тоодой болгон Кыяздан
Толгоно басып Айчүрөк,
Колунан сууруп алды эми
Учуп кетсе, Айчүрөк
Урушуп түпкө жетерин
Берен Кыяз билди эми.
Биле коюп, куу Кыяз,
Карса-карса күлдү эми:
«Сырттан катын, Айчүрөк,
Сынаганды билбейсиң,
Сырткы жоону көргөнсүп,
Балаңдан бетер тилдейсиң.
Ойногонду билбейсиң,
Орой жаман катынча,
Одураңдап тилдейсиң!
Оңбогон Чүрөк, оңбойсуң,
Ар убактан бир убак
Кайратыңды койбойсуң!
Минтсең, Чүрөк, оңбойсуң,
Сынасам жолду торгойсуң.
Ботом, туура тапкан балама
Душмандык кылсам оңомбу?
Жаңыдан туулган уулума
Жадаалдык кылсам болобу?
Перизаада баркың бар,
Мелтиреген кургурдун
Эрдиги канча болду деп,
Сынадым эле, каркыбар.
Айдай катын, Чүрөгүм,
Кыйланы кылган, дүмөгүм,
Көөдөндө ысык жүрөгүм,
Жаныма жатар өбөгүм,
Жан жыргатар эрмегим!
Катын алып, үй күтүп,
Калааны сендей көрбөдүм!
Сулуулукка суктанып,
Чырайыңа ким жетер?
Кайраттансаң какайып,
Каарыңан ким өтөр?
Койдум Чүрөк, көндүм — деп,
Эки тизгин, бир чылбыр,
Ай сулуум, саа бердим» — деп,
Арсактап күлүп бул Кыяз:
«Өлгөндө көргөн балаңдын
Тоюна токсон сойдургун,
Байбиче катын, Айчүрөк,
Баланын атын койдургун.
Арбын дүйнө каран мал,
Түгөл өрттө дүйнөнү,
Эки десем оңомбу?
Күндөй катын Чүрөктөн
Көп дүйнөмү аясам,
Эгерде эки боломбу?
Эки тизгин, бир чылбыр
Бердим Чүрөк, алыңыз!
Элди жолго салыңыз,
Деген сөзгө көнүңүз!

www.bizdin.kg


Жайкы ысыкта жан калчу
Мөмө болуп бериңиз,
Жедигерге сен, Чүрөк,
Эне болуп бериңиз!
Катын каны болуңуз,
Каршы келсе Кыязды
Колуңуз менен союңуз.
Уят болот учам деп,
Ургаачы шери Айчүрөк
Мына ошо сөздү коюңуз!»—
Жойпуланып бул Кыяз,
Эп болор кептен салды эми,
Баланын атын койгун деп,
Калкын жыйып калды эми.
Журт жыйылып, эл дүрбөп,
Кара сакал шашылып,
Ак сакалдар энтеңдеп,
Кыязга жакын басышып,
Катын, эркек баарысы
Не деген аттуу болор деп,
Журт таңданып алды эми.
Мунарадан зор Кыяз
Айтып турду бакылдап:
«Бар акылман болсоңор,
Баланын атын койсоңор,
Туура сөздү көрөмүн,
Бээ баштаган беш тогуз,
Бегиликке беремин.
Жакшы атасаң баланы
Кыйшыгы жок, түз болсо,
Атын айткан бендеге
Кыңыр өркөч нар берем.
Алмач өркөч төө берем,
Желеси менен бээ берем.
Балага атты койгула!»
Деп ошентип эр Кыяз,
Кек күлдүү тон жамынып.
Көпкөк болот салынып,
Эр да өзү, дөө да өзү,
Калын кара жедигер
Калкына карап турду эми,
Былкылдаган бир жан жок,
Жерге башын салды эми.
Көп сүйлөбөй, тил айтпай.
Кейип жалпы көп эли,
Жер чукушуп калды эми.
Бу Кыяздын башында
Казандай кара бөркү бар,
Баланын атын койбосо,
Калайыктын баарысын
Каарып койчу эрки бар.
Кыш чилдедей ышкырып,
Көк жолборстой бышкырып,
Түрү кайнап, жан чыгып,
Түгөнгөн Кыяз турду эле.
Каарына чыдап тура албай,
Ойдоку ишин кыла албай,
Кара сакал, көк сакал,
Катуу шашып көпчүлүк.
Кантишерин биле албай:
«Ботом, алтын — ташта дечү эле,
Акыл — жашта дечү эле.
О, боз балдар, болгула,
Баланын атын койгула!
Атагын атап салгыла,
Арбын дүйнө, кыйла мал
Мөөсүлдүккө алгыла!
Баланын атын койдук деп,
Берилген малга тойдук деп,
Бир мактанып калгыла», —
Деп ошентип карылар,
Боз балдарды карады,
Кан каарынан коркушуп,
Боз балдардын баарысы
Качып-качып тарады.
Ат койчу бала бул эмес,
Бул Кыяздын уулу эмес.
Чалгайлуу болсо окустан,
Жедигер дөөсү зор Кыял,
Желигип кетип, кокустан,
Жарагын алып камынса,
Жаман мүшкүл иш болор,
Атын койгон адамдын
Кыйылып башы түз болор.
Каарланса бу Кыяз
Каражолтой жуткучтун
Чатагы тиер баарыга.
Кулжуңдаса, кутургур,
Куу жан аман калбас деп.
Айбатына кой-койлоп,
Бир жан даап барбас деп.
Желигип кетсе бу Кыяз,
Жедигер тирүү калбас — деп.
Кара сакал, ак сакал

Ээ дээрине эс таппай,
Үңүлө жерди карады.
Ойноо сымак боз балдар
Ат койбостон тарады.
Журттун түрүн көргөндө,
Чамынып Кыяз күркүрөп,
Кашындагы адамдар
Кымбат бою дүркүрөп,
Абышка оозу басылып,
Ат коюуга жан чыкпай,
Калктын тили буулду.
Кайра айтсак, кайра кеп,
Кантип бир жан унчуксун,
Жедигердин кан Кыяз
Толкуну — бөлөк, заары күч,
Айткан тилин албаса,
Айдаган жолго барбаса,
Жер майланган бу Кыяз,
Жедигер журтун кылат түз
Же атты коюп өтө албай,
Ар жакка басып кете албай.
Ат коюп берип балага,
Мураска бу журт жете албай.
Таңылып келген булга окшоп,
А күнү тилден калыптыр,
Сатылып келген кулга окшой,
Муну мындай таштайлы,
Быягынан баштайлы.
Ойлосо тапкыс иш болду.
Күн чекеде түш болду.
Толукшуп күн толгондо,
Жан-жаныбар акактап,
Көлөкөдө болгондо,
Селдеси бар казандай,
Кыйкырса үнү азандай,
Келип турган ошо жан
Ата кызыр өзү экен,
Баланын атын коюуга,
Келип калган кези экен.
«Аты Сейтек болсун!»— деп.
— «Оомийин!»— деп календер
Кош алакан жайганда,
Баарынын колу жайылды,
Дүйнөгө келген баланын
Аты Сейтек коюлду.
Журт турганда таңданып,
Кыяз чыкты камданып:
«Мынабу кожураган немени
Кармап зындан салынар.
Эл бүлдүргөн шум окшойт
Эсебин минтип табынар». —
Деп, ошентип, зор Кыяз,
Жадаал айтып койду эми
«Балаңдын аты Сейтек» — деп
Бакырып турган ал киши,
Балбандар кармап аларда,
Көздөн кайып болду эми.
Аты — Кызыр дубана
Аты Сейтек болду — деп,
Кызыр чалып баланы,
Атын өзү койду» — деп,
Калың кара жедигер
Баланын тоюн жеп кетти:
«Аман болсо, бу бала
Ааламга татыр» — деп кетти.
Кыйла журт тоюн жеп кетти
«Аман болсо, бу чунак,
Кылымга татыр» — деп кетти.


Калк бириндеп, журт таркап,
Калган экен жайында.
Бая, айдай катын Айчүрөк
Аты Сейтек баланы
Бир кишиге көргөзбөй,
Болот эшик сарайга
Болжолу жок далайга,
Мойнуна тумар тактырып,
Алдейлетип бактырып,
Кирди аяктан ичирбей,
Кирдүү кийим кийгизбей,
Канаттууга кактырбай,
Камчылууга чаптырбай,
Жетимдигин билгизбей,
Жедигер тилин тийгизбей,
Боз ала туйгун болпоң деп,
Көк жалдан калган чолпон деп,
Тулпардан калган туяк деп,
Белестен аккан булак деп,
Бегимден калган чунак деп,
Минтип бакты баланы.
Акундун кызы бейтаалай.
Ойноп кетсе, чунактын
Түбүнө бирөө жетер деп,
Кокусунан кашайтып,

www.bizdin.kg

Бирөө өлтүрүп кетээр деп,
Эрдикке салып Айчүрөк
Күндүзүндө тынч албай,
Түн ичинде уйку албай,
Эптеп бакты баланы.
Айчүрөктүн айынан
Кудуң сөз кылып жүрө албай.
Чүрөктөн коркуп бу Кыяч
Ал балага тие албай,
Казыдан кесип жедирди.
Кыяздын уулу дедирди,
Жаш Сейтегин түнөтүп,
Эрдикке салып Айчүрөк
Эптеп багып баланы,
Эрешен тарткан эр кылды,
Эр уулу менен тең кылды.
Тилегин кудай бериптир,
Он үчкө бала келиптир.
Эрге ылайык, көзү тик,
Көрсөң, бала чиркиндин
Көп адамдан сөзү тик,
Асты калың, түктүү жер
Калыңынан түткүдөй.
Азган-тозгон элине
Бел болору көрүнөт,
Бет алса жоону сүргүдөй
Шер болору көрүнөт.



www.bizdin.kg



## ТУТКУНДАР КАЙРА КОШУЛУШТУ

Буткулдуу тоонун сеңирге,
Мылтык атып, жаа тартып,
Аң улаган жеринде
Кызыл жээрде ат минип,
Кыл куйругун чарт түйүп,
Оролмо тоонун Акийин,
Акийинде бүркүттү
Балдагы жок кондуруп,
Аюу карап, арстан кууп,
Бала Сейтек барбаңдап,
Аң издөөгө чыкты эле.
Жети-Өзөн талаа керүү экен,
Элкин жаткан жер экен,
Куркулдап учкан кузгун жок.
Какылдап учкан карга жок,
Эл жүрбөстүн ээн талаа,
Элсиз талаа дээр экен,
Басып бала барганда,
Адыр-күдүр дөбөнү,
Ашып бала барганда,
Кара кула ат минген,
Карагайдай айза алган,
Кыны жок кылыч байланган,
Ийни салык, өзү зор,
Жазы маңдай, жайык төш,
Кырча мурун, кызыл көз,
Кызыл күрөң даңкайган,
Кыйын баатыр жан чыкты.
Бала Сейтек барбайып,
Жаны калбай кубанып:
«Бегирээк дөөнүн бири экен,
Бет алышып көрөйүн,
Кыйынсынган неме экен,
Ким экенин билейин.
Астында минген кула атты
Олжо кылып алайын,
Тырмак алдым ушу деп,
Жети-Өзөн толгон элиме
Сүйүнчүлөп барайын»
Деп, ошентип жаш Сейтек
Жабуулаган үркүттөй,
Жана эрдиги баланын
Жаңгыз тууган бүркүттөй.
Кызыл-тазыл кийинип.
Жоо дегенде өрттөнгүр,
Кыз кайнын көргөн немедей
Жаркылдап күлүп, сүйүнүп,
Баатырдыгы, шердиги,
Атасы Айкөл берендин
Дал өзүндөй көрүнүп,
Азыркы келген адамдын
Астынан чыкты эр Сейтек.
Ат-Өткөлдүн жапыздан,
Астыңкы эрди көздөтө
Айбатты артык салды эле.
Жан койбостой желигип.
Жаш жолборстой ээлигип,
Жакын кирип барганда,
Тигил адам арбайып,
Атынан түштү дардайып.
Аман көрүп баланы,
Учурашып тартууга,
Кыйла сырын айтууга,
Жолуккан жүргөн кези экен.
Карадөө абаң өзү экен.
Ымандай айтып сырларын,
Он үчтөгү Сейтекти
Көргөнү жүргөн кези экен.
Көлөкө болсо бу бала,

Көп жедигер колунан
Өлгөнү келген кези экен.
Көп азап көргөн Карадөө
Муңайып жүзү сабылып,
Сейтекке турду жалынып:
«Кадуудан аккан булагым,
Кайрандан калган чырагым,
Айзага белги желегим,
Айкөлдөн калган белегим!
Олжолонуп, кул болгон,
Кутманга бакма уул болгон,
Элинен азып каңгырган,
Эл-журтунан айрылган,
Андасаң, сонун жер мына,
Азыр төксөң канымды
Карадөө абаң мен мына!
Кечээ, тилек кылдым жалгызым,
Олуят берген батаңдын
Ороюн сыйлап турамын,
О дүйнө кеткен атаңдын
Кызыр чалган батаңдын,
Кызматын кылып жүрөмүн, балам!
Бурулуп уккун сөзүмдү,
Көрүп кет, балам, көзүмдү!
Ырдайын уккун ырымды,
Ырастап айтам сырымды.
Бүгүн кашатчага токтоймун,
Сынап тур, балам, түрүмдү,
Сырттаным, саа кезиктим,
Чыгарайын муңумду,
Кайрандан калган керээзим,
Асылдан калган сом балтам,
Айкөлдөн калган чоң аркам,
Айланайын жалгызым,
Айтарым ушу — эл кайда?
Качып жүрөр жөн барбы,
Кайрылып көрөр кез келди,
Катүгүн, Сейтек, эл кайда?
Сандап айыл жайлаган,
Сары-Өзөн, Талас жериңди,
Сагынган кыргыз элиңди,
Көргөзө турган күн барбы?
Рече Канчоро кан, Кыяз кан
Каапырлар — экөө биригип,
Белин бекем бууганда,
Ушу жүргөн Кыяз кан
Толтойдун кунун кууганда,
Көп азап көргөн мен мына.
Сенин атаң Семетей
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Тайбуурулдан айрылып,
Бөлөк ат жүрбөй, кайгырып,
Курчап душман толду эле,
Курган атаң эр султан,
Талаадан кайып болду эле.
Жеткилең атаң жоголуп,
Душмандын иши оңолуп,
Өлгөнүн бу көз көрбөдү.
Калк чуркурап, чуу туруп,
Кетмендеп жерди көмбөдү.
Берен атаң жоголуп,
Агыштын уулу зор Кыяз,
Таласка төктү канымды,
Талап алды малымды.
Кордоп Бакай дөөмдү,
Кен-Колдон тийди бээмди,
Олжо кылып дөөмдү,
Чыгарды белем шум Кыяз
Капкайдагы кээмди.
Татытып чыктай тузумду,
Талап кеткен кызымды.
Оолукса жарып башымды,
Сурады белем жашымды.
байлады базар багымды,
Озолонтуп чуулатып,
Чынарым кыркты балталап,
Тийген айдай Чүрөктү
Тим эле алды олжолоп.
Баскан жер чуңкур коо болду,
Чубактын уулу Канчоро
Колтук ачкан жоо болду.
Кезеңге чыга конушуп,
Кеби бузук ант ургур
Эр Кыязга болушуп,
Көөкөрлөп төктү канымды,
Көп кетирди алымды.
Көрүнөө кордоп карымды,
Көп күйгүздү жанымды
Жалынсам укпай кебимди,
Суутту акмак денимди.
Казыгын сууруп желемди,
Артык күң кылып алды дейт,
Каныкей сындуу энемди.

Муңкансам ичте мунум бар,
Айтсам кызык мунум бар,
Бейлеп, жегим, угуп ал,
Атакеңдин сырдашы,
Өлүм орток курдашы,
Астына салса — ак жолу,
Артындагы сан колу,
Өйдө чыкса — жөлөгү
Кайран атаң өбөгү
Эр Күлчоро бөбөгү,
Кайран атаң кеткенде,
Торго түштү деп уктум.
Канчоро менен Кыязга
Колго түштү деп уктум.
Кээ бир адам кеп айтат. —
Эр Күлчоро баатырдын
Кылычтап башын алды деп,
Жол үстүнө сүйрөшүп,
Даңгыттарга жарды деп.
Уламадан уласам,
Билгендерден сурасам,
Куйкаланган кутургур,
Өлтүрбөстөн, житирбей,
Тирүү кармап алды дейт
Кордукту койдой салды дейт,
Оолуккандан Канчоро
Ал Күлчоро байкуштун
Он далысын оюптур,
Сол далысын союптур,
Кырк жылкычы балбанга
Кымбаттуу чоро баатырды
Отунчу кылып коюптур.
Те, карыган Бакай бабаңыз,
Чородон кордук көрдү дейт.
Башындагы суусар бөрк,
Казанбактай чөп болду
Коңгурап Бакай абаңдын
Кордугу баштан күч болду,
Кен дүнүйө тар болуп,
Бабаң Бакай кар болуп,
Болбой калды деп уктум.
А, кагылайын, ой, Сейтегим,
Ажалдуу адам өлбөйбү,
Өлбөгөн күнүн көрбөйбү?
Балам, Жылгындуу Кен-Кол
жериңди,
Кара чепкен, ак калпак,
Качан таап аласын,
Жыргалдуу кыргыз элиңди?!
Алты айга чейин, ой, Сейтек,
Кырдын баарын кыдырып,
Жердин үстүн сыдырып,
Ат арытып, жер чалып,
Ат куйругун өрбөсөм,
Ооруга себеп, эн кылдат,
Момунжанды таппасам,
Туура кудай мени урсун!
Момунжан жайын айтайын:
Көктөн жылдыз козголгон,
Аркы атаң Манас шер менен,
А дүйнөлүк дос болгон.
Ооруга себеп Момунжан,
Момунжан алып келермин,
Карадөө абаң өлбөсө,
Ал Момунжан беренди
Көргөзөмүн көзүнө,
Алып келем өзүнө.
«Кошкун жетим» — деп айтып.
Ал Күлчоро караанды
Эр Сейтекке табыштап:
«Жаралуу абаң Күлчоро,
Жедигердин Кыязга
Өлтүртүп салсаң жаман ат,
Күлчоро саа аманат!».—
Деп, ошентип, Карадөө
Алты тулпар ат менен
Айчүрөк берген кат менен
Ат бороюн сыдырып,
Издегени Момунжан,
Ай ааламды кыдырып,
Жолго түштү Карадөө.
Күн жетпестин Күнжүткө,
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Жеткен экен Карадөө.
А Күнжүттүн боюна,
Жердеп турган Момунжан
Атасынан бабасы
Көктө жылдыз боз экен,
Манас менен дос экен.
Кыян арка белде экен,
Момунжаны курусун
Кырк күнчүлүк жолдо экен.
Алты тулпар ат камдап,

Алакандай кат камдап,
Күл азык камдап, мал алып,
Жакасы алтын тон алып,
Аяш ата Момунжан
Издеп чыкты Карадөө.
Аны мындай таштайлы,
Армандуу болгон Күлчоро,
Ошондон кабар баштайлы.
Он далысын ойдуруп,
Онтоп жүрдү Күлчоро
Сол далысын сойдуруп,
Шордоп жүрдү Күлчоро:
«Кара-Кыя капчалга
Жол салганда бир өлбөй,
Кайнап жаткан душманга,
Кол салганда бир өлбөй,
Айза кармап, топ бузуп,
Жетиктеп белди курчанып,
Жети түмөн кол келсе,
Жеке аралап, кол салып,
Тийип турган кезимде,
Мында өлбөй, не болдум?
Мүйүз сынып, баш калып,
Токол болгон экемин.
Куйрук, жалдан ажырап,
Сопол болгон экемин.
Абакем аман барында,
Жая кесип жечү элек,
Жалпы душман качырса,
Жан тарткыч жалпы асылса,
Жан алгыч кайда дечү элек.
Өзөндүн баарын өрт алып,
Кыя жетип конупмун,
Кымбаттуу шерден айрылып,
Өрт өчкөндөй болупмун.
Кең дүнүйөм тар болду
Ата, келберсиген шордуу жан
Кемирчекке зар болду,
Эр жөөлөгөн асыл баш,
Карагулга кор болду,
Тулпар минбес шордуу баш,
Бир байталга зар болуп,
Оолугуп айтар сөз кетип,
Зарланып жолго кете албай,
Күлкүсү күндү батырган,
Тамаша таңды атырган,
Таласта журтка жете албай,
Карып болуп калтаңдап,
Аркалап отун тамтаңдап,
Чөлдө өлмөк экемин.
Каруусу кымбат, заары күч,
Канчоро, Кыяз эки дөө,
Көрдөн өлмөк экемин!
Кырсык байлап, дем кетип,
Жерден өлмөк экемин!
Жылкычы башы Карагул,
Орой, тентек, ит кыял,
Иттен өлмөк экемин!
Өлбөй-житпей, чок болуп,
Күйүп өлмөк экемин.
Аркалап отун көтөрүп,
Жүрүп өлмөк экемин!
Капчыгай элем, — жол болдум!
Кан заадамдан айрылып,
Карангүн, куу баш кор болдум!
Ала аска элем, — жол болдум!
Айкөл шерден айрылып,
Артыкча жаман кор болдум!
Чапчышарга ал кетип,
Кубаттуу эки колум жок!
Амал чарчап, жөтөлүп,
Азаптуу мүшкүл иш болду,
Аркалап отун көтөрүп.
Көргөн күнүм калың шор,
Үзүлбөй, чырмап бекем тор,
Бассам, жолум терең ор!»—
Деп, ошентип, Күлчоро,
Арманын айтып кейиди:
«Кымбат абам барында
Кыны жок кылыч байландым,
Туюкту тепсеп, жол салдым.
Түмөн-түмөн жоо келсе,
Туура барып кол салдым.
Эр Коңурбай шерди алдым
Нескара кардын эшкенде,
Мында өлбөй не болдум?» —
Арманын айтып Күлчоро,
Агарып өңү суюлду,
Эки беттен аккан жаш
Акырек ылдый куюлду.
Арык койдой жөтөлүп,
Амалсыз отун көтөрүп,
Үп эткендей үнү жок,
Үксөйгөн чеңгел жүнү жок,

Тирүү болчу түрү жок.
Буулум кийбес Күлчоро
Эски тону этинде,
Жаргак шымы бутунда,
Көтөрмө, аркан жонунда,
Алмамбет уулу Күлчоро,
Карагулдун колунда.
Өлөйүн дейт арынан,
Өлбөй аман жүргөнү,
Бая, өлчөлүү Сейтек барынан.
Кетейин дейт арынан,
Кетпей, араң жүргөнү,
Кенедей Сейтек барынан.
Семетей уулу Сейтекти
Эрешен тартып эр кылып,
Эр уулу менен тең кылып,
Белиме таңуу кылсам деп,
Кагыша кетип Кыязга
Калайманды салсам деп,
Төрө бейил Канчоро
Төбөсүнөн бассам деп,
Төбөңдөн тийген чочконун
Төрт түлүгүн чачсам деп.
Ойлоп жүрөт ошону...
Каңгырап жүргөн кайран баш,
Таласка кайра барсак деп,
Талоондо калган журтумду
Жетип таап алсак деп,
Багалак ойноп, даң салган,
Оромпой тээп, чаң салган,
Узун санап бир ыйлайт,
Кырмызы көйнөк, айча бел,
Кылтылдаган эң сулуу,
Кызын санап бир ыйлайт.
Ошо кезде Күлчоро,
Эчки тон сандап бөлүнгөн,
Эңкейгенде чоронун,
Такым эти көрүнгөн.
Күүгүм кирип, күн батса,
Чылгый тери ийлетет,
Кеч киргенде шылдыңдап,
Кешиги жок абаңды
Калмакча бий бийлетет.
Каарланса жер сабап,
Карагул чыгат шокшоктоп.
Өзүң көргөн абаңды
Карсылдатып токмоктоп.
Үп эткендей үнү жок,
Кешиги жок абаңдын
Тирүү калчуу түрү жок.
Чоронун түрүн көргөндө,
Калайык ыйлайт, калк ыйлайт,
Кайын ыйлайт, тал ыйлайт,
Ыйлагандын баарысы
Өз кайгысын жеп ыйлайт.
«Эгерде мүшкүл иш түшсө,
Ушундай болор» — деп ыйлайт,
Каарланса Карагул,
Кара тажаал мына бул,
Куйкаланган кутургур,
Күлчорону кердирет,
Күндө жылкы томугун
Аш ордуна бердирет.
Бендеден бөлөк иш кылат,
Тогуз күңү кара суу
Суусунун деп жуткурат:
Ошо сууну жутканда
Куруп калган чоронун
Эти болот көк жашык,
Каны калат бир кашык.
Көзү кетет алактап,
Мууну бошоп шалактап,
Акылдан танып Күлчоро
Камчы саптай көрүнөт,
Ичерме тоодой Күлчоро, —
Ийнелик өңдүү көрүнөт.
Күрсүлдөгөн Карагул
Көрүүгө шайтан мына бул
Багыштын сүйбөс уулу экен,
Балакет баскыр бул экен.
Кол токмогу колунда
Кутуруп калса Карагул
Куруп калган абаңдын
Куу союл тиет жонуна.
Ачууланып бакырса,
Кайра болгон шамалдай,
Күлчоро байкуш канетет?
Алапайын табалбай,
Жана туруп кыйкырса,
Түгөңгүрдү көрдүңбү?
Токойдогу камандай,
Толкуп өтсө кутургур,
Толуп жаткан жылкычы
Алапайын табалбай.

Эки бети салаңдап,
Эки даңгыт тойгондой.
Кутургурдун каарынан
Көргөн адам шашкыдай,
Мына Карагул түрү ушундай!
Бу Карагул каапырды
Мындай таштап салынар,
Муңдуу байкуш Күлчоро
Ошондон кабар алынар!
Жылкычыдан Бозбала,
Күлчорого дос бала,
Бозбаладан кеп угуп:
«Айдай катын Айчүрөк,
Эркек тууду» — деп угуп,
Капалуу жүрөк басылып,
Көңүлү жаркын ачылып,
Сактап сары талааны.
Сагынган экен Күлчоро
Көрүүгө Сейтек баланы.
Бурулган тоодон булак деп,
Абаман калган туяк деп,
Айзадагы желек деп,
Абамдан калган белек деп,
Көрүп койсо көңүл ток,
Көк жалдан калган мураапы.
Мына, ошондон башка караан жок.
Күлчоро кордук көргөнгө,
Кабылан төрө өлгөнгө.
Он эки жыл толуптур.
Ай бөксөрүп, күн өтүп,
Эренден калган жаш Сейтек,
Олжодо жүрүп чоңоюп,
Он эки мүчө шер чыгып,
Атасын тартып тең чыгып,
Байкуш асыл Күлчоро,
Бозбаладан кеп укту
Он экиде Сейтекти
Жетим, жесир, мискинге,
Коргон чыкты деп укту.
Баладан кабар кеп укту,
Баатыр чыкты деп укту.
Байкуш абаң Күлчоро
Бир кишиге билинбей,
Баабединин бат айтып,
Барсам аман Таласка,
Айтуякка ат айтып,
Айры өркөчтүү төө айтып,
Чыны менен чыркырап,
Чын кубанып буркурап:
«Көкжал эрдин белеги.
Сейтегимди көрсөм — деп,
Андан кийин курган жан,
Каза жетсе өлсөм» — деп.
Акыл бийлеп, ой ойлоп,
Карагулга баруугa,
Мөөнөт сурап алууга,
Айдай катын жеңеңден
Эбин таап кабар алууга,
Айдай жекен. Айчүрөк
Чолпондой көзү жайнаган,
Эне ордуна кармаган:
«Эш туткан долу жеңемдин,
Түптүү чынар — мөмөмдүн,
Дүйнөгө жарык келгендин,
Эмчек сүтүн бербесе,
Элик сүт берген жеңемдин,
Кабыландан калган энемдин,
Быйыл жүзүн көрөйүн.
Ургаачы долу өзүбү?
Кандай деп уул жоктобой,
Урган сай жеңем Айчүрөк,
Унутуп койгон кезиби?
Көкжалдан артык экен деп,
Эр Кыязын тапкан бейм?
Казыны кертип жеген бейм?
Өлсө мейли деген бейм?
Көңүлүн берип Кыязга
Жеңемди кудай урган бейм?
Чачыктуу болсо баласын
Чалгын чал деп жүргүзбөй,
Кулдукта жүргөн абасын
Балага айтып билгизбей,
Укпаган экен сөзүмдү,
Перизаада бейтаалай,
Унуткан экен өзүмдү!
Эстесе боло бейтаалай,
Жыртылып кеткен тонумду.
Бошотсо боло Кыяздан
Байлалуу жүргөн колумду!
Кол бошонуп сергисем,
Каардуу душман алдына,
Канатым жайып эргисем,
Чиер элем сызыкты,
Кылбайт белем кызыкты!

Жеткилең далым жетилсе,
Жетимим келип кезиксе,
Көрбөйт белем чараны,
Агыштын уулу Кыязга,
Сактатсам сары талааны...»
Кайгыдан чоро сабылып,
Күйүп, жанып, камыгып,
Тан кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык киргенде,
Жылкычы башы жыластан,
Мөөнөт сурап сабылып,
Канга ийилбес шер чоро,
Салам айтып бүгүлүп,
Карагулдун алдына
Турган экен жүгүнүп:
«Салоо да, салоом алейкум,
Сандыргалуу кан аба!
Кулуң айтат бир сөздү
Кулагың салып, көр аба,
Эчки тонум этимде
Жаргак шымым бутумда,
Кементай кетти бөлүнүп,
Эңкейсем этим көрүнүп,
Кан үйүнө барууга
Кийим кийип, аш ичип,
Жан кубанып калууга,
Жети күн мизат бериңиз?
Жети күндөн кечиксем,
Кыйноону кызык салыңыз,
Кылычтап башты алыңыз!
Эки көздү оюңуз,
Мен бир чымындай жанды
кыйнайын,
Кан зайыбы Чүрөктөн
Мен бир, кийим-кечек сурайын». —
Каңырыгы бек түтөп,
Карагулдан жооп күтүп,
Кейип чоро турган соң.
Каарданып Карагул
Катуу душман мына бул.
Каар салып бакырды,
Жылкычысын чакырды:
«Кутурган экен мына бул.
Кан үйүнө барам деп,
Мунун ит экенин карап тур.
Жылкычылар, балбандар!
Эсирип калган бул кулдун,
Камчылап боорун эзгиле!
Түбүнө түпсүз жеткиле!
Бир эсебин тапкыла,
Эзелки жинин каккыла!»—
Жылкычылар ошондо
Турбай чырды салды эми.
Алмамбет уулу чорону
Сабап жатып калды эми.
Жылкычынын кенжеси,
Жараткандын мендеси,
Отун жакчу Бозбала,
Күлчоро менен дос бала,
Айбалта колго алганы,
Арачалап ал байкуш,
Тепкидеги чоронун
Үстүнө түшө калганы:
«Арача, эрлер, арача
Арачага көнбөсөң,
Акыры болор тамаша.
Эренди эрен кордосо,
Берендин жолу болобу?
Арстанга катылып,
Акыры жигит оңобу?»—
Деп, ошентип, Бозбала
Арачалап турду эле.
Ал-аңгыча Күлчоро.
Кейип жашып, сабылып,
Карагулга жалынып:
«Жылкычы башы Карагул,
Кан экениң дагы чын,
Кадыр, дөөлөт, бактыңда,
Бар экениң дагы чын.
Ала аскадай зоңкойгон,
Бел экенсиң, Карагул!
Жылкычыга сен өзүң,
Ээ экенсиң Карагул.
Кайраттанып качырсаң,
Кайран башты кесерсиң!
Кабылан башым кор болдум,
Ак болот элем мокодум,
Эрлик-керлик чак кетти,
Өлө турган тап жетти.
Сөөгүм калды шалдырап,
Көзүм калды жалдырап.
Эстен талып күн өтүп,
Өлгөнү турам минетип.
Кыйын болсоң Карагул,


Айткан тилди алыңыз,
Кыстоо салбай бул башка,
Кыйнабай союп салыңыз!
Баатыр да элек, шер да элек,
Билекте кубат барында
Балакет кайда дээр элек.
Биз да, тайлак басып жээр элек.
Талкан чалчу бөрү элек,
Кара болот Зулпукор
Көөлөгөн эрдин өзү элек.
Тоодой-тоодой алптарды,
Жөөлөгөн эрдин өзү элек.
Кыргызга кызыл туу элек,
Душманга ызы-чуу элек.
Чама чарчап, кан кетти,
Мен байкуштан ал кетти,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Үстүмдөн чопкут тон кетти.
Кыйкырса кыргын салуучу
Күлчородон кол кетти.
Чапчып салчу чамаа жок,
Чалыша кетер дарман жок,
Мусапыр болдук билиңиз,
Баатырдыгың чын болсо,
Мөөнөт сурайм көнүңүз.
Бир жылкы күчүн бериңиз,
Кан алдына барайын,
Сурап кийим алайын!»—
Мындай кепти укканда,
Кайраты бар Карагул:
«Барсаң кулум барып кел,
Белги деп белек албай кел,
Үмүт кылсаң жаныңдан,
Жети күндөн калбай кел!
Жети күндөн кечиксең,
Култуңдаган кутургур,
Тирүүлөй чукуйм көзүңдү.
Кементайды кийип бар,
Каран калган жылкынын
Карматканын минип бар!
Убададан танбай кел!» —
Деп, ошентип, Карагул,
Каарын төктү мына бул,
Тулпар минбес кайран эр,
Байтал таппай зар болуп,
Кара октоону көтөрүп,
Жылкыны көздөй бет алды. .
Жылкыга жакын калганда
Түп көтөрө көп жылкы,
Түгөл үркүү чуркурап,
Арданды чоро өлүүгө,
Кайра кайтпас чын жайды
Кайран башы көрүүгө.
Балтыр эти зыркырап,
Таман эттин баарысы
Ташка тийип быркырап,
Ээр белдей кош кашат,
Эңкее барып турду эле.
Калың жылкы ичинен
Кабыландын Бозбайтал,
Күлчорону көрдү эми.
Көргөн жерден жаныбар,
Окуранып чорого
Ыйыгына баш артып,
Ыктап турду Бозбайтал.
Айтайын десе тили жок,
Ал жышаана иш кылып,
Жыттап турду Бозбайтал,
Байтал минтип турганда
Октоо катып байталга,
Асыл чороң минди эми.
Мына ошондо Күлчоро
Аябастан жол жүрүп,
Адыр-күдүр белди ашып,
Адырмак ашуу жерди ашып,
Жети-Өзөндүн боюнда,
Дарбазалуу коргонго,
Кан Кыяздын ордого,
Барып жетип калды эле.
Кан Кыяздын мамыга
Бозбайталды чалды эле.
Ошо күнү эр Кыяз,
Дөбөчөдөн көрүнүп,
Каарланса оозунан
Капкара жалын төгүлүп,
Кара мүртөс каапырың,
Кайсачудай көрүнүп,
Күлчорону көргөндө.
Каарды катуу баштады,
Чымындай жандан Күлчоро,
Чын эле кечип таштады.
Алда кандай болот деп,
Байкуш чоро элтеңдеп,
Билегинен сап кетип,

Жүрөгүнөн кап кетип,
Кол куушуруп камыгып,
Агыштын уулу Кыязга
Салам берди сабылып:
«Салоомдон салам алейким,
Сандыргалуу Кыяз эр,
Кулуң келди камынып,
Байым саа жалынып». —
Күлчорону көргөндө
Душмандыгын билди эми.
Өлтүргөнү ал Кыяз
Мыкыйынан күлдү эми.
Кыяз турду күүлөнүп,
Карагулга сүйлөнүп:
«Ата сени, Карагул,
Бу кутурган куу кулга,
Калайманды баштабай,
Эмдигиче бу кулду
Тындым кылып таштабай,
Ажалы жеткен бу кулдун
Азыр башын алайын,
Жол үстүнө сүйрөтүп
Даңгыттарга жарайын» —
Деп, ошентип, эр Кыяз,
Кара жаак айбалта
Кармай калып имерди,
Шай колдогон чорону
Жыга чаап жиберди.
Артык Кыяз чапканда
Алдан тайып алсырап,
Баатыр чоро жыгылды.
Күшүлдөтүп тепкилеп,
Чорону Кыяз кыйнады.
Эми айбатын саларда,
Эстен кеткен чоронун
Башын кесип аларда,
Ордодо катын Айчүрөк
Келгендерден кеп угуп,
Алмамбет уулу чоросун
Өзүң көргөн Кыяз кан
Өлтүргөн атат деп угуп.
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Жеңеңдин көзүнөн жашы төгүлүп,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Айчүрөк жетти жүгүрүп:
«Күйбөстөн мурун күйгүздүң,
Баатыр, күйүп өлгүн сен Кыяз!
Бышпастан мурун бышырдың,
Баатыр, бышып өлгүн сен Кыяз!
Кул-кутанга кол салган
Эрен сендей болобу?
Кутургандай жулкундуң,
Сени эр адам деген оңобу?
Ата, оңбогон Кыяз, оңбой кал!
Эгерде эки болбой кал!
Ар качандан, бир качан,
Күң, кулуңду кордодуң,
Оңбогон Кыяз, оңбодуң!
Сан жыйылган топ беле?
Сандап жаткан элинде,
Олжого келген бизчелик,
Күңү-кулун жок беле?!» —
Кайраттанып Айчүрөк
Тоодой болгон Кыязды
Тоголото түрттү эле.
Томуктай болгон чорону
Астынан сууруп алды эле!
«Тоодой Кыяз сен десем,
Томуктай Кыяз экенсиң,
Кайра тартпас чын жайды,
Көрүүчү Кыяз экенсиң!
Ай далаада дардайып,
Сен, өлүүчү Кыяз экенсиң!
Токтой тургун эр Кыяз,
Эр Кыяз сенин айыңдан,
Аккуу кебин кийбесем,
Атам Акундун колун жыйбасам.
Сенин кыйрыңа кыргын салбасам
Сенин кылычтап башың албасам,
Аштыгың көпкөк орбосом,
Балааны башка салбасам,
Арманың болсо, зор Кыяз,
Сенден капкайда кегим албасам»
Муну укканда зор Кыяз,
Боконо сөөгү болк этип,
Ошондо Кыяз муну айтат:
«Оңбогон Чүрөк, оңбойсуң,
Ар качандан, бир качан,
Кайратыңды койбойсуң.
Тындырат элем мунуңду,
Айдай Чүрөк болбосоң,
Өлтүрөт элем кулуңду». —
Ырсаңдап күлүп зор Кыяз
Эми ачуусун койду эле.


Мына ошондо Айчүрөк:
«Наадан Кыяз кебимди ук!
Туягы бүтүн тулпар жок,
Канаты бүтүн шумкар жок,
Минте берсең ой, Кыяз,
Суу жайбасам үйүңө,
Каран күн бир, Кыяз, тура тур,
Өлбөсөм бир жетермин түбүңө,
Баатыр, баарыдан жаман иш
кылдың,
Баатыр сендей болобу?!»—
Бели тутам, бети айдай,
Белгилүү Чүрөк жеңең ай,
Берендигин билгизди,
Ажыратып Кыяздан
Айласы кеткен чорону,
Жеңең ак ордого киргизди.
Айчүрөк жетип келбесе,
Кайра тартпас чын жайды
Көрө турган кези эле,
Каза ажал жетип Күлчоро
Өлө турган кези эле.
Кара жака кементай
Кат-катынан бөлүнгөн,
Жакадан бити төгүлгөн,
Жазайыл-кордук, чоң мүшкүл,
Ошо жактан көрүнгөн.
Айдай катын Чүрөктүн
Миң амалдуу дүмөктүн
Кай амалын билебиз,
Белгилүү жерде Аксарай
Анын бекемдиги бир далай.
Каңгыраган чоң сарай
Анын канчалыгы бир далай.
Айланасы сепилден
Дарбазасы темирден,
Мамылары кырдалуу
Аксарайга кирген соң,
Болукшуган бейтаалай,
Болкулдап ыйлап буркурап,
Күйүп, бышып Айчүрөк,
Күлчорого жалынды:
«Каралды элең, шер элең,
Олжого бу баш кеткенде,
Каралдыбыз сен элең.
Өлөйүн деп, арыман,
Өлбөй тирүү жүргөмүн,
Уулуке, сенин барыңдан.
Кетейин деп арыман,
Кетпей аман жүргөмүн,
Уулуке, сенин барыңдан.
Олжого Кыяз алганда,
Башыма мүшкүл салганда,
Эсебим жаман тапканда,
Капталым жара чапканда,
Күндөй жеңең Айчүрөк,
Күнөөкөр болуп байландым.
Айланы таппай зарландым,
Тилегеним сен болуп,
Калдым чачпай канымды,
Кыйбай калдым жанымды.
Өлтүрбөдүм өзүмдү,
Өзөлөнгөн эй, уулуке,
Теги, чын көрдүмбү көзүңдү,
Кечиктиң келбей жаман ат,
Бүгүн берем аманат.
Тулпардан калган туякты
Багып жүрүп чоңойттум,
Туйгундан калган чунакты.
Жоболоңдуу иниңди
Жолдош кылып алыңыз,
Жоого дүмөк салыңыз!
Капанын баарын коюңуз,
Уулуке, кадимкидей болуңуз!
Келеңкер чачпак, кең соору,
Керилген жеңең мен элем,
Табылбас кыраан сен элең.
Туурумда чоро калды деп,
Тилегиң тилеп жүрөбүз.
Эл чолпону сен элең,
Эл энеси мен элем.
Уулуке, сени көп эстеп,

Өрттөнүп, жанып күйчү элем,
Уулуке, качан келет деп,
Сени күнү-түн күтүп жүрчү элем,
Ташты бузуп жол салган
Арбагың бийик шер элең.
Баатыр да элең, шер да элең.
Суза берсе түгөнгүс
Дарыя чалкар көл элең.
Өрттөсө чөбү түгөнгүс
Дардайган өзөн төр элең.
Боз жерге тоодак токтотпос

Боз ала тынар — куш элең.
Эр Султанга кез болгон,
Болжолсуз болот — курч элең.
Добул келсе жел тийбес
Булуңча токой чеп элең.
Душманга моюн бербеген,
Кадимки кабылан шер элең!
Арстан уул качан келет? — деп,
Тилеген жеңең мен элем.
Олжо болуп Кыязда
Омуроо көрүп көп жүрдүм
Оюман кетпей сен уул,
Качан келет? — деп жүрдүм.
Бактыңды кудай ачкан бейм,
Жоголгон эрен табылып,
Кейигеним жабылып,
Көрүнөө кудай берген бейм?
Көрүнбөй кеткен жоголуп,
Көк жалын уул келген бейм?
Абакеңдин ок өтпөс,
Чогуусу менен кайран жан
Чоң куржунга салгамын.
Келсе, уул кийсин — деп,
— Кажыбай жоого тийсин — деп,
Кымбаттуу кызык мунум — бар,
Кымбатым — уул, угуп ал!
Каалап койдум бир чепкен,
Аркагы темир, жеңи жез,
Калыңдыгы жарым кез,
Туштап октон сологон,



Туура урушка жорогон.
Казына арбын корогон,
Жарабаса сөктүргөн,
Болот өгөп, желимдеп,
Туш-тушуна төктүргөн,
Белекке бердим, кийип бак!
Белсенип жоого тийип бак!
Каалап берген ок өтпөс
Кадырлаш уул, кие гөр!
Качырып жоого тие гөр!
Жети Өзөндө жедигер
Канына караан сала гөр!
Капкайда кекти ала гөр» —
Араң жан келген чорого,
Деп, ошентип, Айчүрөк,
Ок өтпөс тонду кийгизди.
«Баатырсынган эр Кыяз
Бакырык салып жетер — деп,
Оолуга кетсе, окустан,
Берен чоро башына
Айбалта тийип кетер — деп,
Алсыраган чоронун
Ажалы бөөдө жетер — деп,
Билбей койсом бекер» — деп,
Акылдуу жеңең Айчүрөк,
Жетиктигин билгизди,
Күлчоронун башына
Көк темирден туулга
Көмкөрүп башка кийгизди.



## СЕЙТЕКТИН КҮЛЧОРОГО ЖОЛУККАНЫ

Мына ошондо Күлчоро
Жеңеси кийим кийгизип,
Жан кубантып турганда,
Убактуу сөзү кеч болду.
Көк жалдан калган Сейтегин
Бир көрүүгө чоронун
Эки көзү төрт болду.
Баатырдан калган жетимди
Байкап туруп көрсөм деп
Ошондо турат тилеги.
Өйдө чыкса — өбөгү,
Ылдый тартса — жөлөгү,
Адырдан аккан булагы,
Армандуу жандын ынагы,
Айкөлдөн калган чунагы:
«Ойрон жеңең Айчүрөк,
Өзөндөн аккан булакты,
Көргөзсөң боло көзүмө,
Беренден калган чыракты?
Боз ала туйгун болпонду,
Боз карчыга чолпонду,
Алып кел жеңе, өзүмө
Көзүмдү ачып көрөйүн,
Оозумду ачып өбөйүн!
Боорума басайын,
Капанын баарын жоёюн,
Энеден кайра мен бүгүн
Төрөлгөндөй болоюн!
Бүгүн ойронум абам тирилсин.
Көңүл толкуп, көл болсун.
Көмүлүп жүргөн Күлчоро
Ала-Тоодой заңкайып,
Бүгүн арман качып, эр болсун!
Беренден тууган Сейтекти,
Белиме таңуу кылайын,
Беттешерим — зор Кыяз.
Берeним абамдын кунун кубайын.
Чама келип, күч жетсе,
Агыштын уулу Кыяздын
Аңгекке башын тыгайын.
Урушканым — ар Кыяз,
Учурганым — Семетей.
Жоолашарым Канчоро,
Учурганым — Семетей,
Арманым калын, дартым күч,
Кан абам көк жал шер үчүн,
Ардыккан байкуш эл үчүн.
Кашыктап төгөм каныңды,
Дардайган чороң оңолсо,
Далымда жара жоголсо,
Азыр курсак кайнап, ич күйүп,
Куруп турган кезегим,
Чамаа чарчап, ал кетип,
Өрүп турган кезегим.
Тирүү десең — санда жок
Өлүп калган кезегим.
Ошол өлгөн жанды тиргизчи,
Жеңелигиң билгизчи!
Омуроом чырмап ок тийип,
Ороло албай турамын,
Колум сынып, бут калып
Тороло албай турамын.
Кечирим жоого кестирип,
Чоңоё албай турамын.
Карагул болду байыбыз,
Кыйкырса, кетет шайыбыз.
Айдай жеңем Айчүрөк
Адамга салдың чоң дүмөк,
Бөлүнтүп ийбе санааңды,
Бөлөктүн уулу дегизбе,

Бөйрөктөн чыккан балаңды.
Арман кылып, ар кылдым,
Ук, Айчүрөк, муңумду,
Көзүмдү ачып көрөйүн,
Оозумду ачып өбөйүн,
Алып кел жалгыз уулуңду!
Эрен болсо, жалгызың
Белиме таңуу кылайын,
Кайрылтып Талас көргөзсө
Толукшуп жаткан Канчоро,
Өз жомогун айттырып,
Качангы жинин кагайын:
Менин кайран энем Каныкей,
Картайганда энеме,
Баатыр Бакай — экөөнө
Бир садага чабайын.
Кашайта көзүн оёюн
Тагынан басып соёюн». —
Деп, ошентип, Күлчоро,
Айтып оозун жыйгыча,
Ачып көзүн жумгуча
Андай-мындай дегиче,
Элпек басып керилип,
Эсеби жок жеңеңдин
Эптүүлүгү билинип,
Секиден аккан булакты,
Атасы көк жал баатырдан
Артыла тууган чунакты,
Сарайдан жеңең жетелеп,
Муңканып турган чорого,
Бурулуп алып кирди эле.
Баягы Манастын уулу баатырга
Кулагына кулагын,
Куюп койгон немедей,
Мурунуна мурунун
Кыйып койгон немедей.
Баш териге баш тери,
Каптап койгон немедей,
Бой келбети бөлөкчө,
Болжосо тоодой көрүнөт,
Карап турган адамдын,
Акылы айран бөлүнөт,
Абасы көк жал Семетей
Дал өзүндөй көрүнөт.
Толкуну көлдүн шарындай,
Кеп сүйлөсө жалындай,
Өрт оозунан бөлүнгөн,
Кара болот кайсардай,
Өткүрлүгү көрүнөт.
Бет алышса, сан колго
Баруучу сыны көрүнөт,
Кармашканга калайман,
Салуучу сыны көрүнөт,
Ай кулагы калкандай,
Алагай көзү чолпондой,
Беттеп бенде барабы?
Берениңдин уулуна,
Беттешкен тирүү калабы?
Өксөп турган Күлчоро,
Баланы көрүп алганда,
Тилегин кудай бергендей
Жоголгону Семетей,
Тирилип бүгүн келгендей.
Бакыр болгон чоронун
Агарып өңү суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Омуроо ылдый куюлду.
Армандуулар кезигип,
Ичи өрттөнүп эзилип,
Жоголгондор табылып,
Жолу каткан чоронун
Абийри бүгүн жабылып.
А баланы көргөндө
Күлчоро күйбөй турабы?
Баланы баса кулады:
«Тиреп турган мунарбы?
Абамдан калган чынарбы?
Баатырдан калган белегим,
Төрөмдөн калган айнегим!
Төрөмдөн калган каралдым,
Качан көрөм — деп жүрдүм!
Көрдүм, жетим, көзүңдү,
Беренден калган чунагым,
Баалап көрдүм өзүңдү.
Мүйүзүм сынып, мултуюп
Токол болуп калгамын,
Кулагымдан ажырап,
Топол болуп калгамын.
Жал-куйруктан ажырап,
Сопол болуп калгамын,
Эки көзүм оюлуп,
Эки далым союлуп,
Колго түшүп кайгырып,
Каралдымдан айрылып,

Кайдагы жиним кагылып,
Молдо болуп калгамын.
Кордук менен күн өтүп,
Жорго болуп калгамын.
Кол байланып, көз жайнап
Тордо болуп калгамын.
Кайрылып адам чыгалсыз,
Ордо болуп калгамын.
Каруусу толук каапырга,
Кайран Кыяз баатырга,
Мен олжо болуп калгамын.
Мен сындырып келдим мөмөмдү,
Мен берип келдим олжого:
Карыганда Каныкей,
Картайганда Чыйырды
Тартып алды Таластан
Эки түгөй энемди.
Олжолоп калды элимди,
Сындырып салды белимди.
Кең-Колдон чапты айлымды!
Алып калды Канчоро,
Жамгырчы кызы Акбала,
Акбала өңдүү зайбымды.
Өлтүрүп салды чочколор,
Эр Сары кан дөөмдү,
Талкалады мээмди.
Чыгарды далай кээмди.
Байыркымды санасам,
Ушу турган кабыргам,
Кат катынан бөлүнөт.
Улугу Кыяз эр чыкты.
Арадан душман Канчоро,
Сындырып ийди багымды,
Кыйратты алтын тагымды.
Маанисиз журтум таланды,
Өлүүбү-түрүү билбеймин
Баатыр Бакай абамды.
Саргартты Талас жеримди,
Сапырды кыргыз элимди
Заманында Күлчороң
Эл четинде зор болду.
Беренимден ажырап,
Бейтаалай абаң кор болду.
Балам, менин жайым ушундай —
Атакеңдин сырдашы,
Асыл чоро курдашы,
Алты айга минсе бууданы,
Атакеңдин тууганы.
Тай-кунандай тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен,
Калың аргын, көп кыргыз,
Кай жерде балан дегизген.
Энебиз Каныкейдин эмчегин
«Ашкере тууган болсун» — деп,
Экөөбүзгө эмизген.
Канчоро эмген сол эмчек,
Кара кочкул кан чыккан,
Күлчоро эмген он эмчек.
Булактап аппак сүт чыккан.
— Балдардан белги көрдүм — деп,
Шордуу энең ыйлаган.
Энем Каныкей айткан кеп эле:
— Аман болсо Күлчоро
Мурун уксаң сөзүмдү,
Мура болот өзүңө
Ушу турган Канчоро.
Туура айтсам сөзүмдү,
Душман болор өзүнө...
Акыры айтканы келип энемдин,
Уу ачытып күбүмө,
Канчоро жетти түбүмө,
Тел кулун союп жеп койду,
Тегеректеп жоо келсе,
Тең тууган болом деп койду,
Акырында Канчоро
Арагын ичти кутуруп,
Абамды сойду жутунуп.
Кымызын ичип кутуруп,
Кыйрымды бузду жутунуп.
Жалынган менен болгон жок,
Жалынсам, жанын койгон жок,
Жалбарган менен болгон жок,
Айдап алды малымды,
Агызды суудай канымды,
Түгөттү менин арымды,
Олжого кыйып желемди,
Балталап кесип мөмөмдү,
Күн кылып салды Таласка
Каныкей өңдүү энемди.
Кең-Колдон чапты көчүмдү,
Кейип жаман кор болуп,
Ала албай калдым өчүмдү».
Күлчоро кебин укканда,

Көңүлү абдан бөлүндү,
Жашынан муңдуу Сейтектин
Көзүнүн жашы төгүлдү:
«Жети-Өзөн маа жер эмес,
Жедигер маа эл эмес,
Каңгырып жүргөн экемин.
Тууну жыккан Канчоро,
Туу өрттөгөн Кыязды
Чамаам келсе чабышып,
Чаркым кетсе чалышып,
Тагдыр жетсе өлөмүн.
Ойрон кылып элимди,
Олжо кылып энемди,
Алып келген Кыяздын
Кыйындыгын көрөмүн?!
Бейтаалай энем, эл кайда,
Элге кетер күн кайда?
Катыгүн энем, эл кайда?
Мингизбей каттың бууданды,
Не айтпадың, энеке,
Күйүшө турган тууганды!
Кырааны жанга сынаакым,
Кымбат абам — мураапым,
Талас кайда, жер кайда,
Таласта кыргыз эл кайда?
Береним — абам, эл кайда,
Элге барар жол кайда,
Эңише кетчү зор кайда,
Каралды кылар шер кайда,
Кармаша кетчү жоо кайда?
Каралдым, аба, көк жалым,
Кайнамак болду чын каным.
Туура өзөнгө жайган мал,
Тутам болду биздин жан.
Арбытып артык басууга
Ала-Тоо өзөн жер кайда,
Айылдаш конгон эл кайда?
Аянышта не пайда?
Аянган адам өлбөйбү,
Алда башка салганын
Чиркин бу баш көрбөйбү?
Батырбайбы казган көр?
Ай ааламдын баарысын
Соруп турган кара жер.
Жардай абам шер менен,
Жарыбаган Кыяз чочконун
Жылкысына барайын,
Семиз бээсин жарайын,
Арбын дүйнө, калын мал.
Баарын ээлеп алайын.
Ичим-жалын, боорум-чок,
Менин абамдан башка караан жок.
Кордук көрүп зарланып,
Кор болуп жүргөн абамды,
Майга бөлөп чыктаймын,
Колума тийсе душманды
Коёндой жерге ыктаймын.
Тиктеше чыгар жоо болсо,
Чамам келип чапчышам.
Жон терисин тилейин,
Чамам келбей баратса,
Тирүү калбай, кайран баш,
Тигинен жерге кирейин.
Алтын төксүн кайрылбайм,
Кайрылгысыз күн туусун,
Кан абамдан айрылбайм,
Карып болгон адамдын
Таамайлап уктум сөздөрүн,
Көргөзду кудай көздөрүн,
Абакем — менин кырааным,
Болоттон соккон айбалтам,
Болжогондо чоң аркам,
Табылбай турган кырааным,
Мал жайлаган колотум,
Байкап жоого шилтөөчү,
Эки миздүү болотум,
Жетиге чыгып калганда,
Көйнөгүм чечип топого
Сойлоп жаткан кезимде,
Жылаңаяк, жылаңбаш
Такымыма камчы уруп,
Ойноп жаткан кезимде,
Чыбык минип, кунан чаап,
Ойноо бала чагымда,
Айдай долу Айчүрөк
Энекемен көп уккам
Кыйын душман жедигер,
Кыйрың бөлөк деп уккам.
Он эки бирге кол жайган
Батаң бөлөк деп уккам,
Манастын уулу Семетей
Атаң бөлөк деп уккам.
Кең колоттуу Ала-Тоо
Жериң болот деп уккам.

Аргын, кыргыз көп уруу
Элиң болот деп уккам.
Каардуу Кыяз, Канчоро,
Ошол элди туш-тушка
Бөлүп кетти деп уккам.
Кабылан аба кебимди ук,
Киермин чопкут тонду — деп,
Мен дагы ичимден сызып жүргөмүн,
Уктум шекер сөзүңдү,
Шер Күлчоро абакем,
Бүгүн көрдүм көзүңдү,
Арманым жок кудайга,
Ата кылам өзүңдү,
Билбегенди билгизгин.
Кыязга эми кайрылбайм
Жетим өсүп жетилдим,
Жетегим абам айрылбайм» —
Деп, ошентип, эр Сейтек
Оюн айтып турганда
Кайрат кирди чорого:
«Жылкычыга кул болуп,
Жылмайып калар мен белем
Жедигерге уул болуп,
Жетимим, эл унутар сен белең?
Он далым сасып, оюлуп,
Тирүү бойдон союлуп,
Жалдырап калчу мен белем?
Жалпы душман Кыязга
Олжого келчү сен белең?
Башымда чолпон баргегим,
Менин баатырдан калган айнегим»
Күлчоро мындай деген соң,
Күлүндөй түшүп Айчүрөк,
Акырын басып, муңайып,
Тийген айдай кылайып,
Муңайып айтып турду кеп:
«Өзөндүү Кен-кол булактар,
Өлгөндө көргөн чунактар,
Жетим байкуш биригип,
Баш кошорун билгемин.
Кармашса жоого кийсин деп,
'Камдап жүргөн булум бар.
Кадырман уулум, угуп ал!
Жакасын алтын кыйыттым,
Ок жаңылып кетпеске,
Болоттон өгөп шырыттым.
Каймак май менен иштетип,
Көрүп калса, жымылдап,
Адамдын көзүн тайыттым.
Болжолу жок устага,
Күпүлдөтө кайыттым.
Кыйшыгын өзүм оңдодум,
Аркагы болот, жеңи алтын,
Айтылуу кийим, ок өтпөс,
Атышка болжоп жородум.
Мунун бүчүлүгү бир тогуз,
Бүчүлүгүн бурсаңар,
Беттешкенин эр Кыяз
Кыйкырып айза сунсаңар». —
Деп, ошентип, Айчүрөк,
Жеңелигин билгизди,
Алып келип чорого
Ок өтпөс чепкен кийгизди.
Ал аңгыча болгон жок,
Жана чыкты сары шым.
Жеткилең катын Айчүрөк
Жердин барын чалдырган,
Буттап алтын зээр берип
Дандын башы зоо теке
Териси калын төрт эли,
Так ошондон алдырган,
Ашаткыга салдырган,
Күн аптабын өткөрбөй.
Ийин мыктан кандырган,
Артык бышык болсун — деп,
Алма кабык салдырган,
Чын күдөрү болсун — деп,
Балбандарга талаткан,
Тогуз ай тынбай каранды,
Токсон кыйын балбанга,
Токмок менен сабаткан,
Келин бычып, кыз тиккен.
Кемпир сынап, уз тиккен,
Жылан боор буктурган,
Жылас болгон каранды
Жымылдата тиктирген,
Тиктегенде, тим эле
Кишинин көзүн тайылткан,
Берен жеңең Айчүрөк,
Багалегин башкалап,
Келиштире бүктүргөн.
Бүтүн кундуз терисин
Багалекке тиктирген,
Баатырларга жорогон,


Ок жанылып кетпеске,
Эчен кылдап орогон,
Кандагай шымды кийгизди,
Жетик катын Айчүрөк
Жетиктигин билгизди.
Жылкыдан чыккан Телкызыл,
Телкызылды минүүгө,
Эрте сөзү кеч болду,
Сейтектин эки көзү төрт болду.
Он экиде ал балан,
Жай жарагын шайланды,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланды.
Уңгусу болот, учу курч
Учуна салган кара курч.
Комокойлуу Сырнайза,
Коройтуп колго алды эле,
Алтын жаак Айбалта
Ач билекке чалды эми.
Ала-Тоодой арбайып.
Ала аскар тоодой дардайып,
Арбак конуп алыптыр.
Бала ордодон чыгарда,
Акчыланып Кыязга,
Амалдуу жеңең Айчүрөк,
Алып кирди жетелеп.
Кыязга барган себеби —
Ээрчигени Күлчоро,
Арам сактап бу Кыяз,
Кокусунан коёр деп,
Козголуп кетсе соёр деп,
Кокус мерт кылып коёр деп,
Тегереги чынар бак,
Эр Кыяздын алтын так,
Эшиги бийик, чеп коргон,
Балакет мындай күн болгон,
Каары мүшкүл эшикке
Ичке жолун төтөлөп,
Ээлендирип баланы,
Эр Кыязга жетелеп,
Баш эшиги кыямат,
Бат кирүүгө эп керек,
Кан эшиги лом темир,
Эритүүгө кеп керек:
«Береним Кыяз, кебимди ук!
Жан чыдабайт курчуңа,
Өлгөндө көргөн Сейтегиң,
Барайын дейт жылкыңа,
Эч адам келбейт жаныңа,
Алдейлеген чунагың,
Барайын дейт малыңа.
Барганы кандай балаңдын,
Койгону кандай балаңдын?
Сан түмөндүү сан бээни,
Санатып түздөн көрөм дейт.
Сай тулпардын баарысын
Бөлөк-бөлөк бөлөм дейт.
Ээсиздей кылбай куу малды,
Көзүм менен көрөм дейт». —
Жедигердин эр Кыяз
Желиккен жакшы жан экен,
Аңгир кыял, ак көңүл
Көөдөктүгү бар экен:
«Ай, байбичем, Айчүрөк,
Кыйлага Кыяз болгону,
Кыяз атка конгону,
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Ордо күтүп, кан болуп,
Орунтуктуу жан болуп,
Өзүм Кыяз болгону,
Кыяз атка конгону,
Айкырып жоого тийгени,
Алчайып атка мингени,
Жапааны жакшы салгамын,
Жанаалы кызы Жайнеке,
Күнжү кызы Каракөз,
Бул — экөөнү алгамын.
Зарып кылдым азыкка,
Азар түмөн малымды,
Кырдырдым кыйла барымды.
Айза кармап, топ бузуп,
Эренден канча окко учуп,
Каалап алган катыным,
Солбуп чачын тарабай,
Мурут буурул болгуча,
Согончогу канабай,
Аркайып тоодон кар кетип,
Ай бөксөрүп күн өтүп,
Бир баланын зары өтүп,
Турбай көңүл бөлгөмүн,
Бала үчүн какшап өлгөмүн.
Карсылдашып эр өлүп,
Каалап алдым, Айчүрөк,


Айчүрөк, сени алганда,
Кубанып көңүл бөлгөмүн,
Куурап жүрүп Сейтекти,
Курдашым сенден көргөмүн.
Оозумду ачып өпкөнүм,
Көзүмдү ачып көргөнүм,
Жылгалуу Аксай барааным,
Жыргалдуу Сейтек караанымм.
Караанымды көрбөсөм,
Өрттөнүп, бышып каламын.
Көргөнүмдө көөнүм ток,
Жаралган жалгыз уулум бул,
Чүрөк, мындан башка балам ;
Кадуудан аккан булагым.
Каралды кылган чунагым,
Саламат барып, сак келсин,
Сагындырбай бат келсин!
Эсен барып, соо келсин,
Эриктирбей бат келсин!
Барба деп айтып нетейин,
Баланы тосуп отуруп,
Не мураска жетейин.
Адыр-күдүр жылгача,
Жылгачаны чалбасын,
Кулдун тилин албасын,
Жеткилең балам Сейтегим,
Жети күндөн калбасын!
Жылкычыдан бөлүнүп,
Баатырдык сыны көрүнүп,
Алтымыш алыш чалбасын,
Алты ай, жети ай жоголуп,
Салбуурун кетип калбасын,
Андай шумдук кылбасын!..
Алты күндөн кечикпей
Келсин уулум өзүмө,
Көрүнсүн менин көзүмө!
Көңүлдө далай бушман бар.
Көрө албаган душман бар,
Кадуусу бийик тоо да көп,
Касташа кетчү жоо да көп.
Кежир тартып кечигип,
Көп мүшкүлгө салбасын!
Жылкыга балаң барганда
Күүлөп койсо жылкычы,
Жылма кырып салбасын!
Семиздерин сойбосун,
Кактоочторун койбосун,
Андай тентек кылбасын!
Өзөнгө чыгат байтерек,
Өлгөндө да мал керек.
Тикенден өнөт байтерек,
Тирүүгө да мал керек».
Кан Кыяз айтып канча кеп,
Жибербеске чара жок,
Баланын жолун тосууга
Бу Кыязда айла жок,
Күлүмүш болот күпүлдөп,
Чүрөктөн коркуп эр Кыяз
Сүйлөмүш болот дүпүлдөп.
Ары карап күңкүлдөйт.
Ичи өрттөнүп, чок болуп,
«Уу таштар — дейт — үбүмө.
Өрттөнгүрдүн тукуму,
Жетет го — дейт, — түбүмө.
Чылгый ичи өрт болуп,
Чындап каршы боло албай,
Калды Кыяз оңшоюп.
Жылкыга тартты Күлчоро,
Бел байлаган белди алып,
Беренден тууган эрди алып,
Ээрчиткени эр Сейтек,
Армандын баары жоголду,
Арстан чоро оңолду.
Эзелден тулпар — Куубайтал,
Сейтек менен жарышып,
Жылкыга жетип келди эле,
Баатыр экен бу Сейтек,
Атынын оозун бурду эле.
Ээр белдей белестен
Аң-таң калып абасын
Бала карап турду эле,
Жылкычы башы Карагул
Жылас болгур мына бул,
Күлчорону көргөндө,
Ач бөрүдөй жутунду.
«Отун алып, от жакпай
Кутурган чочко, мал бакпуй,
Оңбогон ит оңбойсуң,
Кесириңди койбойсуң!
Атаң калмак Алмамбет,
Уулу экениң билбейсиң,
Жедигердин эр Кыяз
Кулу экениң билбейсиң!
Бээ саам мөөнөт аласың,

Бейлебей койсом, кутургур,
Кечигип жатып каласың!
Кара күчкө арсаңдап,
Бек алдына барасың,
Минтип жүрсөң, кутургур
Бегиме бейпай саласың!
Кара күчкө калдактап,
Кан алдына барасың,
Минтип жүрсөң, канымды,
Бир тозокко саларсың!
Кесиреттүү, кутургур,
Кең-Колго сайган багың жок,
Сенин керилип жатар тагың жок,
Таласка курган багың жок,
Талтайып жатар чагың жок!
Байтал кармап, күч берсе,
Барбайганын карачы,
Бачым кел десе кечигип,
Бул чочконун алдаганын карачы!
Камап кирип жылкычы,
Капкайда жинин каккыла,
Укурук салып, токмоктоп,
Бир эсебин тапкыла!
Жеңесинен кийиптир,
Тонуна тоноо салгыла,
Муну токтотпой талап алгыла!
Эки колун тең байлап,
Эки көзүн тең чукуп,
Ит өлүмү кылгыла!
Кыйнап жанын кыйгыла,
Кармап алып бооруна,
Тирүүлөй казык каккыла!
Кутурган окшойт, бу иттин
Эсебин эпсиз тапкыла!
Эсирген окшойт, бу иттин,
Эселки жинин каккыла,
Чын көкбөрү тарткыла!»
Деп, ошентип, Карагул
Кайраттаңды мына бул.
Катынын кара баскандай,
Айкырык салды Карагул.
Куугуну азыр качкандай,
Кулжуңдап туруп кутуруп,
Кара боолу укурук,
Кармап колго түкүрүп,
Айгыр минип калдактап,
Карагул келет дардактап.

Бул кордукту көргөндө
Семетей уулу эр Сейтек
Өрттөй көзү жайнады,
Карагулга кол салып,
Опсуз шердин тукуму
Ойноп-ойноп алганда,
Ат жалына кан кусуп,
Өлүм тапты Карагул.
Кайрандын ишин оңолтуп,
Касташканды жоготуп,
Жылкычынын кенжеси,
Күлчоро досу Бозбала,
Бабединге бат айтты,
Ай туякка ат айтты.
Аянбастан Бозбала,
Төрт түлүгүн бат айтып,
Сүйлөп турган кези экен:
«Кадырлуу шердин чунагы,
Кымбаттуу жандын ынагы,
Олжого келип оңолгон,
Кордукта жүрүп чоңойгон,
Эрешен тартып эр болгон,
Эр уулу менен тең болгон,
Ак болоттун тукулу,
Айтылуу Манас тукуму
Күлчоро абаң иниси,
Семетей шердин баласы —
Берениң Сейтек келиптир,
Тилекти кудай бериптир,
Жылкычылар сүйүнчү,
Баатырдын уулу келиптир!
Кыйкырса жанды куткарбас,
Шериң келип калыптыр,
Сары адырмак кайкаңча,
Белиң келип калыптыр!
Добул келсе, жел тийбес,
Айза алганга, жан бербес,
Эриң келип калыптыр!
Каран калган ээсиз мал —
Айбан, адам тең куурап
Азапты жаман көрдү эле,
Опот болуп Семетей,
Олжолонуп келди эле.
Кайтарып күтүп алуучу,
Кагышса, каран салуучу,
Ээси келип калыптыр!»—

Деп Бозбала сүйүнүп,
Артык каалап той кылып,
Жылкычылар дуу болду
Асман жарган чуу болду.
«Баатырдын уулу — Сейтек — деп
Дууга кирип калышты.
Уктаса, көргүс түш болду,
Ушундай жакшы иш болду.
Семетей уулу эр Сейтек
Шер экенин билгизди,
Алмамбет уулу чорону
Ак чатырга киргизди.
Кантын кардай кемиртип,
Азып келген чорону
Алмак болду семиртип.
Күлчородой абасын
Карта менен жөлөдү,
Ак боз бээден көп союп,
Казысына бөлөдү.
Кымыз менен жуудуруп,
Кымча менен буудуруп,
Кыйындап бакты чорону.
Көңүлүн гүлдөй жай кылды,
Жылкыдан кысыр тай сойду.
Астына жээр май койду.
Алы кеткен чорону
Шарап менен сугарды,
Белгилүү мыкты иш кылды,
Эр Сейтек жайы ушундай
Унутулгус иш кылды.
Аркагы кымбат сарала
Аземдетип чоронун
Алдырып белин буудурду.
Даана болуп айыгар деп,
Абасы баатыр чорону
Жалаң май менен жуудурду.





## АЯШ АТА МОМУНЖАН

Муну мындай таштайлы,
Кутман болгон Карадөө
Ошондон кабар баштайлы.
Карадөө жайын сурасаң,
Чын атасы Кутубий
Кутубий жүрүп калк билген,
Курдаш туулуп Манаска
Кудайдын атын жат билген.
Мурунтан айткан сөзүнө,
Буудан Манас шерине,
Укумунан тукуму
Мура болгон өзүнө.
Күлчоро алсыз болгонун
Түбүнөн бери билүүчү,
Он эки күйүт бир тартып,
Артык балбан Карадөө
Айласын таппай жүрүүчү.
Белге таңуу чоронун
Берендигин билүүчү.
Күйүп-бышып өрт болуп,
Күлчоро жолдош кылууга,
Агыштын уулу Кыязга
Бир санатты кылууга
Айласын таппай жүрүүчү.
Коштошкону эр Сейтек
Эткен экен Карадөө.
Чорого себеп табууга
Алты ай, жети ай жоголуп,
Кеткен экен Карадөө.
Жердин жүзүн сыдырып,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана кыдырып,
Чымындай жанды таштаптыр
Азыкка аттан союптур,
Арбын дүйнө, кара мал
Такыр кечип коюптур.
Алты күлүк ат алып,
Ашкере сулуу Чүрөктөн
Алакандай кат алып,
Керектүүдөн кеп угуп,
Кербен башы Момунжан,
Атасынан бабасы
А дүйнөлүк көк жалга
Дос болушкан деп угуп,
Чалгын чапса, чаң бирге,
Өлүм орток, жан бирге,
Өткөрө кыйын деп угуп,
Жыгылганга Момунжан
Жөлөк болор деп угуп,
Өлүүчү жанга Момунжан
Өбөк болор деп угуп,
Айласызга Момунжан
Айла болор деп угуп,
Кечири жок чорого
Келип калса бир себеп
Пайда болор деп угуп,
Азып-тозуп, Карадөө
Ат бороюн сыдырып,
Атактуу калаа Бомбейди
Түбүнө чейин кыдырып,
Малдан чачып баарды,
Кыдырды кыйла шаарды.
Эл ашпаган Желпиниш
Белге чейин кыдырды,
Белгилүү Багдат, кең Мисир
Жерге чейин кыдырды,
Кулак угуп, көз көрбөс
Элге чейин кыдырды,
Чөл кыдырып, жакалап,

Сай тулпары сандалса,
Болоттон кайра такалап,
Аттын баарын арытып,
Чамаа чарчап, ал кетип,
Арадан мынча күн өтүп,
Азап тартып минетип,
Айласыз жанды жүдөтүп,
Күйүп-бышып, чок болуп,
Туралбай жанып, от болуп,
Амалсыздын айынан,
Каарлуу Кыяз жайынан
Алты ай тынбай жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Чоң дайраны жакалап,
Чымындай жанды капалап,
Тулпарларын түлөтүп,
Кайран жанды жүдөтүп,
Артык жүдөп, минетип,
«Үү» дээрине үн калбай
Үрпөйгөн чеңгел жүн калбай,
Атынын баары ыргайдай,
Өзүнүн бити торгойдой.
Жан кашайып, ич күйүп,
Көрсөң жүрөк бүт күйүп,
Кордук тартып, зар болуп,
Кыйла азап көрүп, Карадөө
Чөлдөп, суусап, күйүнүп,
Чымындай жандан түңүлүп,
Чөлдүү мейкин талаадан
Кырк кербен башы Момунжан
Табылган экен сыйпалгыр,
Багдат деген калаадан.
Ордолуу шайык көк жөөкөр,
Орчундуу түмөн калаадан
Табылган экен Момунжан,
Баягы капкасы темир ордодон,
Ордо оозунда сакчысы,
А сакчынын ар жагы
Дарбазаны бакчусу,
Бакчуларды караса,
Балбаны бар башкача,
Баатырлары бир канча,
Көмүтүн көргөн багынган,
Буйрук алса канынан,
Жан алчуудай жабылган,
Жазайыл, чокмор, чоюн баш
Жоо келгендей камынган,
Кызык экен желдети
Темирден кынжы салынган.
Кызыгын көрүп ойлосоң,
Кынжыда турган балбаны,
Балбандын бирөө бошонсо,
Адамдын чыгар далдалы.
Дарбазанын эшикке
Карадөө барып калганы.
Айтса тили билинбес,
Аябаган балбаны
Жалмап салчу немедей,
Карадөөгө карата
Жабылып жатып калганы.
Балбандары жабылды,
Баатырсынган Карадөө
Балакетке кабылды.
Казылган орго жазалап,
Кармап алып саларда,
Ээлигип келген Карадөө
Эми эсебин табарда,
Алты күлүк аты бар,
Момунжанга жаздырган,
Айчүрөк сулуу каты бар,
Сакчы кармап аларда,
Берен экен каркыбар,
Катын алып желдеттер,
Тизелери бүгүлүп,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Андай-мындай дегиче,
Момунжанга кат берди,
Катты чуркап бат берди.
Катын окуп караса,
Айчүрөктүн каты экен.
Кат артына караса,
Калың журттун түркүгү,
Эр Семетей аты экен.
Катын окуп караса,
Берен көк жал өлүптүр.
Кайра келбес чын жайды
Кайран немем көрүптүр.
Ойрон көк жал, Семетей
Эчак апат болуптур.
Семетейди укканда,
Момунжан байкуш турабы?
Эки көздөн аккан жаш
Омуроо ылдый кулады:

www.bizdin.kg

«Ата кайран жан достум,
Ободон жылдыз козголгон,
О дүйнөлүк дос болгон,
Ак буудай унун чайнашкан,
Келеме шарып кармашкан,
А дүйнө кеткен Манастан
Арстан тууган келигим,
Ажайык, талак, күнөөнү,
Бөлүшө тартар шеригим,
Ободо жылдыз болжошум,
Ой, Семетей, жолдошум,
Берен достум алган соң,
Ааламга кабар салайын,
А достума барайын».
Ичи өрттөнүп, боору чок,
Мындан башка сөзү жок,
Күндөн калды Момунжан,
Көп сүйлөбөй, сөз айтпай,
Тилден калды Момунжан.
Достусун жаңы укканда
Кантип туруп аянды,
Алтын жаак айбалта
Оң бөйрөккө таянды.
Болкулдап ыйлап кеп баштап:
«Ойрон достум» — деп баштап,
Сол бөйрөгүн таянып,
Солкулдады кеп баштап:
«Ойрон достум» — деп баштап,
«Алтын жаак айбалта
Душман көздөй бурбадым.
Кайран достум кабыланга
Каралды болуп турбадым.
Өөдөлөп айза сунганда
Өбөк болуп бербедим.
Эч болбосо достума,
Жөлөк болуп бербедим» —
Кайгыланып Момунжан
Карадөөнү чакыртты.
Ал Карадөө баатырга
Кумган коюп, чай коюп,
Аш тамагын жай коюп,
Кантын кардай топуруп,
Сарымайдан томуруп
Бөлөкчө жорук баштады,
Даамдуу күрүч, ширин аш
Палоону басып таштады.
Кабарга барган Карадөө
Карыны ашка толду эле,
Карчыгадай камынып,
Кайыптан акыл табылып,
Кара тилди кайрады,
Кайра тартпай Карадөө
Кан алдына сайрады.
Аты жүрбөй кор болуп,
Капа тартып Семетей,
Тайбуурулдан айрылып,
Калганын айтты Карадөө.
Тегеректеп жедигер,
Алганын айтты Карадөө.
Кайра тартпас чын жайын
Көргөнүн айтты Карадөө,
Айчүрөк баштап олжого
Кеткенин айтты Карадөө.
Аргын менен кыргыздын
Арманын айтты Карадөө.
Улуу тозок, чоң мүшкүл
Көргөнүн айтты Карадөө.
Канчородон каза таап
Өлгөндү айтты Карадөө.
Алмамбет уулу чоронун
Арманын айтты Карадөө.
Кечирин жоого кестирип,
Калганын айтты Карадөө.
Жылкычыга кул болгон,
Арманын айтты Карадөө:
«Ыйыкка отун көтөрүп
Өлгөнү жүрөт Күлчоро,
Быйыл ажал, мүшкүлдү,
Көргөнү жүрөт Күлчоро.
Ушу бүгүн чоронун
Каны калган бир кашык,
Эти калган көк жашык.
Аяш ата Момунжан
Айлалуу өзүң барбасаң,
Күл абамды өлүмдөн
Ажыратып албасаң?
Төрөнүн уулу Сейтекти
Билбегенди билгизип,
Билип жолго киргизип,
Айдай жеңем Айчүрөк
Айчүрөк айткан кеп эле,
Аяш ата — Момунжан
Азап менен мүшкүлдөн,
Тозок менен кордуктан,

Ажыратсын деди эле.
Ажыратып албаса
Курга түйгөн кантына
Кудайлашкан антына,
Жеңекем айткан кеп эле,
Аяш атам беренди
Антка койгун деди эле» —
Карадөө мындай деген соң:
«Айчүрөк айтса мындай деп,
Арбагы артык Манастын
Атын сыйлап барайын.
Айдай катын Чүрөктүн,
Аяшым эле башынан,
Катын сыйлап барайын.
Жети миң кызыл нар айдап,
Ай тийгендей досума
Куран окуп келейин.
Өлгөндө көргөн берени
Барып бала Сейтектин
Быйыл жүзүн көрөйүн!
Шердин шери Күлчоро
Назарым анык салайын,
Айлам жетсе кургурду
Айыктырып алайын.
Алмамбет уулу чорого
Үзүрлүү кебин айтайын,
Өчкөн отун тамызып,
Өлгөн жанын тиргизип,
Андан кийин кайтайын.
Буттап алтын зээр менен
Миңдеп кызыл нар менен,
Азар түмөн мал менен,
Өткөн көк жал баатырга
Азасын окуп кайтайын,
Артында калган жетимге
Үзүр-назыр айтайын,
Андан кийин кайтайын».
Деп, ошентип, Момунжан
Кастуу түмөн капкачы,
Капкачыда бакмачы,
Найзакердин эринин
Баарын жыйып алды эми.
Акылга дыйкан беренин,
Керилип балта чапчуусун,
Кеп айласын тапчуусун,
Эң күжүрмөн даңгылын,
Кайраты толук камбылын,
Аламан койчу ыктуусун,
Акылга чечен мыктуусун,
Кең көкүрөк дардаңын,
Кериштен качпас балбанын
Чогуу жыйып алды эми.
Нар чубатып, мал алып,
Алтымыш балбан жан алып,
Калк чогулган чуу болуп,
Асман жарган дуу болуп,
Пилге арткан кол бакыр.
Кыязга жүрдү көп баатыр.
Момунжан тандап кол алып,
Балбандардын баарына
Жекей боз тонун кийгизип,
Тегиз күлүк, сүт бото
Желмаян төөдөн мингизип,
Беш адамга бир адам
Башчы коюп салыптыр,
Он адамга бир жанды
Жакшы коюп салыптыр,
Алтымыштын эсебин
Элүү башы алыптыр.
Он башчысы ороктоп,
Элүү башы короктоп,
Баатырлары бөлүнүп,
Айзалары короюп,
Кол-колунда көрүнүп
Касаба желек туу толуп,
Айгайлаган чуу болуп,
Курун селде чалынып,
Куп жөнөптүр Момунжан
Кудуретке жалынып
Аргымагын жайлашты,
Алтымыш балбан белине
Кетмендей токоч байлашты.
Пилге ок, дары арттырды.
Баякы арты кучак чоң комуз.
Дутарларын тарттырды.
Алтымыштай балбанга
Тегиз акуш айттырды.
Аргымагын жайлатты,
Демдеме күрүч, ширин аш
Конгон жерге кайнатты.
Кыясы кыйын бел ашып,
Кыйын дайра, көл кечип,
Кыйла күнү чөл басып.

Момунжан келип калыптыр.
* * *
Карап көзгө иле албай.
Алмамбет уулу Арстандын
Кайда экенин биле албай,
Кабарчыдан кеп угуп,
Жылкыга кетти деп угуп.
Чук-Теректин оюна,
Жети-Өзөндүн боюна,
Тоо жоголгон урчукка,
Томурайган тумшукка
Эрендер жетип конду эле.
Чыканактап уйку алып,
Чырым уктап, тынч алып,
Жатып жамбаш талдырып,
Жамбаштап уйку кандырып,
Жол баскан тулпар буудан ат,
Бул элдин дөөсү Момунжан
Чатыраш ойноп, даң салып,
Чук-Терек конуп калды эле
Төбөдөн жылдыз сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Желпилдетип жекенди,
Жети-Өзөн шамал урганда,
Чөп шыбырап турганда,
Кадырман көк жал Карадөө
Коңуругу басылды,
Умачтай көзү ачылды.
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Ач арстандай толгонуп,
Колун сууга салды эле,
Кол дааратын алды эле.
Шашып намаз окуду,
Керкүрөңдү токуду.
Күн эмне болду? — деп,
Күлчородон чочуду:
«Карааным эле Күлчоро
Каяша бербес окустан,
Карагул кармап сойдубу?
Кабылан тууган арстаным
Карганын жеми болдубу?
Кутурган неме сойдубу,
Курган байкуш абакем
Кузгундун жеми болдубу?»—
Күлүстөндү көрүүгө
Эки көзү төрт болуп,
Ээр белдей боз мойнок,
Акыл сынап, иш ойлоп,
Төбөгө чыгып караса,
Көктөн түтүн бөлүндү,
Бир ак чатыр көрүндү.
Ал чатырга барууга
Ою кетти Карадөө.
Барып жетип караса,
Чатыр алды ак мамы,
Сай кашкага чак мамы,
Көктө түтүн бөлүнөт,
Аюу көпчүк, ак быштан,
Азамат аты көрүнөт.
Тууган болсо, туура өзүм
Туугандыгын билүүгө,
Душман болсо аларды,
Жексен кылып тийүүгө,
Сандыргалуу Карадөө
Салып жетип караса,
Калайык аман, калк аман,
Тегиз курчоо жер экен,
Эр Күлчоро шер экен.
Тилегин кудай бериптир,
Бабасына каралап
Берен Сейтек келиптир.
Ооруганы басылбай,
Умачтай көзү ачылбай,
Ойлонсо, көңүл жазылбай,
Тумшугу жок чоронун
Ооруп жаткан кези экен.
Чоро ооруп жатканда,
Кабарга барган Карадөө:
«Салоодон салоом алейкум,
Сандыргалуу шерим — деп,
Адамзаат пендеге
Табылбай турган эрим — деп,
Дартыңа шыбаа кылууга
Себепкер алып келдим — деп,
Кан атаңын сырдашы,
Абакеңдин курдашы,
Туу түбүнө туруучу,
Илдетке шыбаа болуучу —
Аяш атаң Момунжан
Дарыгер алып келдим, — деп,
Тилеген дартың көк жалым
Колуңузга бердим?»— деп,
Карадөө келип турду эле.
Алтымыш балбан, Момунжан,

Аттан түшүп албайып,
Күлчорону көргөндө.
Мууну бошоп буркурап,
Момунжан ыйлап турганда.
Кожураган коногун,
Колунан кармап Күлчоро
Козгой берди жомогун:
«О аяш ата, Момунжан,
Аман-эсен келдиңби?
Кара жер менен тең болгон
Абалымды көрдүңбү?
Көл дайрадан айрылып,
Балчык болуп турабыз,
Көмөкөй тилден айрылып,
Тантык болуп турабыз.
Берен элек — кайгырдык,
Белгилүү шерден айрылдык,
Аяш ата Момунжан,
Жондор жооруп, шор кайнап,
Жорго болуп келгенбиз.
Агыштын уулу Кыязга
Олжо болуп келгенбиз.
Талаанга түштү малыбыз,
Кашыкча калды каныбыз,
Жоголуп бара жатамын,
Аяш ата Момунжан,
Бизди жолдош кылып алыңыз!
Асмандан жылдыз боз болгон.
Атакем менен дос болгон,
Суукка тоңдум, тонуң бер,
Тилендим, эки колуң бер?
Дарман кетти, дары бер.
Кожо заада кан ата,
Дарыңыздын баарын бер?» —
Деп, ошентип, Күлчоро
Байкуш мындай деген соң,
Аяш ата Момунжан
Себепкердин өзү эле,
Карарган кара көзү эле.
Момунжандын өзүндө
Кошмо кызыл дары бар,
Ээн шаардан алдырган,
Дарысынын баары бар,
«Эбеп», «себеп» дарыны
Так ошондо алдырган,
Бир бергенде дарысын
Ооруган жери басылат.
Бир бергенде, дарыдан
Умачтай көзү ачылат.
«Апы-үпү» дарыдан
Кыл аябай Момунжан
Кыйындан дары салды эле,
Мында дагы болгон жок,
Айыгып чоро оңгон жок,
Чыны менен күйүнүп,
Чымындай жандан түңүлүп,
Арданып чоро күйүнүп,
Аманат жандан түңүлүп.
Чоро минтип турганда,
Аяш атаң Момунжан
Акыл ойлоп, көп ойлоп,
Ар ооруга себепкер
Камбылдыгы дагы бар.
Күн кылкылдап батканда,
Элдин алды жатканда,
Көнөчөк баштуу көк даңгыт
Көк жалдан калган ит экен,
Улуп-уңшуп күйчү экен,
Баана кылып чорону
Байкушуң ээрчип жүрчү экен.
Баатырдан калган көк даңгыт,
Баса калып Момунжан
Көк даңгытты сойду эми,
Кесип алып кечирин
Күлчорого салды эми.
Кылдат экен Момунжан
Күлчоронун далыга
Ит кечирин эп кыйып,
Кырма кызыл дарыны
Кырк жол сыйпап салганда,
Кайнатма кара дарыны
Канча жол сыйпап салганда,
Ата байкуш чоронун
Ооруган жери басылды,
Умаштай көзү ачылды.
Денеге чуркап кан толуп,
Кайраты ашар күн болуп.
Ай бөксөрүп, түн өтүп.
Арадан эчен күн өтүп,
Кубат кайнап, күч толду.
Мына ошондо Күлчоро,
Ордуна келип оңолуп.
Сүрүмдүү кыраан байкуштун
Сүйрүсүнө сүт толуп,

www.bizdin.kg

Ийрисине эт толуп,
Агыштын уулу Кыязга
Беттешер кези болуптур
Келбети тоонун теңиндей.
Кез болсо аны жегидей,
Шай колдогон Күлчоро
Жаңжал салбай турабы?
Алтын жаак, чоюн баш,
Заарын көрсөң оолак кач,
Кармап колго имерди,
Жолум үйдөй кара таш
Кош колдоп тартып жиберди.
Чокморунан чок чыгып,
Быркыранып от күйүп,
Кара таштан от чыкты.
Чапканынан чаң чыкты,
Көргөн элден жан чыкты.
Мына ошондо эр Сейтек
Жаш да болсо акылман
Алдыртан байкап сынады.
Баштагы чаркын билмекке
Абасынан сурады:
«Кубатыңыз, күчүңүз,
Чапчыша кирген чамааңыз.
Кандай эле алыңыз?
Алыңызды сынаңыз,
Күчүңүздү билиңиз,
Байыркыдай күч болсо,
Ал-абалың бүт болсо,
Анан жоого тийиңиз». —
Деп, Сейтек сурап турганда
Сырын айтты Күлчоро,
Мактанбай да, кемитпей,
Чынын айтты Күлчоро:
«Күлүстөн абам барында,
Айбалта кармап бурчу элек,
Күч сынашып турчу элек,
Алышка качан тойчу элек!
Жазайыл жааны колго алып,
Катарынан күч сынап,
Токсон кетмен койчу элек.
Жебе зуулдап жетичү,
Токсонун тешип өтүчү.
Ойронуңдун барында,
Оюнга канып, тунчубуз.
Түзөңгө чыккан кайынды,
Түбү менен жулчубуз.
Төө көкбөрү тартчу элек.
Төрө көк жал барында,
Токсон катар кетменди
Жаа огу менен атчу элек.
Күчтү сынап алчубуз.
Дандуң-Баштын тоо теке,
Териси менен зоо теке,
Ашаткыга салчубуз.
Таалайлуу энем алдында
Тамандашып тартышып,
Үзүп-үзүп салчубуз.
Булчуң эттер муштумдай.
Мурдагы күч ушундай.
Кубаттын аман чагында,
Куруган абам барында,
Күлкү салбай турбаган,
Күйүнүп жоого кирүүгө
Күч-кубатты сынаган.
Кабылан абам барында
Калк кайтарган биз элек,
Кырдуу болот бөрк элек,
Кызарып күйгөн өрт элек.
Капчалдуу шамал бел элек,
Кагышканга бой бербес,
Ач арстан, шер элек,
Уксаң жайым ушундай,
Канатымдан кайрылдым.
Карааны тоодой кабылан
Абакемден айрылдым.
Өпкөм түшүп оозуман
Жөтөлө албай турамын.
Омуроом чырмай ок тийип,
Өз денемди мен өзүм
Көтөрө албай турамын.
Бел байлоого белим жок,
Бекип жаткан жерим жок.
Каралды чалкак тоом жок,
Калдайган айыл элим жок,
Кызмат кылып, таш жарчу
Жан бирге эки колум жок,
Кулдукта жаман күйгөмүн,
Балам, Сейтек, жалгызым:
Эсилден тукум калды — деп,
Сени күтүп жүргөмүн.
Абайлап уктум сөзүңдү,
Асылдан калган мураа — деп,
Паана кылдым өзүңдү.

Тартканым мээнет шор болгон,
Түшкөнүм чуңкур ор болгон,
Берениm жетим келген соң,
Эзелки дартым козголгон.
Өчкөн отум тамган соң,
Өлчөөмдү кудай берген соң.
Тилегеним келген соң.
Капаны жарык ачайын,
Желиккен жүрөк басайын.
Умаштай көзүм ачайын!
Кырсык кескен эреним,
Кымбаттан калган береним.
Асылдан калган айбатым,
Алдыма түшчү кайратым.
Аңсасам суусун кандырчу
Туурадан аккан булагым,
Туу орногон чунагым,
Боз ала тарткан болпоңум,
Белгилүү айкөл көк жалдан
Белекке калган чолпонум,
Өлчөп жүргөн өбөгүм,
Белиме таңуу жөлөгүм,
А дүйнө кеткен асылдан
Ашкере калган бөбөгүм.
Кара-Кыя, Баткалда
Калың душман ок атын,
Абамды камап жатканда
Анын айткан кеби эле:
«Жетим эсен чоңойсо,
Арка кылгын — деди эле, —
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас.
Калаа кылгын — деди эле,
Калган Сейтек баланы,
Бала кылгын» — деди эле, —
Айтып абам кеткенде,
Өрттөнүп-жанып күйгөмүн.
Мурунку кеткен абамдан
Мураага калган Сейтегим,
Өзүңдү күтүп жүргөмүн.
Өңчөй кордук мүшкүлгө,
Он эки жыл күйгөмүн.
Ойлоп жетим жетер деп
Бек мүшкүл тарткан бакырдын,
Бир тушоосун чечээр деп,
Каарлуудан безер деп,
Душман башын кесер деп,
Өзүңдү күтүп жүргөмүн.
Сынган канат жетилип,
Жыргалым кайра кезигип,
Күнүм келип калган соң,
Кырсыктын баары кесилип,
Кайгым качып оңолдум,
Кайра баштан зор болдум». —
Баштагыдан беш бетер,
Шай колдогон Күлчоро
Жанга кирип калыптыр.
Кайрадан күчү топтолуп,
Арстаның чоро желигип,
Күүгө келип калыптыр.
Шай колдогон шер чороң,
Байыркы түрүм мындай деп,
Сырын айтып турду эле,
Сырын угуп эр Сейтек:
«Дарманың кирди, кан абам.
Байыркы күчкө салыңыз!
Кармашар жооң Канчоро
Кара аскар тоо сеңирдей,
Чындашаарың зор Кыяз
Чыңоолу кызыл темирдей.
Чамасы кетип Күлчоро,
Алардан өлдү дедирбей.
Күрдөлүү мүшкүл салыңыз!
Күлүстөн абам, көй кашка
Күчүңдү сынап калыңыз!
Чамаа кайнап, күч толсо,
Баштагыдай иш болсо,
Анан согуш салыңыз!
Кежирлик кылып. Канчоро
Кең-Колдон чапса көчүңдү
Келберсиген арамдан
Ушунтип алгын өчүңдү!»—
Деп, ошентип, жаш Сейтек
Буудан шердин тукуму
Буудан оозун бурду эле,
Күрдөлүү абаң чоронун
Күчүн сынап турду эле.
Алмамбет уулу Күлчоро
Жайнаган кызыл чок эле.
Жалганда мындай жок эле.
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Адамдан чыкпайт мындай эр.
Кең көкүрөк, жайык төш

Келбеттүү сулуу, кара көз,
Берен тууган Чорого
Токсон катар кетменди
Катар коюп берди эми.
Эрдигин сынап турду эми.
А кетменди атууга
Шай колдогон Күлчоро
Чаманы чактап көрүүгө,
Колуна болот жаа алып,
Эрдин тиштеп, тиш чайнап,
Боз кисени курчанып,
Күнгүрөнүп, үн салын,
Болот жааны колго алып,
Кетменди тиктеп турду эле.
Бели ийилип, бекчейип,
Көз тумандап чекчейип,
Бармагынан май чыгып,
Билегинен Чоронун
Чыпылдап кара кан чыгып,
Күчтү жыйнап тиштенип,
Омуртка сөөк быркырап:
«Ардаңгандан кутургур
Арам өлөр бекен — деп,
Кантип кетмен атат?»— деп,
Калайык турду жарданып,
Күлчорого таң калып.
Жаасын кармап камынды,
Алмамбет, Манас көк жалдын
Арбагына жалынды.
Талыбай жааны тартты эле,
Шакылдаган кургурдун
Шамдагайы болжолсуз,
Кетменди Чоро атты эле,
Токсон катар кетменден
Токтолбостон өтүптүр,
Кетменден өтүп, жаа огу
Катар жерге жетиптир.
Муну көзү көргөндө
Баабединге бата айтып,
Атасы кандын жолуна
Ай туякты бат айтып,
Ушунтип Чоро сүйүндү:
«Байыр бала жаш кезде,
Дөөлөт толгон мас кезде,
Кең багалек жаш кезде,
Кетмен коюп атчу элек,
Күч кененин билчү элек.
Илгерки аткан кетмендин
Сексенинен өтчү эле.
Кучөп атсам кетменди
Кабырга сөөгүм кайышчу.
Андагыдан бу кезде,
Өөдө болгон экемин.
Боконо сөөгүм болкоюп,
Болуп калган экемин.
Жетимим келип жетилип,
Толуп калган экемин.
Аңдышканым — эр Кыяз
Тийишер кезим болуптур,
Тилегим кудай бериптир.
Эми Кең-Колдон тием көчүмдү.
Келберсиген булардан
Кейитип алам өчүмдү,
Дардаңдаган булардан
Талашып алам өчүмдү!
Алты ай калып курсакта
Туулбай жетим болгонуң,
Астыма салсам — ак жолум,
Самап жүрсө — сан колум,
Тондон кымбат буулумум,
Асыл абаман калган кулунум,
Кулунум сенин айыңдан
Не мүшкүлгө түшпөдүм,
Не ачууну ичпедим?
Кечкеним жалын от болуп,
Жегеним томук, топ болуп,
Үстүндө жаттым куурдун.
Эрмегим тийип колума
Ээ, балам, энеден бүгүн туулдум,
Дөөлөт толкуп, бүт келди,
Кайран абаң башына
Кабылан канча күч келди.
Түн жоо болуп, күн келди,
Калаага курган бак келди,
Жедигердин Кыязга
Талкалашар чак келди».


Деп, ошентип, Күлчоро
Баабединди бат союп,
Ай туякка ат союп,
Үзүлгөнү уланып,
Чачылганы жыйналып,
Жаңырып жан оңолду
Жапалуу заман, каран күн,

Калбай баары жоголду.
Чоң Момунжан кары бар,
Чоң Карадөө дагы бар.
Алмамбет уулу Күлчоро
Башынан кордук жоголду,
Баатырдын иши оңолду.
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Жерин самап желикти,
Жыргалдуу кыргыз, көп аргын
Элин самап ээликти.
Ок өтпөгөн бадана,
Куржундан алып кийишип,
Ок жетпеген Туучунак
Жылкыдан кармап минишип.
Эшен чалдан бата алып,
Жылкыдан каалап ат алып,
Кээ бир күлүк таап алса,
Кара байыр, казанат
Керишке минер мал го? — деп,
Беренге тийчүү кан го? — деп,
Кээ бир күлүк таап алып,
Буура көкүл капкан бел,
Кермеге аса байлады.
Кара байыр, казанат,
Калбыр өпкө, жез билек,
Тулпардан каалап ат алып,
Жай жарагын шайланды.
Күч бергени Момунжан,
Кеңеш айтып баркылдап,
Эп бергени Карадөө,
Кымыз чайкап, тай союп,
Эт бергени Бозбала.
Бу Күлчоро көк жалың
Эр кайраты сонундай,
Күлчоро жайы момундай.

www.bizdin.kg



# Кыяздын өлүмү жана Сейтектин Таласка келиши



## КЫЯЗДЫН ТООГОРУДАН АЖЫРАШЫ

Ошо кезде Айчүрөк
Арка чачы самсаалап,
Тоту куштун жүнүндөй,
Кобулдуу колу жымылдап,
Перизаттын бириндей.
Албырган жүзү кыпкызыл,
Кызгалдактын гүлүндөй.
Кыялдуу жигит тиктесе,
Турабы ичи бүлүнбөй?
Ар кыялын карасаң,
Аппак куунун түрүндөй.
Каадалуу катын Чүрөктүн
Нур жайнаган кара көз,
Камчыдай бели ийилген,
Жумшак кыял, таттуу сөз,
Кыялы башка кыйгачтап,
Күлүп сүйлөп, «төрөм» — деп,
Эр Кыязга сөз баштап,
Кымыздан тарткан нак шарап,
Уйбаш кара жан аяк,
Толтура шарап куйду эми.
Жадүгөй катын Айчүрөк
Жалооруй басып, телмирип,
Эр Кыязга сунду эми.
Кызыккандан зор Кыяз
Чүрөк сунган шараптан
Үч жан аяк урду эми.
Айчүрөк шарап сунганда,
Каткырыгы таш жарып,
Кайран Кыяз сөз баштайт,
Айчүрөктү көргөндө,
Умачтай көзү ачылып:
«Перинин кызы кыраакым,
Берен Чүрөк, мураапым,
Өзүм Кыяз атка конгону,
Оң тизеңди бүгүлтүп,
Аш бергениң жок эле.
Ар качандан бир качан
Баш бергениң жок эле!
Бүгүн Чүрөк убарлаш,
Айкөл баатыр колунан
Тартып алган курбалдаш». —
Деп, ошентип, бу Кыяз
Чечекейи чеч болуп,
Чеч кап менен бир болуп,
Белгилүү Чүрөк капырдын
Сулуусуна суктанып,
Баатыр Кыяз турду эми,
Уйбаш кара жан аяк
Бирди түгүл, бу Кыяз
Төрттү катар урду эми.
Шарап ичип алкынып,
Ач арстандай талпынып,
Байыркы кептен баштаптыр,
Арбын дүйнө, калын мал
Такыр кечип таштаптыр.
Жети-Өзөн күтүп жер кылган,
Жерин мактап алыптыр.
Жети-Өзөндө жедигер
Элин мактап алыптыр.
Карарган кара көр Кыяз

Өзүн мактап алыптыр.
Манастын уулу баатырдын
Эбин таап, катуу сайдым деп —
Эрдик кылып салдым деп,
Мактанчы кылып салыптыр.
Ошо кезде Айчүрөк
Амалы артык чоң дүмөк,
Айтып турду күлүңдөп:
«Баатырымсың, шеримсиң,
Боз дөбөдөй даңкайган,
Бел экениң дагы чын,
Болжолу жок көй кашка,
Эр экениң дагы чын.
Баатыр болсоң, шер болсоң,
Берен Кыяз сен болсоң,
Айтканым мындай билип ал,
Көк жал Кыяз, тилимди ал!
Эр экениң чын болсо,
Деген сөзгө көнүңүз,
Биз өңдөнгөн мискинге
Каным, сураганын бериңиз?!
Өзөндөн аккан булагың.
Жанагы турган жаш Сейтек
Сенин өзүңдөн тууган чунагың.
Найзага таккан желегиң,
Алдейлеп турган белегиң,
Боз ала туйгун болпонуң,
Боз карчыга чолпонуң,
Кечигип жүрүп көргөнүң,
Алдейлеген эрмегиң,
Эсеби түмөн жылкыга
Барып көрүп келүүгө,
Балаң малга кеткени
Бир далай күндөр өтүптүр.
Өзөндөн аккан булакты,
Барып алып келейин,
Өлгөндө көргөн чунакты!
Маңдайдан аккан булакты,
Маана кылган чунакты,
Артынан издеп барбасак,
Баланы барып албасак,
Ысыкка бала күйбөйбү,
Суукка бала тоңбойбу,
Көзгө басар баласын
Көрүп бакпай койду — деп,
Ар ким шылдың кылбайбы,
Кудай бизди урбайбы?
Мен балаңа барайын,
Сандап аткан жылкынын
Канча? — деп санын алайын,
Түмөндөгөн кара мал
Түмөнүн жыйып алалык.
Түп көтөрө ал малды
Чубатууга салалык.
Казатка минер ат издеп,
Тулпардан жетик көрөйүн,
Балаңды алып келейин!
Деген сөзгө көнүңүз,
Үртүктөп баккан Тоотору ат,
Тоотору атты бериңиз!
Толуктап, тондон киейин..
Катын да болсом кайран баш
Тоотору берчи минейин!
Ободогу жылдыздай
Болжош болуп берейин,
Чалгынды бирге, чалышып,
Куугунду бирге куушуп
Жолдош болуп берейин.
Бууданың бергин, минейин,
Кайгуулга кеткен уулуңдун
Кайда экенин билейин!
Жер кашатын чалбайын,
Тоотору берсең өзүмө,
Жети күндөн калбайын!
Баатыр болсоң, шер болсоң,
Падыша Кыяз сен болсоң,
Тулпарың берер бекенсиң?
Кан экениң калп болсо,
Кайран башты кесерсиң…
Түпөктүү найза, зулпукор,
Колума алсам ыргайын,
Тоотору берсең, падышам
Катын да болсом, жыргайын!» —
Деп, ошентип, Айчүрөк
Тоотору сурап турганда,
Кыязды кудай урганы:
«Түү-түү, Чүрөк, кантесиң,
Эркелер эбиң табалбай,
Антесиң да, минтесиң!
Аты катын ургаачы
Атка минсе болобу,
Катын тулпар мингенде
Башын жебей оңорбу?
Кандын зайбы талпылдап

Тулпарга минген болорбу?
Катын деген адамдын
Казан менен иши бар,
Кан тулпарын минем деп,
Кай жактан алган күчүң бар?
Ургаачы деген казына,
Үйү менен иши бар.
Ок өтпөс тонуң бергин деп,
Кай жактан алган күчүң бар?
Бек зааданын зайыбы
Тулпар минген болобу,
Кан зааданын катыны
Башы жок жүргөн оңобу?
Койгун Чүрөк, кебиңди.
Ким уксун мындай сөзүңдү,
Ким көрсүн мындай көзүңдү!
Ок өтпөс тонду кийгизсем,
Ок жетпеген Тоотору ат
Тоотору атты мингизсем,
Жети-Өзөн жыйган дүнүйө
Дүнүйөнү чачпагын,
Жериңди көздөй качпагын?
Калың казып орумду,
Кайнатып жүрбө шорумду,
Тосуп жүрбө жолумду?
Көргөзүп жүрбө сонунду,
Укпайм, Чүрөк, кебиңди,
Перизаада сен болсоң,
Берен Кыяз мен болсом,
Катын туруп ат сурап,
Кадырдуу Чүрөк зайыбым,
Каадалуунун өзүсүң,
Дүмөктүү кара көзүсүң,
Башынан чыккан балакет,
Чуулгандын өзүсүң!
Тоо арасын суу бузат,
Эл арасын чуу бузат.
Оболкусун мен айтсам,
Ногой, Шыгай бир тууган,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Аша тууган чыр Кожо,
Үйүң күйгөн кутургур,
Өз элинен айрылып,
Тентип кетип, каңгырып,
Өзөн бойлой конуптур,
Жеткилең бузук болуптур.
Эки сүйлөп, журт чайкап,
Эсеби жок чыр кылып:
«Манастын уулу көөдөккө,
Басып кыргын салгын» деп,
«Катынын тартып алгын» — деп
Канча жерге чыр салып,
Эрен да өлдү, шер өлдү,
Эчен эрдин баары өлдү.
Катынында калк бузган,
Ай ааламды буй кылган,
Кара жолтой Чүпөксүң,
Калабалуу дүмөксүң!
Тулпарым бар, атым бар,
Баатыр Кыяз баркым бар,
Катын башың чыр кылып,
Тоотору сурап турасың,
Аты, тонуң бергин деп,
Чүрөк кимди шылдың кыласың!?
Дегениңе көнбөймүн,
Тоотору атты бербеймин!»
Кыйкырып Кыяз муну айтып,
Кызык баштап турду эле.
Ат сураган Чүрөккө
Ар немени көп сүйлөп,
Жедигердин эр Кыяз
Бузук баштап турду эле.
Ошо кезде Айчүрөк
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Санаасы жаман бөлүнүп,
Алтымыш санаа, миң кыял
Төбөсүндө көрүнүп.
Жапа тартып, бейтаалай
Өлөйүн деп, өлө албай,
Өлчөлүү жанды кыя албай:
«Мыктуусунган эр Кыяз
Шер экениң билинди,
Чындап койгон темирдей
Көк экениң билинди.
Ай ааламды арбайып
Алгандыгың билинди.
Бендеден жеке жаралып,
Калгандыгың билинди.
Көңүл чөгөт, убай бар,
Күрсүлдөгөн ит Кыяз,
Чоңдугуңа кудай бар!
Оңбогон Кыяз, оңбой кал,
Оюмду бердим, оңбойсуң,

Ойлочу Кыяз, бу сөздү
Бузугуңду койбойсуң!
Көңүлүм бердим, оңбойсуң!
Качан да болсо, сен Кыяз,
Арамыңды койбойсуң!
Койбосоң Кыяз, койбогун,
Өзөндүү жайга кономун,
Өлбөсөм сендик боломун!
Токтой тур, Кыяз, кан төрөм,
Боюмду салсам, болбойсуң,
Ар убактан, бир убак,
Арамыңды койбойсуң!
Эрен Кыяз деп жүрсөм,
Эселек Кыяз экенсиң,
Баатыр Кыяз мен десем,
Арам Кыяз экенсиң!
Көзү ачык Кыяз деп жүрсөм,
Кокуй Кыяз экенсиң,
Көөдөнү жок көмүлгүр,
Сокур Кыяз экенсиң!
Ат сурасам, сен Кыяз
Кадырымды билбедиң,
Ардактуу атым тулпар деп,
Түш жарым күчүн бербедиң.
Бербесең бербе атыңды
Арданып, жанып күйөйүн,
Бир тайыңа тең болбой
Кантип тирүү жүрөйүн!»
Деп, ошентип Айчүрөк
Караргандан түнөрүп,
Катуу кейип калды эле.
Агыштын уулу зор Кыяз
Ачык айтпай мыңкылдап,
Айласы кетип кыңкылдап:
«Бул өзөндүү колот тик кыя,
Акундун кызы Айчүрөк —
Катындан чыккан шуркуя.
Учканын жума күн билет,
Жүргөнүн кадыр түн билет.
Ат бороюн сыдырат,
Ай ааламдын баарысын
Учуп жүрүп кыдырат.
Белес ашып, бел көргөн,
Белгилүү эчен эр көргөн,
Бекип жаткан бели көп,
Тиерине эри көп.
Кылтылдаган катындын
Кыялы тентек капырдын,
Бейжайлыгы кармаса,
Баки журтка чуу баштайт».
Деп, зор Кыяз ойлонуп,
Кейип турган Чүрөккө
Тоорун бербеске
Эми айласы жок арамын
Анткор кебин баштады:
«Сынап-сынап кеп салсам,
Сурданып, Чүрөк болбойсуң,
Минтсең Чүрөк, оңбойсуң!
Ар качандан, бир качан,
Кайратыңды койбойсуң!
Кантип тулпар аяйын,
Артык тулпар Тоотору ат
Кумга туулуп, ташка өскөн,
Кулан менен куушкан,
Ээн белдин тулпары,
Тулпар менен туушкан,
Аңгектен ыргып чураган,
Артык тулпар экен деп,
Жез тумшук кемпир сынаган.
Жеткилең күлүк Тоотору
Айгай салса шашпаган,
Ай караңгы түндөрдө
Бир изин эки баспаган.
Чуу укканда сөгүлгөн,
Чуркаганда кара жер
Кат-катынан бөлүнгөн.
Кара саат жолтойдун
Тулпардык сыны көрүнгөн.
Тайгаланбайт бийиктен,
Ташты басса, кем эмес
Тоодо жүргөн кийиктен.
Кырк күнчүлүк чөл басса,
Кымбаттуу мүшкүл бел болсо,
Чып этип, ирмеп суу жутпай,
Чым дегизип чөп жебей
Чыдап берчү мал эле.
Туура кыйын чочконун
Тулпардыгы бар эле.
Кең көкүрөк, тайган төш,
Келки туяк, кең соору
Келишимдүү Тоотору ат
Ботом, кейигенден берейин,
Кежирлик кылбай, минип бак.
Ээликмеси бар эле,

Эсепсиз тулпар — Тоотору
Катын минбес мал эле,
Кайыптыгы бар эле.
Касиеттүү мал эле!
Айгыр жүрүп ат болгон,
Эчен жакын сөөк, тамыр,
Тоотору үчүн жат болгон.
Бугудай мойнун бураган,
Бута бою татаалдан
Бура тартпай чураган.
Буудандыгын билгенде
Жанаалы, Карач эки дөө,
Тагабыз экөө сураган.
Сураганга бербеген,
Бермек турмак караңды
Пейли жаман минбеген.
Жетик тулпар экен деп,
Көз ачыктар жактырган.
Алты убак арпа илдирип,
Асемдетип бактырган.
Ар көргөндөр жактырган,
Бугудан чылбыр сүйрөткөн,
Куюн көтөн Кайып чал
Курган киши үйрөткөн.
Асый болуп арс эмген,
Кара сөөгү кесилген,
Тулпар болуп жетилген.
Көкүлгө үкү тактырган,
Бирөөнүн көзү тиер деп,
Көмүскөй жерге бактырган.
Маанисин көрүп кубанып,
Баабедин ата жактырган.
Кабыргалуу казанат
Кадырман күлүк Тоотору ат,
Айгыр ашып, бээ тууган.
Телегейин тең тууган,
Тең тулпар Тоотору,
Тоотoруну берейин,
Айдай катын Айчүрөк
Саламат барып, сак келгин,
Сагындырбай бат келгин.
Эсен барып, соо келгин,
Эриктирбей бат келгин!
Өзөнгө жалгыз жүрбөгөн,
Бейдаарат жан минбеген,
Чылбырдан зайып албаган,
Кыяздан бөлөк жалгыз жан
Жанына чыдап барбаган.
Көргөнгө сонун мал эле,
Тулпарлыгы бар эле.
Жеткилең күлүк бу чочко,
Үстүмө катын минди деп,
Зайыбы сапар жүрдү деп,
Ооздук тиштеп, баш чайкап,
Бугудай мойнун бурбасын,
Бута коюп аңгекке
Ала качып урбасын,
Аягына сак болгун!
Аңгекке уруп кокустан
Казбасын калың орумду,
Ажыратып Чүрөктөн,
Кайнатпасын шорумду,
Угуп тур, Чүрөк, жообумду!
Учам десем — канатым,
Тоотору менин жан атым!
Таштуу жерде тарта бар,
Жылкычы башы Карагул,
Бегиме кабар айта бар!
Түмөндөп жаткан кара мал,
Түк койбой жыйып алсын де,
Сай кашканы, күлүктү,
Түгөл жыйып алсын де!
Деген сөзгө көнсүн де,
Туура тулпар күлүктөн,
Туулган уулум Сейтекке
Ат энчилеп берсин де!
Урулдуу жылкым кулача,
Маңдайы кашка тумарча,
Баары тулпар көй кашка,
Жети-Өзөн жерлүү жылкыны
Жеткилең жыйып көрсүн де!
Өлгөндө көргөн балама
Ат энчилеп берсин де!
Жылкыга кеткен ал Сейтек —
Маңдайымда баргегим,
Жаңгыз туума айнегим,
Оозум ачып өпкөнүм,
Көзүмдү ачып көргөнүм.
Талаага бала конбойбу,
Балама муздак суук өтүп,
Бала оорулуу болбойбу?
Баргын Чүрөк, барып кел,
Талаага уулуң жүрбөсүн,
Алдейлеген чунакка

Ай салкыны тийбесин!
Күнгө балам күйбөсүн,
Каалап көргөн чунакка
Күн аптабы жетпесин!
Аны менен жалгызым,
Оорулуу болуп кетпесин!»...
Деп, ошентип, эр Кыяз
Ок өтпөгөн көк күпү
Этеги жайык бек күпү,
Бүчүлүгү бир тогуз,
Бурулса найза жетпеген,
Жазайыл атып, жаа тартса
Кылк этип бир тал өтпөгөн.
Кымбат баа көк күпү
Чүрөккө чечип берди эле.
Агыштын уулу зор Кыяз
Ары карап, мыңкылдап,
Бер жакка күлүп, кылтылдап,
Чыдай албай, ал Кыяз
Чылгый ичи өрт болуп,
Атасы Агыш өлгөнсүп,
Калк чогулуп, журт чуулап,
Кан атасын көмгөнсүп,
Түнөргөндөн карарып,
Түгөнгөн көздөн кан агып.
Көңүл чөгөт бөлүнүп,
Кагышка минчүү Тоотору ат
Кайрылбастай көрүнүп,
Жүрөк кайнап, ич бышып,
Бек оору болуп, эр Кыяз
Бербеймин деп айталбай,
Белгилүү катын Чүрөктүн
Өлсө, көөнүн кайтарбай.
Кой нары деп айта албай,
Кош олоң чач Чүрөктүн
Кой деп көөнүн кайтарбай.
Абайлап чочуп артынан,
Айчүрөк катын дартынан
Акыл ийлеп көп ойлоп:
«Нардай болгон тайкы жал,
Айланайын Тоотору ат,
Айрылдым сенден» — деп ойлоп,
Айласын таппай ал Кыяз
Ары карай бергенде
Көңүлү сайлап бөлүндү,
Көп мүшкүл башка көрүндү.
Ичи ачышып, көз жайнап,
Каяшаяк берүүгө
Чүрөктөн коркуп, шор кайнап:
«Булкушка кийген көк күпү
Кийбей калар бекемин?
Өткөн иштин жайынан
Шуркуя Чүрөк айынан,
Кагышка минчүү Тоотору ат
Минбей калар бекемин?
Айдоо түшүп артыман,
Айчүрөк катын дартынан,
Канатым кетип каңгырып,
Айбандан артык мураапы ат
Тоорудан айрылып,
Арам өлөр бекемин?
Катынга атым алдатып,
Жаман өлөр бекемин?
Чалкагай ашуу ашалбай
Белде калар бекемин?
Чып эткен суу табалбай,
Чөлдө калар бекемин?»
Ушуну ойлоп бу Кыяз,
Буулугуп ичи өрттөнүп,
Өрттөнсө да канетет,
Чүрөгүм сүйгөн жарым деп,
Ок өтпөгөн болумдуу
Как күбөнү кийгизди.
Ок жетпеген Тоотору ат,
Булгаары тердик, көк токум
Көк токумдун үстүнө
Алдыңкы кашы чылк күмүш,
Эки каптал тең темир
Сайышкан эрге чак каңкы
Тооторуга токуду.
Ичке басып төтөлөп,
Колу менен бу Кыяз
Тоотору атты жетелеп,
Айдай катын Чүрөккө
— Ай — күнүм, Чүрөк, мингин — деп,
Туура тартып барды эле.
Кымбат баа ак куржун
Кыйын балбан Айчүрөк
Шамдагайы болжолсуз,
Шакылдаган түгөнгүр,
Шапа-шупа салды эле,
Эптүү катын Айчүрөк,
Бул эселек Кыяздан,
Эби менен сурады.

Алтын таман үзөңгү
Теппей ыргып, чурады.
Эр мүчөлүү шуркуя
Эби бар бейбак турбайбы?
Каадасы жетик, акыл күч
Катындан мындай болобу?
Улукман жеңең Чүрөктү
Ургаачы деген оңобу?
Кара өрүм чачтын ыктуусу,
Катындардын мыктуусу.
Агыштын уулу Кыязды
Айла менен үркүтүп,
Амал менен коркутуп,
Сөз салып башын маң кылды,
Бир жак четин аң кылды,
Бир жагын бузуп чаң кылды.
Нардай болгон Тору атка
Эр мүчөлүү бейтаалай
Эми жеңең минди эми.
Окоро түйгөн ак тизгин,
Тоотору атка чак тизгин
Ороп колго алды эле.
Кара жаак булдурсун,
Чапса кулак тундурсун.
Асый өгүз терисин
Өзөк өлчөп кердирген,
Алты эркечтин терисин
Шыкап жатып өрдүргөн.
Алаканга чок койгон,
Түшкүнүнө карандын
Элиге ченеп ок койгон.
Адейи кылган камчыны
Ала коюп имерди,
Каң дегизип каранды
Капталга тартып жиберди.
Деңкең-деңкең желдирип,
Марал сындуу бастырып.
Кулжадай көзүн кызартып,
Эр Кыяздын алдынан
Бура тартып аларда
Күн бөксөрүп, түн өтүп,
Тоотору атка тил бүтүп,
Дууга кирди Тоотору.
Билгенге жаңжал чоң мүшкүл
Чууга кирди Тоотору.
Акылсыз көөдөк Кыязга
Сырга кирди Тоотору.
Ичин тартып Кыязга,
Окуранып, баш чулгуп,
Жедигердин Кыязга
Сүйлөп турат мындай деп:
«Баатыр Кыяз, сен элең,
Тоотору тулпар — мен элем.
Биттейиңде бириктик,
Бармактайда баш коштук,
Кенедей күндө кезиктик,
Ойноо бала сен болуп,
Ооз жарма тай мен болуп,
Мен казанат ат болуп,
Сураган киши жат болуп,
Канаттуу тулпар мен болдум.
Жети-Өзөн сууда жедигер
Жердеген баатыр сен болдуң.
Ушу бүгүн сен Кыяз
Кара жер менен тең болдуң.
Эрдигиң бар, эсиң жок
Эселек Кыяз сен болдуң!
Кыяз болбой, өлүп кал,
Туулбай туна чөгүп ал,
Катынга атын алдаткан,
Карабет Кыяз өлүп ал!
Жакасы алтын бадана,
Кагып-силкип кийбейсиң,
Белгилүү күлүк Тоотору ат,
Эми оңбогон Кыяз минбейсиң!
Кара кыяк эсен бол,
Катынга атын алдаткан
Кайран Кыяз, эсен бол!
Канатыңдан кайрылдың,
Каралды кылган тулпарың
Тоторудан айрылдың!
Белгилүү тулпар куйругун
Беш-бештен кармап өрчүбү,
Беренсиген шер киши
Катынга атын берчүбү?
Жети-Өзөн суугa кан болуп,
Желигесиң, жүрбөйсүң,
Жерге кир, Кыяз, аман бол,
Эми желкелеп мени минбейсиң,
Желигип жоого кирбейсиң?!» —
Деп, ошентип, Кыязга
Арыз-муңун айтарда,
Перизаада Айчүрөк:
«Ат сүйлөсө, окус — деп,

Артык берен эр Кыяз
Жаңжал кылар, кокус» — деп.
Шамдагайы болжолсуз,
Шуру боолуу чач мончок
Кармай калып имерди,
Каң дедире Тору атты
Маңдайга салып жиберди.
Маңдайга ачкыч тийгенде ,
Тулпар экен Тоотору ат
Тегеренип-темтеңдеп,
Темтең болгон немедей,
Тамтаңдай түшүп жыгылбай,
Үргүп барып оңолду,
Сүйлөй турган тору аттын
Айтууга тили жоголду.
Көкүлү көзгө жабылды,
Сүйлөй турган тулпарды
Кара жер менен тең кылып,
Тилин байлап салды эми.
Жедигердин зор Кыяз
Жети-Өзөндө чынар бак
Сейилге курган багында,
Отурган эле бу жолу
Калк башкарган тагында.
Көк арстандай чамынып,
Кайыптан акыл табылып.
Ачууланып бакырды:
«Айчүрөк!»— деп чакырды
Өкүрүгү баш жарып,
Кыйкырыгы таш жарды.
«Азап Чүрөк, тура тур,
Дарс окуса, — сабатым,
Тоотору — менин канатым.
Кадырман башка иш келсе,
Каранкүн жанга күч келсе,
Тил сүйлөгөн адаты.
Белгилүү тулпар мал эле,
Алты айчылык мүшкүлдү
Адамча сүйлөп Тоотору ат
Айтып турчу жан эле.
Түшсө, чыккыс тор болсо,
Тирүү жан кечкис шор болсо.
Канаттуу качып кутулбас,
Эл курчаган кол болсо,
Кагышка минсе, — канатым,
Качан болсо Тоотору ат
Айта турган адаты.
Айтып калган себеби —
Ушу турган Тоотору ат
Медиянын көлүнөн,
Ит-Кыянын белинен
Кайыбынан кабылган,
Какылдаган карга жок,
Куркулдап учкан кузгун жок,
Айбан чайнар чөбү жок
Адам жутар суусу жок,
Ит-Баспастын чөлүнөн
Жан жүрбөстүн жээгинен,
Быштысында табылган.
Караңгы жайга бактырган,
Башына тумар тактырган.
Кан ичме кемпир, жез тумшук
Ошо сынап жактырган.
Бөлөк жан минсе болбогон,
Тил сүйлөбөй койбогон.
Атымдын оозун бура тур.
Эми эмне дейт Тоотору ат,
Алат күн, Чүрөк, тура тур!
Адам айтпайт мындай деп,
Айбан Торум эмне дейт?» —
Мына ошентип, эр Кыяз
Каарланып, жайланып,
Кыны жок кылыч байланып:
«Ат эмне деди?» — деп,
Чуркап келет дардактап.
Акундун кызы Айчүрөк
Айтып турат мындай кеп:
«Атың айтса, тилин ук!
Атаңдын көрү көр Кыяз,
Оролмо жагдан кырк килем,
Бул аттын жайын мен билем.
Астынан басып чыгалы,
Айтса, тилин угалы,
Олуя болгон экенсиң!
Сүйлөөчү атың, Тоотору
Сүйлөсө тилин угалы.
Баатыр, кара кылыч, зулпукор
Кармашып душман келгенсип,
Капталыңа таядың.
Алган аппак жарыңдан
Атыңдын күчүн аядың!
Ачууланып айкырсаң,
Кайран башты кесерсиң!
Кан төгүүчү наркескен,

Билегиңе илгиздиң,
Олжодон келген биз күңгө
Эрдигиңди билгиздиң?!
Кынсыз кылыч белиңде
Ала чаптың, бакырдың,
«Айчүрөк» — деп чакырдың.
Балбан болсоң, шер болсоң,
Баатыр Кыяз сен болсоң,
Кылат белең ушундай.
Кыйкырасың эмне деп,
Айылга барсам, ат аяп
Төрөм, кылымда барбы мындай кеп?
Кылмыш кылса, катының
Чапсаң, мына, башымды,
Сүйлөтүп ал атыңды!»
Деп, ошентип Айчүрөк
Онжоңдогон Тоотору ат
Оозун тартып турду эле.
Көрсөң, Кыяз эр мындай
Онжоңдотуп Тору аттын
Көкүлүн сылап турду эле.
Окуранган чоң Тору ат
Көкүлү бөлөк бөлүнбөйт,
Кеп айтчу түрү көрүнбөйт.
Жалы менен көкүлүн
Ары имерип сылады,
Бери имерип сылады.
Тору аттын айткан кеби жок,
Каарланып зор Кыяз
Айдай катын Чүрөккө
Уят болду эби жок:
«Тоотору сүйлөп ийди деп,
Окус болгон экемин.
Абайлабай барбактап,
Кокус болгон экемин.
Айдай зайбым Айчүрөк
Кымбатымсың, белимсиң.
Кечиксең — мүшкүл, жаман ат,
Тоотору сизге аманат!
Жылкыдан каалап мал бердим,
Тоотору тулпар малыңды ал,
Аз уят болдум, Айчүрөк
Менин көөкөргө куюп канымды ал!
Жылкычыга барып кел,
Өлгөндө көргөн чунакты
Өзүмө бачым алып кел!
Капа кылдым өзүңдү,
Көл элең, Чүрөк, кечип кой,
Саламат барып, сак келгин,
Сагындырбай бат келгин!» —
Деп, ошентип, Чүрөккө
Арам ойлоп арыштап,
Айдай катын бейбакка
Тоотору атты табыштап,
Кайра тартты зор Кыяз.
Ошо кезде Айчүрөк
Булуттай учкан Тору атка
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Жолго кирип баратат.
Баскан изи быркырап,
Барган сайын дыркырап,
Таманы жерде тарсылдап,
Кара болот ооздук,
Көмөкөйдө карсылдап.
Айбанда болсо, чоң Тору ат
Учкан куш менен жарышат,
Окоро түйгөн ак тизгин
Шаштысы кеткен катындын
Кош колунда карышат.
Онжоңдогон Тору аттын
Оозу менен алышат.
Айбан да болсо, чоң Тору ат
«Бугудай мойнум бурбасам,
Ала качып, отуруп
Аңгекке алып урбасам,
Акыры быт-чыт кылбасам.
Акундун кызы шуркуя
Чыгарбасам жаныңды.
Жыгып салып төкпөсөм
Көөкөрлөп кара каныңды.
Эрен сындуу тон кийген,
Эренден мыктуу ат минген,
Өзөнүң чуңкур, тик кыя
Өрттөнүп өткөн шуркуя.
Дасып калган катынды
Эр Кыязды алдаган
Артыкча эптүү каапырды.
Бугудай мойнум бурайын,
Бута бою зоо келсе,
Бура тартпай чурайын,
Ташын талкан чыгарып,
Талкалап жерге урайын.

Адыр, күдүр керүүдөн
Ат баспастын сеңирден
Аркардай арыш керейин.
Эр алдаган катындын —
Жазасын колго берейин,
Жарлуу колот жер келсе,
Жан чыгаруучу тоо келсе,
Бурулуп мойнум бурайын,
Шыңкылдаган катынды
Чыйраксынган каапырды
Асты калың кара жер,
Аябай катуу урайын.
Койдой этим бөлүнүп,
Коёндой мойнум түзөлүп,
Араандай оозум ачайын,
Кан аралаш ак көбүк
Омуроомо чачайын.
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт кыркалай басайын
Бакпаягым бүгүлтүп,
Ат сураган катынды
Чымындай жандан түңүлтүп,
Ала качып, буй кылып,
Эсебиңди табайын,
Ээленген катын шуркуя
Кайдагы жиниң кагайын.
Чыйраксынган катындын,
Арка мойнун бүктөйүн,
Ажалын бөөдө жеткизип,
Амалын такыр кеткизип,
Калайманга салайын.
Ачкычы жарды башымды
Өчүмдү минтип алайын!»
Деп, күүлөнгөн, бу тулпар
Башын жерге салды эми,
Башкача арыш алды эми.
Таманы жерде тарсылдап,
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө карсылдап,
Жал, куйругу жайылды,
Колу жерге сайылды.
Маңдайдан көкүл бөлүнүп,
Аркыраган карандын
Тулпардык сыны көрүнүп,
Кабыргасы маталып,
Туягы жерде кадалып.
Омурткасы оржоюп,
Устукан сөөгү коржоюп,
Ушунтип чуркап алды эле.
Бугудай мойнун буруугa,
Бута бою аңгекке
Бура тартып урууга,
Айдай катын Чүрөктү
Ашкере өлүм кылууга,
Бир эсебин табууга,
Капкайда жинин кагууга,
Айбандан эстүү Тоотору
Төрт туяк жерге кагылып,
Кучак болгон куйругу
Чаткаякта чабылып,
Учуп Тору ат жүгүрдү,
Үстүндөгү Айчүрөк
Чымындай жандан түңүлдү,
Окоро түйгөн ак тизгин
Тартса колдо карышып,
Ээң өлгөн карандын
Душмандыгы билинди.
Булуттай учуп дыркырап,
Туяк тийсе, кара жер,
Туш-тушунан быркырап,
Чыны менен Чүрөктүн
Чымындай жаны чыркырап.
Ала качып ажылдап,
Ашкере чуркап буй кылып,
Туура балаа чоң Тору ат,
«Бура тартса өлдүм — деп,
Кайра тарткыс чын жайды,
Тооторудан көрдүм» — деп,
Жаны чыкты Чүрөктүн.
Ала качып Тоотору
Арышын созуп жүгүрдү,
Айбан экен Тоотору ат
Үстүндөгү Айчүрөк
Кайран жандан түңүлдү.
Эр Кыяздын Тоотору ат
Душмандыгы билинди:
«Оюна койсо, бу Тору ат
Кечип кетсе бут күйгөн
Корго алпарып, урар — деп, —
Жалынса, адам чыга алгыс,
Орго алпарып урар — деп,
Асман ачык, жер бүркөө
Торго алпарып урар» — деп,
Перизаада бейтаалай

Бек акыл ойлоп бир далай.
Чиймек болду сызыкты,
Тоотору айбан тулпарга
Кылмак болду кызыкты.
Берен катын Айчүрөк
Касиеттүү жан эле
Тилинде мөөрү бар эле.
Каргышы ката кетпеген,
Дубасы бекер өтпөгөн.
Кыз кезинде бу Чүрөк
Ажайып дуба окуган,
Атагын көргөн чочуган.
Билгенин бир жан билбеген,
Дуба окубай жүрбөгөн.
Чоң сыйкырчы жаадачы.
Акундун кызы бейбактын
Бул өнөрүн карачы!
Кыйын тулпар Тору атка
Кыймылдаган туякка
Суук дуба урду эле.
Ала качкан айбанга
Бул өңдүү кызык кылды эле,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумганча,
Кошолоңдуу Тору атты
Койго жеткис кылды эми.
Ушундай тулпар Тору атты
Уйга жеткис кылды эми.
Ала качып, саат болду,
Согончогу бир тутам,
Чочкодон төмөн ат болду.
Колу-бутун бек байлап,
Кордук кылды Тору атка.
Койго жетпес бир домпуш
Чобур кылды Тору атты.
Мына ошондо Айчүрөк
Арамдык кылган Тору атка
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Опсуз Чүрөк жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Күүгүм кирип, күн бата,
Элдин асты жуп жата,
Тоо түгөнгөн урчукка,
Томурайган тумшукка
Токтобой жетти Айчүрөк.
Элкин жаткан чынарга
Онжоңдогон Тору аттын
Ээрин алып, жайдактап,
Чидер уруп баймактап.
Акканңкыны жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Булгаары тердик, көк токум,
Жамбашына салынып,
А күнү катын Айчүрөк
Алп уйкуну салды эми.
Чыканактап уйку алып,
Чырым этип, тынч алып,
Жамбаштап жанды тындырды.
Жатып уйку кандырды.
Таң мезгили болгондо,
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Эр Кыяздан чочунуп,
Тоотору атты токунуп.
Ээр белдей белести
Эми эңкейип ашканда,
Күрөшө-чардоо токойдун
Кең өзөнүн басканда,
Айры белес тайпаңда,
Алакандай кайкаңда,
Кызарып туман көрүнөт,
Кырдан түтүн бөлүнөт.
Кызыл-тазыл таңылчак,
Момунжан жаткан көрүнөт.
Асмандан түтүн бөлүнөт,
Агарып чатыр көрүнөт.
Аюу талпак, ак быштан
Карадөө аты көрүнөт.
Муну Чүрөк көргөндө
Сүйүнгөндөн бейбактын
Көзүнүн жашы төгүлөт.
Чоң дарыкер Момунжан
Көктөн жылдыз козголгон,
Атасынан бабасы
Айкөл менен дос болгон.
Чоң дарыкер өзү экен,
Караган кара көзү экен.
Арбак сыйлап бу байкуш
Келип калган кези экен.
Тилегин кудай берген го,
Эрдин эри Күлчоро
Себепкери келген го.
Мурунку мураа Кутубий

Кан төрө атам көзүнө
Мурунку өткөн бабамын
Мураа болгон өзүнө.
Уялуунун укуму,
Эр Кутубий тукуму,
Берендердин даанасы,
Мураапы эрдин баласы —
Кадимки баатыр Карадөө
Себеп издеп калыптыр,
Момунжан таап алыптыр.
Мураа болгон бул кургур,
Үзүлгөндү улаптыр,
Чачылганды жыйнаптыр.
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана желген го,
Артык дарыкер Момунжан
Карадөө таап келген го.
Тилекти кудай берген го.
Чатырга келип караса,
Перинин кызы Чүрөктүн
Көңүлү кетип бөлүнөт.
Көк жалдын досу Момунжан,
Ал чатырда көрүнөт.
Айчүрөктү көргөндө,
Аяшын көрүп Момунжан,
Көзүнөн жашы төгүлөт:
«Аяш катын, Айчүрөк,
Айкөлүңдөн айрылып,
Азып-тентип, каңгырап,
Олжого түшкөн жан болдуң,
Кыязга туткун кар болдуң.
Аңдысаң арбын элиңди,
Бир көрүүгө зар болдуң.
Теңиз көк жал барында,
Темирден курчоо тор элең,
Теңиздин көзү өткөн соң,
Кыязга олжо болупсуң
Ала өлөң гүлдөй оңупсуң,
Олжо катын болупсуң!
Кубулуптур жүзүңдөн,
Бейиштей нурлуу түрүңүз.
Куйут менен күн өтүп,
Бир тутам болгон күнүңүз.
Бүгүн көргөн, эртең жок.
Ичиң — кайгы, бооруң — чок,
Алек кылып пендесин,
Алдап жүрөт дүйнө шок.
Алышарга алың жок,
Күрөшөргө күчүң жок,
Копол болгон экенсиң,
Күндүк менен күн өтүп,
Токол болгон экенсиң!
Мен келгени аяшым,
Сынган колуң таңылды.
Чын абийириң жабылды.
Тилек кылган Күлчороң,
Эрешен тартып эр болду,
Ар илдети жоголуп,
Баштакыдай оңолду,
Карадөө балбан баатырдан,
Алты күлүк ат барып,
Алакандай кат барып.
Кесирден кейип, кеп угуп,
Акыреттик жан достум,
Семетей өлдү деп угуп,
Кабыргам чогуу кыйрады.
Каралды кылган белимден,
Айрылып көк жал шеримден,
Каргылуу тоом ураптыр,
Кайран достум сулаптыр.
Жетим бала, тул катын
Атайы келдим көрүүгө.
Шай колдогон Күлчоро
Себебин таап берүүгө.
Көрүп жетим-жесирди,
Күсөгөнүм табылды,
Көрүнгөн жерим жабылды,
Үзүлгөнүм уланды,
Чымындай жаным кубанды.
Капталдап аккан булакты,
Көрдү көзүм, арман жок,
Жетим Сейтек чунакты.
Бүгүн көрдүм, көңүл ток,
Жетим бала, тул катын,
Баарысын көрдүм арман жок». —
Деп, ошентип, Момунжан,
Алтын жаак айбалта
Оң бөйрөккө таянып,
Жандостулап өкүрүп,
Ыйлап турду коңгурап.
Аяш атаң адылкеч,
Момунжан сүйлөп мындай кеп.
Баары оңгурап, чын кейип,
Айтып турду мындай деп.

Достусу экен Момунжан
Ак сакалы суюлду.
Эки көздөн аккан жаш,
Акырек ылдый куюлду.
Момунжан минтип турганда,
Айдай катын Айчүрөк
Көңүлү көп-көп бөлүнүп,
Көп мүшкүл башка көрүнүп.
Тарак тийбес кара чач
Талыгып ыйлап Айчүрөк,
Тал-талынан жайды эми.
Олоңдой болгон кайран чач,
Омуроого жайды эми.
Аяш акең Момунжан
Момунжанды көргөндө,
Кайраны султан өлгөнсүп,
Калк чуркурап, эл дүрбөп,
Канкорун бүгүн көмгөнсүп,
Чыңырып үндү салды эми.
Чынардай болгон ак бетти
Алда, катындыгы курусун,
Жулуп-жулуп алды эми.
Жулганда, кара кан кетти,
Айчүрөктөн ал кетти .
Агарып өңү суюлду,
Эки беттен аккан жаш,
Омуроо ылдый куюлду.
Буркурап үндү салыптыр,
Бууданын кошуп алыптыр:
«Алты ай минсе, арыбас,
Тулпар эле кан төрөм.
Тапсыз салса, бөрү алган,
Шумкар эле кан төрөм.
Он миң дайра кошулса,
Куюулушу — кан төрөм,
Он миң зоолор кошулса,
Бурулушу кан төрөм.
Асман менен көгүнүн
Тирөөсү элең кан төрөм.
Ач арстан, шерлердин
Бир өзү элең кан төрөм.
Тилегенди буй кылып,
Үзчү беле кан төрөм.
Тиктешкенди багынтып,
Күтчү беле кан төрөм.
Алты ашуу чалкак бел эле,
Ала-Тоону жердеген,
Алышып адам жеңбеген,
Кыргызга бүткөн шер эле.
Дайрага салган көпүрөм,
Көпүрөм сынып кулады». —
Мына ошентип, чыркырап,
Кайран жеңең долу күң,
Арстанын кошуп буркурап,
Айчүрөк антип турганда,
Кайың ыйлап, тал ыйлап,
Караган жандын баары ыйлап.
Кычыраган шер ыйлап,
Күңгүрөп кара жер ыйлап.
Ыйлагандын баарысы
Өз кайгысын жеп ыйлап:
«Эрден катын тул калса,
Ээн калган куу дүйнө,
Атаны көрбөй, уул калса,
Дайра соолуп, сай калса,
Адамдын көзү байланса,
Мүшкүл ушул» — деп ыйлап.
Калайык чуулап, буркурап,
Кабылан бүгүн өлгөнсүп,
Кетмендеп жерди ойгондой,
Жаназасын жакшы окуп,
Жамагат бүгүн койгондой .
Табытына салгансып,
Журт күңгүрөп, эл чуулап,
Көрүнө алып баргансып.
Карадөө менен Момунжан
Кайгырып эки кан ыйлап,
Калк-калайык — баары ыйлап.
Катуу кейип турганда,
Берендин уулу жаш Сейтек
Ичи өрттөнүп, чок болду,
Оодарылса тим эле,
Жалындап күйгөн өрт болду.
Жай-жарагын шайланды
Кызырканып, кыраан уул
Кыны жок кылыч байланды.
Дүмөктүү катын Чүрөктүн
Үнүн угуп бек кейип:
«Көрүнбөй кетип жоголгон,
Арстан атам» — деп кейип,
Элтең уруп ал Сейтек
Эки бети боз болуп,
Кашкайган тиш кабышып,
Ачалбарсты таянып,

Арбайган тизе бүгүлүп,
Энесине жаш Сейтек,
Келген экен жүгүрүп:
«Кагылайын, энекем,
Алдейлеген нур-мекем.
Беш аркар жылдыз баткыча,
Беш жолу кайра эмизген,
Ак буудай данын жегизген,
Мойнума тумар тактырган,
Душмандын каары тиер деп,
Эркелетип бактырган.
Эрешен тартып, эр кылган,
Эр уулу менен тең кылган,
Туулганда чуу кылган.
Ак байбиче, энекем,
Каңгырып жүрөр жөн барбы?
Каран түн энем эл кайда,
Элге жетер күн кайда,
Безип жүрөр жөн барбы,
Бейтаалай энем, эл кайда?
Качан ашам, ой эне,
Кара-Буура, кең Чаткал,
Калк жайлаган белимди,
Качан көрөм, энеке,
Атадан калган мураапым
Аргын, кыргыз элимди?
Ордо күтүп, тоо жайлап,
Белге качан кетебиз.
Оромпой тээп, ордо аткан,
Ата жатак мураапы,
Элге качан кетебиз?
Күйүк, Чакмак эки ашуу
Белин качан басабыз,
Күрдөлүү кыргыз, көп аргын,
Айыл конуп айкалып,
Күлкүнү качан ачабыз?
Агарган карлуу Ала-Тоо
Ата конуш — жер кайда,
Кокуй, эне эл кайда?»
Деп, ошентип, жаш Сейтек,
Элди сурап турду эле.
Мына ошондо Айчүрөк,
Жер маанисин көп айтып:
«Жеткилең бабаң зор Манас,
Жердегени кең Талас,
Бабаңдан калган жериңиз,
Аргын кыргыз аралаш
Мураа болор калган элиңиз.
Чунагым, сенин айыңдан,
Кармаганым чок болгон,
Кечкеним кызыл от болгон.
Кабыргамдын кашаты
Камчы тийип сөгүлгөн,
Карарып каным төгүлгөн.
Эсебимди таптырган,
Эмчегим жара чаптырган.
Ордодон ок жеп камалгам,
Кордукка жүндөй сабалгам.
Көп мүшкүл тартып, сатылгам,
Азапка бу баш чагылган.
Көбүрөөк бышып кайран жан,
Күндүз күнүм түн болуп,
Айдай сулуу энеңдин
Көрөрү караан түн болгон.
Кербен атаң өлгөндө,
Кетейин дедим арымдан,
Кетпей калдым, кулунум
Курдаштан калган мурас деп,
Курсакта калган сен үчүн.
Чунагым сенин айыңдан,
Далай мүлкүм бөлүндү,
Кардай болгон кайран эт
Канжыгадай тилинди.
Боздосо, болбой барыбыз,
Олжого кетип карыбыз.
Көп мүшкүл көрдү элибиз!
Өлүүбү, барбы, ким билет,
Уламадан уласак,
Билгендерден сурасак,
Эңгир-деңгир кеп айтат,
Көрдүм деген бирөө жок,
Көп боздодук, кайгырдык,
Көк жалдан минтип айрылдык.
Өлүгүн көрүп асылдын,
Замзам менен жуубадык,
Кайгы менен кан жутуп,
Кара кийип, бет тытып,
Кайран атаң көк жалдын
Зыйнатына турбадык.
Бир жоругун карасаң,
Кайып болуп өткөндөй,
Бир жоругу атаңдын
Жолоочулап кеткендей
Кең дүнүйө тар болду,

Келберсиген атаңа
Калкы минтип зар болду.
Калк атасы кан Бакай
Күйөрүнөн айрылды.
Күйүт тартып чоң энең,
Ботосунан айрылды.
Бели сынып, бекчейип,
Берен энең долунун
Эки көзү чекчейип.
Көкүрөгү ириңдеп,
Дене бою зирилдеп.
Көргүлүктү көргөндүр,
«Кулунум» — деп көп боздоп,
Шору калың байбиче
Өлбөстүн күнүн көргөндүр.
Өчпөстүн отун жаккандыр,
Канчоронун музоосун
Жан айладан баккандыр.
Кең дүнүйө тар болуп,
Кейип, боздоп кар болуп,
Өйдө болор шайман жок,
Кулагы кер, көзү көр,
Ойлосоң мындай болгондур.
Ай аалам калкы жыйылып
Асылдын баары кырылып.
Сары кан баштап кан өлүп,
Сандырга журттун койчусу,
Берендердин баары өлүп
Кыркылды кызык чачыбыз,
Олжо болду башыбыз.
Кымбат элек, оңгонбуз,
Кыйынсынган кайран баш
Кызалак атка конгонбуз.
Тоодой атаң көзү өтүп,
Жаман аттуу болгонбуз.
Чыркырап ыйлап, кайгырдык,
Чын кыраандан айрылдык.
Ордону бузуп талкалап,
Кызыл көйнөк, айча бел
Кылтылдаган кыздарды
Олжо кылды чалкалап.
Жибегиңди — жүн кылды,
Кадырлууңду — кул кылды.
Агача келин, кыздарды
Туткундады күң кылды.
Тигил Күлчоро абаң мурапы,
Арстанымдын сырдашы.
Айкөл атаң курдашы.
Кою бирге короолош,
Ашы бирге жоролош.
Табылган орток, жыйгандаш,
Берен атаң шер менен
Өлүм орток, ыймандаш.
Кечээ Кара-Буура баткалда
Калың кыргыз ой тартып,
Кайкалашып жатканда.
Агарын тоодон таң сүрүп,
Таңы болуп турганда,
Айтылуу Талас кыргыздын
Каны болуп турганда.
Айтылбайт сөздүн бекери,
Арстан атаң жоокери,
Темирдүү капка короосу,
Кабылан атаң жоросу.
Белгилүү ошол, бел ошол,
Бендеден артык шер ошол.
Күлкүсү таңды атырган,
Күрдөңдү тапчу шер ошол.
Уңгусу болот сом балта,
Ушу турган Күлчоро
Баарыңа тоодой чоң арка.
Түп атаңыз түгөл алп,
Олуя чалган батаңыз.
Ушу турган Күлчоро —
Ойлосоң уулум, атаңыз!
Теңиздүү кыраан бел ошол,
Душманга кирсең огуңа,
Өрткө кирсең чогуңа,
Акылга кирсең айлаңа,
Атышка кирсең айзага
Чыдап берчү шер ошол.
Билбегенди билгизчү,
Билимдүү чочмор бил ошол.
Жоого кирсең каскагың,
Душманга беттеп шилтесең,
Уңгусу болот, учу курч
Эмилден чочмор аспабың.
Таптап салса табылгыс,
Кыраан барчын куштайың.
Күтүп алсаң бел ошол».
Энеси Чүрөк Сейтекке
Айтып оозун жыйгыча,
Шай колдогон Күлчоро


Күлүк аттай кыйгачтап,
Адамдан сулуу Күлчоро,
Алтын түркүк чатырдан
Айдай катын жеңеңе
Акырын басып келди ошол,
Айчүрөк анын — жеңеси
Ары чети энеси.
Кенедей кезде келгени,
Эне ордуна эш тутуп,
Элик сүтүн бергени.
Энедей көргөн жеңеге
Басып чоро муну айтат:
«Белгилүү кайниң мен элем
Берен жеңем сен элең.
Мен кийүүгө тон барбы?
Белсенип тонуң киейин,
Беттешерим эр Кыяз
Бир беттешип көрөйүн,
Тагдыр жетсе өлөйүн!
Кайра тартпас чын жайды,
Жараткан чийсе көрөйүн.
Чамаа чарчап, ал кетсе,
Эр Кыяздан өлөйүн!
Чымындай жанды берермин
Ажал, тагдыр жетпесе,
Агыштын уулу Кыязды
Кызык кылып берермин.
Элимдин муңун тыйганым.
Чачылганым, жыйганым,
Кармашарым — эр Кыяз,
Кастарым тигип турганым.
Кара бел ашып көч албай,
Эр адамдын белгиси,
Кармашып жатып өч албай
Жоодон корккон эр жигит,
Эгерде эки болобу?
Чабышарым эр Кыяз
Айдай сулуу жеңеке,
Чабышка киер тон барбы?»
Деп, ошентип Күлчоро
Оозун жыйып алгыча,
Айчүрөктүн көк куржун,
Ыраңы жашыл лөк куржун,
Дүнүйөсү көп куржун,
Аны Чүрөк ачты эми.
Келтенин огу кеспеген,
Бараңдын огу батпаган
Ар курч менен кайыган.
Кармашканда карандан
Адамдын колу тайыган,
Жеңелигин билгизип,
Кандагай менен ок өтпөс.
Күлчорого кийгизип.
Күлчоро кийген жоо кийим,
Кылайган жерде тешик жок,
Топчулугу бир тогуз,
Топчуланып шайланды,
Кылычын кыя байланды,
Бузуку Кыяз чочконун
Азабын колго берүүгө,
Кыяздын келчү жолуна
Озо чыккан кези экен.
Агыштын уулу Кыязды
Ата кыраан Күлүстөн
Тозо чыккан кези экен.
Алтын жаак айбалта,
Ач билекке салынды.
А дүйнө кеткен Манастын
Арбагына жалынды.
Агыштын уулу Кыязга
Катуулап кармаш салууга,
Баабединин бат айтып,
Атасы Манас жолуна,
Ай туяк деп ат айтып,
Караңгы каптал оозуна,
Туу жоголгон урчукка,
Томурайган тумшукка,
Бузулган Ак-Сай керүүгө,
Оңурайган сеңирге,
Кашатчанын оюна,
Кан Кыяздын жолуна,
Жаңы-Арыктын жанына,
Жаңырыктын Жар-Кыя,
Жаңгыз аттын чубоого
Тогуз жолдун тоомуна,
Тоо түгөнгөн сеңирге,
Кыяздын келчү жерине,
Шай колдогон Күлчоро,
Акканкыны жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Ок өтпөстү жамынып,
Жай жарагын камынып,
Жолду тосуп жатты эми.
Сунган бутун тарта албай,

Жумган көзүн ача албай,
Коңуругу басылбай,
Зың-зың этип кенебей,
Баатыр Кыяз келерин
Бучкагына теңебей.
Эрлик менен шерликти
Шай колдогон чорого
Берген экен ченебей.
Жедигердин Кыязын
Шер экен деп ойлобой,
Өлүмдөн капар болжобой,
Чын мүшкүлдү санабай.
Чымындай жанын аябай,
Өлөмүн деп санабай,
Өлүмдөн жанды аябай,
Шай колдогон шер чоро
Кыйын кайрат баштады,
Кызыталак таттуу жан
Кылга байлап таштады.
Жолу болгон эр чоро,
Сеңирдүү тоонун урчукка
Секиченин тумшукка,
Жедигердин эр Кыяз
Келчү жери ушу деп.
Кармаш кылып көрүүгө,
Берениң жатты жол тосуп.
Берен минтип турганда,
Безеленип Айчүрөк:
«Алды каткан кайнимдин,
Ай караңгы бүркөлсө,
Түнү эмне болот? — деп,
Кайран көк жал чоронун
Каарлуу Кыяз качырса,

Күнү эмне болот? — деп,
Колго түшүп эр кайним
Каны калган бир кашык,
Эти калган көк жашык,
Чамасы жок, алы жок,
Чаркы кандай болор? — деп,
Шумдукту кудай баштаса,
Окус кылып чорону
Кан Кыяз союп таштаса,
Кыязга кыйбат жин толор,
Кыйын мүшкүл күн болор,
Жедигердин эр Кыяз
Корголорго жан койбой,
Жалынса кашык кан койбой,
Түпкө чогуу жетер — деп,
Түгөл кырып өтөр — деп,
Тирүүлөй көзду оёр!»— деп,
Санаасы сайлап бөлүндү,
Тилегин тилеп чоронун
Көзүнүн жашы төгүлдү.
Көңүлү көп-көп бөлүнүп:
«Кокустан чоро жайланып,
Кайра да кудай урабы!
Каза бербе орумду,
Кайната көрбө шорумду,
Муңканта көрбө кебимди,
Өксөтө көрбө өзүмдү,
Сындыра көрбө белимди!»—
Деп ошентип Айчүрөк,
Олоңдой болгон кара чач
Омуроодон бөлүндү,
Он эки мүшкүл, миң санаа
Башында чукул көрүндү.
Акылы айран, таң болду,
Ар шумдук башта бар болду.
«Олуя өзүң оңдо» — деп,
«О дүйнө кеткен шер атам,
Арбагың өзүң колдо!» — деп,
Ак жоолугун салынды,
Чыдай албай а кургур,
Чын кудайга жалынды.
Чыркырап ыйлап сабылды:
«Берен эле, шер эле,
Атасынан бабасы
Артылган көк жал эр эле.
Баланы кудай сактай гөр,
Өзү кабылан көк жал шер эле.
Күлүстөнүм Күлчоро
Күчөп согуш сала гөр!
Күйүттүү кыргыз көп журтту
Каарлуунун колунан
Ажыратып ала гөр!
Кыргын болгон кыргыздын,
Өчүн алар бекен — деп.
Каралуу аргын калың журт
Кайрадан элин чогултуп,
Даңкын жаяр бекен деп,
Көп тиленди Айчүрөк.

www.bizdin.kg





## КЫЯЗДЫН ӨЛҮМҮ, КАРАДӨӨНҮН ЖЕДИГЕРГЕ КАН БОЛГОНУ

Таң кашкайып сүргөндө,
Асмандан жылдыз жоголуп,
Жерге жарык тийгенде,
Турган экен зор Кыяз
Уйкудан чочуп ойгонуп.
Кылкүрөңүн токунуп,
Кызыталак жандан чочунуп,
Түрүн бузду бакырып,
Калың карга жедигер
Түк койбой баарын чакырып,
Элди Кыяз жыйнаптыр.
Каарланган Кыяздын
Казандай кара бөркү бар,
Калайыктын баарысын
Соруп иер эрки бар.
Кутургур жайын карасаң,
Түнүндө уктап, түш көрүп,
Түгөнгөн жандан түңүлүп,
Адам уккус кеби бар,
Жанынан корккон жөнү бар:
«Түндө жатып, түш көрдүм,
Түйшүгү мүшкүл иш көрдүм.
Кайып күлүк Тоотору ат
Күлүгү толук ашсын деп
Күрүчтөн күрмөк жем берген.
Кулан менен куушкан,
Кулунунда бириккен,
Кенедейде кезигип,
Бармактайда баш кошкон,
Башкача тулпар Тоотору ат
Куйрук, Жалы кесилип,
Куп мүшкүлгө кезигип,
Колго түшүп кетиптир.
Жал, куйругу такыр жок,
Түргө келип калыптыр.
Тулпарлыктан айрылган
Күнгө келип калыптыр.
Аргын, кыргыз аралаш
Отун жүктөп алыптыр.
Беш жол бели ооруптур,
Бейлесем, мүшкүл тооруптур,
Кырчаңгы жонун чалыптыр,
Кызыктуу тулпар Тоотору ат
Ботом, кырсык чалып алыптыр.
Койго жетпес бир эшек
Чобур болуп калыптыр,
Бу эмне болучу?
Касиеттүү калк элең,
Калың кара жедигер
Бу түшүмдү жоручу!
Жана айтам иш кыйын —
Алтын жагоо Акшумкар
Боосун жибек тытыптыр.
Пө! десем, конбой колума,
Айды көздөй сызыптыр.
Ал эмне болуучу,
А түшүмдү жоручу!
Колумда болот калканым
Мээнет дат чырмап жетиптир,
Талкаланып мынчасы
Такыр кыйрап кетиптир.
Бу эмне болучу?
Муну ойлонуп, жедигер,
Бу түшүм кандай? Жоручу!
Үстүмдө кымбат көк күпө
Ок өтпөй турган бек күпө
Табылгы жакса, чок өтпөс,
Очогор атса ок өтпөс,
Кармаганда кол өтпөс,

Кагышка киер кол жетпес,
Жакасы чирип күйүптүр,
Аны өрттөнгүрдүн тукуму
Эр Сейтек кийип жүрүптүр.
Бул түшүм бир бек шумдукко,
Бу түшүмдү жоручу!
Таш муштасам, тайбаган,
Болоттон кылган Сырнайзам,
Бир муштаса жазбаган,
Сумсайганда чаң чыккан,
Сунган жерден кан чыккан,
Муштаганда карандын
Болоттугу билинген,
Туура сайып муштаса,
Түпкүч болуп ийилген.
Колумдагы Сырнайза
Сексен кыйрап сыныптыр,
Ошентип, кудай уруптур.
Касабам кыйрап, чок болуп,
Карашар бирөө жок болуп,
Калжайып жаңгыз калыпмын.
Кыйыны кымбат башымды
Ушундай чууга салыпмын.
Бул эмне болучу,
Бу түшүм кандай, жоручу!»—
Айткан түшүн жорубай,
Жорууга чаркы боло албай,
Баш көтөрбөй, кылкылдап,
Ак сакалдуу карысы
Боз балдарын карашты,
Түш жорубай боз балдар
Бириндеп качып тарашты.
Жедигердин эр Кыяз
Журту минтип турганда,
Күпүлдөдү сүйлөнүп:
«Аскер жыйнап, кол албай,
Жедигер, сени чогуу албай,
Жеке өзүм барбасам,
Жер ааламдын үстүнө
Бир жаңжалды салбасам!
Айтылуу Кыяз агым бар,
Кылым душман козголсо
Жеке кырчу алым бар!
Акундун кызы Чүрөктүн
Алдап кетип тулпарды
Душмандыгы бар экен.
Кеткени жети күн болду,
Үстүндөгү ок өтпөс,
Астындагы ок жетпес —
Экөөн сурап тең алып,
Жандап кеткен түрү бар,
Жана ошентип, бул Чүрөк
Алдап кеткен чени бар.
Кармап жинин какпасам,
Эсебин анын таппасам.
Эзелки жинин какпасам,
Кыйла жаңжал кылбасам.
Бактарына суу буруп,
Чалчык кылып салбасам,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Эки агасын сойбосом,
Калган журтун сандалтып,
Отунчу кылып койбосом.
Ак асаба жүн кылып,
Айткан Акун атасын,
Көргөнү мүшкүл күн кылып,
Көп-көп жаңжал салбасам,
Өрөпкүгөн катынга,
Эр алдаган капырга
Алдастаган катынга,
Санаасы бузук каапырга
Өзүм жеке барбасам,
Акыр-такыр мүшкүлдү
А катынга салбасам!»—
Деп, күүлөнүп бу Кыяз
Тоорунун айынан
Чылгый ичи өрт болду:
«Катынга атын алдаткан
Каран күн мендей болобу,
Эрдигим калып, эсим жок,
Эчтеме менен ишим жок,
Мени эр деп айткан оңобу?!
Катуу күндүү кайран жан,
Көрмөк болгон экемин.
Катын деп жүрүп кайран жан
Өлмөк болгон экемин —
Кудай урган куу Кыяз,
Очогорун октоптур,
Калың кара жедигер,
Калтырбай журтун боктоптур.
Желигип Кыяз аттанып,
Чылгый ичин өрт чалып,
Баатырсынып, эрсинип,
Көөдөнүндө бу Кыяз

Кара кулак шерсинип.
Эти кызуу эр Кыяз
Кай адамды теңсинип,
Одураңдап, барбаңдап,
Жумуру баштын баарысын,
Жутуучудай дардаңдап.
Оңолбогон зор Кыяз
Ойношконду оргудай,
Кагышканды жөн эле,
Кармап союп койгудай.
Алтын керден айбалта
Ач билекте чалынуу,
Жай жарактын баарысы
Орду-ордуна салынуу.
Канга тойбос көк кылыч
Оң жагында жаркылдап,
Кабыланды ал Кыяз
Каманча кайсап жегидей.
Корккорунан кыйла жан,
Жылас болгон Кыязды
Аалам шери дегидей.
Эки тизгин, бир чылбыр,
Айласын таппай көргөн жан,
Колуңа ал деп бергидей.
Кирпиги бөлөк, көзү чок,
Артынганы батман ок,
Адамда мындай шумдук жок.
Жети-Өзөндөн аттанып
Жеке жолго киргенде,
Күңгүрөнүп, күүлөндү,
Эчен түркүн сүйлөндү.
Адам ашып чыга албас,
Бийик чалкар белге окшойт,
Ар поруму Кыяздын
Ааламга бузук салуучу
Ак бороон, шамал желге окшойт.
Каары келип сумсайып,
Ааламды алып салчудай,
Буттай темир курчанып,
Көркөмдүү көк жал Кыяздын
Басканынан жан чыгат.
Күңгүрөнүп кыраандын,
Дүбүртүнөн чаң чыгат.
Сулуу катын Чүрөккө
Бирөө жетип азгырып,
Суук колун салгансып,
Көркөмдүү катын Чүрөгүн
Көрүнөө тартып алгансып.
Жедигердин элинен,
Жеке аттанып бөлүндү,
Алдындагы Кылкүрөң
Ары күлүк, ары тынч,
Ажылдаган караанын
Канаты бардай көрүндү.
Оозун жайса Кылкүрөң,
Баскан жери быркырайт,
Жолум үйдөй даңканы,
Ачууланган Кыяздын
Төбөсүндө чыркырайт.
Сүрдүгүп туяк тийген жер
Кол арыктай союлат
Туягы туура тийген жер,
Кемегедей оюлат.
Ушундай тулпар Кылкүрөң
Ала качып дыркырайт.
Кетмен сындуу туякка
Кезиге түшкөн кара таш
Талкан болуп быркырайт.
Асили тулпар союлгур,
Обу жок күлүк мал экен,
Аргын, кыргыз элинен
Айтылуу Талас жеринен,
Кунанында куу жолтой
Олжого келген мал экен.
Оңолбогон карандын
Тулпардыгы бар экен,
Кара байыр казанат
Кетмен туяк, кең соору,
Керишке минчү жылкы экен…
Баатыр Кыяз, чоң көөдөк,
Күңгүрөнүп, күүлөнүп,
Өзүнчө бөлөк түрлөнүп,
Ачылбас күндөй бүркөлүп,
Ар жарагын байланып,
Аты күлүк эр чиркин
Көк жорудай айланып,
Кабагы керүү буткулдай,
Качырганды жуткудай.
Каркыбар көк жал Кыяздын
Каарын көрсөң ушундай.
Бек чамынып жайланып,
Жолум үйдөй чоюнбаш,
Жолу каткан Кыяздын
Жоругун көрсөң оолак кач.

Кыялы кырча белиндей,
Кайраты каптал желиндей,
Муруну кылыч калкандай,
Бурулуп чыккан муруту
Өтөктө калың чалкандай.
Буудан экен Кылкүрөң
Букадай мойну бултулдап,
Жаадай учуп закымдап,
Келчүү жерге жакындап,
Алдындагы Кылкүрөң
Куландай кулак жапырып,
Куюндай жерди сапырып,
Жыбыттай жону көрүнүп,
Казандай соору бөлүнүп,
Адыр-күдүр аска таш,
Белге минчү мал экен,
Кырк күнчүлүк мунарык
Чөлгө минчү мал экен.
Буруп найза сундурган,
Топко минчү мал экен.
Бузулбаган мунарык,
Чокко минчү мал экен.
Маңдай-тескей найза алып,
Чабышка минчү мал экен.
Өпкө жарып, баш жарып.
Жарышка минчү мал экен.
Кылкүрөң менен кыйгачтап,
Кыялы кызып эр Кыяз,
Кылым журтка чыр баштап,
Өпкөсү көөп желикти,
Өлбөөчүдөй ээликти.
Касабасы көрүндү,
Калкынан жалгыз бөлүндү.
Көрсөң Кыяз көк жалын,
Шарап ичпей алкынып,
Өлөр жакка талпынып,
Өлчөлүү мойнок, Кара-Кыр,
Белде келет эр Кыяз,
Как этип карга учпаган,
Жерде келет эр Кыяз.
Күнгүрөнүп күүлөнөт,
Күп-күп этип сүйлөнөт.
Караганы Тоотору,
Каалаганы Айчүрөк,
Мээлегени Тоотору ат,
Бек капасы Айчүрөк,
Кара-Кашат тоосуна,
Кароол-Таштын боюна,
Чыгып Кыяз караса,
Кырдан түтүн бөлүнөт,
Кызыл жууркан, кучмач ээр,
Чүрөк ээри көрүнөт.
Айчүрөктүн дүмөгү,
Чиркеп койгон кызыл нар,
Жүк арткан сексен төөсү бар:
«Кантсе Чүрөк катын да
Калк бүлдүргөн капыр да,
Алганы жаткан күйөө бар». —
Деп, ошентип, ой ойлойт,
Башын чайкап бойбойлойт.
Балаалуу мүшкүл кепти ойлойт:
«Маа калганда Чүрөктүн
Оргу-баргы бороондой,
Орою суук кеби бар.
Көөнү келсе катындын
Ар качандан, бир качан
Алам деп жүргөн эри бар.
Катуу кайрат, чоң бузук,
Кара жолтой шуркуя
Сала турган чени бар.
Бел байлаган бели бар,
Бекип жаткан жери бар,
Алкылдаган катындын
Ачуусу чукул капырдын,
Анташып жүргөн эри бар». —
Кыязды кудай урду эми,
Арам ойлоп турду эми.
Ар бир мүшкүл чоң шумдук,
Жаман ойлоп турду эми:
«Асмандан түтүн бөлүнөт,
А түтүндүн алдынан,
Агарып чатыр көрүнөт,
Көктөн түтүн бөлүнөт,
Көгөрүп чатыр көрүнөт.
Ордолуу шайык, көк жөкөр,
Аттарынын баары айгыр,
Куюшканы такыр жок,
Жолдогусу көрүнөт.
Кыйласында ээри жок,
Чомдогусу көрүнөт.
Арты кучак чоң комуз,
Дуутар комуз тарттырып,
Алтымыштай жигитке
Тегиз акуш айттырып,

Куп оюнун болжотуп,
Алты мыктуу балбанга,
Дагра чалып ойнотуп,
Дүкүлдөк кулак тундуруп,
Жети мыктуу балбанга,
Добулбасын урдуруп,
Жезнай үнү такылдап,
Керней, сурнай тарттырып,
Келип оюн салган бейм?
Айдай катын Чүрөктү
Нике кыйып алган бейм?
Адыр-будур мунардын
Ою болуп аткан бейм?
Айдай катын бейбактын
Тою болуп жаткан бейм?
Олжолоп алган катынын
Алыстан келген душманга
Алдырып ийди дедирбей,
Бул күйүттү укканча,
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн,
Күтүп жаткан эрине,
Камдап келген жерине,
Күрөштү мыктап кылайын,
Күмүрөйтүп күл кылып,
Күрөшүп талкан кылайын.
Арым үчүн бул жанды,
Акыры бүгүн кыяйын.
Катын алчу зорунун
Төбөсүнөн басайын.
Берген тоюн аш кылып,
Айчүрөгүн баш кылып,
Кыйырлуусун кырайын,
Кызык чырды кылайын.
Тагдыр жетсе, өлөйүн,
Дардайган башым барында,
Катыным кантип берейин.
Кутурган окшойт ким болсо,
Куптап найза сунушуп,
Күн болжобой урушуп,
Кулжуңдашып көрөйүн,
Каарлуу жинин кагайын,
Аскалуу башын өлтүрүп,
Акундун кызы Чүрөктүн
Журт бүлдүргөн дүмөктүн,
Кереметтүү катындын,
Кежири артык каапырдын
Улактай башын чабайын,
Ушинтип жинин кагайын!
Чатырын бейлеп чалайын.
Душманым мээлеп барайын». —
Деп, ошентип, зор Кыяз
Кабагына кар жаады.
Бурулбастан Кыяздын
Мурутуна муз тонду.
Жадаал жинден баштады,
Ааламдан кымбат кайран жан,
Кылга байлап таштады.
Чыңыроон качпас кең майдан,
Чымчык учпас кең сайдан,
Жортуулман кетпес эренден,
Жоо кутулбас беренден,
Куш эрикпес асмандан,
Жер арыбас баскандан,
Жер менен көккө бир тийип.
Желикти Кыяз барчудай,
Жер жайнаган көп колду
Жеке байлап алчудай.
Жер, дүйнөнү буй кылып,
Баштыкка бүктөп салчудай.
Кайраты болот учундай,
Карасаң Кыяз ушундай.
Буура төөдөй күркүрөйт,
Муну көргөн пенденин
Азат бою дүркүрөйт.
Караанын көрүп Кыяздын
Кайгырды Чүрөк күйүнүп,
Кайран жандан түңүлүп:
«Олоңдой кара чачымды,
Олжо кылдың Кыязга
Ааламда алтын башыңды,
Кайраты катуу, заары күч,
Кан Кыяз элди кайсаса,
Кайран жандан күдөр үз.
Казгалдак деген кайран куш,
Кайрылбай учкан талаадан,
Айрылып калар бекемин,
Кардыман чыккан баладан?
Алдейлеген Сейтегим,
Он экиден өтө элек,
Энеси шордуу эмчеги
Таңдайынан кете элек.
Башына бакты коно элек,
Балбандык чаркы толо элек.

Балам кандай болор» — деп,
Байкуш Чүрөк аны ойлоп,
Боздоп турат бойбойлоп.
Санаасы сандап бөлүнүп,
Көзүнөн жашы төгүлүп:
«Казгалдак деген кайран куш,
Карчыга кушка жегизбе,
Ээликкенден Айчүрөк,
Кыяздан өлдү дегизбе!
Алда, жан деп жаратсаң,
Куп сыйласаң сөзүмдү,
Колуна кордоп түшүрүп,
Кууратпасын өзүмдү!
Алда таалам, кош көрсө,
Карарта көрбө бетимди!
Ишенген кайним Күлчоро,
Телегейи тең эле.
Шай колдогон шер эле,
Он эки мүчө кең эле,
Он эки жылы запкыны,
Карагулдан жеди эле.
Катуу мүшкүл, чоң кордук,
Жедигерден көрдү эле,
Алы кетип, муун бошоп,
Арык болуп калды эле,
Он эки жылга ал кайним,
Карып болуп калды эле.
Каардуу Кыяз капырды
Кайниме кудай берерби,
Каардуу Кыяз өлөрбү?!
Агарып анык таң сүрүп.
Кыйналган башка күн тийип,
Тушоо буттан чечилип.
Чырмаган кырсык кесилип,
Эгем талаа кудурет
Эсерди кудай берерби?!»—
Деп, ошентип, Айчүрөк
Эңгил-деңгил ой ойлоп,
Боздоп турат бойбойлоп.
Каардуу Кыяз катуу шер,
Жаткан дөбөт каштанып,
Түлөгөн жору баштанып.
Оңдоп кармап найза алып,
Куйка чачы үксөйүп,
Алгыр кара бүркүттөй,
Кайран Кыяз сүксөйүп,
Кыргактан найза колго алып,
Кылкүрөңдү бир салып,
Тозоңун тоодой уратып,
Кылкүрөң менен чуратып,
Кайкы кашат, таш майдан,
Эр Кыяз чыга келди эле.
Кысык жолдун урчукта,
Чылбырдан алчу тумшукта,
Караса көңүл бөлүнөт,
Күлчоро көзгө көрүнөт.
Боконосу болкоюп,
Болуп калган көрүнөт.
Багалчак толуп балтайып,
Толуп калган көрүнөт.
Эрлик, бакты башына
Конуп калган көрүнөт.
Күлчорону көргөндө
Азыр кайсап салуучу
Түрү келди Кыяздын,
Азыр союп кетүүчү
Жини келди Кыяздын:
«Кутурган кул сени! — деп,
Тирүү турбай өлдүң — деп,
Кайра тартпас чын жайды,
Кутургурум, көрдүң! — деп,
Оң дальң он жол ойбосом,
Кырк бир күнү кескилеп,
Кутургур сени сойбосом,
Көзүңдү чукуп албасам,
Көп кайраттуу колуңду
Каруундан кесип салбасам.
Тездик менен өлтүрбөй,
Кордук менен өлтүрүп,
Жоготпосом көзүңдү!
Эсил башың чаппасам,
Эсебиңди таппасам.
Кул алында кутуруп,
Куу бөрүдөй жутунуп,
Каарланып дардактап,
Семирип-сергип барбактап,
Кутурган кулду карасаң?!
Баатырсынып, шерсинип,
Жоболоңдуу кызыталак,
Жолум тосот эрсинип.
Көрүнө чыгып көзүмө
Жолумдуунун бириндей,
Жолугат менин өзүмө.
Кутурган достум оңобу?

Жайлайын десем мен муну,
Жанын кыйбай койгону.
Капилет тилин мен алып,
Казыптырмын орумду,
Катылбай коюп душманга,
Көрдүм мындай сонунду.
Олжолотуп тонумду,
Билбептирмин мунуңду.
Кул да болсо бу түгөт,
Ок өтпөсүн жамынып,
Жоолашарга камынып,
Семирип, сергип алган бейм?
Олутума келгендин
Кашайта көзүн оёюн,
Не да болсо бул кулду,
Качырып кирип соёюн.
Кандуу кылыч сунайын,
Баатырсынган бу кулдун
Ушунтип жанын кыяйын.
Кайгыга башты жандатып,
Катынга ат-тон алдатып,
Кагышаарга жоо таппай,
Каарым келип турганда,
Бүгүн, кызыл болот Сырнайза
Кылтайып жерге таябайм,
Өз атам Агыш жоолашса
Кылайган жанын аябайм.
Өзөндүү-Булак, Кууган-Төр,
Өрдөтө салар мал да жок,
Өз уялаш кас болсо,
Өлүмдөн аяр жан да жок».
Күүлөнүп Кыяз курусун,
Кара жаак булдурсун
Кармай калып имерди,
Кайып сындуу Кылкүрөң
Такымга салып жиберди.
Кыйкырып айза сунду эми:
Айза менен урарда,
Адис болгон Күлчоро
Канча жоо менен кагышып,
Душман ыгын бек билген,
Дааныш болгон Күлчоро
Көзү көргөн алыстан
Көп душманга кол салса,
Жеке чыккан жарыштан,
Жеткилеңи болжолсуз.
Баатыр да ошо, шер да ошо,
Эчен жеңген эңиштен
Айтылуу көк жал эр ошол.
Жайнаган кызыл чок эле.
Жумуру баштуу пендеден
Жасалган мындай жок эле.
Баатырдыгы, шердиги.
Байкасаң мындай эрдиги.
Кыяз найза саларда
Айласын чоро тапты эми,
Алтын керден айбалта,
Ашкере сунган найзасын
Ортосун бөлө чапты эми.
Ок өтпөстөн Акбула,
Шамдагайы болжолсуз,
Акбула тонду какты эми.
Олжодо жүргөн Кылкүрөң
Күлчоро жытын көргөндө
Айтайын десе тили жок,
Айбандан эстүү жарыктык
Бура тартып, булт койду,
Булуттай учуп жаныбар,
Кайрылып кайра кылт койду.
Бурулганда каранын
Булуттай учуп зыргыды,
Үстүндөгү зор Кыяз
Үзөңгүдөн бут тайып,
Ээрден арты кылтайып,
Ыйык жалдан ала албай,
Кайра бутту салалбай
Жорудай учуп, далдайып,
Аттан кулап дардайып,
Канатынан кайрылды,
Кагышка минчү Кылкүрөң,
Күрөңдөн Кыяз айрылды.
Кулаганда албайып,
Оролмо тоодой дардайып,
Отурду Кыяз оңшоюп,
Ач бөрүдөй шоңшоюп,
Көргөнү каран күн болду,
Ичи өрттөнүп, түн болду.
Жыгылган жери аң болуп,
Эр кыяз башы маң болду,
Жадаа салып турушуп,
Кыйын тажаал, эр Кыяз
Кылкүрөң менен урушуп:
«Арам өлгөн Кылкүрөң,
Зилинде душман мал эле.

Айбаны душман канкордун
Кай эрдиги бар эле?
Канкордун малы Кылкүрөң,
Кылкүрөң эмес, — чыр Күрөң,
Бир көргөздү көзүмө,
Киши кылгыс сыр Күрөң.
Айбан да болсо чочконун
Жоругун бейлеп билгемин,
Жолу катуу Айчүрөк
Жоолаша кетер бекен? — деп,
Ошондон чоочуп жүргөмүн.
Асыйында Кылкүрөң,
Аздап кармап алдырбай,
Абам Толтой ашына
Атайы арнап чалдырбай.
Кудай бардыр, Кылкүрөң,
Жору көзүң чокугур,
Карышкыр жесин кардыңды,
Жон жору тартсын тарпыңды.
Пенде көрбөс шум кордук
Көргөнү келген экемин
Кылкүрөң минип жол тартып,
Өлгөнү келген экемин.
Кыйын мүшкүл, чоң жаңжал
Көргөнү келген экемин.
Күлүгүнүн тизгинин
Жыйганы келген экемин,
Күйүттүү жанды өлүмгө
Кыйганы келген экемин». —
Кыяз Кыяз болгону
Кыяз атка конгону,
Мындай кордук көрө элек,
Кылайтып кылыч суна элек,
Кылтайтып кудай ура элек.
Арбайып жөө калбаган,
Айласыз мүшкүл бул ишти
Башына кудай салбаган.
Аттан түшүп, албайып,
Котур нардай дардайып,
Күлчоронун жанында
Турду Кыяз барбайып.
Капаланып, кайгырып,
Тулпарынан айрылып,
Тоодой Кыяз турганда,
Мына ошондо Күлчоро
Карчыгадай камынды,
Кайыптан акыл табылды.
Жүйөсү менен жеме айтты,
Жеме айтканда деп айтты:
«Ботом, оң далым оюп кул кылган,
Ордолуумду бул кылган,
Шерим Кыяз сенсиңби?
Абамды кууп жоготкон
Эрим Кыяз сенсиңби?
Кыйлага кыргын баштаган,
Таласты элсиз таштаган
Карыямды өлтүргөн,
Кереге-уугум кыйраткан,
Кары-картаң жесирди
Калтырбай тегиз ыйлаткан,
Күнүмдү — кара түн кылып,
Койгон Кыяз сенсиңби?
Эсепсиз эбим кетирип,
Тапкан Кыяз сенсиңби!
Келме кезек келдиби,
Тилекти кудай бердиби?»—
Ошентип, Чоро бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Эр Кыяз менен Күлчоро
Берендер жөө турушту,
Бет алышып урушту.
Ким көргөн мындай жумушту?
Маңдайлашып турушуп,
Кылыч шилтеп, балта чаап,
Былчылдашып урушту.
Кылыч менен салышып,
Кылыч кыйрап быт болуп,
Кабы колдо калышты.
Айбалта менен салышып,
Сабы колдо калышты.
Жаканын баары үзүлүп,
Тондор тозуп, тытылып,
Атаңдын көрү эки арстан
Шер экени билинди,
Кымбат баа кырмызы
Ок өтпөстөн чопкуттар,
Күл болуп быт-чыт тытылды.
Катуу жаңжал кылышып,
Маңдай-теской турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп,
Мындан айла көп болбой,
Маңдайлашып барышты,

Багалектен алышты,
Балбандардай чалышып,
Жөө кармашты салышты.
Кайран жанды куурушту,
Кабырганы жуурушту.
Көрүнгөн жерин үзүштү,
Көрсөң кызык тамаша,
Көк букадай сүзүштү.
Кабылган жерин оюшуп,
Алты күн тынбай кармашып,
Ач буурадай чайнашып,
Артык алыш кылды эле.
Булчуңдарын булушуп,
Кулактан кармай алышып,
Катуулап кармаш болду эми.
Тизе тийсе, кара жер
Типтик болуп оюлду,
Эки буту тийген жер
Кемеге болуп оюлду.
Каршылашып эки арстан
Бири бирин боктоптур,
Бузулуп кетпей, кара жер
Калыңынан токтоптур.
Дөбө кулап, түз болду.
Кашат кулап, сай толду.
Өңгөн чынар, чырпык, таш
Тебелеп такыр жулуптур,
Зор Кыяздын айласы
Биротоло, куруптур.
Айгай салып бакырып,
«Сейтегим!» деп чакырып:
«О, кагылайын тентегим,
Каралды болчу, Сейтегим,
Бир жаңжалды салбасаң,
Алсыратып албасаң,
Кайгы тартып дүйнөдөн
Өлмөк болдум, Сейтегим!
Кайра келбес чын жайды,
Көрмөк болдум, Сейтегим!
Өзүң айла кылбасаң,
Атакеңден ал кетет,
Көөдөндөн чымын жан кетет.
Айланайын, Сейтегим,
Аталыкка санасаң,
Тоотору атка бара гөр!
Эр экениң билгизгин,
Эмгек тарткан атаңа
Чылбырын колго тийгизгин!»
Деп, ошентип бу Кыяз
Тулпарын самап турганда
Өзү айлакер Айчүрөк
Тооторуга барыптыр,
Көкүлү менен кулагын
Кошо кармап алыптыр.
Кан Кыяздын Тору атын:
«Кайнатам Манас жолу» — деп,
Жыкпай туруп, жыластын
Башын кесип алыптыр.
Мына ошондо Күлчоро
Алты миң нар, миң тайга
Арнап кылган Актинте
Бөрү тилдеп сомдогон,
Душманын мыктап жарсын деп,
Качанкы кегин алсын деп,
Бөлөкбай байкуш оңдогон,
Жоого ылайык Актинте
Кындан сууруп алды эми,
Кыйын баатыр Күлчоро,
Кый сүбөөгө салды эми.
Кыйкыралбай зор Кыяз
Кышылдап жатып калды эми...
Күлчорону карасаң,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Оозунан түтүн буркурап,
Айтып турду мындай деп:
«Ташты буздум, көч алдым,
Кас душмандан өч алдым.
Азыр өлсөм арман жок,
Кенедей арман калган жок.
Кегим калбай жазылды,
Умачтай көзүм ачылды,
Күйүттүн баары басылды».
Деп, ошентип, Күлчоро
Тиктеген жоосу өлгөн соң,
Тилегин кудай берген соң,
Аяш ата Момунжан
Момунжанга келгени,
«Касташкан душман өлдү» — деп,
Сүйүнчүлөй бергени.
Кайгыдан жүрөк басылды,
Кабактары ачылды.
Ал-аңгыча болгон жок,
Баатыр Сейтек желигип,
Балапан куштай демигип,

Карадөө менен Күлчоро,
Бул экөөнө келгени:
«Э, Карадөө, Күлчоро, —
Экөөң тең — менин абамсың,
Абам эмес, бабамсың,
Өзөн толгон жедигер,
Жагылган отун өчүрүп,
Олжолоп айдап көчүрүп,
Өкүмдөрүн кырайын,
Өз кылганың ушу деп,
Желиккенин кырайын». —
Деп, сыртын салып, турду эми.
Ошондо, Күлчоро менен Карадөө
Эки агасы кеп баштайт:
«Куржунга салып, кум артса,
Арыбас да, жоорубас,
Кара лөктүн даанасы,
Өйдө-төмөн кеп салса,
Ордуна келер акыры,
Арстан шердин баласы.
Накерлеп сайган желегим,
Кайрандан калган белегим.
Жетим өскөн кыраакым,
Жетиктен калган мураапым,
Акыл сөз айтам, билип ал,
Асылым уулум, тилимди ал!
Өтүп кеткен заманда,
Көк жал абам аманда,
Атышка сан кол барчу эле.
Катарлаш өскөн биргелеш,
Сен эмес, балам эр Сейтек
Кан атаң тилим алчу эле.
Билекке кылыч илчүбүз,
А дүйнө кеткен атаңды
Колубуз менен билчүбүз.
Бир кеңешкен ооз ушул,
Бир күрөшкөн кез ушул,
Атаң өткөн Семетей,
Алчу элем тилин абам деп,
Абам түгүл, тим эле
Арка кылган бабам деп,
Акыл айтам Сейтегим
Абаман калган балам деп.
Айткан акыл билип ал,
Кулунум Сейтек, тилимди ал!
Баатыры акмак эмеспи,
Куураган журтта не жазык.
Жети-Өзөндө жедигер
Четинен бөөдө кырганда,
Жетесиз бул эл чабылар.
Жетим калдың атаңдан,
Бизге жерге журт кайдан табылар?
Уксаң, сонун кебим бар,
Айтканымды билип ал,
Ата балам, тилимди ал!
Туюкту бузуп, жол салса,
Турбай душман кол салса,
Өкүлдөп айза сунушсак,
Үйүз-бүйүз турушсак,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушсак,
Аскер жайнап, кол толуп,
Аябаган шор болуп,
Кыйын жаңжал иш болсо,
Кызыталак башка күч болсо,
Караан болот, бел болот,
Карааны бар жедигер,
Бизге акыры эл болот.
Балам Сейтек, тилимди ал,
Айтканым кымбат билип ал!
Жети-Өзөндө жедигер,
Жергелүү журтум чабам деп,
Бу кебиңди ким уксун?
Көз көрбөгөн түн уксун,
Төбөсү бүтсө көк уксун.
Төшү түктүү жер уксун,
Баштыгы акмак эмеспи,
Баары журтта не жазык?
Жалаңкычтай жоо чыгып,
Жаман мүшкүл доо чыгып,
Кыранды түзөп, жол салса,
Кыр жактан душман кол салса,
Караан ушул, бел ушул,
Карааны тийчү эл ушул.
Жок чатакка чатылба,
Жедигер журтка катылба!
Жети-Өзөндө жедигер
Карандуу журтка катылып
Капардар кылба, сен ошол.
Журт толкуган көл болор,
Толкуган журттан айрылып,
Эренге кандай күн болор?
Берениm Сейтек тилимди ал!» —
Деп, ошентип, Күлчоро

Акыл айтып турганда,
Бала Сейтек ойлонуп
Айткан тилин алды эми,
Айдаган жолго басты эми:
«Берен мал ойронум,
Белгилүү аба — коргонум,
Астыга салса, ак жолтой,
Айбаты бар сан колдой,
Сыйынып чыгар белимсиң,
Мурдакы кеткен атамдан,
Мураага калган шеримсиң.
Атамды алдам алганда,
Жерге көмбөй, калк көрбөй,
Жетим калдым атадан.
Берен атам бар болуп,
Жол үйрөтүп, эл көрбөй,
Кадимки Талас жер көрбөй,
Тарбыядан тайкымын,
Орой айтсам, кечип кой, аба?»
Деп, өтүнүп жаш Сейтек,
Акылы эргип-ой ойлоп,
Жедигердин баарысын,
Жашы менен карысын,
Жетим-жесир начарын,
Тегиз Жыйнап алды эми.
Кош дөбөдө мунарык
Мунарыктын оюнда,
Айланасы чынар бак,
Эр Кыяздын алтын так,
Алтын такта казына
Казына оозун ачты эми.
Калың кара көп журтка
Сарып кылып чачты эми.
Буттап алтын, кызыл зээр
Толуп аткан сан дүйнө
Алган адам карк болду.
Бөкчөңдөгөн чал да алды.
Ойногон бала ал да алды.
Олжолоп алган алтынын
Ондон-бештен топтошуп,
Тамаша салып атышып,
Көк жал тууган Сейтектин,
Эр экени билинди:
«Түптүү атанын уулу — деп,
Абышка-алка сүйүнүп,
Ак болоттун тукулу,
Арстан эрдин тукуму,
Журтка мамы паанасы,
Өмүрлүү болсун ылайым,
Айкөл шердин баласы!»
Деп, ошентип, журт чуулап,
Эр экенин көрдү эми.
Эр Кыязга караштуу
Адырда жылкы алты сан,
Алты сан жылкы ала баш,
Аргымак, буудан аралаш,
Олжого кууп келди эми.
Жетим, жесир байкушка
Үлөштүрүп берди эми.
Көңүлдөрү жай болуп,
Жети-Өзөндө жедигер
Караламан калын журт
Кадимкидей бай болуп,
Адам билбес ой кылып,
Жеткилең жыйып той кылып,
Калктын көөнү жай болду,
Алтын талап, мал алып,
Жедигер журту бай болду.
Жети-Өзөндө жедигер,
Жер майышкан көп элди,
Жетик чоро жыйды эми
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Шай колдогон Күлчоро,
Жедигерге кеп баштап,
Жар чакырып турду эми.
«Айтканымды билип ал,
Ай, жедигер тилимди ал,
Кара көк жал шериң кел,
Калбастан журтум, келиңер,
Ак сакалдуу карың кел,
Азыр чуулап баарың кел!
Кара сакал, көк сакал,
Кызык сөз салам, көрүңөр!
Сүйлөгөндө сөзү ачык,
Артык көргүч көзү ачык,
Айлага толук шериң кел,
Калың кара жедигер
Калбастан журтум баарың кел!
Калкым, кабар саламын,
Карадөөдөй көк жалды
Кан көтөрүп каламын!
Ушу турган Карадөө
Силердин эми каныңар,
Ар айткан тилин алыңар!

Кайра тартпай, бул эрди
Кан көтөрүп салыңар!
Силерди каптап жоо келсе
Жер майышкан дөө келсе,
Душманга беттеп уруучу,
Эл кайтарып туруучу
Чокмор болор Карадөө.
Каршылаша жоо келсе,
Канаттууга кактырбай,
Тумшуктууга чектирбей,
Чоң буттууга тептирбей,
Чоң чеңгелге эңдирбей,
Чоң айтканга жеңдирбей,
Күтүп алчу эр ушул!
Жел өтпөс короо там болор,
Аман болсо, Карадөө,
Уландуу дайра көл болор,
Жедигер саа бел болор.
Бурулуп уксаң сөзүмдү,
Аман болсо, Карадөө
Мураа болор өзүңө!
Тулпарыңды жоорутпас,
Түк көңүлүң оорутпас,
Күтүп алсаң, Карадөө.
Күрдөлүү арстан бел ушул.
Бу дагы боз кыраандын талаасы,
Өзүңдөн чыккан Кутубий,
Кутубийдин баласы.
Көзү көргөн алыстан,
Көптү көргөн даанышман.
Жүк көтөргүч камбылың,
Айкайлап душман келгенде,
Найза уруучу даңгылың,
Балбан да ушул, шер да ушул.
Кутубий уулу Карадөө
Күтүп алсаң жедигер
Ата болчу шер да ушул!
Айтыштырып доого сал,
Мүдүрүлсө тилин кес,
Найза берип жоого сал,
Жалтанып кетсе көзүн теш,
Мурунтан айткан сөзүмө,
Аман болсо Карадөө
Мураа болор өзүңө.
Салмакташкан жериңе,
Сары адырмак бел ушул.
Салышкан жоого сан колдой
Элим, чокмор эр ушул!»—
Деп, ошентип, Күлчоро
Жедигерге муну айтса,
Калың кара жедигер
Макул көрүп чорону
Айчыгы алтын туу болду,
Журт чуркурап чуу болду:
Кутумдун уулу Карадөө
Калкты баштап жүргөнгө
Кочкор кылып алалы.
Качырып жоого чабууга


Чокмор кылып алалы.
Аттанып жоого кол салса,
Айчыгы алтын керене
Желек кылып алалы.
Дегенине көнөлү,
Эки тизгин, бир чылбыр
Карадөө канга берели!
Таш ыргытчу кудук — деп,
Таалай кылчу улук — деп
Пенде кечкич кообуз деп,
Журт таянчуу тообуз — деп,
Караан кылган белим — деп,
Журт койчусу шерим» — деп,
Жедигер журту чуу туруп,
Добулбасты карс урду.
Адам билбес ой кылып,
Калың кара жедигер:
«Каныбыз жаңы болду — деп,
Кайгынын баары жоголуп,
Кардыбыз азыр тойду» — деп,
Бээ баштаган беш тогуз,
Кармап тойго союшту,
Бакандары майышты,
Балбаны атчан сайышты:
«Жети-Өзөн суунун ою — деп,
Карадөө такка минерде
Жедигердин тою» — деп.
Өрөпкүгөн кайран эр,
Өпкө алып таздар салышты.
Салышкан таздын башына,
Томпойдой өпкө жабышты.
Журт чуркурап чуу болуп,
Каткырып күлүп калышты.
Ал Карадөө баатырды
Алтын түрдүү килемге

www.bizdin.kg

Отургузуп алды эми.
Ар бурчунан балбандар
Көтөрүшүп алышып,
Алтын таажы кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Калкка кабар салды эми:

«Калк атасы ушу — деп,
Кутубий уулу Карадөө
Кан көтөрүп салды эми.
Капалуу көөдөн жай болду,
Карадөө баатыр кан болду.





## СЕЙТЕКТИН ТАЛАСКА КӨЧҮШҮ

Кечээ Семетей уулу жаш Сейтек
Карында тентип каңгырап,
Атасынан айрылып,
Туулбастан чабылып,
Кайгыда жүрүп чоңоюп,
Берендин уулу эр Сейтек,
Баарланып сабылды,
Айчүрөк менен Күлчоро —
Экөөнө бирдей таарынды:
«Бугулуу Талас, бул Кен-Кол,
Жерде өскөн эл кайда,
Энекем менен абакем,
Элге жетер күн кайда?
Кыялап ашып, жол тартсак,
Кырк адырмак бел кайда,
Кыраанным абам, эл кайда?
Маңдайдан басып от албай,
Өз журтума жете албай,
Каңгырып жүрүш не пайда,
Карангүн абам, эл кайда,
Элге жетер күн кайда?
Менин картайган энем Каныкей,
Каарлуу душман колуна
Таштап келген экенсиң.
Эптүүлүктөн жаныңды
Алып келген экенсиң,
Энемди мүшкүл кордукка
Салып келген экенсиң!
Асыл энем Каныкей
Күңдүк менен күн көрүп,
Күйүт тартып жүргөндүр.
Өлчөмү кетип, шордуу энем,
Өлүүчү жакка баргандыр.
Капаланып, кайгырып,
Кайран акыл, көп ойдон,
Калгандыр энем айрылып,
Өксөп, боздоп, өлө албай,
Чыркыраган шордууңуз,
Чымындай жанды кыялбай,
Күйүп-бышып кок болуп,
Боздоп шордуу жок болуп,
Кайра тартпас чын жайды
Көрө турган болгондур.
Ушу быйыл барбасак,
Бек кор болгон энемди
Ажыратып албасак,
Туубай туна чөгөлү,
Тукум болуп нетели,
Азыр өлүп кетели.
Кара көңүл Канчоро
Пайгамбардай Бакайга
Каарын төгүп кордуктап,
Каарлап сабап зордуктап,
Шумдук кылды деп угам.
Айында сабап тургун — деп,
Жумада талоон кылгын — деп,
Буйрук кылды деп, угам.
Көк жал абам олуя
Көптү көргөн карыя,
Тирүүлүк кетип санда жок,
Өлүп бүтпөй, көрдө жок,
Колдо жүрөт деп угам,
Козголсо болуп көкбөрү,
Зордо жүрөт деп угам.
Келгендерден кеп угам,
Карыя Бакай, Каныкей,
Деле, калың айыл-журтумдун
Кейпи ушундай деп угам,
Ата конуш — уя деп,
А Таласка барбасак,

Кайгыда мурда элимди,
Азаптык, күңдүк, кулдуктан,
Каныкей, Бакай пиримди
Ажыратып албасак,
Наркын тартып атанын,
Жолун жолдоп бара албай,
Жоонсунган душмандан
Жолугуп өчүн ала албай,
Балдары акмак болду — деп,
Көргөн журт өсөк кылат го.
Мейлиң жакшы, мейлин шер,
Мейлиң жаман, мейлиң жер,
Жаралган адам баласы,
Түбүндө көк жал болсоң да,
Тагдыр жетип, күн бүтсө,
Тартпай койбойт койнуна,
Боору муздак кара жер.
Калың душман кырганда,
Катуу заарын кылганда,
Кечээ Таласка талоон койгондо,
Далайыңды сойгондо,
Бел байлаган бел кетип,
Белгилүү тутка шер кетип,
Журт чуркурап, бөлүнүп,
Энеңдин каны төгүлүп,
Кайындын баары байланып,
Кыз олжого айдалып,
Болумдуу балбан эрендин
Кулдукта колу байланып,
Куруп турган кезекте,
Жанды кыйып өлүмгө
Барбай келген экенсиң,
Каныкей энем, Бакайды,
Тирүү таштап душманга
Албай келген экенсиң!
Баатырлыкты, шердикти
Көрбөй келген экенсиң.
Колуң менен экөөнү
Көмбөй келген экенсиң!
Оңбогон энем, Айчүрөк
Оңбогурум оңбоссуң,
Калкың мактап, журт чуулайт:
Ургаачынын узу — деп,
Белгилүү пери кызы — деп,
Аккуу кебин киет — деп,
Жаралган жердин баарысын
Кыдырып учуп жүрөт — деп,
Учсаң да — энем, оңбопсуң,
Падыша энем Каныкей
Тырмагынча болбопсуң!..
Чын казанат туу болуп,
Туу түбүнө турбапсың.
Берен энем Каныкей
Бир кылганын кылбапсың!
Айкөл атам өлгөндө,
Аккуу кебиң кийбепсиң,
Кереметиңди билгизип,
Бакай кан менен Каныкей
Ай далыңа мингизип,
Адыр-күдүр, талаа, түз
Талаа, түз басып шашпапсың!
Атаң Акун шаарына
Арстанды ала качпапсың.
Эрендей ишти кылбапсың,
Таятам Акун шаарына
Жесир Чүрөк дедиртип,
Жаныңды багып турбапсың!
Каарланган душмандын
Торуна түшүп келипсиң
Каардуу Кыяз каапырдын
Торуна түшүп келипсиң,
Кылыгың ойлоп карасам,
Калк аманын кааласам,
Туткунга башың чатылып,
Каапырлык кылган экенсиң.
Туура эрдикти кыла албай,
Катындык кылган экенсиң!
Олуя заада сен болсоң,
Олжого түшкөн оңорбу?
Кордуктуу душман колуна
Кор болгон адам болорбу?
Ээ, кокуй күн энем, оңбой кал!
Теңизим энем, кебимди ук!
Кетем Талас жериме,
Баргым келет андагы
Калың кыргыз элиме» —
Деп, ошентип, эр Сейтек
Ачууланып артынан,
Арстан Бакай, Каныкей,
Бул экөөнүн дартынан.
Эрмек чалдан кеп угуп,
Эрен Бакай, Каныкей,
Олжого калды деп угуп,
Бала кейип турганда,

Шай колдогон Күл абаң.
Жети жүз кызыл нар айдап,
Нар комуна бүктөдү,
Агар алтын, көп дүйнө
Жети жүз нарга жүктөдү.
Олжого кеткен кайран журт.
Тилегине жетиптир,
Кырсыгы баштан кетиптир
Кайгы-муңу басылып,
Кабактары ачылып:
«Баатырыбыз Сейтек» — деп,
Мактанышып, барбактап,
Кыйын кызык, улуу дуу
Калк чуркурап, эл күлүп,
Көчө жүрдү Таласка.
Кызыл кырчын жаштарга
Кымчама тон кийгизди,
Кымчаманын этегин
Кыйгачтап жерге тийгизди.
Кызыр чалган көк жалдын
Улуу экенин билгизди.
Кыйындап көчтү Таласка,
Жүк жүктөгөн нарларга,
Асемдетип малдарга
Кылдыроочтон тактырды,
Кымбат баа килемден
Кыйгачтата жаптырды.
Кылдыраган күлдүрөөч
Нар башына тактырып,
Айчыгы алтын кызыл туу
Азаматтар көтөрүп,
Ата конгон Таласка
Арстан Сейтек бет алып,
Антип көчтү Таласка.
Жети-Өзөндүн өзүнө
Карадөөнү кан кылып,
Кызырдуу шердин тукуму
Эр жеткенде элди издеп,
Айтылуу Талас жерди издеп,
Олуя чалыш Каныкей
Картайып кеткен эне издеп,
Семетей уулу эр Сейтек
Көчө чыкты Таласка.
Таласты көздөй көчкөндө,
Асманга учуп топурак,
Кол-кол болуп топурап,
Көк ала майдан кызыл туу
Асмандатып асташты,
Бир кызыктуу жыргал башташты.
Өлөң баштап, ыр ырдап,
Эрикпей көчүп, кыр кырлап,
Тамаша таңга салышып,
Бугу, марал торпогун
Уландар кууп алышты.
Ар азамат найза алып,
Алты- алтыдан жанаша
Артык кызык, чоң дүрбөөн
Бу көчүштү карасаң.
Эл толкундап, журт дүрбөп,
Ардактуу күлүк, тулпар ат,
Оозу менен алышып,
Окоро түйгөн ак тизгин,
Буудандарга чак тизгин,
Кошколдоп колдо карышып,
Боз бала, жигит аралаш,
Кыз-келин менен жарышып,
Кызык өзөн бойлошуп,
Кызыгышып, кыраандар
Кыз куушмай ойношуп,
Талыкпай көчүп, бээ байлап,
Таласты көздөй бет алып,
Эл чуркурап, чуу болуп,
Эр кубанып, дуу болуп,
Киндик кесип, кир жууган
Жерине көчүп келатат.
Бармактайда баш кошкон
Элине көчүп келатат.
Жети атасы көзүн жуумп,
Өткөн жерге келатат.
Калк атасы Манас кан
Кара көзү жумулуп
Кеткен жерге келатат.
Калайык жоктоп, чуу туруп
Өткөн жерге келатат.
Жети-Өзөн көчүп, жол тартып,
Желенүүнү басты эле,
Мойнокчону ашты эле.
Ошондон чыксаң, иш кыйын,
Эл алдында эр Сейтек
Ат арытып, жер чалып,
Ит агытып, куш салып,
Белендини басты эле,
Беш — Куюм-Суу, Беш-Мойнок

Төрт-Мойнокту басты эле.
Ар кандай зарлоо иш кыйын
Атанын уулу кыраанга
Кабылмак болду бир буюм.
Ошо буюм кез келсе,
Тоодой мураа жүгүрөр
Атасы айкөл Семетей
Астынан бүгүн тирилер.
Көңүл көп-көп бөлүнөр,
Чоң кызык көзгө көрүнөр.
Үзүлгөндөр уланып,
Чымындай жандар кубанып,
Ойлор эрип, тоо кулап,
Ошондой ишти көргөндө
Көңүл көп-көп бөлүнөр,
Келип калса ал буюм,
Атасы көк жал, айкөл, шер
Семетей жанга сынаакы,
Күлүктөп минсең жылкы ошол.
Көк жал атадан калган мураапы.
Жүрөк дегдеп, ич кайнап,
Бой дүркүрөп, тиш кайрап,
Дене балкып, каз жайнап,
Дел оору тийген эмедей,
Дегдеп Сейтек жол тартып,
Адыр-күдүр бел басып,
Мунарык түшүп бурчтанган,
Булуң тартып учтанган,
Булут, туман кетпеген,
Мунарыктуу жер басып.
Бура тартпай булкунтуп,
Алдында тулпар Кылкүрөң,
Көкүлдү көккө ыргытып,
Туягын жерге мылгытып,
Жорголоп басып, кылтылдап,
Алтын така, күмүш мык
Төрт аякта жылтылдап,
Балтыры бала белиндей,
Айбандан артык карандын
Басыгы сырттын желиндей,
Жүгүргөнү куландай,
Семиргени сүмбөдөй,
Секиргени бүргөдөй,
Айгай салса шашпаган,
Чуңкурду жаза баспаган,
Тайкы көкүл, кулан жал,
Тартынбас тулпар ат менен,
Айтылуу бала эр Сейтек
Ээр белдей белестен
Эңкейип ашып келгенде,
Узун бойлуу, кен далы
Ары балбан, ары шер,
Агасы арстан, чиркин эр
Эки жагын каранып,
Эрди мурдун жаланып,
Алыскы жайды каранып,
Бабасы баатыр, курган эр
Ач бөрүдөй жаланып,
Белес бойлоп белди ашып,
Какылдап учкан карга жок,
Кукулдап учкан кузгун жок,
Ээн талаа, чөл экен,
Каракчы, ууру, кесептер
Мекен кылган жер экен.
Бүлүнүп, далай таланган,
Мүшкүлдүн чөлү дээр экен.
Ээн чөлдү басканда,
Баягы Үмөтөй сөөгү жүктөлүп,
Казакка кеткен Тайбуурул,
Кабылмак болду Сейтекке.
Сары арканы жердеген,
Салышып адам жеңбеген,
Апыраңдап, казак журт
Ардай болгон Буурулга
Аябай кордук кылыптыр,
Кулагына коргошун
Куп эритип куюптур.
Болумдан окто катыптыр,
Алып сатар, соодагер,
Кербенчиге сатыптыр.
Аркаларын жоорутуп,
Жүк жүктөп, көөнүн оорутуп,
Кордуктан Буурул кайгырып,
Жайы-кышы жүк кетпей,
Жал-куйруктан айрылып,
Кучак болгон саны жок,
Жал-куйруктун баары жок,
Жоор, жорток болуптур,
Нардай болгон ал Буурул
Чолок атка конуптур.
Жардай болгон жарыктык, —
Жаман аттуу болуптур.
Алтымыш кырсык, миң балаа
Жаныбарды тооруптур.

Күнчүлүк жерден Тайбуурул
Берендин уулу Сейтектин
Жытын жыттап алыптыр,
Байлап салса, токтобой,
Коё берсе оттобой,
Аза күтүп калыптыр.
Жүк жүктөлүп, кар болуп
Семетей уулу Сейтекти
Бир көрүүгө зар болуп,
Араң жүргөн ал буудан
Кайранындын тукуму
Сейтекти көрүп алыптыр.
Кырк кербенге кызык чыр
Нардай болгон ал буудан
Аябай жаңжал салыптыр.
Кербенчилер кармаса,
Кээ бирөөсүн Тайбуурул
Тиштеп, кажап, ыргытып,
«Так-так!» — деп таамай кармаса,
Көмө тээп зыргытып,
Элүү-кыркы баш болуп,
Бир чылбырга сүйрөлүп,
Сүйрөлгөндөр тырышып:
«Ар качандан. бир качан,
Азоолугун койбойт» — деп,
Буурул ат менен урушуп. —
Кең Сары-Арка өзөндөн.
Айтылуу казак көп элден
Казактардын канынан
Буттап алтын, зээр берип,
Сатып алган мал эле,
«Так! так! чочко! так так» — деп,
Кербен башы Карасарт,
Келе жатат күүлөнүп,
Буурул атка сүйлөнүп:
(Сүйлөнсөң ат токтойбу?
Адамдан бетер айбандын
Эне-атасын боктойбу?)
«Жер чымырап көпкөндө,
Кандуу жайлоо болгондо,
Ыкшалып ыраң толгондо,
Колоттон сандап суу жүрүп,
Жайкы мезгил болгондо,
Жайлоого эркин койбосом,
Күзгө маал боз кыроо
Арам сени сойбосом,
Этине мыктап тойбосом,
Эки көзүң ойбосом!» —
Карасарт келет күүлөнүп
Нардай болгон Буурулга
Адамдан бетер күрсүлдөп,
Алган экен сүйлөнүп.
Айтайын десе, тили жок,
Нардай болгон Тайбуурул
Окто, чылбыр, чому бар,
Кыр арканын үстүндө
Он эки жерде жоору бар.
Кабыргасы каржайган,
Калактай саны тартайган,
Омуртка сөөк оркойгон,
Карчыт эти бөлүнгөн,
Ар кабырга үстүнөн
Салаңдап ириң төгүлгөн,
Туяк тукул кайрылган,
Жардай болгон жарыктык,
Жал куйруктан айрылган,
Кербенчи кырдап, жүк артып,
Карып болуп кетиптир,
Баштагыдай эти жок,
Арык болуп кетиптир.
Кум сирке басып алыптыр,
Кырсыктын кыркы чалыптыр,
Өлө турган кезине
Жарыктык буудан барыптыр,
Айкөлүнөн ажырап,
Карып болгон Тайбуурул
Кезең тоонун урчуктан,
Оңурайган тумшуктан,
Келип жетип Сейтекке
Туура тартып жолуна
Тулпар буудан турду эле,
Туяк менен кара жер
Жемире басып урду эле.
Улутунуп, ич тартып,
Туйлап турат Буурул ат,
Айтып сүйлөр тили жок,
Ыйлап турат Буурул ат,
Айбан да болсо, Сейтекти
Кыйнап турат Буурул ат,
Ыйыгына ээк артып
Ыктап турат Буурул ат,
Тегеренип, онжоңдоп,
Жыттап турат Буурул ат.
Мөндүрдөй бөлөк көз жашын

Төгүп турат Тайбуурул.
Баягы айкөл Семетей
Баласы Сейтек экенин
Көрүп турат Нарбуудан.
Бөлөк-бөлөк көз жашын
Төгүп турат Нарбуудан.
Окуранып, кишенеп,
Туйлап турат Нарбуудан.
Чымындай жанын Сейтектин
Кыйнап турат Нарбуудан.
Куйрук, жалы бөлүнүп,
Нардай болгон Буурул ат,
Баланы жыттап солкулдап,
Буурул минтип турганда,
Баатырдын уулу Сейтектин
Көңүлү кетти бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Айбандан тулпар Буурул ат,
Атасы Семетей кандай көрүнүп.
Нардай болгон Буурулду:
«Атадан калган малым — деп,
Малым эмес, бу Буурул
Көөдөндө ысык жаным» — деп.
Буурул келип жолугуп,
«Өрттөнүп күйдү жаным» деп,
Өзүм жетим, мал тентип,
Болуптурмун жаман ат.
Он эки бирге кол берген,
Ойрон атам ала жат!
Айкөлүнөн ажырап,
Кербенчиге сатылган,
Кейишке чогуу катылган,
Айбандан чыккан тумшуксуз,
Сендей шордуу кайда бар?
Ата жытын көрбөгөн
Атакелеп, эркелеп,
Астында ойноп жүрбөгөн,
Атасы көк жал берендин
Кандай түрүн билбеген,
Курсакта калып куулган,
Мендей шордуу кайда бар?
Буурул да — жетим, мен — жетим,
Буга окшогон азапты,
Пендесине бербей кал!
Калайык элдин түркүгү —
Кабылан атам, өлбөй кал!
Аза күтүп айбаны,
Артында минтип калганы.
Опасы тар бу дүйнө,
Бу дүйнөнүн жалганы.
Атаман калган Нарбуудан,
Айбан минтип турганда,
Тукум элем, уул элем,
Кайра тарткыс чын жайды,
Көзүм менен көрсөм бейм?
Атам шердин алдына,
Курман болуп өлсөм бейм,
Айбан минтип турганда,
Кантип чыдап турамын.
Калдым жетим, жаман ат,
Кабылан атам, ала жат!
«Атаман калган малым — деп,
Айбан да болсо жаным» — деп,
Көкүрөгүн кур жыттап,
Көкүлүн кармап, шуу жыттап,
Кучактап алып, Бууданды
Куркурата бек жыттап:
«Мурунку өткөн атамдан
Мураага калдың» — деп жыттал,
Сейтек ыйлап турганда,
Айчүрөк келди зыркырап,
Тайбуурулду көргөндө,
Берен жеңең бейтаалай,
Бетин тытты чыркырап:
«Аты калып, өзү жок,
Айкөлүмдүн көзү жок,
Ушундай белең, дүйнө шок!»—
Деп, ошентип, Айчүрөк:
«Айкөлүмдүн Нарбуудан,
Чалгынга минсе, чарчабас,
Ооругка минсе, ооруукпас,
Алты айга минсе арыбас,
Алтымыш асый болгуча,
Азуу сайып, карыбас,
Кармашка кирсе камыкпас,
Өзүң мында, берен жок,
Ойлосом, мүшкүл жаман ат,
Ойрон төрөм ала жат!» —
Таалайы тайкы, Айчүрөк,
Чыңырып үндү салды эле,
Чынардай болгон ак бетти,
Жулуп-жулуп алды эле,
Жулганда, кара кан кетти,
Жеңекеңден ал кетти.

Боз жоргосу жорголоп,
Эки беттен аккан кан
Боз жоргонун жалынан
Камчы бою шорголоп,
Жазайылдуу мүшкүлдү
Көрүп ала таштады,
Буурулду көрүп чыркырап,
Кайран катын Айчүрөк
Өлүп ала таштады.
Жар конушка конуптур,
Айкөлүнөн айрылып,
Жаман аттуу болуптур.
Көк ала көлдөй көйнөгүн
Бөлүп ала таштады,
Нарбууданды көргөндө
Асыл жеңең Айчүрөк
Өлүп ала таштады.
Айчүрөк турду чыркырап,
Сейтек ыйлап, буркурап,
Тили жок Буурул ат ыйлап,
Тиктеген жандын баары ыйлап,
Көрүп турган өл ыйлап.
Агарып өңү суюлду,
Эки көздөн аккан жаш,
Омуроо ылдый куюлду,
Жар конуш бойлой конушуп,
Опол тоодой ойрон шер
Жаңы өлгөндөй болушуп,
Курсак кайнап, жан күйүп,
Дене бошоп, кан күйүп,
Заман тарып, бүк түшүп,
Каңырыгы түтөшүп,
Кайрат кылып тыя албай
Кардыгып Сейтек турганда,
Жетип келди Күлчоро,
Шай колдогон шер чоро,
Көзүнө Буурул көрүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Нардай болгон Буурулдун
Көкүлүнөн кур жыттап,
Кучактап алып бек жыттап:
«Атадан калдың» — деп жыттап,
«Айбан да болсоң жаныбар,
Күлүгүң жанга сынаакы,
Көк жал атам кан Манас
Таштап кеткен мураапы.
Биттей кезде биригип,
Бармактай кезде баш кошкон,
Кең көкүрөк, тайкы жал,
Керишке минсе кебелбес,
Чалгынга барса чарчабас,
Тотудай куйрук чубаган,
Токсон күндүк чөл келсе,
Адамга мүшкүл жер келсе,
Ал түйшүккө чыдаган,
Айланайын Буурулум.
Караңгы жайга бактырган,
Мойнуна тумар тактырган,
Болжолсузун көргөндө —
Жез тумшук сынап жактырган.
Нардай болгон чоң Буурул,
Ашуусу бийик аска таш
Белге минген Буурул ат.
Белге мүшкүл чоң жаңжал,
Жерге минген Буурул ат.
Кызыл кыргын, будуң-чаң,
Четке минген Буурул ат.
Кыйын татаал жолдордо
Кынап берген Нарбуудан.
Кызылдай мүшкүл жаңжалга
Чыдап берген Нарбуудан.
Арпа берсе чайнаган,
Аркардай көзү жайнаган,
Буудайды жара чайнаган,
Бугудай көзү жайнаган.
Керишке минсе кебелбес,
Кең казана жарыктык,
Кырк бир ашуу белдерге
Кырк күнчүлүк чөлдөргө,
Чыдап берген мал элең».
Деп, ушинтип, Күлчоро
Нарбууданды көргөндө
Абасы көк жал тирилип,
Астына жетип келгенсип,
Өлгөн көк жал тирилип,
Бүгүн көзүн көргөнсүп,
Шай колдогон Күлчоро
Кантип турсун токтолуп.
Токтолбогон себеби,
Абасы Айкөл барында
Адыр-күдүр аска таш,
Кырга минген мал эле.
Кытай, кыргыз жаңжалы
Чырга минген мал эле.

Ата, эне болуп сактаган,
Атасындай мал эле.
Жортуулга минсе жоорубас,
Жолдоштугу бар эле.
Нарбууданды көргөндө,
Арстаның чороң буркурап,
Он эки мүчө, кырк бир сөөк,
Быт-чыт болду быркырап:
«Аты калып, ээси жок,
Алакчы мүшкүл оңбой кал!
Ушундай белең дүйнө шок!»
Деп, өксүгөн Күлчоро
Сүйлөп оозун жыйганча,
Көкүл сайлап бөлүнүп,
Мына ошондо Тайбуурул
Ичин жыйып окшоктоп,
Кара жерди токмоктоп,
Көктөн жылдыз тутулду,
Көрсөң шумдук мүшкүл иш
Аркардай арыш керилип,
Айып болду Нарбуудан,
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Кайып болду Нарбуудан.
Адыр-күдүр белести,
Ашып кетти Нарбуудан,
Кайып болуп билинбей
Качып кетти Нарбуудан.
Мүшкүл тартып кайгырып,
Нарбуурулдан айрылып,
Азап тартып Күлчоро,
Капка-ташка токтоду,
Качаңкы дартты жоктоду.
Аңырайган капчыгай
Арманын айтып бир далай:
«Буурулду минип булкунтуп,
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Чарайнаны кийгенде
Чалкалап жоого тийгенде
Мында өлбөй не болдум?
Көп дүйнө аман чагында,
Көк жал абам барында,
Кайра тартпас чын жайым,
Көрүп албай не болдум?
Эй, берeним абам, өлбөй кал,
Бейпайды чоро көрбөй кал!
Бул өңдөнгөн мүшкүлдү,
Жан деп кудай жаратса,
Пендесине бербей кал!
Тегеренип курган баш.
Темтеңдедим, кайгырдым,
Абакем кандын керээзи,
Айланайын Тайбуурул
Кайда кеттиң, кайрылгын?!»
Кейиши катуу чоронун
Көңүлү сай-сай бөлүндү,
Семетейдин Нарбуурул
Көрүнүп коюп, жок болуп,
Катуу дүмөк баштады,
Көк жал тууган Күлчоро
Көп капага чыдабай,
Өлүп кала таштады.
Мына ошондо эр Сейтек:
«Энекем менен абакем,
Тагдыр жетсе өлөйүн,
Берен энем Каныкей
Кайда экенин көрөйүн.
Каарлуу душман Канчоро
Жылкынын кысыр тайын жеп,
Эсирип аткан куу кулга
Барып кабар салайын.
Алышка кийчүү Аколпок,
Атышка салчу Аккелте,
Азыр бизге бергин деп,
Буюмдун баарын сурайын,
Чачылганды жыйнайын,
Кеткеним жыйып алайын.
Калкыма өзүм барайын.
Кордук, азап туткундан
Берен энем Каныкей
Ажыратып алайын.
Желиккен каардуу Канчоро
Баатырдыгын, эрдигин
Баса кирип көрөйүн.
Кара мүртөс Канчоро
Баатыр болсо, эр болсо,
Ааламды бузган шер болсо,
Тагдыр жетсе өлөйүн,
Кайра тартпас чын жайды
Күлгүн башым көрөйүн.
Келберсип жаным турганда,
Намызым кантип берейин.
Ажалым жетип окустан,

Каза болсом кокустан,
Жеткилең энем Айчүрөк,
Кармаштан уулум өлдү деп,
Капалыктан өтүп кой!
Ак эмчектин сүтүнөн
Арстан энем кечип кой!
Тажаал салган кордугун
Тирүүдө кантип көрөйүн.
Кордукка кордук салбасам,
Койбостон өчүм албасам,
Туулбай туна чөгөйүн.
Акимсинген Канчоро,
Ак шайтандуу чочконун
Эрикпай чыга жол жүрүп,
Эсебин эптеп табайын,
Эзелки жинин кагайын!
Чардактан жолун чалайын,
Чамасы канча алайын,
Армандуу Бакай абамды,
Атамдан калган бабамды,
Аркасы тоодой канымды,
Пайгамбар сындуу чалымды,
Көк сүлөөсүн бөрктүүнү,
Көп адамдан көрктүүнү,
Ажыратып алайын,
Мураапы Бакай карымды!»—
Деп, ошентип, эр Сейтек
Көңүлү түрлүү бөлүнүп,
Көк аскардай көрүнүп,
Көргөндө минтип турду эле.
Шай колдогон Күлчоро
Акырын айтып, бек таштайт,
Эр Сейтекке кеп баштайт:
«Эй, караанымсың, белимсиң,
Канкордон калган шеримсиң,
Найзага таккан желексиң,
Аманат жанга демөөрүм
Алдейлеген белексиң,
Маңдайымда маанайым,
Балапан Сейтек таалайым.
Караганда кардым ток,
Карааным, сенсиз күнүм жок,
Аркы атаң көк жал шер эле,
Ооруk менен чалгында:
Атыш менен шердикти,
Ар түрлүү кылган эрдикти.
Күлүстөн абам барында,
Күлчором билсин дечү эле
Өзөндүү булак кең Талас
Өрдөшүн каалап чалалы,
Канчоро оңой жоо эмес,
Өкүмсүнбө, Сейтегим,
Өзүң жеке жол чалсаң,
Он үчтөн жашың өтө элек,
Энекең долу эмчеги
Таңдайыңдан кете элек.
Курчуп кубат толо элек,
Бастырып жеке жол чалып,
Баруучу кезиң боло элек,
Таң мезгилин болжош кыл,
Күл абаңды жолдош кыл!
Жолдош кылсаң абаңды
Көргөзөр Бакай бабаңды-
Көрүшсүн өнөр затыңды,
Көп эрдик кылсаң кулунум,
Көмүскөй жерде кез болсоң,
Күл абаң кармар атыңды.
Күлчороң абаң ушундай:
Өйдөлөсөң өбөгүң,
Ылдыйга салса жөлөгүң.
Адырга чапкан ак жолуң.
Таңга болжоп, болжош ал,
Күл абаңды жолдош ал!
Билбегенди билгизем,
Билип жоого киргизем.
Тууганыңа туу болом,
Душманыңа агылсаң,
Өпкө жарып, өт төккөн
Өңгөчө кара уу болом.
Кыяптуу жерде жөө калсам,
Кымбат атаң, көк жал, шер,
Учкаштырып алчу эле.
Учкаштырсам, батпайт — деп,
Аман-эсен бу кедей
Ат кайтарып жатпайт — деп,
Атышка арбын барчу эле.
Кайда да болсо, шер атаң,
Жолдош кылып алчу эле.
Мен да кошо барайын,
Атактуу Кең-Кол, чоң Талас,
Бабабыз өткөн эр Манас,
Таап берген жер экен,
Төрт түлүк малын өстүргөн
Ырысман кыргыз эл экен.

Өзөнү жайык, кең Талас,
Толукшуп, атам турган жер,
Көйнөгүм кирин жууган жер,
Киндигим канын бууган жер.
Тыбырчылап топого
Сойлогон жерим кең Талас,
Чыбык минип, жылаңач
Ойногонум кең Талас.
Таңкы чолпон жылдыздай
Болжош болуп барайын,
Таалайым Сейтек, өзүңө
Жолдош болуп барайын!
Кеп салсам, тилим ала жүр,
Эмил чокмор болот деп,
Белине мени чала жүр!»—
Күлчоро минтип турганда,
Берендин уулу жетимдин
Берендиги билинди,
Безге сайган эмедей,
Безеленип түйүлдү-
«Семетейден бадирек,
Чын туулган эр Сейтек
Болбой калды дебейби?
Атасын тартпай, куу жетим
Оңбой калды дебейби?
Ушак, айың, дуу кылып,
Айыкпас, улуу чуу кылып,
Капка тыкса кампайган,
Саман болду дебейби?
Атаны тартпай, кем кайрат,
Жаман болду дебейби?
Асманда мунар жылдыздай,
Болжош алды дебейби?
Каканга кол салчудай
Карааны тоодой абасын
Жолдош алды дебейби,
Жоо ушагы жебейби?
Туюктап жолду чала албай
Тотолоп жүрөт дебейби,
Күлүстөнү Күлчоро
Жетелеп жүрөт дебейби?
Сабаса, эрен ашыксыз,
Сары адырмак тоо барбы?
Экөөбүз катар баргыдай,
Кырдан келген жоо барбы?
Маңдай тердеп, тил жооруп,
Айтыша турган доо барбы,
Карангүн аба, не дейсиң?
Бул кебиңди ким уксун,
Бир караңгы түн уксун
Казып койгон көр уксун,
Катылган кара жер уксун.
Андан бөлөк ким уксун!
Жаңгыз барам жериме,
Өзүм барам элиме». —
Деп, ошентип, эр Сейтек
Моюн толгоп кетти эле,
Күлүстөн тууган Күлчоро,
Күлчоро калды токтолуп-
Берен Сейтек камынып,
Таласка жүрмөк болгондо
Чын күйүгүп сабылып,
Кара көздөн жаш кетип,
Айчүрөк келди жалынып.
Чылбырдан кармап чыркырап
Жоболоңдуу Чүрөгүң
Чындап ыйлап, буркурап:
«Өзөндүү дайра булагым,
Өлгөндө көргөн чунагым.
Найзага белек желегим,
Асылдан калган белегим.
Түптүү чынар мазарым,
Караса кабак жазарым.
Орнотуу терек-чынарым,
О дүйнө кеткен көк жалдан
Алып калган тынарым.
Жылгындуу Кең-Кол, кең Тал
Жериңе кетип барасың,
Жеринде кетип барасың,
Жыргалдуу кыргыз, аз аргын.
Элиңе кетип барасың.
Кыймалуу жагдан, кырк килем
Балам, кыргыздын жайын мен билем
Будурдан бугу бакырат,
Күңгөйдөн күкүк чакырат,
Булагы оргуп ташыган,
Булбул сайрап таңшыган,
Ошо Талас жерибиз,
Күрүчүн күздүк айдаган,
Күкүгү талда сайраган,
Куланы түздө топтогон,
Адырдан аркар оттогон,
Айтылуу Талас жерибиз,
Өлгөндө көргөн чунагым,

Элиңе барсаң, көөнүңүз.
Кезиксең бабаң Бакайга
Кейиштен сууруп ала гөр!
Сенин чын душманың Канчоро,
Канчоро канга бара гөр!
Атаңдан калган түмөн мүлк,
Белекке сурап ала гөр!
Беттешип сөзгө көнбөсө,
Белегиңди бербесе
Жамандашпай кайта кел:
«Энеке, бербей койду» деп,
Мен бейбакка айта кел!
Буламды булап алганда,
Бузукту жаман салганда,
Алды каткан мен энең,
Карарган чачым жайылуу,
Канап бетим тытылуу,
Эстен танып, көңүл чок,
Эрмекке эркек балам жок,
Эсебим эпсиз тапканда,
Эселек каапыр Канчоро
Энеңди жыга чапканда,
Дарман бошоп, ал кетип,
Капталдан кара кан кетип,
Мен энекең бейтаалай
Белектүү куржун мойнумда,
Олжо болуп куржунум.
Калып калды Аколпок,
Канчоро кулдун колунда.
Аколпок жайын мен айтсам,
Жердин үстүн чалдыргам,
Жекей боз тон кийгизип,
Желмаянды мингизип,
Малдан төгүп баарды,
Кыдыртып кыйла шаарды,
Нар комдотуп тиздеген,
Шаардан була издеген,
Бомбей шаарды чалдырып,
Бакбурчундун буласын,
Алтын берип алдырып,
Бузулганын септеткен,
Кетилгенин эштеткен,
Жарабаса сөктүрүп,
Болот өгөп жиберип,
Ортосуна септирген.
Болоттон кылган шибеге
Кайыгандан кыйраган,
Кадыр алда кудурет
Катуу бүлүк болду деп,
Карынбай көрүп ыйлаган
Барча жандын балбаны
Баатырлар көрүп сынаган.
Аркактарын септеген,
Кайран энем Каныкей
Түн ичинде уйку албай,
Күнүн тынып, тынч албай,
Энең шордуу эптеген.
Аркагын алтын мадаган,
Алтымыш катын, тул жеңе
Айласы кетип жадаган.
Тоок көзү жыбырап,
Торгой көзү кыбырап,
Машаанын мурду батпаган,
Келтенин огу кеспеген,
Найзанын учу тешпеген,
Табылгы жакса, чок өтпөс,
Очогор атса, ок өтпөс,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Чын бадана торгой көз,
Калыңдыгы жарым кез,
Кийүүчү болсоң, ок өтпөс,
Атышка кийчү тон ошол.
Талаанды көрүп, кор болгон,
Энекең жайын биле кел!
Алдап-соолап, абалап,
Мээнеттүү кулдун колунан
Аколпок тонду кие кел!
Бейжайлык кылса, окустан,
Бербей койсо кокустан,
«Энеке бербей койду» деп,
Мен шордуугa айта кел!
Пейли жаман ит менен
Жамандашпай кайта кел!
Бабаңан калган бадирек,
Баштап жатса, чоң дүмөк,
Жазайыл түшүп мойнума,
Кан төгүлүп койнума,
Көп азап тартып башыбыз
Көкбөрү болуп жулунуп,
Көмүрдөй кара чачыбыз.
Бүлдүркөн ала көйнөктөр
Бүктөөсүнөн сөгүлүп,
Бүлкүлдөп кандар төгүлүп,
Чымындай куу жан быркырап,

Душман түмөн, биз алсыз,
Күчкө салып келгенде
Чыңырып ыйлап, кайгырып,
Атакеңдин Аккелте,
Аккелтеден айрылдык.
Аккелте жайын сурасаң
Алышкан жоого сунганда,
Өзүнөн өзү атылган,
Бет алышкан көп душман
Азапка өзү чатылган,
Кыюусуна келгенде,
Сунганда, ооздон ок кеткен,
Ок кабылган душмандар
Түтүндөн мурун топ эткен.
Бабаңан калган мураапы,
Барлык элге сынаакы,
Эмгеги ашык, чын жолдош,
Эгерде мындай мүлк болсо,
Алыска атса болжошу,
Аманат жандын жолдошу.
Катып койсо мүлк ошол,
Абаңдан калган курч ошол.
Көп дүйнө тепсеп чачканда,
Казынамды ачканда,
Төбөмдөн керип басканда,
Төрт түлүгүм чачканда,
Алтыным алып күйгөндө,
Ордомду талап киргенде
Көк көйнөк калды жонумда,
Аркада эркек бала жок,
Чапчышарга чама жок,
Калып калды Аккелте,
Канчоро иттин колунда.
Уйпалады кунумду,
Уккун уулум, муңумду.
Кутургурга бара кел,
Бек көк жал атаң келтесин
Белекке сурап ала кел!
Белекке беттеп бербесе
Жадаалдашпай, кайта кел:
«Канчороң бербей койду» — деп,
Мен шордууга айта кел!
Кеп кылсам, кызык муңум бар,
Кейибей, уулум, угуп ал,
Бир буюмдун керт башы
Ай аалам малдын куну бар,
Ардактуу буюм мына ушул
Карааным, жетим. угуп ал!
Түпкү бабаң, чон атаң,
Алтайда өнүп, туулган,
Кыйырын багып күжүрмөн,
Кымбаты журтка билинген.
Он экиде кол баштап,
Ордолуу журтка атанган,
Кабары жетип ааламга
Какан шаардын канынын
Даңазасына катталган,
Ак тулпар күтүп, ат жыйып,
Азаматын бат жыйып,
Тоюна токсон сойдуруп,
Жыйып алган жигитти
Кырк чоро деп койдуруп,
Какандын бери жээгинде,
Каспаң-Тоо талаа сеңирде,
Алтын тоонун белинде,
Жан жүрбөс Бетпак-Чөлүндө,
Кайыбынан кабылган,
Асмандан түшүп Зулпукор
Бабаң көк жал баатырга
Кез келип ошол табылган.
Кыргындуу болот экен деп,
Кооздоп алтын кат койгон,
Олуя чалдын эр Бакай
Зулпукор деп ат койгон
Зулпукор өткүр, өрт кылыч,
Берен атаң каарданып,
Жолуккан жоого шилтесе
Өзү өрттөнүп, кызарган,
Кырк кулач болуп узарган,
Мизи тийсе, ал кеткен
Шилтеп көрсө, жан кеткен.
Чапканда мизи илинбей,
Тийгендиги билинбей,
Кашкая түшүп, кан кеткен.
Чабуучу болсоң, курч ошол,
Бабаңдан бери кыдырып,
Мураага калган мүлк ошол.
Эренге андай кабылбас,
Эч адамга табылбас,
Мурунку калган курч ошол.
Атаң шер кайып болгондо,
Кең Таластын жонунда,
Калган экен курч болот
Канчоро какшаал колунда,

Мураапыңды жыйнай кел,
Атаман калган мүлкүм деп,
Бузулган иттен сурай кел!
Деген сөзгө көнбөсө,
Аларыңды бербесе:
«Энеке, бербей койду» деп,
Мен байкушка айта кел,
Жамандашпай кайта кел!
Бабаң Бакай карыга
Келсе чамаң, бара кел,
Белекке калган мураа деп,
Байкуш бабаң карганды
Бери карай ала кел!
Дүйнөнү таштап, кокустан,
Өлүп калса бабаңды,
Баатыр Бакай абаңды
Белинен кармап бүктөп кел,
Бозайбанга жүктөп кел!
Колуң тийсе окустан,
Ээнчилик болсо кокустан,
Жетик көрүн оюп кел,
Колуң менен бабаңды
Өзүң билип коюп кел!
Адамдан башка олуя
Бабаң Бакай карыга,
Бозайбан атап союп кел!
Кара ашына жетимим
Кампая тартып тоюн кел,
Бир каадалуу жерге коюп кел!
Белги сөз ушул, билип ал,
Чоң энекең байбиче
Чоң олуя киши эле,
Олуядан айрылган
Кудайдын салган иши эле.
Кор болуп, ыйлап, кайгырып,
Каралдым энем мекемден
Калып калдык айрылып.
Тутам кылып күнүмдү,
Чыңырсам укпай үнүмдү,
Тартып калган береки
Мен — энең шордуу колунан
Мекедей мураа энемди.
Эмчегинен бир жыттап, —
Ак байбиче энемдин...
Жулунуп, чачым, суюлган,
Эки көздөн аккан кан
Омуроом ылдый куюлган.
Чыркырадым кайгырып
Чыны энемден айрылып,
Арамдар сабап турганда,
Бу кордукту кылганда
Кирейин десем, жер катуу,
Өлөйүн десем, жан таттуу.
Кең байбиче энекем,
Кең пейилдүү нур мекем.
Тирүү кантип турам — деп,
Ушундан ары ээ, эне
Кимди меке кылам? — деп,
Өлүмгө мойнум бурамын,
Тал-талдан чачым жулгамын.
Өткөн иштин жайынан,
Энекемдин айынан
Чыркырап үндү салгамын,
Чымындай жаным аябай
Чын дүйнө кетсем мейлим деп,
Ак байбиче энемди
Талашып өлсөм көөнүм деп,
Буюгуп алган Ачалбарс,
Кынынан сууруп алгамын,
Шордуу энекемдин айынан,
Жедигердин көп балбан
Жара тартып салгамын.
Кара ниет Канчоро — .
Кара шайтан бузуку,
Катындыгым курусун,
Жаза муштап алгамын.
Мөлтүрөп көзүм, кайрылып,
Каралды кылган энемден
Калып калдым тирүүлөй
Кордук менен айрылып.
Энекеме кезиксең,
Амандаша, бара кел!
Медер кылып алууга
Берен энем таалайды,
Көргөзө көргүн көзүмө,
Балам, ала келгин өзүмө!
Адамдан артык мекемди,
Таштап салсаң, жаман ат,
Берен уулум, угуп ал,
Энекем саа аманат!
Ала келсең өзүмө,
Ак байбиче энемди,
Көрүнөө тиктеп көрөйүн,
Эмчегинен бир жыттап,

Андан кийин өлөйүн.
Каз айланбас кара зоом,
Кайрандан калган улуу тоом,
Көргөн көздүн карасы,
Жүрөгүмдүн барасы,
Саламат барып, сак келгин,
Шордуу энең байкушту,
Сагындырбай бат келгин!
Эсен барып, соо келгин,
Жетим уулум, өзүңдү,
Жети күндүн биринде
Аман көрсөт көзүңдү!
Каралдым жетим келет деп,
Алты күнгө күйөрмүн,
Алты күндө келбесең,
Ак дидарың көрбөсөм,
Ажалдан мурун өлөрмүн» —
Айчүрөк байкуш жеңеңдин
Көңүлү көп-көп бөлүнүп,
Көздөн жашы төгүлүп,
Кайрылалбай калчудай
Кайгыланат Айчүрөк,
Жатындан чыккан Сейтеги
Жөн эле казатка жортуп барчудай.
Кайраттанып, сабылып,
Кайнатасы канкордун
Арбагына жалынып,
Жол көрө элек жалгыз уул,
Жоругу кандай болор? — деп,
Жеңекең турат күйүнүп.
Энеси минтип турганда,
Ачууланып эр Сейтек
Энесине сүйлөнүп:
«Кокуй, энем, не дейсиң?
Ажалдуу киши өлбөйбү,
Алда жазса буйрукту,
Пенде чиркин көрбөйбү!
Жан кетип адам өлгөндө,
Киргизбейби кара көр,
Опот болсо, ааламды
Батырбайбы кара жер.
Кайгырбагын, эне сен,
Эрен шердин тукуму
Элин таппай тынабы?
Кулалы учат жерине,
Тентиген келет элине,
Аска тоо, күдүр белиме,
Самадым жегем элиме».
Деп, ошентип эр Сейтек.
Энесин коштоп муну айтып,
Эчен бөлөк шумду айтып,
Айчыгы алтын туу кылып,
Ок өтпөгөн тон кийип,
Ок жетпес күлүк ат минип,
Кылкүрөңдүн куйругун
Кыйгачынан бир түйүп,
Элкин Кең-Кол, кең Талас,
Жерине кетти эр Сейтек,
Аргын, кыргыз кайран журт
Элине кетти эр Сейтек.
Адырмак ала белди ашып,
Ашуусу кымбат тоо басып,
Бет алгандан жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Тынып тулпар чалдырбай,
Жамбаштап уйку кандырбай,
Ашып-шашып желигип,
Арстандай ээлигип,
Токтоол кылбай, жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Берениң кайдан аянды,
Ээр белдей мунарык,
Мунарыкты таянды.
Мунарыктын бер жагы,
Аскасы артык жер экен,
Кара-Буура, Чоң-Чаткал
Таласка туташ керүү экен,
Кыясы кыйбат тар экен.
Кырка жагы жар экен,
Тоосу кемер, керүү экен,
Кең-Чаткал тоосу дээр экен.
А Чаткалды ашты эле,
Алды жагы кең Талас,
Кең Таласты басты эле,
Касиеттүү кең Талас
Жаткан экен чалкайып,
Мунун тоосу бийик аркайып.
Булагы ашып-ташыптыр,
Муңдуу бир киши жашыптыр.
Жалбырагы жаргактай,
Кара курту бармактай.
Балтыркан чөбү билектей,
Маралы качып чү десе,

Мала кашка инектей,
Чырпыктары чынардай,
Чымчыктары улардай,
Кескелдирик жыландай,
Куландары кунандай,
Жыландары жыластын
Бүктөп түргөн аркандай,
Алда таала жандарды
Жаратат экен ар кандай.
Өзөн, тайпак чалкайып,
Өндүрлүү тоосу даңкайып,
Касиеттүү Таластын
Тоо курчаган кары бар,
Толгон жандын баары бар.
Жан жараткан макулук,
Толгон экен абыдан.
Адырдан күкүк күүлөнүп,
Токойдогу булбулу
Муңканып эчен сүйлөнүп,
Муңдуу булбул сүйлөнсө
Муңу бар киши уккусуз.
Муңайып адам, кыйла жан,
Кызыгынан чыккысыз.
Талдары бар ийилип,
Адырдан аркар түйүлүп,
Будурдан бугу буюгуп,
Мына тектиринде текеси
Каршы, терши куюлуп,
Кулактарын чунайтып,
Бөксөсүн бөрү жойлоптур,
Куйруктарын чубалтып,
Түзүндө түлкү ойноптур.
Жорго тоодак, чоң тоодак,
Адырын оттоп бөлүнүп,
Ар ырыска, чын жыргал,
Өндүрдөн агып төгүлүп,
Бетеге белден буралып,
Кызгалдак чөп, кымыздык
Белден бурап чубалып,
Таң калды белем Таласка
Баланын көөнү бөлүнүп.
Ашуусун тоскон кары бар,
Адамга кызык дүйнөнүн
Абайлап көрсөң баары бар:
Түлкү мурут, жоңгурчак
Көкө мерен, ак сокто,
Түрлүү чөптүн баары бар.
Кермеге күлүк керилтип,
Байлап чапчу жер экен,
Күн — тамаша, түн — оюн
Жайлап жатчу жер экен.
Коштон кийип суусар бөрк
Ыргап жатчу жер экен.
Кунан минип, куш салып,
Жыргап жатчу жер экен.
Эриксе элик атышып,
Эчен кызык тамаша,
Эрикпей ойноп жатышып,
Кар жааганда из чалып,
Кара баарчын куш алып,
Салбай турган жер бекен?
Өңгөчө оюн кызыкка
Батпай турган жер бекен?
Көп тамаша оюнга
Канбай турган жер бекен?
Кадуу жерден из издеп
Чалбай турган жер бекен?
Бөлүнүп ордо, чын мөрөй,
Атпай турган жер бекен?
Жатпай оюн, көкбөрү
Тартпай турган жер бекен?
Ар кызыкка жигиттер
Батпай турган жер бекен?
Адыр чалып, алтын таап,
Туу куйрук түйүп, атын чаап,
Абийир берген эр озуп,
Ак болот алып, жол тосуп,
Ат арытып, жер чалып,
Ит агытып, куш салып,
Онжоңдотуп тулпарды
Минбей турган жер бекен?
Элге коргон туу түрүн,
Кынай белди курчанып,
Карышкан жоого кол салып.
Тийбей турган жер бекен?
Кымызга тоюп, кыз ойноп,
Кызыкка батып, дуулдап,
Жыргабай турган жер бекен?
Казанбактай кара бөрк
Калк коргону туу кылып,
Ыргабай турган жер бекен?
Кулундап, төлдөп, мал өсүп,
Жыргап жатар жер бекен.
Жылгын, кайың, талы бар,

www.bizdin.kg


Карагай, калың, көк тиреп,
Ар сонундун баары бар.
Ал черинин ичинде
Чагарак куйрук, чаар жон
Арстан, жолборс дагы бар.
Кулак угуп, көз көргөн,
Макулуктун баары бар.
Ата конуш, кең Талас,
Жер соорусу турбайбы?
Атаганат, дүнүйө ай,
Буга жаткан адам тунбайбы?
Тектир адыр жериме
Теке, кулжа токтоптур,
Тегиз токой ичине
Торопой, каман оттоптур.
Тоо жагын карасаң
Ылайым кетпес кары бар,
Токой ичин карасаң,
Коко тамак, чары бар.
Карчыга чекир, куштары,
Камчыланат учканы.
Кулаалы чекир куштары
Куп камынат учканы
Үйдөй-үйдөй чынары,
Жер соорусу Таласта
Толуп жатат булары.
А чынарды караса,
Жаныбарды кааласа,
Бир бутагын байкаса,
Самсаңдаган сар тууган.
Бир бутагын караса,

Ала моюн таан тууган.
Бир бутагын караса,
Үксөйүп үкү ал тууган.
Бир бутагын караса,
Кымпыйып кыргый бу тууган.

Бир чынардын өзүнө
Албан түрлүү жан тууган.
Жаныбарым кең Талас —
Жердин күрү турбайбы?»—
Деп, ошентип, эр Сейтек,
Сары адырмак кырка тал
Жерди көрүп бир ыйлап,
Аргын, кыргыз аты уйкаш
Элди көрүп бир ыйлап,
Алтындай таза туптунук
Сууну көрүп бир ыйлап.
Каптал жагы капка таш,
Чекти көрүп бир ыйлап,
Туура жагын караса,
Бакай кандын казына
Үңкүрдү көрүп бир ыйлап,
Ар кылыгы шаймашай,
Жерди көрүп бир ыйлап.
Ат аябай, мол жүрүп,
Чоң Кең-Колду жакалап,
Баткендин боюн бакалап,
Жылгындыны сыдырып,
Үч-Кошойдун бөксөсүн
Бою менен кыдырып,
Адыр-адыр бел ашып,
Ар түрдүү кызык жер басып,
Көтөрмөлүү урчукка,
Салынып кирген тумшукка,
Мунарыктап бурчтанган,
Булуң болуп учтанган,
Жөө туман түшүп, учтанган,
Көз жетпеген сеңирге,
Үч-Кошойдун жээгине,
Төрткүлдүн төмөн жагына,
Төрө султан кайран шер
Манастын сайган багына
Бала жетип келди эми.



# Сейтектин чоң энесине жана Бакайга жолугушу



## СЕЙТЕКТИН ЧОҢ ЭНЕСИНЕ КЕЗИККЕНИ

рүү кайкаңга,
жылгын тайпаңга
Бала жетип келди эле,
Чын кырчындын оюна,
Чоң чынардын боюна,
Жакын жетип келгенде,
Бет алдынан буркурап,
Боздоп чыкты Бозинген,
Баатырдан калган төө экен.
Жүктөп айдар жүгү жок.
Айтайын десе, тили жок,
Адамдын сүйгөн малы бар
Ай, Бозинген, жаныбар,
Маң-маң-маң баскан,
Төрт аягын тең баскан,
Чуудаларын чаң баскан,
Эки көзүн кал баскан,
Төө энеси Бозкаймал
Жыл он алты болгуча
Чөгүп калган кези экен,
Көздүн жашын иргелтип,
Төгүп турган кези экен.
Кыбыланы бет алып,
Эки өркөчүн койкойтуп,
Өрдөктөй мойнун оркойтуп,
Өйдө турбай ордунан
Чөгүп калган кези экен.
Түзөңдөн басып, чөп чалбай,
Чырп эткизип суу ичпей,
Мойнун жерге салыптыр,
Он алты жылга Бозинген
Боздоп жатып алыптыр,
Ээгин ташка артыптыр,
Бул Бозинген азабын
Көдөөдөн жулуп чөп берип,
Көнөк менен суу берип,
Акбала шордуу тартыптыр.
Айбан минтип турганда,
Адамдын жаны кандай деп,
Опсуз ыйлап буркурап,
Сейтек кейип турду эми.
Кейигенден ал бала
Көздүн жашын тыя албай,
Кымбат башка күч болду,
Айбандан белги иш болду:
«Атамдан калган малым — деп,
Талаада калган баарым — деп,
Талаанга түшкөн жаным — деп,
Талыкпай кейип турду эле, —
Адамды кудай албайбы?
Артында мал-баш калбайбы?» —
Деп, ошентип, эр Сейтек
Кубарып өңү бөлүндү,
Айдаса, баспай Бозинген
Көзүнөн жашы төгүлдү;
«Баатыр Сейтек келсе» — деп,
Тосуп жүргөн кези экен.
Бозингенди көргөндө

www.bizdin.kg

Өрттөнүп ичи чок болуп,
Кайгы түштү Сейтекке.
Как чынардын өзүнө
Бала жетип барганда
Көңүлү жаман бөлүндү,
Күңдүк менен күн көргөн
Бир кара кемпир көрүндү,
Устукан сөөгү жайланган,
Артына колу байланган,
Артыкча шору кайнаган,
Кысыр эмди торпоктун
Ортосуна байланган.
Торпоктор кетет сайгактап,
Сүйрөлүп кемпир чыркырап,
Таманы ташка быркырап,
Этинин баары бөлүнүп,
Канынын баары төгүлүп,
Көйнөктүн баары тытылып,
Торпоктор токтой калганда,
Арманын айтып чыркырап,
Боздоп иет буркурап:
«Маңдай сөөгүм кайкы экен,
Балдарымдан айрылып,
Күн көрөрүм тайкы экен.
Кежиге чачым чөп экен,
Жыргалымдан жыласым
Найза салым көп экен.
Алда таала кудурет.
Не үчүн адам деди экен?
Адам бенде касабын
Артыкча тарттым куу дүйнө,
Эмчегим берип эмизген
Канчоронун азабын.
Кайрат качып, күн өтүп,
Карып болдум минетип.
Кулундарым барында,
Курулган шаар зор болдум.
Кулундун көзү өткөн соң,
Ушундай жайда оңбодум.
Көп мүшкүлгө чагылдым,
Кысыр эмди торпокко,
Көкбөрү болуп тартылдым.
Таманым ташка чор болду,
Өлбөй, житпей, кайран баш
Канчоро канга кор болду.
Эки колум шал болду,
Эки көзүм кал болду,
Күлчоро менен Айчүрөк
Бир көрүүгө зар болду,
Саамай чачым агында,
Сапарым жакын барында,
Кордук көрүп артылдым,
Адам эмес, шордуу баш
Айбанга көкбөр тартылдым». —
Деп, зарланып Каныкей
Өлөйүн деп өлө албай,
Өлчөөсү кеткен өлүмгө
Өзү басып баралбай,
Күл ботом деп чыркырап,
Күлчоро менен Семетей
Жаш ботолоп буркурап,
Кемпир минтип турганда,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Ал кемпирге сөз баштап:
«Карып болгон энеке,
Сандаган малың көп бекен,
Музоо, торпок кайтарчу
Айлыңда жашың жок бекен?
Ырдап бергин ырыңды,
Ушу бүгүн, энеке,
Сүйлөп бергин чыныңды!
Айтылуу Талас жериңди
Айтып бергин кебиңди!
Береки мунарык болуп бурчтанган,
Булуң кыр болуп учтанган,
Кайсы кандын керүүсү?
Агала бурчук, Соңкок таш,
Кайсы тоонун бели эле?
Тетиги будур-будур уюлган,
Будурдан бугу куюлган,
Тиги чөбү суюлган,
Боз адырмак сары кыр
Кандай кандын керүүсү?
Тиги караарыңкы Капкак-Таш.
Кандай кандын бели эле?
Жергелешкен калың эл,
Кандай кандын эли эле?
Тетиги түгөнгөн тоонун урчукка
Дүмүрөйгөн тумшукча,
Кайсы кандын жери эле?
Кырка тиккен сары бак,
Кыялдуу коргон, салган так
Кайсы кандын өзөнү?
Жергеси короо, жети бак,

Кандай кандын ордосу?
Муну ээлеп турган эриң ким?
Эл бийлеген шериң ким?
Каары толук каның ким?
Эл бүлдүрүп, журт соргон,
Бу каары калың зоруң ким?
Ай-ааламды буй кылып,
Журтка дүмөк шум кылып,
Жетимди кордоп жүргүзүп,
Жеткилең журттун баарына
Каарын калың билгизип,
Калың элди тукумсуз
Туура өрттөп күйгүзүп,
Эл кордогон зоруң ким?
Кары, жашты кор кылган
Элге каарлуу чоңуң ким?
Айткан тилди алыңыз,
Кабарын айта салыңыз?!».
Атасын тарткан эр неме,
Шай колдогон шер неме,
Кылкүрөң оозун бурду эми,
Жерди сурап турду эми.
Калың кыргыз, аз аргын,
Элди сурап турду эми.
Мына ошондо Каныкей:
«Балам, сөлөкөтүң, сөлбөтүң,
Адамдан артык көрүнөт,
Сенин атка минген келбетиң.
Балам, бир мүчөңдү карасам,
Эл бийлеген зардалдай,
Балам, бир мүчөңдү карасам,
Калк бийлеген адамдай.
Баатыр, бир мүчөңдү карасам,
Майдан багып, найза алып,
Калайык баккан балбандай.
Балам, торпок баккан кемпирге,
Тозокту тарткан энеңе,
Балам, мойнуң буруп турасың!
Күйөр менен бышардан,
Тыйпыл чогуу айрылган,
Музоо жыйып каңгырган,
Болоттун арты тон болду,
Кайран балдар барында
Казы жебес кайран баш,
Канчоро канга күң болду.
Жылаңайлак, жылаң баш,
Ал Канчоро баатырдын
Музоосун жайып жүрөбүз.
Күйдүк кордук кылабыз,
Өлбөй-житпей турабыз,
Айчүрөк менен Күлчором
Адамдан ашкан жан эле,
Айчүрөктүн боюнда,
Үч айлык перзент бар эле.
Эгерде эркек уул болсо,
Энесин издеп долуга,
Көрүнүп калар чагы эле.
Келип калар табы эле.
Өлөйүн деймин арыман,
Өлбөй тирүү жүргөнүм
Ошондой кабар барынан.
Чачалбай турам канымды
Күн кылып тутуп өзүмдү,
Кыя албай турам жанымды.
Балам, сен арак ичпес массың го,
Акылдан боштоо жашсың го?
Баштакымды кеп салсам,
Балам көзүңдүн жашын төгөрсүң.
Балам, мактангандай көрөрсүң.
Токой элем жан келбес,
Өрт каптап кара жол болдум.
Чалкайган кара тоо элем,
Кулап кетип кор болдум.
Балам, жал-куйруктан айрылып
Сопол болуп турамын.
Мүйүзүм сынып башымдан,
Токол болуп турамын.
Артык элем ашындым,
Ак тулпар элем басындым,
Кара лөк элем жоорудум,
Байбиче элем оорудум.
Кан Манастын зайыбы,
Кан Семетей энеси
Каныкей байкуш мен элем.
Кыраандардын энеси,
Кырк чоро эмес кырк жоро
Кыркынын жөнү кырк башка,
Кырк жерден келген көй кашка,
Кылым журттун төрөсү,
Кырк кыраандын энеси,
Ортолоп Кең-Кол жайлаган,
Ок өтпөс тонун камдаган,
Ургаачынын сулуусу,
Алтын сөөмөй, ар кыял

Адеми жандын бири элем.
Мактансам кадыр түн элем,
Келер менен кетерди,
Абайлап мурда билүүчү
Каныкей бейбак мен элем.
Капалыктан кайгырып.
Кайран уулум Семетей,
Кадырман уулум Күлчоро,
Айдай балам Айчүрөк
Алардан катар айрылып.
Ай бөксөрүп күн өтүп.
Күңдүктө турам минетип.
Канчоро биздин каныбыз,
Артыкча кеткен алыбыз.
Аңгемени курасың
Балам, абалдан сурап турасын.
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Жерди сурап турасың,
Жыргалдуу аргын, көп кыргыз
Элди сурап турасың.
Байыркысын сурасаң,
Балбаны бар, эри бар,
Бар кызыктын баары бар
Семетей кандын ордосу!
Эмдигисин сурасаң,
Кайраты бузук, заары күч,
Калайыкты кылган түз,
Канчоро кандын ордосу!
Тетиги, тегиз тиккен чынар бак
Ортосу омпол, алтын так,
Кечээ ич этинен ок өтпөс
Кийип турган кезинде,
С5к жетпеген Нарбуудан
Минип турган кезинде.
Туюктуу кара өзөндөн
Жол чыгарып турганда,
Асмандан жылдыз козголуп,
Алышкан журттар дос болуп
Бир өзөндөн кол чыгып,
Бир жакадан баш чыгып.
Атанып төрө кан болуп,
Аскери алты сан болуп,
Арбагы журтка даң болуп,
Берен уулум Семетей
Эл башкарып, журт күткөн,
Илгеркисин сурасаң,
Семетей кандын тагы ошол!
Балам, эмдигисин сурасаң,
Акты бузуп, жок кылган.
Ай-ааламды кор кылган,
Канчоро деген кан ошол,
Минип турган тагы ошол!
Ээ балам, тетиги кайнардын кара
көзүндө
Как чынардын өзүндө,
Төрткүлдүн төмөн жагында,
Айтам сөздүн эмкисин,
Артымда балам ээлер деп,
Сайып койгон чынар тал.
Белгиге койгон кан Манас
Чети кырка бак эле.
Журт башкарып, эл күткөн
Атадан калган мурасы
Асыл чыккан жыласы
Семетейдин багы эле.
Ал ордодо Аксарай
Каныкейдин ордо деп
Журт атаган чагы эле.
Эртеңкимди сурасаң,
Не бир кызык бар эле,
Эр уулум султан барында
Ушу турган Таласты
Бет алып душман келбеген.
Өлбөсө, сүйлөйт тилибиз.
Күңдүк менен күн көрүп,
Ушундай болду күнүбүз.
Муңдуу болду сөзүбүз,
Караргандан түнөрүп
Кал болду эки көзүбүз,
Күбүлүп кеткен тишибиз,
Бекчейди биздин белибиз,
Буудан балдар барында,
Каныкей эне дедирген
Кайран балдар көзү жок,
Көкбөрү болуп торпокко,
Көз кашайып, кор болдук,
Оңду кийген тонубуз,
Казык болду колубуз.
Эч кимге өтпөй сөзүбүз,
Көкбөрү болдук өзүбүз,
Калың элди кордоду
Канчоро биздин каныбыз.
Калбай күйөт жаныбыз.
Балам, баш териң башка көрүнөт,

Кордукту көргөн байкушту
Ажыратып алыңыз?
Балам, сөлөкөтүң, сөлбөтүң,
Атка минген келбетиң
Адамдан бөлөк көрүнөт.
Уругуң ким, жайың ким?
Ураанын ким, дайның ким?
Киндигиң бууган жер кайда?
Туулуп өскөн эл кайда?
Астыңдагы мингениң
Кара күрөң, тайкы жал,
Карасак чыкпайт сендей жан
Айбандан асыл минипсиң,
Журт кыдырып, жер чардап,
Көгөрө жортуп жүрүпсүң.
Балам, кундагың, арты бир кучак,
Жыгачтын мүлкүн илипсиң.
Жай жарагың жайланып,
Жабдыгыңдын баарысын
Жай-жайына байланып,
Тоодон соккон шамалдай,
Толкуганың дайрадай,
Комдонгонуң жолборстой,
Койгулашкан душманың,
Беттешсе аман болбостой,
Кенендигиң керүүдөй
Кең кайратың темирдей.
Баатырдыгың сеңирдей,
Ускатың бөлөк көрүнөт.
Устуканың көргөндө,
Мен Каныкей байкуштун,
Көңүлү кетип бөлүнөт,
Көзүнөн жашы төгүлөт,
Чымындай жаны чыркырайт,
Сай сөөгүмдүн баарысы,
Быт-чыт болуп быркырайт». —
Деп ошондо Каныкей
Кеп баштады армандан,
Ар бир кеби ар башка,
Муңдуу кеби ар кандай,
Бурулуп туруп сөз айтса
Болот менен сайгандай.
Анда Сейтек муну айтат,
Ааламдан башка шумду айтат:
«Ата кокуй, энеке,
Элсиз адам дейсиңби,
Жаратылып жан болгон,
Жерсиз адам дейсиңби?
Төөгө минип, найза алган,
Төрөлүү журт таң калган,
Төп Күнжүт биздин жерибиз.
Ат арытып, жер чалып,
Ит агытып, куш салып,
Жер кезип өнөр кылабыз.
Торпок баккан карыя
Өзүңө келип турабыз.
Ара жерде баш кошуп,
Аңгемени курадык.
Биз дагы атактуу кандын уулу элек..
Деп, ошентип, эр Сейтек
Шумду айтып турганда,
Акырын айтып, бек таштап,
Каныкей шордуу кеп баштап:
«Байыркымды мен айтсам,
Мактагандай болормун,
Ары жок кемпир балпылдап,
Ашык айтып коёрмун.
Балам, ырдап айтсам чынымды
Калкка мөмө желе элек,
Биз капалуу Каныкей,
Ушу Канчоро канга эне элек.
Мурдагыны көп эстеп,
Балам, бузулуп кетип барамын.
Бу какшанып турган карыя
Балам, кабарыңда бар бекен?
Семетей шердин энеси,
Бу какшаган менен ал жетпейт,
Эми Канчоро болду төрөсү.
Калың эл калды кайгырып,
Каралды! кылып отурган
Семетейден айрылып.
Канчоро кан дөө 'болду,
Калың эл чуулап жөө болду.
Өксөдү бүгүн кайгырып,
Көк жалынан айрылып,
Чаркы кеткен эл ошол.
Чынардуу терек мөмөсү,
Кабылан эрдин энеси,
Капталынан жол болгон,
Карыганда кор болгон,
Каныкей бейбак мен болом.
Канчоро кан дөө болду,
Бу Таласка ээ болду.
Үйрү менен чаң чыкты,

Добуртунан жан чыкты.
Аргын менен кыргызга,
Мүшкүл салып бакырып,
Канчоро элге паша деп,
Атагын айтып чакырып,
Канчоро кандын каарынан
Олуя өлдү, чал өлдү,
Ойлосок эчен жан өлдү.
Кыргынды кызык баштады,
Найза сунчу ыктууну,
Айылга жакшы мыктууну,
Туу түбүнө турчууну,
Тургузбай кырып жиберди.
Канчоро кан дөө болду,
Калайыкка ээ болду.
Ааламдан ашты дайыны,
Шаатемир кызы Чачыкей
Канчоро кандын зайыбы.
Таң-тамаша чоң оюн,
Ушу кезде баткан кез,
Алтын тактын үстүнө
Асты түшпөй күн-түнү,
Канчоро экөө жаткан кез.
Өлөйүн деп арыман,
Өлбөй тирүү жүрөмүн,
Айдай катын Чүрөктө
Бир медердин барынан.
Төкпөй аяп, канымды.
Эсен болсо келер деп,
Куураса кыйбай жанымды.
Уулум, уккун сөзүмдү,
Алтын, күмүш, кохар таш
Таштан чыгат дечү эле.
Эргиген өнөр, келчү акыл
Сен өңдүү жаштан чыгат дечү эле.
Айлың болсо алыстан
Балам Жети-Өзөндөн өттүңбү?
Зордукка кеткен Айчүрөк,
Байлоого кеткен Күлчоро
Олжого кеткен ойрондор,
Ойлонсок чынар коргондор,
Кымбат баа сынаакы,
Кордукка кеткен кыраакы,
Алардан кабар уктуңбу?
Тутулуп алар кеткенге
Он үч жылга толду эле.
Боюна кеткен баласын
Төрөп алса Айчүрөк,
Он экиге толду эле.
Жетим- жесир, мискинди,
Ата кошун жерлерди,
Бабасы Манастан калган элдерди,
Табар кези болду эле.
Кара ниет Канчоро,
Журт бүлдүргөн чочкону,
Кабар кези болду эле.
Бир эсебин зулумдун
Табар кези болду эле.
Кырдаалы болот Сырнайза
Сунар кези болду эле.
Курсак кайнап, жүрөк чок,
Баласы эркек болсо деп,
Жаратканга көөнүм ток.
Картайганда күң болуп,
Жыңайлак чуркап күйөмүн,
Баламдан тукум калса деп,
Ошондо жүрөт тилегим.
Кош ууч арпа азыгым,
Музоо багар жазыгым». —
Анда Сейтек муну айтат,
Билгенге мүшкүл шумду айтат:
«Ай, энеке, сүйүнчү,
Душманга болор күйүнчү,
Олжо катын Айчүрөк
Эркек төрөп, эл чуулап,
Тоюн токсон сойду дейт,
Атын Сейтек койду дейт,
Көңүлдөгү капанын
Бирин койбой жойду дейт,
Күн эсебин алганда
Семетей уулу болду дейт.
Сейтекти төрөп турганда,
Кыйындар тоюн жең кетти,
Аман бала чоңойсо
Кыйланы кылар деп кетти.
Агыштын уулу Кыязга,
Тең салышар деп кетти.
Аргын, кыргыз аты уйкаш
Элин издер деп кетти.
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Жерин издер деп кетти.
Кулдуктагы Күлчоро
Шерин издер деп кетти.
Ай кыядан таянган,

Көчүн алар деп кетти.
Аман болсо душмандан
Өчүн алар деп кетти.
Чоң сынчы келип сынаптыр,
Калайык эл чуулаптыр,
Белгисин берен айтыптыр,
Балдарың жайы ушундай», —
Деп, айтып Сейтек турганда,
Каныкей айтты мындай кеп:
«Чыркырап ыйлап, болом чок.
Уулуман калган медерим
Колума тиер бекен? — деп,
О, балам, жаратканга көөнүм ток.
Байыркы сөздөн баштасаң,
Балам, талыкпайт биздин сөзүбүз.
Урааның ким? Жайың ким?
Э, балам, айта койсоң өзүңүз?!
Жортулман болсоң, жол мына,
Жердесең, Талас жер мына,
Чабышсаң, Канчоро аттуу эр мына!
Уксаң шекер кеп мына,
Күтсөң, кыргыз эл мына,
Ажыратсаң азаптан.
Көксөө кемпир мен мына!
Көбүрөөк сынды билебиз,
Балам, көп кападар элибиз»! —
Деп, ошентип, Каныкей
Арманын айтып тургуча,
Айтып оозун жыйгыча,
Кошоктолуу кош музоо
Сайгак тийип мөңкүдү.
Какшап турган кемпирди
Сүйрөп алып жөңкүдү.
Көрүп турган Сейтектин
Өрт 'болуп көзү жайнады,
Кайраты катуу кайнады.
Баягы Кыяз колунан
Тартып алган Ачалбарс
Кармай калып сабынан,
Сууруп алып кабынан,
Кысыр эмди торпокту
Кылычтап башын алды эле.
Мына ошондо Каныкей,
Чыңырып ыйлап карабай,
Чымындай жанын аябай,
Кыйкырып, боздоп карабай,
Кылча жанын аябай:
«Жиби жок байлап колумду,
Тирүүлөй казып орумду,
Көпкүлөң бала куу жолтой,
Көргөздүң кордук сонунду.
Эр Канчоро каныма —
Эздирмек болдуң боорумду!
Жалынсам укпайт сөзүмдү,
Балам, чукутмак болдуң көзүмдү.
Күн кылкылдай батканда,
Тозоку кемпир куу мастан,
Торпок кана? — дегенде.
Тил байланып, көз жайнап,
Жооп 'бере албай шор кайнап,
Эчкирип ыйлап өлөмүн, —
Каарын салса Канчоро,
Кандай деп жообун беремин?
Балам как колуңдан өлөмүн!
Кандын каарын көргүчө
Касаптанып өлгүчө,
Карып, мискин кемпирди,
Кутурган уулум, союп кет!
Безилдетпей кемпирди
Белгилүү жерге коюп кет!
Кордук кылып карганда
Айбан башын талкалап,
Чабайын деген экенсиң?!
Музоо багыл күн көрүп,
Буркурап жүргөн кемпирдин
Бир эсебин куу жолтой,
Табайын деген экенсиң?!
Каарлуу катын Чачыкей
Андан кордук көргүчө,
Каруусу толук Канчоро
Каарлуудан өлгүчө,
Көпкөн балам, куу жолтой,
Көрүнөө сенден өлөйүн,
Кайра келбес чын жайды
Ушу бүгүн көрөйүн». —
Эр мүчөлүү энекең,
Чындап каарын салды эле.
Кылкүрөң оозун тарткыча,
Бурулуп Сейтек баргыча,
Шамдагайы болжолсуз,
Ургаачы шер Каныкей,
Шап эткизе баланы
Түп этектен алды эми.
Андай мындай дегиче,


Бала оңдоно бергиче
Ат үстүнөн кулатып,
Астына басып калды эми.
Жамгырчы кызы Акбала
Өткөрө сулуу дайыны,
Алда олжодо куурагыр,
Күлчоронун зайыбы.
Тизе жерге бүгүлүп,
Акбала келет жүгүрүп.
Акбаланы көргөндө, —
Сыр айтпастан өкүнтүп,
Кара көзүм оёр деп,
Сейтек турду сабылып,
Картайган карып Каныкей,
Энесине жалынып:
«Ээ, кагылайын, энеке!
Эрешен тартып эр болгон,
Эгизиң Сейтек мен болом,
Жетим калып жетилген,
Жергеге эптеп кошулган,
Олжого кетип туулган,
Көк кырмандын талмызы,
Семетейдин жалгызы,
Курсакта калып атадан,
Куруп, тентип катардан,
Алакан жайын кол бербей,
Айрылган көк жал атадан.
Кууну кушка жедирип,
Он экиге келгиче
Кыяз уулу дедирип,
Курсакта калып кул болгон,
Жедигерге уул болгон,
Семетейдин ботосу,
Мунарыктын талаасы,
Айчүрөк катын баласы,
Кабыландын жалгызы,
Карааның Сейтек мен болом!
Энемден угуп сөзүмдү,
Издеп келдим өзүңдү.
Алыстан угуп сөзүңдү,
Берен эне бейтаалай,
Аман көрдүм көзүңдү.
Караңгы аман, түн аман,
Каалаганың Айчүрөк,
Келиниң бейбак күң аман.
Беш аркар жылдыз батканча,
Беш кайрылып эмизген,
Берен уулуң Күлчоро
Бейли сүттөй эр аман,
Курсакта калып туулган,
Балаңдан калган жетимиң,
Энеке, балаң Сейтек мен аман!
Муну укканда Каныкей
Чымындай жаны чыркырап,
Сөөгү бошоп быркырап,
Ыйлап турду буркурап:
«Алыска кеткен жарыгым,
Көңүлгө төгө караным,
Ич зыркырап, көңүл чок,
Көп мүшкүл салган дүйнө шок.
Каралды балам, мураапым,
Өзүңдөн башка белгим жок.
Музоо багып көп жүрдүм,
Күлчоро менен Айчүрөк,
Сейтегим келсе деп жүрдүм.
Өңүмбү деймин, түшүмбү?
Боз ала чынар болпоңбу!
Боорума басайын
Алыскы Сейтек чолпонбу!
Тилегим кудай берген бейм,
Тиктеген уулум келген бейм!
Мен кара бет долунун
Куураганын билген бейм,
Кыраанын колго тийген бейм!
Үзүлгөнүм уланып,
Чачылганым жыйналып,
Кеткеним бүгүн кабылып,
Чын абийирим жабылып,
Тилегимди берген бейм!
Көзү кургур көп тарткан
Болуп жаткан жышаанам,
Баламды көрөм деген бейм?
Күйүккөн жүрөк басылды,
Күптүү оору жазылды.
Туурук бутум ак болду,
Кең таалай башка бак конду».
Ал Каныкей байкушуң
Баласын — Сейтек көргөндө,
Көңүлү көпкө бөлүндү,
Көзүнүн жашы төгүлдү,
Дене сөөгү быркырап,
Сүйүнгөндөн карыя
Ыйлап турат чыркырап.
Сейтек боздоп, сабылат,


Энекелеп жалынат…
Күйүгүп чуркап камыгып,
Акбала жетип келгенде,
Карыган энең Каныкей
Сүйүнчүлөп бакырып,
Акбалага жалынат:
«Эй, айланайын Акбала,
Тилегиңди бериптир,
Тиктегениң келиптир.
Эми армандуу дартын чачылат,
Өрттөнгөн ичиң басылып,
Умачтай көзүң ачылат.
Чалкактуу тоодон кылайып
Айың келип калыптыр.
Чыңырса, элди чууланткан
Үнүң келип калыптыр.
Чекеси жаңы кылайып,
Жарыгы жерди кубанткан
Күнүң келип калыптыр.
Жаңы түлөп, жүн чыгып,
Кулунум балам, Акбала
Тууруң келип калыптыр.
Кеткениң тийип колуңа
Демиң келип калыптыр.
Балам, өксөп, ыйлап жүрчү элек,
Өксүгүн кудай бериптир.
Өзөлөнүп жүрчү элек,
Өзүңдүн кайниң келиптир.
Акбала балам, сүйүнчү,
Баатыры журтка сынаакы,
Айкөл абаңдан калган мураапы.
Кайгынын баары кыйылды,
Өксүүлөр бүгүн тыйылды.
Кеткенимдин керээзи,
Кайранымдын калдыгы,
Кадырдуу жылга укуму,
Арстанымдын тукуму,
Балам келип калыптыр!»
Муңдуу жетим, жесирлер
Айдалаадан кезигип,
Муңдашып боору эзилип,
Буркурашып көрүшүп,
Эзилишип турду эми,
Эне, бала талаадан
Кезигишип турду эми.
Акбала турат телмирип,
Алмадай кымбат ак эмчек
Камчы тийип бөлүнгөн.
Кең көйнөгү тытылган,
Ар дененин учунан
Кара кан агып сызылган.
Муну көрүп Сейтектин,
Көзүнүн жашы төгүлүп:
«Кабылан атам өлбөсүн,
Калган журт кордук көрбөсүн.
Мындай кордук тажаалды
Мындан кийин жараткан
Пендесине бербесин!
Энеме тажаал көп кылган
Айбандан төмөн жан экен.
Эркелеткен энеге
Эселек туулган чочконун
Эмне кеги бар экен?
Арам заада, Канчоро,
Буланды булап албасам,
Бузукту мыктап салбасам,
Берени м энем көзүнчө
Даңгыттарга жарбасам,
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн!»—
Деп, күүлөнүп, эр Сейтек
Көзү өрттөнүп жайнады,
Артылган шердин тукуму,
Кыялды кызык баштады,
Кызыталак куу жанды
Кылга байлап таштады.
Эки таноо дердектеп,
Келтекче тоонун кабындай,
Оозунан чыккан илеби
Көөрүктөн чыккан жалындай.
Кабак-кашы буткулдай,
Толкуганда бу чиркин
Тоо да болсо жуткудай.
Беделин көрсөң баланын
Кара чаар арстандай,
Кырк миң колду бир өзү
Катылчу болсо жанчкандай.
Арстандай бала аркырап,
Аттанмак болду кенебей…
Ошондо шордуу энеси, Каныкей
Шордо жүргөн Акбала,
Чылбырдан кармап чыркырап,
Ыйлап турду буркурап:
«Кагылайын Сейтегим,

www.bizdin.kg

Айтканым мүшкүл билип ал,
Арстан жетим, тилимди ал,
Уккун, уулум, кебимди,

Кууратпагын өзүмдү,
Угуп тур уулум, сөзүмдү!
Каардуу какшаал Канчоро
Таластын куйган жонунда.
Канчоро каапыр кан болуп,
Калың элдин шору да.
Аркайган Талас, Кең-Мойнок
Кебелбей ашчуу бел эмес,
Ал Канчоро какшаалга
Сен баруучу эр эмес.
Эрдиги сенден жөн эмес!
Балтыр этиң толо элек,
Каары катуу капырга
Басташаар кезиң боло элек.
Он үчкө жашың жете элек,
Энең Чүрөк эмчеги
Таңдайыңан кете элек.
Боконо сөөгүң боло элек
Балам, сенин борбуй этиң толо элек!
Казынада бедер жок,
Ал каапырдын колунда
Нелер бар да, нелер жок;
Сакчысы бар, пили бар,
Бар шумдуктун баары бар.
Эшигинде сакчысы
Ал капырдын бакчусу,
Койбос, тайбас, бүчү бар,
Бир койбостун өзүндө
Токсон жолборс күчү бар.
Кыргыздан жыйган кулу бар,
Короолой салган тамы бар,
Коркунучтуу какшаалдар
Кароолчунун баары! бар.
Кароолчусу капырдын
Кабар укса, жабылган,
Буттай чокмор колго алып,
Кезиксе, жоого камынган.
Кабар берсе бирөөгө
Кепке келбей жабылган,
Керишке мыктап кабылган,
Кеткен атаң көк жалдан
Олжо кылып, дүйнө алып,
Ойрон болгон ал чочко
Жоого мыктап камынган.
Кара ниет Канчоро
Сен баруучу эр эмес.
Өрөпкүбө жалгызым,
Атакеңдин Аколпок
Канчоро какшаал колунда,
Белекке кийчү тон ошол.
Берен атаң колунда
Аккелте бараң бар эле.
Алты сай мылтык Алмабаш
Ал Канчоро колунда.
Энеңдин айтар муңу бар,
Эстеп, жетим, угуп ал,
Энекең айтса — жөө жомок,
Эчен кызык шуму бар» —
Муңканып энең Каныкей
Чыңырып ыйлап, чыркырап,
Чылбырдан кармап жетимди
Турган экен буркурап.
Муну мындай таштайлы
Күлчоро көк жал, Айчүрөк
Жомогунан баштайлы.





## ЭЛ КУБАНДЫ

Мына ошондо Күлчоро
Шай колдогон шер чоро,
Чын тилегин жараткан
Берип калган кези экен.
Чындап көчүп Таласка
Келип калган кези экен.
Айдай катын Айчүрөк
Сары кайкы, адырмак
Жерди көрүп, бир ыйлап,
Сандаган кыргыз, аз аргын
Элди көрүп бир ыйлап.
Булактуу белес, адыр төр,
Кара-Буура чоң Чаткал,
Кан-Жайлактын этеги
Жатканын көрүп бир ыйлап:
«Жаныбарым чоң Талас
Атадан калган жер экен,
Жерден кууп жоготкон
Кара нээт какшаалды
Алда талаа кудурет
Не үчүн пендем деди экен?
Кайкалаган кыраңча
Баатырдын сайган багы эле.
Маңдайда жаткан зоңкокчо
Сейилге чыккан так эле.
Биз кеткенде кайран жер
Өзөнгө эли конуптур,
Кандан калган көп белги
Өрт өчкөндөй болуптур.
Белгилеп сайган чынар бак
Канчоро кыйган сулатып,
Белгиге койгон алтын так
Жыккан экен кулатып.
Сексен келин, сексен кыз
Думпулдөк ойноп даң салып,
Оромпой оюн, шабийет
Селкинчек ойноп, чаң салып,
Көп кызыкка баткан жер,
Бере, Кара-Дөбө кайкаңча
Берендер ордо аткан жер.
Мына ошол бабадан калган кайран жер» —
Деп, ошентип, Чүрөктүн
Көңүлү сайлап бөлүндү,
Көзүнүн жашы төгүлдү.
Ботом, тоо жоголгон урчуктан,
Томурайган тумшуктан,
Оргуп-оргуп чаң чыгат.
Оргуган чаңды көргөндө
Караган жандан жан чыгат.
Адам, оргуган чаңды караса,
Төө атасы Бозбуура
Көп төөсү менен буркурап,
Чуудалары, бөлүнүп,
Чуркап келди Чүрөккө.
Көздөн жашы төгүлүп,
Ээн калган каран мал,
Эстесе катуу муңу бар.
Айтайын десе тили жок,
Чуудалары бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Шорго үйүлгөн эмедей
Тегеректеп букулдап
Курчап алды Чүрөктү.
Баш көтөрүп караса:
Азуулудан Актайган,
Айып болгон кези экен.

Он эки жылга толгуча
Бир адамга көрүнбөй,
Бир кишиге билинбей,
Кайып болгон кези экен.
Мойнундагы каргыны
Таштап кеткен кези экен.
Болсоң дүмөк, чоң жаңжал,
Канчорого калайман
Баштап кеткен кези экен.
Улуп-уңшуп, кыңшылап,
Берен катын Чүрөккө,
Улуп келген кези экен.
Баатырдан калган Кумайык
Азыр кирип келгенге
Кумайыкты көргөндө,
Кан кабылан төрөнүн
Өзүн көргөн немедей,
Өзү турмак көк жалдын
Көзүн көргөн немедей,
Тилегин кудай бергендей,
Көрдөн чыгып, тирилип
Көк жал шери келгендей,
Чыңырып үнду салды эми,
Чынар сындуу кайран бет,
Жулуп-жулуп алды эми.
Беш тырмак тийген ал беттен,
Безеленип кан кетти,
Айчүрөктөн ал кетти.
Тарак тийбес кара чач
Тал-талынан жулунду:
«Оролмо Тоонун көк зоңкок
Урчугундай төрөм — деп,
Жети Ала-Тоо зоңкоктун
Тумшугундай төрөм — деп,
Алты дайра куюлган,
Шар жериндей төрөм» — деп,
Айбаны минтип турганда,
Эзелден жанын аябай
Кабаргандан, түнөрүп,
«Кан төрөлөп» — буркурап,
Кайран жеңең Каныкей
Айтып ыйлап, турганда
Кутпага мойнун бурганда,
Баягы, кара сурдун сулуусу,
Ургаачынын нурлуусу,
Кең көйнөктүн тазасы,
Узун чачтын пашаасы,
Кайран энем Каныкей,
Эти кетип, сөөгү бар,
Жаратканга кылган зар.
Көмүрдөй эти карарып,
Көрдөн туруп келгендей,
Тирүү арбактай көрүнүп:
«Чүрөгүм!»— деп чыркырап,
Келе жатат буркурап.
Каныкейди көргөндө
Айчүрөк чыкты сабылып,
Энекелеп жалынып:
«Колдо болот жарагым,
Айланайын шордуу энем,
Ала аскар тоодой карааным!»—
Деп, боздоду Айчүрөк.
Ошондой шай колдогон шер чоро
Алтын жаак Айбалта
Бөйрөккө такап, болкулдайт,
«Энеке» — деп, солкулдайт:
«Беш аркар жылдыз баткыча,
Беш кайра алып эмизген,
Балам ачка калат деп,
Казыдан эзип жегизген,
Каз айланбас зоодайым,
Каргылуу кара тоодайым.
Чын байбичем — энекем,
Көлбүп турган берекем». —
Деп муңканып аябай,
Кулчоро ыйлап буркурап,
Эне, бала кезигип,
Кошулуп ыйлап турганда,
Караган калың эл ыйлап,
Катуу кара жер ыйлап,
Жыгач боздоп, тал ыйлап,
Көргөн жандын баары ыйлап,
Чыркырап, чымчык, бото ыйлап,
Кара көңул куу ыйлап,
Ыйлагандын баарысы
Өз кайгысын жеп ыйлап.
Эне, бала кошулуп,
Кайгынын баары басылды,
Капанын баары чачылды.
Үзүлгөнү уланын,
Жоголгону табылып,
Ай кабагы ачылды
Армандын баары басылды.
Калың аргын, көп кыргыз,

«Баабедин» — деп, бата айтты.
Ай туякка ат айтты.
Айры өркөчтөн төө союп,
Журт чуркурап, эл чуулап:
«Добул келсе жел тийбес,
Доочу келсе мал бербес.
Берен чоро келди — деп.
Эки тизгин, бир чылбыр,
Алчуу Сейтек келди — деп,
Эл кыңырын түз жолго
Салчу көк жал келди» — деп,
Калк чуркурап, журт дүрбөп,
Баабединин бат айтып,
Баарыдан кызык ушул иш,
Ай туякка ат айтып,
Кеткенибиз келди — деп,
Кымбаттуу терең ой болду,
Каныкей жаңы туугандай
Калк чуркурап той болду.
Калың эл кайнап топурап,
Асманга учту топурак:
«Кара-Буура, Чаткалга,
Там көтөрүп алсак деп,
Каарлуу кулду жоготуп,
Семетей уулу Сейтекти
Кан көтөрүп алсак» — деп,
Баскан жерин тамандап,
Наалат кылып, журт тилдейт,
Канчорону жамандап:
Капканча чапты белиңди,
Шибелеп торгоп жолуңду,
Журтум, жипсиз байлап колуңду,
Көрсөң бузук Канчоро
Көп көргөздү сонунду.
Эренди жайлап, төөнү алды,
Эр өлтүрүп, бээни алды.
Жапаа салып, чыр кылып,
Кыяны тосуп көч алды.
Каяшаяк бергенди
Кыргын кылып өч алды.
Тартып алды кызыңды,
Татытты нечен тузуңду.
Зордуктап алып булуңду,
Кыргызга салды кыйынды.
Кара ниет, журт бузгуч
Каарланган капырдан,
Албан түрлүү жан ыйлайт,
Эс билбеген бала ыйлайт.
Каяшаяк айтты деп
Найза сайчу ыктууну,
Кырды кыйла мыктууну
Баатырдын баарын байлады,
Бөлөгүн айтып нетебиз,
Айкөл арстан жалгызы —
Семетей шерди жайлады.
Желкелеп кырды карыңды,
Жетим кылды баарыңды.
Айлакер Бакай карыны,
Атасындай жан эле,
Балбандарга сабатты.
Бар дүнүйө, сансыз мүлк
Жедигерге талатты.
Көп чабуул койду ордого,
Өлтүрдү көк жал төрөсүн,
Өзгөчө жаман кордоду,
Эмчегин эмген энесин.
Кан болуп турса Канчоро
Кыйланы жана көрөсүң,
Ааламдык дилде, сансыз мүлк
Айы сайын чочконун
Алымына бересиң.
Ачуусуна кабылсаң,
Кыйшык болуп табылсаң,
Ажалдан мурун өлөсүң.
Каарланып какайса
Калың кыргыз, көп аргын,
Дүмөгүн анын көрөсүң.
Бу Канчоро чочко жоголбой,
Калктын иши оңолбойт,
Бу кыжырлуу чочко жоголбой,
Бу кыргыздын иши оңолбойт!» —
Деп зарланып артыкча
Уламалуу кары айтат,
Узун кулак, көп көргөн,
Ушунча журттун баары айтат.
Кепке чечен мыкты айтат,
Кең акылман ыктуу айтат:
«Аргын менен кыргыздын
Жактырбай отун өчүрдү,
Жабыла журтту чуулатып
Кыштын күнү көчүрдү.
Найза кармап аттанды:
«Семетей кандай? Мен кандай?»
Деп, ошентип кеп айтып,

Бир күндө үч жол мактанды.
Эсерден жыйып кол алды,
Өз журтуна кол салды.
Кыйлабызды кылды түз:
Кулак угуп, көз көргөн,
Кылымда болбойт ушул иш.
Шай тулпардын баарысын
Кулагын жоого тилдирди,
Курган журтту бүлдүрдү».
«Тилекти кудай бериптир,
Күлчоро байкуш келиптир.
Тагдыр жетсе өлөлү,
Кармашса кайран көк жалга
Караан болуп берели.
Кармашты катуу салалы,
Калган эрдин мурасын
Аргын, кыргыз биригип,
Белге таңуу беренди
Чокмор кылып алалы.
Жамгыр кылып жаа тартын,
Мөндүрдөй топтоп ок атып,
Ал өңдөнгөн бузукту
Арадан кууп жоготуп,
Маңдайлашып турушуп,
Былчылдашып урушуп,
Балаалуу шумду жоготуп,
Башкадан орун оңолтуп,
Каргышты катуу салалы.
Семетей уулу Сейтекти
Ушул Талас өзүнө
Кан көтөрүп алалы,
Кеп ушундай баатыр деп,
Кеп жебеген адамдын
Жети атасы капыр» деп,
Ак буудай нанын чайнашты,
Келеме шарып кармашып,
Өлүп кетер ант кылып,
Ач болот мизин жалашты.
«Ичи жаман арамды
Былжыраса кокустан,
Тик эле кармап алалы.
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жаралы.
Эшектей кардын эшели,
Жакын дебей жамандан
Душмандай көрүп безели.
Так ушундай кылбасак,
Аккелте мылтык огу урсун,
Ак милтенин чогу урсун!
Төбөсү бүтөө көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун!
Каары бөлөк канды урсун,
Кара ниет жанды урсун,
Убададан тайысак,
Эми кудай бизди урсун!» —
Каза жетсе, өлүүгө,
Сейтек менен чорого
Караан болуп берүүгө,
Өлө турган шерт кылып,
Убаданы бек кылып,
Калың журт дуулап турганда.
Ак болоттун тукулу,
Алакең кандын тукуму,
Шай колдогон Күлчоро
Карчыгадай камынып,
Айтып калды мындай деп:
«Ал Канчоро эр менен
Бир тууган элек түбүндө,
Эрен канга баралы.
Белекке калган беш буюм
Беренден сурап алалы.
Күркүрөгөн төрөнүн
Кайда экен, сөөгүн табалы.
Сөөгүн тапса абамдын
Адырдагы булактай
Кошулушуп калайын,
Эгизден эмчек эмишкен,
Эгиз элек түбүндө,
О, журтум, тууганды минтип
табайын!
Жарылган баштар жабылар,
Бизге агайын кайдан табылар?
Сураса бербес Аколпок
Берсе, тууган бололу.
Туугандыкка ал бизди
Көрсө, тууган бололу.
Айткандарды бербесе,
Айткан сөзгө көнбөсө,
Сураса бербес буюмга
Суук укурук салайын.
Жалынса бербес алтын так
Абакем кандын тагы эле,
Кайрадан тартып алайын!
Ал Канчоро капырың,

Ага десе ага эле,
Тай-кунандай тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен,
Туугандыгы бар эле.
Тууганым деп барайын,
Кыйшыктык кылса окустан,
Кыжырга тийсе кокустан,
Кылычтап башын алайын.
Кол булгаба бөлөгүң,
Эсебин өзүм табайын». —
Өзү акылман Күлчоро
Күүлөнгөн элди тыйды эми,
Күйүтүн эстеп турду эми:
Балбандарын, шерлерин,
Эсине алат кайран эр,
Абасы Семетей турган жерлерин
Дөөлөт бүтүн чагында,
Кан абасы барында,
Сакчы сандан көп эле.
Жолборс жүдөп, шашыптыр,
Сакчылардын баарысы
Туш-туш жакка качыптыр.
Ажалы жеткен өлүптүр,
Тирүүлөй күнүн көрүптүр.
Чынар да терек, бай терек,
Суу жайылбай солуптур.
Кыйын абаң көзү жок,
Кымбаттуунун өзү жок,
Кызыталак куу дүйнө
Өрт өчкөндөй болуптур.
Кайран абаң барында
Касиеттин чагында
Алма бышып көң болгон,

Жаңгак бышып дөң болгон,
Жаңгагы түгүл чырпык жок,
Дүнүйө кара жер болгон.
Канчоронун каарынан
Кыргыз качып, журт кеткен,
Калганы боздоп күйүнгөн,
Кыйланы кырып минеткен.
Каары шончо болду деп,
Калайык жандан түңүлгөн.
Таласты чалып чаң кылып,
Күч менен башын кан кылып,
Аргын, кыргыз журтуна
Жапааны жаман салыптыр.


Абам Семетей зайыбы — Чачыкей,
Чоң катынды алыптыр.
Баатыр кандын алтын так,
Күнү-түнү а чочко
Турбай жатып алыптыр,
Кесирди кенен кылыптыр...
Кан болуп такка миниптир,
Калың элди буй кылып
Канчоро доорду сүрүптүр.
Нардан жүздөн төө бер деп,
Алты миң кысыр тай бер деп,
Төөгө жүктөп чай бер деп,
Аргынга салым салыптыр.
Салымына чыдабай
Аргын ыйлап, чуу туруп,
Көңүлү көпкө бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Алапайын табалбай
Айтканына көнө албай,
Салымын таап бере албай,
Аргын көчкөн бир жайга,
Он эки төөгө чай бер деп,
Кырк миңче кысыр тай бер деп,
Кыргызга салым салыптыр.
Элкин өскөн кайран журт,
Дегенине көнө албай,
Салымын таап бере албай,
Муңун айтып какшанып,
Чамасы кетип тамшанып:
«Алышып адам жеңбеген,
Бет алып душман келбеген,
Каканга сурак бербеген
Калылуу көп журт биз элек.
Кабылан баатыр өлбө деп,
Бул өңдөнгөн тозокту
Пендесине бербе» деп,
Кыстоо түшүп кыйкырып,
Кыйын зордук шум көрүп,
Тели куш учкан темине,
Тентиген кеткен жерине,
Кулаалы учкан темине,
Курама кеткен элине,
«Балбаны башка, заары күч,
Баатыр эмес, шер эмес,
Журт башкарып, эл күтүп,
Пайдасы тийчүү неме эмес.
Баатыр асыл Семетей,

www.bizdin.kg

Окшоп койчу неме эмес». —
Деп, ушунтип, сөз кылып,
Калайык көөнү бөлүнгөн,
Эл көзүнө Канчоро
Жалаңкыч түрү көрүнгөн.



www.bizdin.kg



## КАНЧОРОНУН ӨЛҮМҮ

Акыл козгоп, кеп ойлоп,
Ар санааны бек ойлоп,
Мына ошондо Күлчоро
Кылычын кыя байлады,
Жай жарагын жайлады.
Типтик чыккан муруту
Букарлыктын шабындай,
Оозунан чыккан илеби
Көөрүктөн чыккан жалындай.
Көз үстүндө кара каш
Эр бөктөргөн чепкендей,
Эки көздүн кычыгы
Урундуу тоонун өткөлдөй
Сырты бийик, сыны түз
Шай колдогон кургурдун
Сыягын карап отуруп,
Чымындай жандан күдөр үз.
Көрсөң чоро ушундай.
Узун бойлуу, кен далы
Ары балбан, ары шер,
Адамдан чыкпайт мындай эр.
Чын акылман, эң билгич,
Ою терең, өзү кел,
Ойлосоң мындай Күлчоро,
Агасы экен Канчоро,
Эгер элчиликке келишсе,
Салам айтып барууга,
Кайрадан тууган болушуп,
Ага, ини болуп калууга,
Кордук, зордук мүшкүлдү
Койбой такыр кечүүгө.
Жылгындуу Кең-Кол, Кашка-Таш,
Кайрылып өрдөп конууга,
Кайрадан тууган болууга,
Түндүгү алтын, эшик жез,
Канчоро кандын ордого
Күлчоро барган ошо кез.
Тизе жерден бүгүлүп,
Кароолчусу, сакчысы,
Ордо эшигин бакчуусу,
Күл абаңды көргөндө,
Кыргын тийген эмедей
Кыйрап качты баарысы.
Кан капкасы ордону
Карабай каарын таштады.

Адам, кулустөнүн Күлчоро
Бир тынымга буйдалбай
Канчоро кандын ордого
Карп-курп кирип барды эми,
Босого аттап турду эми.
Канчоро канды караса,
Жумулган көзү ачылбайт,
Сунулган буту тартылбайт,
Чоң жыргалга батыптыр.
Бөлүнтүп көөнүн бурбаптыр,
Чачыкейдин койнунан
Канчоро чочко турбаптыр.
Зың-зың этип кенебейт,
Аргын, кыргыз, калың эл
Асти бирөөң Канчоро
Бучкагына теңебейт.
Алар антип жатканда,
Шай колдогон Күлчоро
Каарлуу экен дебестен,
Өлүмдөн кайгы жебестен,
Өлүп калам дебестен,
Чын кабылан байкушуң,
Жүрөк чочуп кенебей,
Канчородой каарды
Бучкагына теңебей
Эрлик менен шердикти,
Эбактан бери чорого
Берген экен ченебей.
Эр Күлчоро ошондо,
Канчорону караса
Өтүк чечип, бут сунуп
Өзгөчө султан болуптур.
Көлпөңдөгөн кутургур,
Көк кенедей толуптур.
Учу, түбүн чалбаптыр,
Укурук кайрар калбаптыр.
Басыгынан чаң чыгып,
Добушунан жан чыгып,
Жолоп адам барбаптыр.
Жолуккан адам калбаптыр.
Тилге келсе Канчоро,
Абаке кылып алууга,
Тууганым деп жалооруп,
Күлчоро кепти салды эми:
«Салоодон салоом алайкум,
Санжыргалуу Канчоро,
Күлчоро келди сабылып,

Мойнуна бурчак салынып,
Адырмак заңгел кыялаш,
Жаныбыз бирге уялаш,
Акылга келсең абаке.
Кекти сууга салыңыз!
Келгенинде бооруңду
Тууган кылып алыңыз!
Айрылган баш жабылар,
Кол кыйраса таңылар,
Бизге тууган кайдан табылар!
Биттей кезде бириктик,
Балалык кезде баш кошуп,
Кенедей күндө кезигип,
Бир дайрадан чалкыдык,
Бир уядан талпындык,
Бир төшөккө жатыштык,
Бир чоңоюп, бирге өсүп,
Бирге чүкө атыштык.
Тай, кулундай тебиштик,
Талашып эмчек эмиштик.
Бирге жүрүп торолдук,
Бир тууган болуп чоңойдук.
Шордуу энем Каныкей
Жүрөгү майлуу болсун деп,
Жая кесип, жал берди,
Каймакка мыкчып, бал берди,
Оңдоп-солдоп эмчегин
Экөөбүзгө эмизди.
Кай душманга шордуу абам
Качан бөлөк дегизди?
Жетим калып жетилдик
Эр катары кошулдук,
Эрешен тартып, эр болдук,
Эр уулу менен тең болдук.
Кымбат абам барында
Дөөлөттүн аман чагында,
Найза алып бирге бооладык ,
Ай, абаке, бери тур,
Жоону бирге жооладык.
Аты уйкаш чоро болгону
Кең Таласты жер кылдык,
Кабылан абам Айкөлгө
Канат-куйрук биз болуп,
Ааламга дайын иш кылдык.
Кош тилдүү чыгып ичинен,
Арбагы оор абамы
Кара жер менен тең кылдың,

Бузукка туулган жан болдуң,
Буудан шер көзүн жоготуп,
Бу кыргызга кан болдуң?!
Ойгон аба, жообуң бер,
Дөөлөт келди кашыңа.
Айтканым ушул билип ал,
Агайын кайдан табылат,
Канчоро аба, тилимди ал!
Асмандагы жылдыздай
Эриктеше кетели,
Агарган таңдын бозундай
Бириктеше кетели.
Алты ай минсе арыгыс
Буудан болуп калалы,
Мурунку кекти талкалап
Түбү жок сууга салалы.
Бармак тиштеп, баш чайкап,
Баатыр аба, тилимди ал
Тууган болуп алалы!
Караны тиер бекен деп,
Качып келдим, кан абам,
Кулдукта жүргөн жеримден.
Өчкөн отту тамызып,
Өлгөн жанды тиргизчи,
Үзүлүп кеттим улачы,
Ал-абалым сурачы!
Суурка тоңдум тонуң бер,
«Кайрылдым тууган болдум» — деп,
Кайран абам, Канчоро,
Кайра күлүп жообун бер?
Абамдан калган кыраандын
Аты Сейтек коюлган.
Каран кылдым күнүмдү,
Таштап келдим Кыязга
Абамдан калган инимди.
Кемитип Кыяз ит кылды,
Жети күндүк күнүмдү.
Бир сайратып калайын,
Кан абам сенин жаныңда
Таңдайда кызыл тилимди.
Күтүп алсаң кан абам,
Күлчоро шордуу иниңди!
Айлык жерден оп тарткан,
Мүйүзү бар кара мар,
Илеби жанды өрттөгөн,
Ажыдаардай Эр Кыяз
Четинен качып кутулдум.

Ченебеген кызыл чок
Өртүнөн качып кутулдум.
Карып жан качып кутулбас,
Темир аркан, чоң кынжы
Торунан качып кутулдум.
Калса жанды кайсаган,
Каарлуу Кыяз кан ичер,
Колунан качып кутулдум.
Канаттуу учуп кутулбас,
Кырк аркан бойлуу чоң зындан
Орунан качып кутулдум.
Кайра тартпас чоң жайды
Көрөрдө качып кутулдум.
Кайрылбастан дүйнөдө
Өлөрдө качып кутулдум.
Каным калып бир кашык,
Муун үзүлдү, эт жашык,
Канкор болсоң, шер болсоң,
Тууганга көздү салыңыз,
Аты уйкаш элек абаке,
Тууган кылып алыңыз!
Канкорум деп, шерим деп,
Көргөнү келдим ой, аба!
Казыр сенин колуңа
Өлгөнү келдим, ой, аба!
Айтса арман арылбас,
Чын бир бооруң Күлчоро
Колуңа мендей табылбас.
Ойлон аба сөзүмдү,
Караан кылам өзүңдү!
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Үйүрлүү Марал, Күмүш-Так,
Журт күздөөгө сен консоң,
Кара-Буура, Канжайлак,
Чаткал тосо мен консом,
Бармактуу адам батабы?
Тырмактуу душман тиеби?
Бизге кызыгып жоо келеби?
Айтканым артык билип ал,
Асыл абам, тилимди ал!
Ырыс алды — ынтымак,
Бирликти койсок бир жерге
Катылып бирөө келеби.
Кармашып душман жеңеби?
Жулунуп бирөө келеби,
Жулкушуп душман жеңеби?
Баатырсынган батабы,

Сен экөөбүз бириксек,
Этегиң бирөө тартабы?
Экөөбүз болсок бир тууган,
Аба, жылкыңды бирөө тиеби?
Эстеп абам, тилимди ал,
Эрендин бүткөн санаасын,
Эчким бузуп ала албайт,
Бирдиктүү элдин калаасын!
Ар ким жумшап кул кылат,
Бирликсиз элдин баласын.
Бу сөзүмдү карачы,
Айтканым акыл билип ал,
Канчоро абам, тилимди ал!
Сен калыпсың кан абам,
Ордо күтүп уул болуп,
Мен жүрөмүн кан аба,
Кыязга барып кул болуп.
Адырда жылкы алты сан,
Алты сан жылкы кайырчы,
Түбөлүк бирге бир тууган
Кулдуктан башты айырчы!
Кунаның багып буудан кыл,
Мойнуна курун салынып,
Кулуң келди жалынып,
Курбалдаш абам, тууган кыл!
Аскабыз бир жай кыялаш,
Абабыз элең уялаш,
Карал кылдым, бел кылдым,
Кан абам, сени шер кылдым.
Кыймалуу жагдан, кырк килем,
Жигити балбан, кызы алтын,
Кызыктуу кыргыз кайран журт,
Элиң эсен жатабы?
Адырыңда алтын бар,
Күңгөйүңдө күмүш бар,
Тоосунда кары бар,
Бөксөсү токой чары бар,
Жаралган сонун баары бар,
Өзөндүү Кең-Кол, кең Талас
Жериң аман жатабы?
Кырмызы көйнөк, айча бел,
Узуң эсен жатабы?
Оймок ооз, бото көз,
Кызың эсен жатабы?
Мурунку кезде кан аба,
Муздак шамал жел болдуң,
Кек ойлобой кан аба,

Тууган болчу мен болдум.
Күрдөөсүн уккун сөзүмдүн,
Күтүп ал аба өзүмдү».
Ушуну айтып Күлчоро,
Кайрылып карап турду эле.
Каарлуу чочко Канчоро
Каапырды кудай урду эле.
Ок өтпөс тонду жамынып,
Көрсөң түрү ушундай,
Көк жолборстой чамынып,
Камандай кашка көз жайнап,
Карсылдата тиш чайнап,
Куласын куүй качкансып,
Кутургурду көрдүңбү,
Куржунда булун чачкансып,
Туткагы кармап тутулду,
Каарланып күүлөнүп,
Күлчорого сүйлөндү:
«Жети-Өзөндү жердеген,
Алышып душман жеңбеген,
Төбөдөн жылдыз боо болгон,
Он эки тамыр козголгон,
О дүйнөлүк дос болгон.
Ак буудай данын чайнашып,
Келеме шарып кармашкан,
Ак болот мизин жалашып,
Билгизбей кат беришкен,
Дос болуп сөзгө келишкен,
Багыштын уулу эр Кыяз.
Ата Кыяз кул, сага кылбасам,
Кыйрыңды жанчып кырбасам!
Тобуңа тозок салбасам,
Токтотпой чаап албасам,
Канчоро болбой өлөйүн,
Карап тур сага кылбасам!
Калтырбай калкың кырбасам,
Баатыр Кыяз мен десем,
Ботом, катын Кыяз турбайбы,
Учасынан бир кудай,
Урган Кыяз турбайбы?!
Өткөн жылдын күзүндө
Канжайлоонун кезинде,
Алты күлүк ат бердим,
Алакандай кат бердим,
Күлчорону карма деп,
Жан тындырып жайла деп,
Кылычтап башын алгын деп,;

Дүнүйөдөн жоготуп,
Тындым кылып салгын деп,
Айттырсам да өзүнө
Оңбогон Кыяз оңбоптур.
Чык этпес салып күбүмө,
Агыштын уулу бу Кыяз
Өлтүр десем тил албай,
Жеткен экен түбүмө!
Бул өрттөнгөн чочко журт болбойт».
Деп туталанып кыйкырып,
Ал Канчоро баатырды
Туура кудай урганы.
Көк камандай күркүрөп,
Көрүп турган пенденин
Азат бою дүркүрөп,
Чагылгандай чартылдап,
Көк аскардай балкылдап,
Көөдөнүндө күүлөнүп,
Күлчорого сүйлөнүп,
Желигип турду Канчоро:
«Атаңдын көрү Күлчоро,
Кутурган куйту арсыз кул,
Көрүнбөй жогол көзүмө,
Жолобой бат кет өзүмө!
Чымырканып чырдансам,
Тирүү кайтпай өлөсүң,
Кайра тартпас чын жайды,
Каарлансам көрөсүң!
Чын мүшкүл салам түрүңө,
Чырылдаган Күлчоро
Чындасам жетем түбүңө!
Менин желдеттерим жети миң,
Жетик буйрук бир кылсам,
Жетимим сага чыр кылсам,
Жеке өзүң туруп нетесиң.
Жетигиң экөөң болсоң да,
Жерге кирип кетесиң!
Кулжуңдап куру сүйлөбө,
Каалаганың аларсың,
Катуу жиним кармаса,
Каралдуу абаң жанына,
Аякташа каларсың.
Кайра тарткыс чын жайга
Кургурум катуу жин келсе
барарсың!
Өзөндүү Кең-Кол, кең Талас,
Өлчөөсүн алган жол эле,

Сен гана эмес, кутургур,
Сен каралды кылган аркаңды,
Бараны тоодой бабаңды,
Баякы көөдөн абаңды,
Аңтара сайган кол ушул,
Арты сасык órттөнгүр,
Азыр саа айткан жооп ушул!
Жолобой кет өзүмө,
Жоготуп башың албайын,
Көрүнбөй жогол көзүмө!
Көрүнөө тууган болом деп,
Кожурай бербе өзүмө.
Өкүлдөгөн түгөнгүр,
Өлбөгөн жандын бирисин,
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Оюң барго арамым
Кайра айланып конууга,
Кайчылаш тууган болууга.
Бул кебиңди ким уксун,
Бир караңгы түн уксун,
Көрүнбөй жогол көзүмө,
Какшабай жогол өзүмө!
Тууган ай деп былжырап,
Экинчи келсең өлөрсүң,
Көп жаңжал менден көрөрсүң!
Бедериң жанга салбай кет,
Кулжуңдаган кутургур,
Бээ саамдан калбай кет!
Айылга мындай дебей кет,
Уй кайтарган күңүм бар,
Каныкей, Бакай экөөнү
Назар салып көрбөй кет,
Сакчыга кабар салбай кет!
Жамгырчы кызы Акбала
Сен капыр кул, ага барбай кет!
Кереленсем кебим бар,
Кесир кул сенин кегиң бар.
Каарланып качырсам
Калайман салчу жерим бар.
Кул ордого келерби?
Өчөшкөн душман бетбакты,
Кандын көзү көрөрбү?».
Жаагы катуу күүлөнүп,
Канчоро турду сүйлөнүп.
Алмамбет уулу Күлчоро,
Ак пейилдүү курган шер,
Атасы көк жал курган эр,

Акырын сүйлөп, бек таштайт,
Албан түрлүү кеп баштайт:
«Алты айда минер Кылкүрөң
Бууданым деп келгемин.
Ай Канчоро өзүңдү
Тууганым деп келгемин!
Уялаш элек жан бирге,
Айтканымды кылбасам,
Туу түбүнө турбасам,
Ак жылкынын чаңы урсун,
Ак буудайдын даны урсун!
Ук, Канчоро, сөзүмдү,
Алты ай минсе арыбас
Темир туяк, жез билек,
Чөлгө жарар тулпармын,
Боздон тоодак куткарбас,
Боз ала 1гынар шумкармын.
Табымды таап, шилтесең,
Сайдан калтар куткарбас
Сарала бүркүт тынармын.
Деген сөзгө көңүңүз,
Алдыңда турган чоронун
Айтканын азыр бериңиз:
Чатакташпай, чырдашпай,
Аколпок кайда бериңиз!
Каарланып какайсам,
Жалынсаң укпайм өзүңдү!
Башымды тарттым, болбойсуң,
Баш көтөрүп ордуңдан,
Тууганым деп койбойсуң.
Бабам Бакай шер кайда,
Абамдан калган мал кайда?
Беш аркар жылдыз баткыча,
Берен энем Каныкей —
Меке кылган бул кайда?
Тиш салса, жанды бүлдүргөн,
Жолборско салып айт десе,
Жолукканды бүлдүргөн,
Бөрүнү кууса бөлүнткөн,
Каманды көрүп качырып,
Кабырга сөөгүн сөгүлткөн,
Учканы качып жутунбас,
Үйүрлүү кулан кутулбас,
Абакем кандын Кумайык,
Олжолоп алып калгансыз.
Жакшы айткан сөзгө көнүңүз,
Абам кандын Кумайык

Белекке бизге бериңиз?
Туйтулуңдап чырдашпай,
Сураганды бериңиз.
Кайгынын баарын жоюңуз,
Аколпок менен Кумайык,
Бууругуп турган чорого
Буурукпасын, кокустан,
Кабарын айта коюңуз!
Саңоору жибек, боосу алтын,
Абакем кандын Акшумкар
Кечээ ал күмбөз тайып турганда,
Ойното миндиң тулпарды,
Олжологон кул кайда,
Сенин ороңдошуң не пайда?!
Албан түрлүү жан кайда,
Менин абамдан калган мал кайда?
Кынын кымбат машаган,
Кымбат баа жасаган,
Сабына алтын толгогон,
Баасы баалуу оңдолгон,
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтеген жоосу мүрт кеткен,
Кас душман башын кеспесе,
Кайра кынга кирбеген,
Өрттөнүп мизи кызарган,
Кыя тартып шилтесе,
Кычуусун кызык кандырган,
Салмагы колду талдырган,
Кызыгы жандын болжошу,
Кымбаты адам жолдошу,
Толтосу кохар, сабы алтын,
Абам кандын Зулпукор,
Белекке берчи, ал кайда?
Асынганда түз эле,
Аманат жандын эрмеги, ,
Ичин он үч толгогон,
Бөлөкбай уста оңдогон,
Дүп дегенде, жан кеткен,
Түтүндөн мурун кан кеткен,
Артыкча курч Алмабаш,
Ыраак, жакын ылгабас,
Ирмесе түтүн бураган,
Бир кыйшайып ысыбай,
Сексен күн атса чыдаган.
Абакемдин Аккелте
Белекке бергин алайын.
Түбүбүз бирге уялаш,

Бейпайды кайдан салайын.
Кечээ кыйкырып белге чалганда
Жоголгон акыл табылган,
Качырып жоого беттесе,
Кара чаар кабылан
Капталынан чамынган,
Касиеттүү Бозкисе,
Кан абам менен дос кисе,
Кааладым, баатыр, бул кайда?
Берен абам буларын
Белекке берсең аламын.
Бек арстан абам берди деп,
Медер кылып белиме
Белек кылып чаламын.
Сурадым ушул буюмдан
Бир албай кантип каламын.
Берен абам туягы,
Белекке калган чунагы,
Карында калган кайраны,
Кан абамдын ойрону;
Жаралган жылдыз чолпону,
Кайран абам солтону,
Тоюна токсон союлган,
Аты Сейтек коюлган,
Иниңиз келди көрүңүз,
Айтылган буюм — көп мура
Белекке аба бериңиз?!
Тууган болсоң, мол болсоң,
Туруктуу чалкар көл болсоң,
Асыл абам жалгызы
Баанайың келди көрүңүз.
Баатырдан калган сан дүйнө
Кыймылдабай, кыңк этпей,
Кыйшалактап, былк этпей,
Баш ылдый санай бериңиз!
Акылман абам сен болсоң,
Корсоңдошпой, чырдашпай,
Кекти суугa саларсың.
Айланган жалгыз күнүңдү,
Асылдан калган иниңди,
Тууган кылып аларсың!
Бооруң келсе, түрлөндүң,
Калтырбай баарын кырбайт деп,
Кан Кыязга сүйлөндүң.
Кайра жаачу булуттай
Кан ичмең кармап түрлөндүң.
Семетей уулу эр Сейтек,

Жедигер барып туулган.
Сүйлөгөн сөзгө көнүңүз,
Семетейдин сан дүйнө
Келиптир, ээси бериңиз!
Ашкере тууган шер болсоң,
Тоюңузга камданып,
Баланы күтүп алыңыз.
Үйүлгөн чатак, болгон кек,
Көтөрүп сууга салыңыз!
Баатырдан калган белек деп,
Балаңыз Сейтек иниңди,
Мураа кылып алыңыз!
Түбүбүз бирге уялаш
Кантип сени кор кылам,
Ала-Тоодой бел кылам.
Тилимди алсаң Канчоро
Ак аска тоодой бел кылам.
Адамдан артык шер кылам.
Туу түбүнө туу кылып,
Тутушкан жоого чуу кылып,
Караан кылып албасам,
Жараткан кудай мени урсун!
Жан арамың чоң болсо
Жаныттап акмак сени урсун!
Акылга көнүп, тил алсаң,
Айткан тилиң алармын,
Айдасаң жолго басамын,
Дегениңе көнөмүн,
Жаалдансаң окустан,
Айткан тилди түк албай,
Айдаган жолго түк баспай,
Өзүңдү өлчөп биле албай,
Өкүрө берсең тил албай,
Кылычыңды шайласаң,
Кыялың бузук, заарың күч,
Баштакы жиниң карматсаң,
Туурадан чукуйм көзүңдү,
Каалагам кадыр түнүңдү,
Капкайдан кагам жиниңди!
Ачуум келип апсайсам,
Арбайта сермеп өзүңдү,
Кандаймын кара көзүңдү!»
Деп, ошентип, Күлчоро
Күйүп айтса болгон жок,
Туталанып өрттөнгүр
Каарлуу тууган Канчоро
Каарын такыр койгон жок,.

Күркүрөдү, күүлөндү,
Күлчорого Канчоро
Каарланып, тиш чайнап,
Өкүрүгү таш жарып,
Кыйкырыгы баш жарып,
Ач камандай күүлөнүп,
Күрүлдөдү күркүрөп,
Күлчорого сүйлөнүп:
«Атаңдын көрү Күлчоро,
Жыла салба белиме,
Өлбөй кеткин кутургур,
Жылкы баккан жериңе!
Какшык салба жаныма.
Өрөпкүгөн сен чочко,
Өлбөй кет Кыяз каныңа!
Жолобо менин жаныма,
Кулжуңдап жиним кармаса.
Кутура тартып нетесиң,
Кулжуңдаган кутургур,
Кудайыңа кетесиң!
Жадаал салсам, жайлаймын,
Жакындаба, Күлчоро,
Чын жиним тийсе кармаймын.
Кыжырым келип кыйкырсам,
Кыйлаңды кызык утамын,
Кыжырым келсе кокустан,
Кыязың кошо жутамын!
Менин атым Канчоро
Алты талаа, кезең бел,
Айттырбай чалган жолу ушул,
Сенин абаң Семетей
Жоготуп ийген кол ушул.
Оңбогон чоро, оңбойсуң,
Ар качандан, бир качан,
Ар дайымдан, бир дайым
Кайратыңды койбойсуң.
Булкунасың, желесиң,
Кийчү тонуң кийбесең,
Кидирбей жолго кирбесең,
Ажалдан мурун өлөсүң!
Маани-чаркың жогунда,
Бакылдайсың, нетесиң,
Акыр-такыр заманын
Баарын сүйлөп кетесиң!
Өкүлдөй берсең куурагыр,
Дүйнөдөн азыр кечесиң!
Кара сөз тиер жолуңа,

Кылыч тиер мойнуңа,
Кан шорголор койнуңа!
Агыштын уулу Кыяздын
Эселегин билгемин,
Эсин жыйса, кутургур
Келер го деп жүргөмүн.
Айтканым туура чын чыкты,
Акыркысы чыр чыкты». —
Деп, бакырып Канчоро
Тумандап көзү байланды,
Күлчорону көргөндө,
Алтымыш санаа, миң мүшкүл
Төбөсүнө айланды.
Чородон чочуп бой бойлоп,
Сыр алдырбай күүлөндү:
«Мунарамдын түбүндө
Кырк аркан бойлуу орум бар —
Кезиксең, тындым болорсуң,
Көрсөң ушул сонундар,
Так капканын оозунда
Алты миң мыкты колум бар,
Айт десе, далдал кылуучу,
Баш баксаң, өлүм кылуучу.
Темирден соккон торум бар.
Каарым келип какайсам,
Керигим бар, билим бар,
Көп жаңжал салбай, тилимди ал!
Чатактын жайы — кан чыгат,
Кагыштын жайы — жан чыгат,
Каалап, тууган, тилимди ал!
Жолборстон баккан үчүм бар,
Керт башымдын өзүндө
Токсон тайбас күчүм бар.
Тууганга айтар сырым бар,
Байлаша кетсең, Күлчором,
Саа көрсөтөр чырым бар!
Мен Канчоро — кандырмын,
Балаанын кара көзүмүн,
Кабыланды кайсачу
Балакеттин өзүмүн.
Үтүрөйүп, үксөйсөм,
Чатактап жаңжал салабы?
Чартылдап каарым төгүлсө,
Чарпышкан аман калабы?!
Эмчектеш элек башынан,
Не кылайын, байкушум,
Орто жолдон кайтып бар,

Канчоро каары мындай деп,
Кабыланыңа айтып бар.
Тагыма көзүң салбай кет,
Безилдеген Күлчоро,
Бээ саамдан калбай кет!
Көрүнбөй жогол көзүмө,
Көп жолобо өзүмө,
Канчоронун кандыгын
Каалап, тиктеп, билип кет!
Көп кечикпей, шар кеткин,
Каарым келет, кокустан,
Жадалым кармайт, окустан,
Былчылдабай бат кеткин!
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз,
Табылгы жакса чок өтпөс,
Очогор атса ок өтпөс,
Жоо жолукса, кол өтпөс,
Каалаганың Аколпок
Белекке бердим кие кет!
Түбүбүз бирге экен деп,
Бул кадырым биле кет!
Тайгылсаң, жолдон тарта бар,
Дардайган Кыяз — доңузга
Менин каарым айта бар,
Каалаганың Аккелте
Канымдан калган буюм деп,
Кажайгалап сурасаң,
Белекке бердим мен аны
Моюнуңа иле кет,
Канчоронун кандыгын
Мындан кийин биле кет!» —
Деп, ошентип, Канчоро
Каарланып, калдаңдап,
Көп мактанып, дардаңдап,
Көмүлгүр айтып турганы.
Эрке катын Чачыкей
Чорого каарды кылганы.
Чачыкей чыкты булкунуп,
Каарын төгүп, силкинип,
Эрке катын күүлөнүп,
Канчоро менен Күлчоро
Экөөнө катар сүйлөнүп,
«Арам аргын какшаалдын
Арсыздыгын карачы,
Атадан жетим бир болгон,
Тентигендин баласы.

Теги бузук, түбү арам,
Бул арамды карачы!
Белсенип белин буушкан,
Сен, канкоруң менен туушкан,
Качан Манас уулу элең!
Кутургурдун кебин көр,
Шумдук-жаңжал кепти айтып,
Кыжырлуу кептен кыласың,
Кыжырга тийип турасың,
Дегениңе көнбөймүн.
Аккелтени бербеймин!
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Жер экен деп отурам,
Жерге кирген Канчоро
Мен сени эр экен деп отурам.
Эселек сендей айбанды —
Эр деп айткан оңобу?
Эрээн сендей болобу?
Ургаачынын узу элем,
Букардын каны Шаатемир —
Шаатемир эрке кызы элем.
Кечээ Букарга бузук салганда,
Тартуу кылып, мал берип,
Мен шордууну алганда,
Күндүзүндө тынч албай,
Түндө тынып, уйку албай,
Бурчуна болот мататкан,
Булкушканды жадаткан,
Арытып болот солоткон,
Алышса жанды короткон,
Кемпири бычып, кыз тиккен,
Жылма кайып бүктүргөн,
Иштүү кызга тиктирген,
Шибегелүү кайыткан,
Тиктегенде жөн эле,
Адамдын көзүн тайыткан;
Ичин жибек иштеген,
Чачыкей долу тиштеген,
Жакасы болот, жеңи алтын,
Жакшы буюм Аколпок,
Өзүм кындап жасагам,
Кул сөзүңө көнбөймүн,
Кудурет токсон урса да,
Аколпогум бербеймин!
Эрдигиң калың, эсиң жок,
Эңке экенсиз Канчоро,
Атактуу жаңжал бузуктун,

Айтканына не көндүң.
Аколпок менен Аккелте,
Кутургурга не бердиң?
Мал аяган каралуу,
Жоо аяган жаралуу,
Алыш тартып баштабай,
Адам сендей болобу,
Адам деп айткан оңобу?
Тыйпыл союп какшаалды,
Тындым кылып таштабай,
Капырыңдын кеги бар,
Каралды кылган жери бар,
Жан достуң Кыяз ал эрди,
Тындырып келген чени бар.
Кайраты бар, курчу бар,
Кагыша турган сырты бар,
Көрсөң чоро шумдукту,
Көк кенедей толуптур.
Кулжуңдаган куу кулду,
Жибербе тирүү бу шумду.
Кабыргасын сөктүргүн,
Калтырбай канын төктүргүн!
Бу Күлчоро барында,
Бу Талас сизге жер болбойт,
Бу кыргыз сизге эл болбойт.
Тигилүү чынар бак болбойт,
Бул ордо сизге так болбойт!»
Жаагын жанып Чачыкей
Ордодон турду күүлөнүп,
Канчорого сүйлөнүп.
Балбандарга бакырды,
Кароолчусун чакырды.
Эрке долу шуркуя,
Эсепсиз жаңжал иш кылды,
Канчорого күч кылды.
Канышы буйрук бергиче,
Балбан каптап келгиче,
Шай колдогон Күлчоро
Кабыландай камынды.
Кайыптан акыл табылды:
«Жакшы айткан сөздү билбесең,
Шум экеним дагы чын,
Белестүү Талас, Чоң-Чаткал,
Бел экеним дагы чын!
Кабылса жанды кайсачу,
Шер экеним дагы чын.
Өрүшүн бузуп, май кылдым,

Каалаганың эр Кыяз
Башын кесип жай кылдым!
Туусун жыгып, чуу салдым,
Туура Кыяз канды алдым.
Канын союп калтырбай,
Бегине бейпай салгамын,
Бек тороп өчүм алгамын!
Тууган деп келсем өзүңө,
Душманча мойнуң бурасың.
Жаныңа келсем ажылдап,
Баатырым каап турасың!
Эсирипсиң Чачыкей
Эриң экөөң бир болгун!»—
Ачууланып, Күлчоро
Артык жини кармады.
Тактада жаткан долуну,
Кара чачтан алды эми
Коломтодо таш тулга,
Таш тулгага катынды
Чабактай чаап салды эми...
Күлчорого камынып,
Канчоро кайрат кылганча,
Каарын катуу салгыча,
Желдетинен жел дүрбөп,
Жетип курчап калгыча,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Акундун кызы Айчүрөк
Ажал жетсе өлүүгө
Каралды тоодой Күлчоро
Каралды болуп берүүгө,
Пери заада бейбактын
Кайнап ичи чок болуп,
Карааны кирсе жаңжалга,
Кантип турсун токтолуп,
Чатак болсо кокустан,
Жаңжалдашса окустан,
Тагдыр жетсе өлүүгө
Ойрон катын Айчүрөк
Олондой болгон кайран чач
Төбөгө кынап түйүптүр.
Ээликмелүү бейтаалай,
Эркек киймин кийиптир,
Каралды болуп берүүгө
Эр мүчөлүү Айчүрөк
Эң алдында бөлүнгөн,
Алардын арт жагынан,

Узун чачтын мыктысы,
Ургаачынын ыктуусу,
Кең көйнөктүн тазасы,
Жаралган зайып пашаасы,
Карган энең Каныкей
Эмчек сүтүн ак кылып,
Бул ордого кирүүгө.
Канды төккөн Канчоро
Курманга карман чалууга,
Качанкы кегин алууга,
Тагдыр жетсе көрүүгө,
Баласы кыраан чорого
Караан болуп берүүгө,
Каныкей энең бүлүнүп,
Жаадай учуп сүйүнүп,
Канчоро кандын ордого,
Айчүрөктүн артынан
Ада келип калыптыр:
«Күрсүлдөгөн кутургур,
Кокустан кордук салбасын?
Чачым куудай агында,
Сапарым тутам чагында,
Ажал жетпей өлөйүн,
Кагылайын балама
Караан болуп берейин!»—
Деп — ошентип, Каныкей,
Кайрат сүйлөп турганда,
Пери заада Айчүрөк,
Олжо болгон душманга,
Күйүттүү болгон бейтаалай,
Капаны калын таштады,
Каарлуу кандын алдында
Айчүрөк сөздү баштады:
«Кыяматты, тозокту,
Көрбөй келдим, жан кайним,
Көп жылды күндө өткөрүп,
Барган жан баргыс чын дүйнө
Барбай келдим, жан кайним.
Айкөл кайда, шер кайда,
Бел байлаган бел кайда?
Бендеден артык туулган,
Душманга салган чуулган,
Астыга салсаң, ак жолтой,
Аркасы дүмдүү сан колдой,
Береке кайда? Бел кайда,
Медер кылган эр кайда?
Кан абаңды жоготуп,

Ордо күтүп, кан болуп,
Эки тизгин, бир чылбыр,
Жеке колго алыпсыз,
Көп алдында барбактап,
Султан болуп калыпсыз.
Кор кылдын — тилек санаамды,
Алда, кордугуңа кудай бар,
Бирөөнүн уулу дедирдиң,
Арстандан калган баламды.
Мүшкүлгө башты таштадың,
Бышпастан мурун бышырдың,
Күйбөстөн мурун күйгүздүң,
Күйүп өлгөн, сен чоро!
Капкамдын оозун кан кылдың,
Таласты тепсеп чаң кылдың,
Ала-Тоо ээлеп жер кылдың,
Кыргызды кыстап кем кылдың,
Жаман катын, жаш балдар,
Эңкейген карган, өсчү жаш,
Баарын неге кор кылдың?
Жыргал күнүм аз болду,
Каарлуу Кыяз кас болду.
Ай караңгы түн болду.
Он төрт жылы күң болдум
Отун алып, мал багып,
Омолуп кетип оңолдук,
Жетим калып чоңойдук.
Өрөпкүгөн кутургур,
Өз кылганың өзүңө
Убалың кара төбөңө!»—
Деп, ошентип, Айчүрөк,
Каарланды кайнады,
Өрттөнүп көзү жайнады,
Мистедей болгон аппак тиш
Бөлө-бөлө чайнады.
Канчорого каарданып,
Кыраан куштай умтулду,
Баягы ала жүргөн Актинте,
Кармай калып сабынан,
Сууруп чыгып кабынан,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Тууганбыз деп боору ачып,
Күлчоро ыргып тургуча,
Арачалап калгыча,
Ыргып чуркап, закымдап,

Канчоро канга жакындап,
Жүрөктүн толто башы деп,
Актинтени салды эле,
Тээп сууруп алды эле,
Актинте сойбой турабы?
Камбарсыган Канчоро
Алтын тактан урады.
Жер кучактап сулады.
Канчоро касап өлдү деп,
Журт кубанып турганда,
Ашып-шашып Карадөө
Баарыга кабар салыптыр,
Бабасы Бакай карган чал,
Акылынан таныптыр.
Көргө буту салактап,
Мүшкүлгө абаң калыптыр,
Сакалы купкуу куу болуп,
Көргөнү кордук дуу болуп,
Өлөмүн деп өлө албай,
Өлгүчө таттуу кайран жан
Арынан Бакай кыялбай,
Кулагы укпай кер болуп,
Курган Бакай абаңыз,
Кара жер менен тең болуп,
Кымбат Бакай баркы бар,
Бу дүйнөдө жарыктык
Жоголмок болгон каркыбар.
Кетерине тез калган,
Кара жерге катылып,
Жолборс Бакай бабаңыз
Жоголууга аз калган.
Жатчу жерин алачык,
Кылган экен кан Бакай
Кыямат, тозок талашып,
Эс-акылдан эр Бакай,
Эчак калган адашып.
Ойрон Бакай абаңдын
Өйдө турар деми жок,
Кыймылдаарга бели жок,
Былкылдаарга дарман жок,
Табыш келсе коңгурап,
Дүбүрт келсе оңгурап,
Бараан көрсө сабылат,
Бакай дарты ушунда,
Кобур чыкса эшиктен
Кулак коюп үңүлөт.
Караансыз тозок түшкөнсүп,

Кайран жандан түңүлөт.
Дене-бой сексен бөлүнөт,
Көөдөн дарты чер болуп,
Көздүн жашы төгүлөт:
«Ата, кош сүлөөсүн бөрк кийип,
Жайнап жүргөн кезимде,
Айчыгы алтын кызыл туу
Кечээ кармап жүргөн кезимде,
Дүнүйө кенен чагында,
Кабылан Манас барында,
Өлүп албай не болдум?!
Тозокко неге катылдым,
Азапка мынча чатылдым!
Көк жал Манас, Семетей,
Экөөнөн катар айрылып,
Жулунуп сакал кайгырып,
Былк этпей колум шал болуп,
Бүткөн боюм дал болуп,
Эки көзүм кал болуп,
Карылыктан калжырап,
Бар күчүмдөн ажырап,
Өлбөй-житпей кайгырып,
Кайрандардан айрылып,
Калат деген не мүшкүл?
Казды кушка жедирип
Өлбөй-житпей күн көргөн,
Какбаш Бакай дедирип,
Канча жыл өлбөй ушу баш,
Калат деген эмне?!
Жер түгөнгөн Желпиниш,
Желпиниште тууганда,
Эне, атам багып чоңойтуп,
Эрешен тартып турганда,
Мойнокчого түштүмбү?
Жарылып калган кудайдан
Жапаа сурап, чыр кылып,
Мүрөк суусун ичтимби?
"Өлбөс-житпес улуу дуу,
Азапка өзүм түштүмбү?
Карган Бакай жолтойдун
Көргөнүн адам көрбөсүн,
Менин узак жашымды
Жаратканы чын болсо,
Бендесине бербесин.
Кер мурут жигит кезимде,
Ажуруктун тукумун
Талаадан таап чачтымбы?

Ботом, өз башыма кудайдын,
Тозогун толук ачтымбы?
Мага не болор деп жүрүп,
Машайыктын пирлерин,
Олуясын жанчтымбы!
Сакалымдын агында,
Сапарым жакын чагында,
Алачык болду турганым,
Көрсөң мүшкүл түш көрдүм,
Өз жакыным Канчоро
Ушундан жаман иш көрдүм.
Иш көрбөдүм, күч көрдүм,
Токту майын тоң көрдүм,
Тозокту өлбөй чоң көрдүм.
'Кандай каарга катылдым,
Азапка кандай чатылдым?
Бул Канчоро баламдын
Арпасын кам ордумбу,
Айлына кыргын салдымбы?
Балам, Канчоро демин бастымбы,
Куласын кууй качтымбы?
Мунун, куралган ишин чачтымбы?
Атаң-анаң дедимби?
Артык кордоп койгудай,
Жумада үч жол сойгудай,
Тирүү агасын кор кылып,
Көр азап салып койгудай,
Калжаңдап бузук жүрдүмбү?
Калыстан качып кайран баш,
Кыйыгына тийдимби?
Мендей карган элде жок,
Баскан кимсиң оолак кет!
Медериң өчү менде жок,
Жакындаба балакет!
Оо, ары кет, дабыш, ары кет!»—
Көөдөндө чымын жан кымбат,
Улуп Бакай оңгурап,
Өксөп ыйлап коңгурап,
Коңгурап Бакай ыйласа,
Куурап калган баш да ыйлап,
Аркайган зоо, таш да ыйлап,
Аккан булак суу ыйлап,
Албан түрлүү чөп ыйлап,
Аргын, кыргыз көп ыйлап.
Ыйлаган жандар макулук.
Өз кайгысын жеп ыйлап.
Кан Бакайга кошулуп,

Мына, Карадөө балбан эр ыйлап,
Эки көздөн аккан жаш
Омуроодо жошулуп,
Сай-сайлап сөөк бөлүнүп,
Бакай эрди көргөндө
Карадөө көөнү бөлүнүп,
Калкты жыйбай, кол албай,
Кайраты кемип, көөн бошоп,
Баштакыдай боло албай,
Капаланып иш бүтөп,
Каңырыгы бек түтөп,
Кымбат эрди көргөндө,
Жана кысталыш түшүп, куу башка,
Көңүлү көчүп бөлүнүп.
Бакайды көрүп Карадөө
Кыраандын каңырыгы бек түтөп,
Үн чыгарбай оңгурап,
Баатырың турду коңгурап.
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Өлүүчү Бакай кургурга,
Адам, Карадөө турду кеп баштап:
«Жеткилең тозок, мүшкүлгө,
Баткан, Бакай, эсенби?
Мекен кылып алачык
Жаткан абам эсенби?
Бабалар менен тең өскөн,
Этеги чалкып кең өскөн,
Ар дүйнөнү тең чечкен,
Шерим абам эсенби?»—
Ошондо Бакай карыя:
«Балам, баш териң башка көрүнөт,
Ээй, балам, баркылдап үнүң
чыкканда,
Мен Бакайдай шордуунун
Башкача көөнү бөлүнөт,
Эренимдин эгизи,
Эмгектүүнүн бурагы,
Кутубийдин чунагы,
Ак болоттун тукулу,
Мурунтан мураа болчу эле,
Ботом, мураапы Куту тукуму.
Өчкөн отту тамызчу,
Өлгөн жанды тиргизчү,
Ак болоттон кынаган,
Кара жер Бакай каргандын
Ал-абалын сураган,
Элчиге жүргөн ченсиңби?

Кабарга жүргөн кансыңбы?
Каралдуу кыя белсиңби?
Кайранымдын тукуму
О, ботом, Карадөө балам сенсиңби?
О, көзү кургур тартты эле,
Тилегимди берер деп,
Кайранымдын калдыгы
Жетимден бирөө келер деп,
Жер болгон Бакай абасын
Кабарын бирөө билер деп,
Келериңди билгемин,
Ботом келер го деп жүргөмүн.
Терең казып, көрүмдү,
Тегиз балдар кол менен
Көмөр го деп жүргөмүн.
Көп кашайган кандуу көз,
О ботом, көрөр го деп жүргөмүн!
Балдар келип таң атып,
Бабасы Бакай карысын,
Көрөр го деп жүргөмүн.
Өлүгүм балдар чуу туруп,
Көмөр го деп жүргөмүн.
Береги жылгындуу Кең-Кол, кен
Талас,
Душман жердер жер беле?
Береги бабасы Бакай курган жан
Көмүлбөй калып талаада,
Жору жечүү эр беле?
О, Карадөө кулунум,
Тирүүлөй көк жал жоголуп,
Азгырылып кеткенде
Түбүмө түптүз жоо болуп,
Канчоро чочко жеткенде,
Ордолууну зор Кыяз
Оруп каптап жатканда:
Кулунум кетти кыл жээрде,
О ботом, курсакта кетти бир бала,
Жесир кетти Айчүрөк,
Желкесиз кетти Күлчоро
Кармоодо кетти далай жан,
Айчүрөк менен Күлчоро
Арка кылган жетимчем,
Балам, курсакта булар аманбы?
Адам болсо, алар да,
Сен өңдөнүп келерби?
Ак кепиндеп, аруу жууп,
Асылы Бакай абасын

Келип балдар көмөрбү?
Ошондой күн болорбу,
Карыя Бакай бабам деп,
Балдар келип чуу туруп,
Колу менен коёрбу?
Кыйындатып жуудуруп,
Кымкап менен буудуруп,
Замзам менен жуудуруп,
Сарбар менен буудуруп,
Ырчыларга мактатып,
Кымбаткерге сактатып,
Кара жер ачып, көр казып,
Айза булгап чоң казып,
Айланасын зор казып,
Чуңкуру кырк кез ор казып,
Күйүттүү Бакай өлөрбү?
Асманга учуп топурак
Калайык каптап топурап,
Киши көрбөс ой болуп,
Көргөндөрдүн ашынан
Артыгыраак той болуп,
Кемегени ойдуруп,
Асыл тайлак, тай тайлак,
Кысыр бээ тандап сойдуруп,
Калың журтка даң болуп,
Кара жерге коюлуп,
Өлө турган күн барбы?
Бабасы Бакай карыны,
Балдар ыйлап, коштошуп,
О ботом, көмө турган күн барбы?
Айчүрөк, жетим, Күлчоро,
О ботом, көрө турган күн барбы?
О балам, жедигерден чыктыңбы,
Эй, айланайын, кулунум,
Андан кабар уктуңбу?
Ак болоттун талмызы,
Алакем кандын жалгызы,
Күүлөнгөн шер Күлчоро
Карадөө, мындан кабар билдиңби?
Жаралган бою бак эле,
Каза болуп өлбөсө,
Келип калчуу чак эле.
Канчоро кордук салганда,
Кайгырамын, күйөмүн,
Каралды кылган Күлүстөн
Күлчоро келер бекен деп,
Кубат кылып жүрөмүн.

Арман, мүшкүл көп тартып,
Чөп алачык жер жайлайм,
Өлбөсө келер бекен деп,
Курсактагы куу жолтой
Жетимчеге бел байлайм.
Ай бөксөрүп күн өтүп,
Арадан мынча жыл өтүп,
Аңтара серпип шум жалган,
Кетип барат минетип.
Каар көрүп шор кайнап
Катын да болсо бейбактын
Бир карааны тиер бекен деп,
Жүрөм, Айчүрөккө дем байлап,
Ботом, катын эле сыйпалгыр,
Жедигер күтүп эл кылып,
Эр Кыязды эр кылып,
Күзгүдөй өңүн сүздүбү?
Күдөрүн бизден үздүбү?
Оймоктой оозун чойгонбу,
Бизден күдөрүн үзүп койгонбу?
Быштым, жалын, күйүнөм,
Айчүрөктөн түңүлөм
Көптү керген мен Бакай,
Кор боломун, күйөмүн». —
Деп, муңканып, оңгурап,
Бакай айтып турганда,
Артыктыгын, шердигин,
Билгизмек болду Карадөө,
Өлчүдөй өңү кубулуп,
Бакайды көрүп көп ыйлап,
Кудайга үнү угулуп:
«Эй, аба Бакай, сүйүнчү,
Келиниң эркек төрөгөн!
Тоюна токсон союлган,
Аты Сейтек коюлган.
Каарлуу Кыяз баатырдын,
Эр Сейтекке берүүдө,
Каалаганы уу болуп,
Каалаган уусун бердирбей,
Кайран Чүрөк туу болуп,
Мойнуна тумар тагылган,
Эл көрбөстүн чөлүнө,
Эл билбестин көлүнө,
Ээчип эптеп эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Балалыгы жоголуп,
Баатырдыгы зор болуп,

Дал ушундай багылган.
Кан абам уккун сөзүмдү,
Алты күлүк ат менен,
Айчүрөк жазган кат менен,
Жердин үстүн чалгамын,
Бакайга досту Момунжан
Эң себепкер, дарыгер,
Кылдатты таап алгамын.
Жети куржун бүктөтүп,
Желмаянга жүктөтүп,
Эр, шердикти билгизип,
Жел жетпеген тулпардан,
Жетигин тандап мингизип,
Жерге кабар салдырып,
Эбеп-себеп дарыдан,
Ар бир шаардан алдырып,
Көп кетирип алымды,
Зарып кылып жанымды,
Бердим дүйнө барымды,
Себепкорду алдырдым,
Шай колдогон берендин
Далысын кайра салдырдым.
Эми, он эки мүчө тең болду,
Баштагыдан эр болду.
Кыязды көргө киргизди,
Кымбаттыгын билгизди.
Кас болгон душман кыйрады,
Жетим бала, тул катын,
Койбой муну жыйнады,
Көй душман көргө киргизди,
Көк жалдыгын билгизди,
Аба Бакай сүйүнчү!
Тилегимди бериптир,
Каалаганың Күлчоро
Каралды иниң келиптир.
Курсакта калган жетимчең,
Жедигер барып жетилген,
Ак болоттун тукулу,
Арстаныңдын тукуму.
Аргын, кыргыз ортосу,
Эр Семетей чолпону,
Көңүлдүн түйүн санаасы,
Аргын, кыргыз калаасы,
Айкөл Семетейдин баласы,
Уулуң Сейтек келиптир.
Аба Бакай сүйүнчү,
Ушунтип кудай бериптир!

Баарысынын пашаасы,
Ободо жылдыз чолпону,
Ордолуунун тазасы,
Саналуунун аяшы,
Айдай катын Айчүрөк,
Ай келиниң келиптир.
Азаптуу күнүң батыптыр,
Аба, Бакай, сүйүнчү,
Агарып таңың атыптыр!
Кордогон душман жоголуп,
Комуттуу иши оңолуп,
Каардуу душман жоголуп,
Кайрадан иши оңолуп,
Тиктегениң келиптир,
Тилегиңди бериптир
Каалаганың келиптир.
Кайгырган жапаң чачылды
Касиеттүү жан элең,
Кайрадан багың ачылды.
Ички күптүң чачылып,
Жүрөк ооруң басылды.
Сакалың куудай агында,
Сапарын жакын барында,
Көмүүчүм азыр келди деп,
Көп тилек кылып туруңуз.
Башынан эле, кан абам,
Тилегениң бар экен,
Жарыктык Бакай, эр аба,
Оболдон ишиң ак экен». —
Деп, ошентип, Карадөө
Айтып оозун жыйгыча,
Тизе жерге бүгүлүп,
Каныкей менен Айчүрөк,
Сүйүнчүлөп жүгүрүп,
Бакай шердин алдына,
Зыярат кылып, жүгүнүп,
Боздоп ыйлап, буркурап,
Кан абалап чыркырап,
Катар экөө жетелеп,
Кабырга кыйрап бөлүнүп,
Муңдуу бакыр баш кошуп,
Көздүн жашы төгүлүп,
Өлөрман Бакай кары ыйлап,
Каныкей боздоп зар ыйлап,
Айчүрөк какшап, ал ыйлап,
Көп мүшкүл тарткан муңдуулар,
Көөдөндөн черлер жазылды.


Көп кумар дароо ачылды
Көрүшүп булар турду эле,
Алардын арты жагынан
Баатыр Сейтек, Күлчоро
Катар экөө келгени,

Жарыган Бакай бабаңыз,
Эр Сейтекти көргөндө,
Өлүүчү жаны чыркырап,
Карыя Бакай зор абаң:
«Өңүм беле, түшүмбү.
Өз каалаган ишимби?
Көзүмдү ачып байкачуу,
Көрөрүм келген белем — деп,
Оозумду ачып сүйүнүп,
Өбөрүм келген белем — деп,
Терең казып тепкилеп,
Көмөрүм келген белем — деп
Асыл абам өлдү деп
Көрөрүм келди белем — деп?
'Каалап алган берекем,
Карааным чором келген соң,
'Өндүрүм жайлуу кең өзөн,
Журтум келген турбайбы,
Кашкайып тоодон көрүнгөн.
Айым келген турбайбы?
Айланайын шерлерим,
Кетмендеп жерди ойгула,
Көп боздотпой абаңды,
Оюп көргө койгула!
Өлсөм эми арман жок,
Манас менен бирге өлбөй,
Убара кылды дүйнө шок». —
Эстен танды эр Бакай,
Кучактап башын Күлчоро
Боздоп турду ошондо:
«О, кабылан Бакай кан абам,
Сөзү шекер, кеби алтын,
Таалайлуу абам даанышман.
Болоттон айза аштаган,
Илектеп түмөн кол чыкса,
Бир адамдай баштаган,
Караңгы түндө көз тапкан,
Каарлуу жерде сөз тапкан.
Жарга айдаса жарылбас,
Жаралган адам уулунан
Абакем сендей табылбас,

Басып жоого кол салган
Бала чоро мен элем!
Байланып, калса бак ачкан,
Данакер себеп сен элең!
Жадаал сөзгө таңылбас,
Караңгыда карсактын
Изин чалса жаңылбас,
Кайгырып ыйлап боздосок,
Кан абам сендей табылбас,
Өзөндүү чынар терегим,
Жанга өлчөлүү керегим.
Өткөн ата, бабадан
Мураага калган белегим.
Жел тийбес түптүү чынарым,
Жетик аба жаныбыз,
Көп кыргыз жүгүн жүктөгөн,
Кызыл куйрук нарыбыз.
Баатыр Бакай бабабыз,
Кайра келбес дүнүйө
Көрөрүңдө кезиктиң,
Кас ажал жетип дүйнөдөн
Өлөрүңдө кезиктиң». —
Деп, Бакайга Күлчоро
Учурашып турганда,
Кабактын баары ачылды,
Капа сайлап чачылды.
Ырысы көлдөй жөнөдү,
Бала Сейтек эр чыгып,
Бабаң Бакай карыны
Чылк казыга бөлөдү.



# Семетейдин кайра элге кошулушу



## КАРАДӨӨНҮН СЕМЕТЕЙДИ КӨРҮШҮ

Көркөмдөлүү көйүстөн,
Көчүк жагы Индистан,
Алты шаар Маргалан,
Аягы Букар, Самаркан,
Алыстан жоо келбеске,
Кутунун уулу Карадөө
Урчугу бийик тоо издеп,
Кынсыз кылыч байланып,
Көз жетпеген мунарык,
Он эки күндө айланып,
Жазайыл тартып, жаа атып,
Жандууларды кыдырып,
Үйүрлүү кулан түш көрүп,
Куланды алган куш көрүп,
Айдың түрлүү чаң көрүп,
Албан түрлүү жан көрүп,
Сай кыдырып, тоо кезип,
Жааннамды чалчу экен,
Кайып жатар кара кыр
Белден бир тал койбостон,
Кулан жатар куу какыр
Чөлдөн бир тал койбостон,
Баары-жокту чалчу экен.
Жедигер эли жай жатып,
Каны анын Карадөө
Салбуурун кетип калчу экен.
Белес ашып, бел кесип,
Ай аалам чалып, жер кесип,
Алтымыш аюу, жүз арстан
Атып алып Карадөө
Жеке бакан бүктөтүп,
Нардан нарга жүктөтүп,
Таман эти такылдап,
Кулан кууп, аң уулап,
Үч ай, төрт ай токтолбой,
Салбуурунга барчу экен.
Ошо жүргөн Карадөө
Ат арытып жер чалып,
Ит агытып, куш салып,
Белеске чыга барыптыр,
Тоо жоголгон тумшукту,
Жетимиш тоонун урчукту,
Эл баспас тоонун арасын,
Эл жүрбөс чөлдүн талаасын,
Аркайган тоонун арасын,
Аюу аңдып, жолборс кууп,
Белге чыгып барыптыр.
Көңүл кетип бөлүндү.
Карадөөнүн көзүнө
Көк аскар тоодой калдайып,
Семетей өзү көрүндү,
«О, ботом, көп адам айткан өлдү деп,
«Кайра тартпас чын жайды,
Кайран киши көрдү» деп.
Журт чуркурап жүрчү эле.
Нар кескен болот кылы экен,

Кайып болуп кетти деп,
Ар ким ушак кылчу экен.
Ошонусу чын экен,
Нарбуурулду миниптир,
Аколпок тонун кийиптир,
Касабасы калкылдап,
Алтын жаак Айбалта
Ач билекте жаркылдап,
Көрсө, көңүл бөлүнүп,
Көк аскар тоодой көрүнүп,
Толкуну тоонун бели окшоп,
Айбаты кыраң белге окшоп,
Эл бийлеген дөөгө окшоп,
Көк менен жерге ээ окшоп,
Оролмону айланып,
Жай жарагын байланып,
Ата жаркылдаган эр көк жал
Жалаң кылыч байланып,
Кайра бургак болчудай
Каар бетине айланып,
Будурдан кулан шаштырып,
Астында тулпар Нарбуудан,
Онжоңдото бастырып,
Оролмо тоону жондуруп,
Текөөрү темир, тээги жез,
Тегереги эки кез,
Кези кара көк шалбут,
Ак шумкарды кондуруп,
Кеп сүйлөсө, кош-коштоп,
Азуулуудан Актайган
Кожоңдотуп бош коштоп,
Жакасы алтын Аколпок
Бул ийинде жаркылдап,
Атышка салчу Аккелте,
Айдалыда балкылдап.
Көрсө көңүл бөлүнгөн.
Семетейди көргөндө
Ал Карадөө байкуштун
Көзүнөн жашы төгүлгөн.
Эрте сөзү кеч болду,
Көк жал тирүү экен деп,
Эки көзү төрт болду.
Ак жолтой, Бакай кан айткан,
Кыраан чоро дагы айткан,
Кармаш кылып турганда
Айып болду деди эле,
Кайда экени билинбей,
Кайып болду деди эле.
Жаңжалды чоро салганда,
Өлгөнүн бир жан көрө албай,
Калк чуркурап көмө албай,
Мураазына эр көк жал
Жетип калды деди эле.
Ушунтип, көк жал жоголуп,
Кетип калды деди эле.
Калк чуулдап, эл айткан,
Кадимкидей чын экен.
Как Семетей өзү экен,
Кайрандын кара көзү экен,
Шыйкырчылап көз байлап,
Перинин кызы Көкмончок
Алып кеткен кези экен.
Азгырчулар азгырып,
Коштоп жолдон жазгырып,
Кулагын уккус көр кылып,
Тил сүйлөтпөй мал кылып,
Ажыратып адамдан,
Кеткен экен азгырып,
А Семетей баатырың,
Адам менен иши жок,
Мындай дечү киши жок.
Адам түрүн коюптур,
Кайып түрлүү болуптур.
Тал, токой, таш аралап,
Бөлүнүп бөлөк талаага,
Ат арытып, жер чалып,
Ит агытып, куш салып,
Ууга кирип кетиптир.
Айыкпай турган бир үлкөн
Чууга кирип кетиптир.
Муну көрүп, Карадөө
Беттен каны суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш,
Омуроо ылдый куюлуп,
Семетейди көрүүгө,
Бир максатка жетүүгө,
Арстан шери Таласка
Алып, кармап кетүүгө,
Чымын жаны чыркырап,
Сай сөөктүн баарысы
Быт-чыт болуп быркырап.
Чын кызыкты баштады,
Чымындай жандан Карадөө
Чын эле кечип таштады.

Семетейди көргөндө
Алапайын табалбай,
Көк жалды кармап алганы
Көп эрдикти салганы.
Кармап алып көк жалды,
Карыганда Каныкей,
Картайганда Бакайга,
Кыялы жумшак акылга,
Акылга дыйкан Айчүрөк
Ата түрүн көрө элек
Жетим Сейтек балага,
Күлчоронун өзүнө,
Аргын, кыргыз көзүнө,
Айкөлдү кармап баруугa,
Ой келтирип Карадөө,
Семетей бери келгиче,
Бейлеп көзү көргүчө,
Тердик теңдеп токунуп,
Жай-жарагын байланып,
Кармайын деп камданып,
Астындагы тулпарды
Долоно саптуу ак камчы,
Толгой кармап имерди,
Томукка тартып жиберди.
Ачууланып айкырып,
Абакелеп чакырып,
Каарын төгүп, күүлөндү:
«Кан абам токтой тургун!» — деп,
Семетейге сүйлөдү.
Карадөө барат күүлөнүп:
«Кең дүйнөнү тар кылдың,
Жоголуп бизди кар кылдың.
Калайманды баштадың,
Алтымыш катын, тул жеңе,
Айлыңды каран таштадың.
Ак никелүү, ак жупту
Зайыбыңды каран таштадың.
Адыры алтын, түзү мал,
Жериңди каран таштадың.
Күрдөлүү аргын, көп кыргыз
Элиңди каран таштадың!
Жоготуп ийдиң өзүңдү,
Канды бекен уйкуңуз,
Талоонго түшүп тамтыксыз,
Кор болгон кыргыз журтуңуз.
Кыйрап сынган белибиз
Кыйрыбыздан жоголгон.
Кыдыр чалган шерибиз,
Чабылган журтка барыңыз,
Сурак сурап, кан болуп,
Баатыр, султан болуп калыңыз!
Азган-тозгон калкыңы
Кайрадан жыйнап алыңыз!
Сары адырмак бел калган,
Сизден сандаган кыргыз эл калган
Көңүлдө бар кеп арман,
Ушундай болгон шум жалган.
Душман ашып чыккысыз,
Сары адырмак бел элең,
Салмагыңыз Кап-тоодой,
Оодарылбас шер элең.
Балбандыгың башкача,
Баатырлыгың бир канча,
Улук элең, пил элең,
Ушундай мыктуу шер элең.
Жоголуп элди куураткан
Баатыр, жоголуп кеткен сен элең.
Баатыр, он экиге келгенде,
Алым султан жан болдуң,
Атаңыз Манас айкөлдөн
Артыгыраак кан болдуң,
Ата-Тоону жер кылдың,
Ала-Тоонун кыргызын
Эптеп жүрүп эл кылдың.
Бөксө адырмак айлыңа
Мөмө болдуң баарыга.
Бузугу жок оң болдуң,
Телегейлүү тең болдуң,
Деги көк жал эр болдуң.
Деги көзүң жоголуп,
Баатыр, темселеткен сен болдуң.
Олжолонуп баарыбыз,
Кетти күчтүү карыбыз,
Кашык калды каныбыз.
Опот болду элибиз,
Сөзгө кулак салыңыз,
Каралды Сейтек балаң бар,
Кор кылбай эми элиңди
Кайрылып элге жүрүңүз!
Сөөдөрлүк болот мунуңуз,
О, журтуңузга барыңыз!
Оройлук болор мунуңуз,
Оң айткан кепти угуңуз!
Капкалуу шаар калааңды

Кайрылып, баатыр көрүңүз,
Артыңда калып туулган,
Аты Сейтек balаңды.
Белеси чукул белиңди
Кайрадан көр, кан аба,
Калалуу капка жериңди?»—
Деп ошентип, сабылып,
Карадөө турду буркурап,
Семетейге жалынып.
Айта берсе тил албай,
Айткандарын биле албай,
Назар салып кенебей,
Кеп айтып турса Карадөө
Бучкагына теңебей.
Аппак жүзүн бурган жок,
Сен ким айсың, деген жок.
Карадөө көзүн көргөн жок,
Опол тоодой эр көк жал,
Зыңгырады кенебей.
Кирпик үйрүп, каш какпай,
Сүйлөгөн адам уулуна,
Сен кимсиң деп сөз катпай,
Адам жүзүн түк көрбөй,
Адамга жооп түк бербей,
Семетей жөнү мына ушул,
Нардай болгон Буурулду
Онжоңдотуп жулкунтуп,
Колундагы Акшумкар,
Ороңдотуп булкунтуп,
Актайганын шаштырып,
Кайыпчанын Кара-Үңкүр,
Кара-Үңкүргө бастырып,
Күүгүм кире, күн бата,
Элдин асты дым жата,
Кара-Үңкүр кирип жоголуп,
Караса көзгө илинбей,
Кайда экени билинбей,
Ал үңкүргө жок болду.
Ал Карадөө мураанын,
Чымындай жаны чыркырап,
Чыдабай, боздоп, буркурап,
Капаланып, кайгырып,
Кайран шерден айрылып,
Өлчөсө көңүл бөлүнүп,
Жоголгон төрө көрүнүп,
Жобоп, кейип Карадөө
Айла таппай бакырып,
Абасы азыр келчүдөй
Көк жал, шер деп чакырып,
Күйүп жаны чок болуп,
Күлүстөн шерди көргөндө,
Кантип турсун токтолуп,
Чымчык учпай кең сайдан,
Чыңыроон тартып чоң сайдан,
Айла таппай бакырып,
Ал үңкүрдүн оозунан
Абакелеп чакырып,
Кайраттанып Карадөө
Канчалык турду айкырып.
Арманы астан арылбай,
Семетей шер табылбай,
Күңгүрөнүп, кыйгачтап,
Семетейди бергин деп,
Ал үңкүргө чыр баштап,
Болоттон кылган чоюн баш,
Кош колдоп кармап имерди,
Үңкүрдөгү кара таш
Семетейди бергин деп,
Карадөө салып жиберди.
Чокморунан чок чыкты,
Кара таштан от чыкты,
Каруусунан чаң чыкты,
Кайратынан жан чыкты.
Туталанат, бакырып,
Тоону-ташты токмоктоп,
«Семетейлеп» чакырып.
Баатыр экен Карадөө
Тажаалдык кылды абыдан,
Минтсе, Семең табылбайт:
«Каптал жагы кара зоо,
Кайкалаган үлкөн тоо,
Бу деген сөзгө көнүңүз,
Койнуңа катпай абамды,
Кокуй, үңкүр, бериңиз!
Борчугуң бузуп уратам,
Бу сөзүмө көнбөсөң,
Абакем шерди бербесең,
Кара зоо сени кулатам!
Жай-жайыңды жулбасам,
Кой жүргөн корун кылбасам,
Борчугуңду чачпасам,
Эсебиңди таппасам,
Карадөө болбой өлөйүн!
Шер жасаган абамды


Бекитип көрчү көрөйүн!
Бетиңден мөмөң жулбасам,
Ташыңды талкан кылбасам,
Тоодой жаның томпойтуп,
Токмоктой дөбө кылбасам!»—
Деп, ошентип, Карадөө
Капа болуп, кайгырып,
Карaанын көрүп, көз көрбөй,
Кайран шерден айрылып,
Дене чарчап, ал кетип,
Эки колдон кан кетип,
Кара зоону токмоктоп,
Айбалта, чокмор жоюлуп,
Эң кайраттуу алакан
Мөлтүрөп такыр союлуп,
Кайрат качып, ал кетип,
Карадөө байкуш минетип,
Туталанып, ич кайнап,
Тилсиз катын алгансып,
Кара үңкүр менен урушту,
Баданaны чойгулап,
Астындагы Күрөңчө,
Башка-көзгө койгулап,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Жан жаратат ар кандай,
Алтын таап алгандай,
Баабединин бат айтып,
Ай туякка ат айтып,
Кубанчы туруп бакырып,
Күлчорону чакырып,
Таласка кирди бакырып,
Каныкей, Бакай карыя,
Карыясын чакырып.
Аргын, кыргыз аты уйкаш,
Элден койбой чакырып:
«Айдай катын Айчүрөк.
Ай жеңеке сүйүнчү,
Сенин үзүлгөнүң уланды,
Чачылганың жыйналды,
Арман-дартың арылды,
Айкөл шериң табылды.
Душман көрсүн күйүнчү.
Берен жеңе сүйүнчү?!
Өлгөн төрөң тирилди,
Айчүрөк менен Күлчоро,
Аты уйкаш ук! Каның ук!
Эй, калайык, баарың ук!
Көк жал өлбөй тирүү экен,
Өлбөгөн жандын бири экен.
Жоголгон төрө табылды,
О, жеңеке, сүйүнчү!
Көрүп келдим Семеңди
Акшумкар алып бакалап,
Ала-Көлдү жакалап,
Аң куштарын шаштырып,
Астындагы Буурулун,
Онжоңдотуп бастырып,
Ичке колун төтөлөп,
Актайганын жетелеп,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк аскар тоодой көрүнүп,
Көрдүм көк жал бул жүрөт,
Көңүл күйүп бөлүндү,
Көзүмөн жашым төгүлдү.
Тим олуя, баатыр, шер,
Тирүүсүндөй көрүндү.
Алтын керден Айбалта
Ач билекте жаркылдап,
Ок өтпөгөн Аколпок,
Тону үстүндө балкылдап,
Манастан калган Аккелте
Айдалыда калкылдап,
Кайыпчынын Кара-Үңкүр
Бастырып кирип кутулду.
Таш уратып, тоо бузуп,
Өкүрдүм да, кайгырдым,
Кайыпчынын үңкүргө
Киргизип ийип айрылдым.
Белги көрдүм, бел көрдүм,
Белгилүү шерди мен көрдүм.
Беренимдин өзү экен,
Караган кара көзү экен,
Өлбөй-житпей типтирүү
Кайран шер жүргөн кези экен.
Семетей шерди көргөндө,
Айла таппай бакырдым,
Абакелеп чакырдым,
Чырды минтип баштадым,
Чымындай жанды жөн эле,
Кылга-байлап таштадым.
Өзүн көрдүм абамдын,
Өксөп, ыйлап бакырдым,

Кан абалап чакырдым.
Баштакыдан миң эсе
Улук болуп калыптыр,
Айтарына тили жок
Дудук болуп калыптыр.
Түп көтөрө баралы,
Көк жалды кармап алалы.
Арбын жылкы, түмөн мал,
Ай туякка чалалы
Гүлдөтүп күлкү ачалы,
Күрдө толук казына
Сүйүнчүгө чачалы!
Болот найза аштайлы,
Малды түгүл, куу жандан
Такыр кечип таштайлы.
Асманга учсун топурак,
Калк жыйылсын топурап.
Жетилген тилек ой болсун,
Жер силкинип, журт чуулап,
Жеткилең мындай той болсун.
Мал жыйылса түгөнгүс,
Сай эмеспи Семетей,
Кылайып тоодон көрүнгөн —
Ай эмеспи Семетей», —
Карадөө айтып турганда,
Айдай катын Айчүрөк
Кабырга сөөгү бөлүнүп,
Көздүн жашы төгүлүп,
Бөдөнөдөй көзүнөн
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Карагаттай көзүнөн
Камчы бою жаш кетип,
Сүйүнгөндөн чыркырап:
«Бу айткан кебиң чын болсо,
Айланайын Карадөө,
Өгөөмдү коюп, бүлөөмдү ал,
Экөөмдү коюп, бирөөмдү ал,
Акылдуу болсоң, билип ал,
Кызыл куйрук пилимди ал,
Тулпар тандап малымды ал,
Жоголгон көк жал табылса,
Карадөө сендей балага,
Айдай жеңең Айчүрөк
Азыр болсун садага!
Сарып кылам канымды,
Айткан кебиң чын болсо,
Курман кылам жанымды,
Берекелүү белимди,
Кез келтирсең шеримди,
Айланайын Карадөө
Гүлдөтөсүң багымды».
Деп, Айчүрөк жеңеңиз
Токтоно албай толукшуп,
Кубанып ичи күл болуп,
Сүйүнчүгө бак толуп,
Көңүл толкуп, шат болуп,
Көрсөң мындай Айчүрөк
Кымбат баа кырмызы
Таңып-таңып бүктөттү,
Сүйүнчүгө жүктөттү.
Бекитилүү казына
Балталап оозун ачтырды,
Арбын дүйнө, түмөн мал
Сарып кылып чачтырды
Аппак алтын, ак дилде,
Карып, мискин, дубана,
Жетпегенге бердирип.
Толкунун тоодой чар кылып,
Улуу журтка даңк кылып,
Зарланганы билинип,
Зарлоо кылып сүйүнүп,
Карадөөдөн кеп угуп,
Семетей тирүү деп угуп,
Эбегейи эзилип,
Эт жүрөгү сүйүнүп,
Эрте сөзү кеч болуп,
Семетей көрүп өлүүгө
Куса болуп Айчүрөк
Куп сүйүнүп турду эле.
Шай колдогон Күлчоро
Телегейи тең эле,
Жаралган адам уулунан
Артыла тууган неме эле.
Жайнаган кызыл чок эле,
Ай ааламда жок эле.
Эр Күлчоро берениң,
Бадана кийип балкылдап,
Баатыр тууган эр көк жал,
Көрсө, көңүл, бөлүнүп,
Көк зоңкоктой көрүнүп,
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Ааламдан чыкпайт мындай эр.
Эр Күлчоро абаңыз,

Баатыр Сейтек балаңыз,
Баары дүрбөп келди эле,
Аргын, кыргыз — баарысы,
Каныкей, Бакай карысы,
Кыжылдап журттун баарысы,
Кыйла акылман карысы,
Акылга дыйкан эрээни,
Калбай калкы чогулуп,
Карасаң, кызык ушундай!
Асман жарган дуу кылып,
Баабедин деп бакырып,
Баатыр тирүү экен деп,
Бирөөнү, бирөө чакырып,
Ай туякка ат айтып,
Калайык чуулап, чуркурап:
Ушу кебиң чын болсо,
Жер чарчысын чалалы,
Жеткилең жерге баралы.
Чындап жолун чалалы,
Ой дагы дүрбөп, тоо дагы
Жүгүргөндөй бололу,
Аргын, Манас, Кара кан,
Алмамбет, Чубак баатырлар
Тирилгендей бололу.
Ой чуркурап, тоо кыргыз
Жөнөгөндөй болобуз.
Кайран энем Каныкей
Кайра баштан Айкөлдү
Төрөгөндөй болобуз.
Кас душманга кайрадан
Туу болгондой көрүнөт
Кайрылса Семең, кыргызга
Туу болгондой көрүнөт.
Ырас аргын, кыргыздын
Ырысы кайнап толбойбу,
Ырыс күчөп, бак өсүп,
Азган эл кайра оңбойбу!
Ысыктан жанды алуучу,
Бааналуу чынар келбейби!
Баатыр тийсе бу колго.
Кайрадан кудай бербейби.
Күйүттүн баарын баспайбы,
Күн тамаша ашпайбы!
Күндүзү жыргал, түнү оюн
Күркүрөгөн кайран журт,
Таласты ээлеп жатпайбы!
Эриксе элик атышып,
Эрени Семең келгенде,
Эркин ойноп, журт чуулап,
Эрикпей ойноп жатпайбы!
Ай Карадөө, баатыр ай,
Каалап турдук бул башка,
Издеп чыккан жолу эле.
Кадыр түн өңдүү түн кайда!?
Өлүмдөн эсен бар болуп
Өлбөй тирүү ал болуп,
Каралды туйгун, Семетей
Келе турган күн кайда!?
Өлүмдөн аман көк жалды
Көрө турган күн кайда!?»—
Тилек кылып, сыр айтып,
Чууга кирди калайык.
Калайык баштап, жер чалып,
Кырга кирди Күлчоро,
Ок өтпөстү кийишти,
Жан жолдошу Карадөө,
Ок жетпес тулпар миништи.
Күлдүү бадам тон алып,
Күл азыктан мол алып,
Кайып болгон Семеңди



www.bizdin.kg



## КҮЛЧОРОНУН СЕМЕТЕЙГЕ ЖОЛУККАНЫ

Белеси чуңкур бел басып,
Бөксө адырмак жер басып,
Ат арытып, жер чалып,
Кулан кууп дем алып,
Оролмону сыдырып,
Оркойгон тоону кыдырып,
Күн кылкылдап батаарда
Күрдөлүү кайкаң, Беш-Мойнок,
Адыр-күдүр алты кыр,
Аябастан чалды эле,
Асты жагы чоң капка
Кыдырып кирип барды эле.
Анын бер жак жагында
Адырмактуу кайкаңдан,
Ача мойнок тайпаңдан,
Кайыпчынын Кара-Үңкүр,
Калың элге даана үңкүр,
Анын касиети бар үңкүр.
Олуя атам жердеген
Түз болгурду сурасаң,
Муну түбүнөн кайып ээлеген,
Ошо Кайыпчынын үңкүрү,
Жаңырыктын жар кыя
Жалгыз малдын чубама,
Ал үңкүр жайын сураба.
Кыясы кыйбат тар эле.
Кырка жагы аска таш,
Айланасы жар эле.
Белесте кысык ташынан,
Ач арстан жаргычтар,
Мекен кылган башынан,
Түбү терең, оозу жуук,
Үңкүр жайы мына бу.
Ошол үңкүр тар кыя
Күлчоро тосуп калды эле.
Мура болгон Карадөө
Мурунтан кароол салды эле
Кароол салып караса,
Жоголгон шерди кааласа,
Жүрчү жерди караса,
Көрсө көңүл бөлүнүп.
Ала аскар тоодой көрүнүп,
Нардай болгон Буурулду
Алчактата бастырып,
Акшумкарды жулкунтуп,
Кыяны чалып төтөлөп,
Кынжылалуу тайганын
Асемдикке жетелеп,
Чалкайып абаң баратса,
Айбат айтып көк жалга,
Азуулу жолборс жолобой,
Адамдан мындай болобу, ой!
Тогуз дайра бириксе,
Шар жериндей көрүнүп,
Токсон тоонун урунуш
Туу белиндей көрүнүп,
Ак-Үңкүрдү бет алып,
Кетип барат бөлүнүп.
Муну көргөн Карадөө
Астындагы Кертелки
Коёндой жону түзөлүп,
Араандай оозу ачылып,
Чүрүшүп калган туягы
Чоң казандай жазылып,
Кан шүшүүндүү ак көбүк
Омуроого чачылып,
Куюндай топо басылып,
Арыш керип шашты эле,

Астында тогуз мойнокту
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Чын оргутуп басты эле
Көз байланып, жер көчүп,
Көрсөң, далай белди өтүп,
Тозоттогу чорого
Токтолбой жетип калды эле.
«Эрчип жүрүп эр кылган,
Эр уулу менен тең кылган,
Эрениң абаң келатат,
Астында келсе — ак жолтой,
Аркага салса, сан колдой,
Шериң абаң келатат!
Капа болуп ыйлаба,
Кабарга келдим, кыйланба.
Сөзүмө кулак салыңыз,
Сөөдүр дебей кебимди,
Баатыр, абаңды кармап алыңыз?!»—
Карадөө мындай дегенде,
Күлчородой эрендин
Эт жүрөгү эзилди.
Көрө албай көзү, кеч болду,
Абасы эрди көрүүгө
Эки көзү төрт болду
Кылкүрөң оозун бурду эми,
Кыяны карап турду эми.
Кыячаны караса,
Калк аманын кааласа,
Ачылып кабак бөлүнөт,
Абасы Семең көрүнөт,
Мууну бошоп, буркурап,
Асыл чоро байкушум,
Алы кетти зыркырап,
Абаңдын жайы ушундай:
Карааңданып шаштырып,
Онжоңдотуп Буурулун
Алчаңдата бастырып,
Өлдүбү десе, тирүү экен,
Өлбөй тирүү жүрү экен,
Ээн калган Буурулун
Ээлендирип, булкунтуп,
Колундагы Акшумкар
Ээси өлгөндөй жулкунтуп,
Касаба колдо балкылдап,
Атышка керек келтеси
Айдалыда жаркылдап,
Себили сексен төрт болуп,
Серп алган жагы өрт болуп,
Каргылаган Актайган
Азыр жара тартчудай,
Арт жагынан кыңшылап,
Артында ээрчип алыптыр.
Колдогону сур жолборс,
Бу кокуй өңдүү жан болбос,
Берен жайы ушундай
Келип калган кези экен.
Тилегенин бир кудай
Берип салган кези экен.
Телегейи тең эле
Атасы Манас айкөлдөн
Артыла туулган шер эле.
Түнөп өткөн жерине,
Түптүү чынар орногон,
Түбүнөн кыдыр колдогон,
Басып өткөн жерине,
Бакчалуу мазар орногон,
Башынан кыдыр колдогон,
Боо басташкан душман оңбогом-
Өлдү десе, тирүү экен,
Өлбөгөндүн бири экен,
Чынардын кара көзү экен,
Чын көк жалдын өзү экен,
Бошоң эмес, чың экен,
Карадөөнүн айтканы
Өтүрүк эмес чын экен».
Деп, ошентип, Күлчоро
Каралды. шерди көргөндө,
Кабырга сөөгү бөлүндү,
Атасын көргөн баладай,
Көзүнөн жашы төгүлдү.
Чыдай албай чыркырап,
Каралды тоодой абам деп,
Күлчоро ыйлап турганда,
Калдайган кара тоо ыйлап,
Капчыгай кулап, зоо ыйлап
Карадөө баштап эр ыйлап
Ыйлаган жандар макулук
Өз кайгысын жеп ыйлап,
Кылкүрөңү жорголоп,
Ал Карадөө байкуштун,
Кыйла сөзү тың чыкты,
Семетей шерди көргөнү,
Жалган эмес, чын чыкты-

Кайыпчынын Кара-Үңкүр,
Жолун тоскон Күлчоро.
Алгыр куштай камынды,
«Абакелеп» жалынды.
Нардай болгон Буурулду
Суулуктан кармап турду эми
Жибербей оозун бурду эми.
«Абакелеп» жалынып,
Күйүп турду Күлчоро.
Бул Семетей абаңыз,
Зың-зың этип кенебейт,
Боздоп турган чорону
Бучкагына теңебейт.
Оозунан талдап кеп чыкпайт,
Өкүрүк салса, сөз укпайт,
Тирүү десе, өлүктөй
Өлү десе тириктей.
Төрөсү менен чоронун
Ымыласы бирикпей ,
Кашатка чопо жошулбай,
Кайнаса каны кошулбай,
Ак дидаарын көргөн жок,
Артык айтса Күлчоро
Амандык сөзгө келген жок.
Былк деп жооп берген жок,
Мыктуу эрди көргөн жок
Жабыркатып, күч кылат,
Жандоо менен иш кылат,
Кулагы керең, тили жок,
Азгырылган кайран эр,
Күлчорого тутулуп,
Үңкүрдө турган ошо шер,
Эр Күлчоро баатырдын
Умачтай көзү ачылып,
Абаке деп бакылдап,
Абийирдүү тууган эрендин
Айдай бети жаркылдап,
Азыр да кайып качууга,
Семетей турду чегинип,
Карадөө менен Күлчоро,
Кетирбей кармап экөөлөп,
Күлчоро туруп муну ойлойт:
«Мурунтадан кан абам,
Эл башкарып, журт күткөн,
Улук болгон экен го
Азыр бүгүн шер абам,
Кеп сүйлөбөй, тил айтпай,
Дудук болгон экен го».
Күлчоро турду күйүнүп,
Айтканым туура келди деп,
Айкөлду кудай берди деп,
Карадөө турат сүйүнүп,
Күлчоро турат сабылып,
Анда-мында коңгурап,
Баана кылган береги
Бабасына жалынып
Абасы турат кенебей,
Алардын айткан сөздөрүн
Бучкагына теңебей.
Акырын сүйлөп, бек таштайт.
Шер Күлчоро кургуруң
Эми абасына кеп баштайт:
«Баатыр, жетим болдуң атадан
Жетим калып жетилдиң,
Жергеге эптеп кошулдуң,
Он экиге келгенде,
Күйүп турган чок болдуң,
Жайнаган кызыл от болдуң,
Өзөңдүүнү майладың,
Өчөшүнө тийгенде,
Жакып канды жайладың!
Көбөштү көргө киргиздиң
Көк жалдыгың билгиздиң,
Сары кайкан бел жердеп
Сандаган калың элди ээлеп,
Белиме таңуу болор деп,
Балапан кезде жетелеп,
Эркелеттиң өзүмдү,
Эки кылбай сөзүмдү,
Жая кесип жедирдиң,
Энекемдин эмчегин
Тең бөлдүрүп эмиздиң,
Бирге кылдың сөзүмдү,
Эки тизгин, бир чылбыр,
Өз колума бергиздиң ..
Келген жоону сүрөрдө,
Ата конуш Таласта
Султан болуп жүрөрдө
Калың каздың орумду
Кайнаттың минтип шорумду!
Байлаттың боштон колумду
Эздирдиң кара боорумду,
Тилдирдиң кайыш соорумду,

Кокуй, ата айыңдан —
Эмнеге сабылдым,
Эчен шорго малындым!
Мүйүз сынып, баш калып,
Токол болуп курудум,
Жал-куйруктан айрылып,
Сопол болуп курудум.
Эки колдон айрылып,
Кокуй болдум бир кезек,
Эки көздөн айрылып,
Сокур болдум бир кезек,
Кезек кетип кем болдум,
Кемирейген кем болдум!
Он эки куйрук, кырк чалгын,
Омуроом окко алдырдым,
Опсуз мүшкүл чоң кордук,
Ойлоп башка салдырдым.
Атактуу Кеңтөр, Канжайлак,
Үргүлүү марал, Күмүш так,
Кашаты Беш-Таш, Капка-Таш,
Жерди каран таштадың,
Каралды кыргыз, көп аргын
Элди каран таштадың.
Чынарлуу терек улукман
Мөмөнү каран таштадың!
Беш аркар жылдыз баткыча,
Беш кайрылып эмизген,
Тар курсагын кеңитип,
Таш эмчекти бошоткон
Энеңди каран таштадың.
Атакеңдин сырдашы
Асыл Бакай курдашы,
Караңгыда мубайрек
Бабаңды каран таштадың.
Жылгындуу Кең-кол, кең Талас
Айлыңды каран таштадың,
Айдай катын Айчүрөк
Зайбыңды каран таштадың.
Адырың аркар, Түз-Кулан
Жериңди каран таштадың.
Артына салса ак жолтой
Атышка салса сан колдой,
Мени каран таштадың,
Баатыр жалынсам, укпай сөзүмдү,
Жаман кылдың өзүмдү.
Тирүү десем санда жок,
Өлдү десем санда жок,
Көзүмө неге көрүндүң?
Бергендигиң билгиздиң,
Түтүнү жок, жалын жок,
Туталантып күйгүздүң.
Кебиң ширин, сөзүң бал
Кейитпей, аба угуп ал!
Күбүбө жүрөк, тишимди,
Күйгүзбө минтип ичимди,
Кайнатып, өрттөп чок кылба,
Каралды калган кишиңди!
Жобоп жүрдүм бир топ жыл,
Жоголгон жогум табылса,
Жоюлбай кантип турайын,
Жолборсум абам кабылса.
Кымбат абам кеп башта,
Улуктукту сен ташта!
Көңүл капа бөлөмүн,
Тирүү турбай кайран жан,
Колума азыр өлөмүн!»
Мына ошондо Күлчоро,
Коё бербей кагышып,
Абасы шерге жабышып,
Айландыра кеп баштап,
Теңизиңди карабай,
Теги жанды аябай,
Кызырлуу шерди карабай,
Көп мүшкүл тарткан кайран шер,
Кылча жанын аябай.
Не, сүйлөбөй турат деп:
«Кемип кеттим бул үчүн,
Кенебейт го мен үчүн.
Кулдукка кеттим бул үчүн,
Куп кейибейт мен үчүн.
Өткөрдүм кымбат жашымды,
Токмок кылдым башымды,
Төгүлттүм далай алымды,
Казык кылдым каруумду,
Кашыкча куйдум канымды
Бу кара ниет канкорго,
Казыр курман кылайын,
Чымындай алтын жанымды.
Ички сырын сурайын,
Ички сырын айтпаса,
Тирүү жүрүп бул жайда,
Жана эмне кылайын».
Деп, ошентип Күлчоро
Коё бербейт Семеңди,

Кантип коё берчү эле,
Карааны тоодой төрөңдү.
Кармап оозун бурду эле,
Каарланып Күлчоро
Катуу сүйлөп турду эле.
Катуу сүйлөп турганда,
Акырын айтып, кобурап,
Ошо кезде Семетей
Сүйлөп турду жобурап:
«О, ботом, боолголойм үнүңдү
Күлчоронун өзүсүң.
Кечээ ак күмбөз тайып барганда
Жаак алдынан, жаак чыгып,
Канчоро чочко жат чыгып,
Тил алдынан тил чыгып,
Кылычын кынай таптанып,
Туш-тушунан жоо чыгып,
Кара жылкы дулдулу
Кайып сурдун кулуну,
Олжого келген оюлгур,
Толтойдон түшкөн союлгур,
Суркоён жүрбөй калганда,
Калың кара жедигер,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй бөлөк ок атып,
Жоо чуркурап келгенде,
Бир жеримде тагым жок,
Тайбуурулдан айрылган,
Төрө бабаңдын багы жок,
Көкүлү менен кулагын,
Кошо кармап алгамын,
Атакем Манас жолуна
Арнап туруп чалгамын.
Ачып көздү жумганча,
Айта-буйта дегиче,
Колоттон булут табылып,
Тоо-тоонун башынан
Кара булут жабылып,
Чөп силкинип, кыбырлап,
Асмандан алты сай мөндүр шыбыргак
Арыктын баарын тыгындап,
Аленгир жаап, түн түшүп,
Так ошентип турганда
Ургаачыдан уз көрдүм:
Оймок ооз, бото көз
Ойдологон эң сонун
Кырмызы көйнөк, кыпча бел
Кыйгачтаган жал-жал көз
Кыйын сулуу кыз көрдүм.
Жаасын окуп жайлаган,
Адамды жолдон алдаган,
Жалаң мындай уз көрдүм.
Бузуп ийди канымды,
Жаралган адам уулунан
Ажыратты алымды.
Көргүс кылды көзүмдү,
Ушунтип бурду өзүмдү.
Кулагымды кер кылды.
Зыйкырчыдан сексен кыз
Күнүгө үч жол жандады,
Чыгарып жолдон алдады,
Адамдык түрүм калбады..
Көрсөң, дүмөк ушундай,
Артык мени азгырды.
Айчүрөк катын сиңдиси
Өткөрө сулуу Көкмончок
Бек азгырды өзүмдү.
Кайып кылып колума
Тийгизди Буурул атымды.
Такалады айзамды
Шыйкырлуудан кутулуп,
Кыйырлуу журтка жеткиче,
Таба албадым айламды.
Байлады Буурул тулпарды,
Жазгыртып элге жолотпой
Колума берди шумкарды.
Капага көңүл бурамын,
Кантээр айлам табалбай,
Кармалууда турамын.
Кишени жок, тору жок,
Байланууда турамын.
Кишиликте саным жок
Азгырууда турамын.
Ар жуманын күнүндө
Сейилдикке чыгамын,
Көргөн шумдук ишим бар,
Жаралган адам уулуна
Кошулууга болдум зар,
Көкмончок өңдүү зайбым бар,
Өлдүм десем көрдө жок,
Тирүү болуп элде жок,
Ушундай болду дүйнө шок.
Ич өрттөнүп, боорум чок,
Сыр билүүгө бир жан жок.

Күлчоро аман болсо деп,
Жараткандан көөнүм ток,
Эки колум байлоодо,
Эки көзүм жайноодо,
Ушундай болдум дүйнө шок.
Ээй, бейтаалай балдар, эл кайда,
Элге жетер күн кайда?
Ырдап айтам ырымды.
Ыймандай айтам сырымды.
Атакемдин сырдашы,
Арстан Бакай курдашы
Бабам эсен бар бекен?
Көзү көргөн даанышман,
Көбүрөөк чыккан жарыштан
Эл эскирткен карыя,
Акылы терең олуя,
Баатырлыгы башкача,
Калк карысы бабамдын
Кисесинде дары бар,
Кишиден бөлөк баары бар.
Эбеп деген бир дары
Эсил Бакай колунда,
Ооруган жерди басчу эле.
Себеп деген бир дары
Умачтай көздү аччу эле.
Жердин үстүн чалдырган
Желмаянды мингизип,
Жекей бозду кийгизип,
Каканчындан алдырган,
Дарыларын алып кел,
Бул азгырык — дубадан
Кутулар алым бар бекен?
Беш аркар жылдыз батканча
Беш айланып эмизген
Баатырлыгы башкача
Кечээ атамдан жетим калганда
Ай далыга мингизип,
Кара кан качып жүргүзүп,
Талаалап качып, тентиреп,
Таман эти мөлтүрөп,
Кайран энем Каныкей
Карыя энем бар бекен?
Ошол энем бар болсо,
Эмчек ээмп уктасам,
Энекем шордуу жытынан
Күнү-түнү жыттасам,
Көз, кулагым ачылат,
Ооруган жерим басылат.
Жанымдан, азгырчу качып чачылат,
Айылдаш конуп, өзүңдү
Айбаты баатыр Күлчором
Анан угам сөзүңдү,
Анан көрөм көзүңдү,
Ак байбиче энемдин,
Эмчегинен эмейин.
Чын эмчегин маа берсе,
Сорсом жайнап, сүт чыкса,
Көрүнөмүн көзүңө
Айылдаш коном өзүңө.
Таңуу болом белиңе,
Кулак сал, чоро, кебиме.
Туу кармаган туу болом,
Душманыңа чуу болом.
Аныктап айтам өзүңө,
Каныкей энем бар болсо,
Арка болом өзүңө.
А, Каныкей жок болсо,
Белести чалып сүзүп кой,
Белгилүү абаң төрөдөн
Күдөрүңдү үзүп кой.
Конуш күтүп жер болбойм,
Энекем өтсө дүйнөдөн
Күлчоро сага эл болбойм».
Деп, кобурап зор Семең,
Бу кабарды кылганда
Кадимки мураа Карадөө:
«Бөксө менен желейин,
Айрылбастан бек кармап
Бээ саамына жеткирбей,
Энекем, Каныкей алып келейин»
Деп, ошентип Карадөө
Ашып-шашып бек айтып,
Кара жаак булдурсун,
Кармай калып имерди,
Нардан артык Бууданды
Такымга салып жиберди.
Жер чаңдатып, уратып,
Күрөң сай менен чуратып,
Таласка жетип келди эми.
Кымбат баа кийгизип,
Жылкы ичинде жел жетпес,
Жел жетпестин алдына
Желигип чурап мал жетпес.
Жел жетпести мингизип,

Каныкей, Бакай карыны
Калтырбай алып жүрдү эми.
Шамдагайы болжолсуз
Шакылдаган Карадөө
Баатыр да ошол, шер да ошол,
Баарыдан мыкты эр да ошол.
Сай тулпарга мингизип
Жайлап алган кези экен,
Көй каранды көйкөлтүп
Айдап алган кези экен:
«Айланайын энекем,
Каралды жалгыз табылды,
Абийириң азыр жабылды.
Кетилгениң бүтөлдү,
Кемигениң жетилди,
Катуу сөөгүң жашыды.
Арыганың семирди
Ачка курсак тоюнду,
Касташкан душман союлду.
Калбай жүргүн энем деп,
Каралды кылган мөмөм» деп,
А кабарды укканда,
Кайран энең долунун
Жүрөгү булкуп, көз тартып,
Өлүүчү энең сүйүнүп,
Аппак чачы суюлуп,
Семетейин көрүүгө,
Көрүп алып өлүүгө,
Кутпага мойнун буруугa,
Куураган жанды кыюуга
Эки көзү төрт болуп,
Жаадай учуп, дыркырап,
Кеткен экен Каныкей.
Астындагы Көкчолок,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Ошол Бакай зыргытып,
Көк жал шерге жетүүгө
Жетсе, Бакай, курган чал
Курман болуп кетүүгө,
Аманат жанды бөлүүгө,
Арстан Бакай шериңиз,
Ажалдан мурун өлүүгө,
Берен Бакай бабаңыз,
Айта-буйта дегиче
Ачып көздү жумгуча,
Калды барып кезигип,
Жоголгон Айкөл баатырга.
Чыңырып ыйлап Каныкей,
Чыркырады жете албай,
Чыркыраган себеби
Көз байлаган зыйкырчы —
Жадыгөйдөн өтө албай.
Какшап ыйлап сабылып,
Каныкей турат куурагыр˙,
Каралды жалгыз Семетей,
Семетейге жалынып;
«Боз ала туйгун болпонум,
Келтек чачым өргөнүм,
Кечигип жүрүп көргөнүм,
Тулпар өлсө туягым.
Текөөрү болот тынарым,
Туягы болот тулпарым,
Чалгыны болот шумкарым!» —
Деп, безилдеп Каныкей —
Энеси ыйлап турду эле.
Каңырыгы бурады
Эки беттен аккан жаш
Омуроо ылдый кулады.
Каныкей ыйлап турганда,
Кайың менен тал ыйлап,
Каралды көзгө көрүнүп,
Карган жандын баары ыйлап,
Чуркурады эл ыйлап,
Жаң каралды жээк ыйлап,
Кымбат ыйлап, шер ыйлап,
Кысталып канча эл ыйлап,
Кара көңүл шер ыйлап,
Ыйлагандын баарысы
Өз кайгысын жеп ыйлап.
Өткөн өксүз, муңдуу баш,
Түгөнбөгөн көздөн жаш.
Эне, бала кезигип
Бет алышып келген жер.
Бек жараткан кудурет,
Чыны менен берген жер.
Калдай жыйын, кол курап,
Ак сакалын жулкулап.
«Ай, жалгыз», деп буркурап,
Айкөл Бакай карыңыз,
Боздоп турат аныңыз.
Көйкөлүшүп чок болуп,
Көп өрттөнүп от болуп,
Баатыр Бакай бабаңыз,
Кутпага мойнун бурганы,


Курган жанды кыйганы,
Көп кордук көргөн карыя
Көздүн жашын тыйбады:
«Көйгашка элем арыдым,
Көк жал элем талыдым,
Көбүрөөк өрттөп жоготтум,
Көк жал жаштын жарымын,
Болот жашып, жез болдум,
Бороонго далай көз болдум.
Асылды аймап жеп болдум.
Куу сакал Бакай дедиртип,
Куу душманга кеп болдум.
Канатым карып, куйругум
Отоп-бутап жеп болдум.
Суу тийбесте мээ кайнап,
Чөп чыкпас какыр чөл болдум.
Куйрук-жалдан айрылган
Ошо чөлдөгү кулан мен болдум.
Өлбөй, житпей кайгырдым,
Каралды кылган Семетей
Кабылан сенден айрылдым.
Көзүм кандуу кал болдум,
Керегим кеткен жан болдум,
Керилген мыкты сал элем,
Кемирейген чал болдум»
Улукман Бакай муну айтып,
Боздоп турду өңгүрөп,
Какшап турду коңгурап,
Бакай оозун жыйгыча
Айдай катын Айчүрөк
Жете келип арт жактан
Күзгүдөй бети кашкайып
«Аташкан» — деп чыркырап,
Аябай ыйлап, буркурап,
Муңканып, муңдуу кезигип,
Буркурап ыйлап эзилип,
Тарак тийбес кара чач,
Талталынан бөлүнүп,
Бөдөнөдөй көзүнөн
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Карагаттай көзүнөн
Камчы бою жаш кетип,
О, көк жал ай, деп кебин баштады:
«Асылдыгың арттырдың,
Азаптуу мүшкүл балааны
Кайран башка тарттырдың.
Артык болот Зулпукор
Бөлөкбайга таптаттың,
Он үч жылы жоголуп,
Тоонун түбүн сактаттың.
Сандыргалуу көк жалым,
Менин, санаадан кетпейт арманым.
Сары оорудай саргайып,
Сан мүшкүл дарт кармадым.
Кый түгөттүң чарамды,
Сактап келдим аманат, —
Зор душмандын көзүнөн
Курсакта калган balaңды.
Ар ишти салып бул кылдың,
Аташкан айдай катынды
Ар кадырдаш акылды
Ушунча жылы тул кылдың.
Алган жарың Айчүрөк
Артыңда какшайт кара бет.
Ушундан ары долуну
Канжыгаңа чала кет!
Ар бир түрлүү көйнөгүм
Тартсам, жетпес мойнума,
Тарчылык салбай куу башка
Тарта кеткин койнуңа!»
Деп, ошентип, чыркырап,
Айчүрөк ыйлап буркурап,
Айтып оозун жыйгыча,
Бөлүнүп элдин санаасы,
Бөлүнүш мындай карачы.
Жете келди артынан
Баатырдын Сейтек баласы.
Ата жүзүн көрүүгө,
Эптүү сөзү кеч болуп.
Эки көзү төрт болуп,
Оттой күйүп чамынып,
Атасы Семең төрөгө
Жеткилең Сейтек жалынып:
«Калк аманын кааласа,
Артка калган Сейтеги
Семетейге караса,
Ачалбарс болот кын экен,
Калк чуркурап, обоздоп,
Эл чуу түшүп жүргөнү
Өтүрүк эмес, чын экен.
Атаны кудай албасын,
Атаны тирүү таанproblem,
Артка бала калбасын!
Ушул өңдүү кордукту

Жаратканы чын болсо,
Пендесине салбасын.
Көңүл капа убайга
Көк жал атам шеримди,
Көзүм көрдү бул сапар,
Арман кылбайм кудайга.
Кабылан да экен, шер да экен,
Кайран атам көк жалдын
Он эки мүчө тең экен.
Ала белдей зор атам
Тууганына туу болуп,
Душман көздөп беттесе,
Күйгөн өрттөй дуу болуп,
Ала-Тоонун чеби экен.
Атам көк жал кургурду
Кас санаган көй душман
Кайдан чыккан дээр экен.
Эстеген адам таң калган
Эл-журттуку эп экен.
Өлгөн сайын өрчүгөн,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түбүнөн бери күчөгөн,
Өкүм да экен, шер да экен.
Теңиз атам көк жал шер,
Телегейи тең экен.
Мени Семетей уулу кылганга
Арманым жок кудайга!» —
Деп, ошентип баласы,
Атасына кеп айтып,
Жолукканын карачы.
Бир кучактап алууга
Асман, жерди какшатып
Бир көрүшүп калууга
Оолукканын карачы.
Тиктеп уулун көрө албай,
Семетей туруп муну айтат:
«Мени азгырып байлаган,
Өткөрө сулуу Көкмончок
Айчүрөктүн сиңдиси.
Тороп-тосуп жолумду,
Дубалап байлап колумду,
Көп көргөздү сонунду.
Өлүк эмес, тирүүмүн,
Өлбөгөндүн биримин.
Көргөзбөй байлап көзүмдү,
Жадыгөйлөр биригип,
Алып кеткен өзүмдү.
Азгырылып өткөмүн,
Айрылып элден кеткемин.
Жердин түбү Желпиниш
Үч жыл мында болгомун,
Бу дүйнөлүк кызыкка
Эчен жолу тойгомун.
Медиянын чөлүндө,
Жан баспастын жээгинде,
Үч жыл анда болгомун.
Кайра тартып кайрылып,
Бере Кайыпчынын Кара-Үңкүр,
Келгенимди билемин.
Жан жолдошум сексен кыз,
Жолдоштошуп жүргөмүн.
Калк башкарып, эл күткөн
Улуктук калды менден да
Кулак укпай, көз көрбөй —
Убарамын бул жерде.
Кайран башым кан бекен
Бир мураага жетүүгө
Бурулуп элге кетүүгө,
Ордолуу шаар, олоң журт,
Кайрылып кайра барууга
Ини, бала, зайбымды,
Кайрылып таап алууга,
Эрте сөзүм кеч болду,
Эки көзүм төрт болду.
Чын Күлчоро сен болсоң
Кең көйнөктүн мыктуусу,
Ургаачынын ыктуусу,
Узун чачтын тазасы,
Ургаачынын пашаасы,
Жасалганга жарык күн,
Ургаачы бейиш — кадыр түн
Эсил энем Каныкей.
Өлбөй тирүү бар бекен?
Өлбөй тирүү бар болсо,
Энекем ылдам келсечи,
Кыбыланы баштанып,

Ач болотту жазданып,
Араандай оозум ачайын,
Оң эмчегин оңдосун,
Күл азыктан жедирсин,
Бооруна басып шордуу энем
Жаш баладай эмизсин.
Араандай оозум ачылса,

Аман болуп шордуу энем
Оозума ак эмчек сүтү чачылса,
Бул оорудан айрылам,
Анан элге кайрылам». —
Деп, ошентип, Семетей
Берен айтып турганда,
Дене бойдон күч чыкты,
Кайран эне долудан
Булактап ийип сүт чыкты.
Бере көр деп сабылып,
Калайык турду жалынып.
Ошол кезде Семетей
Чын энем жыты ушу деп,
Кулкулдата сорду эле,
Кумары канып болду эле.
Аңкаганы басылды,
Умачтай көзү ачылды.
Эмчегин ээмп болгондо,
Эң кумары толгондо,
Суусаганы басылды,
Бүткөн кулак ачылды.
Ойлосоң мындай көк жал шер
Ооруган жери басылды.
Кабагы жарык ачылды.
Көңүл сайлап бөлүндү,
Курбу-курдаш, жан-жоро
Чын көзүнө көрүндү.
Капанын баары чачылып,
Ай кабагы ачылып,
Ак буудайдын унундай
Жуурулушуп калышты.
Ак бөкөндүн кылындай
Суурулушуп калышты.
Ободогу жылдыздай
Жошулушуп калышты.
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Өрдөй конуп жер кылды.
Таласта кыргыз, аргынын
Кайра курап эл кылды.
Ордо күтүп, кан болуп,
Орунтуктуу шер болуп,
Баштагыдай Семетей
Эл башкарды дардайып.
Талаага курган там болду,
Санжыргалуу кан болду.
Асмандан жылдыз иригип,
Ата-бала Айкөл шер
Баары чогуу биригип
Касаба желек тоо толду.
Асман жарган чуу болду
Көк жалдын көк жалдыгы билинди,
Көңкү журттун баарысы
Көрсөң минтип сүйүндү.
Жылгындуу Кен-Кол, кең Талас
Конуп калды кайран эр.
Семетей кайра кошулуп.
Оңуп калды азган эл.
Бир-бирине кайран журт
Аска куштай талпынып,
Калың айыл ой тартып
Конуп жаткан күн болду.
Уруусун улук жан кылып.
Семетей уулу Сейтекке
Алтын таажы кийгизди,
Аргын, кыргыз бул журтту
Эр Сейтекке билгизди.
Муну мындай таштайлы,
Быяктан кабар баштайлы.





## КАРАДӨӨНҮН ӨЛҮМҮ

Жедигерге кан болгон
Жеткилең мыктуу Карадөө
Акыл менен журт күтүп,
Жай жарагын жайлатып,
Үкү аяктуу тулпардан
Кермеге кенен байлатып,
Азамат кылка боз балдар
Найзага даңгыл ыктуулар.
Кыйырга барчу мыктуулар,
Чыканактап уйку албай,
Чырым этип тынч албай,
Жатып жамбаш талдырбай,
Жан тынып уйку кандырбай,
Жер түгөнгөн тумшукту
Жеткилең баатыр Карадөө
Жети күн аны чалчу экен.
Ээрчиткени көп балбан,
Төбөдөн окус жоо келсе,
Төгөрөккө күч келер.
Чын сырдашып минетер,
Асман, көктү жер жарып,
Айлалуу басып, элди алып,
Өзөн суусун бурар деп,
Уюп жатсак ушунтип,
Дагы бир кудай урар деп,
Акыл ийлеп, ой ойлоп,
Ара тосуп, жер кайып,
Ал адырмак кыраңча
Белести көрүп жол чалып,
Ээрчиткени көп балбан,
Сары өзөндүү кайкаңда,
Тоо жоголуп, түз болгон,
Боз ала мойнок кечүү экен.
Артыла басып түшкөндө,
Эл көрбөс дайра дээр экен.
Эл көрбөстүн четинде
Эрөөлгө чыккан Карадөө
Түмөндүү чалгын жоо келсе,
Арстан атып, жолборс кууп,
Аюу, марал, бугу кууп,
Белге түшүп барды эле.
Жолуккан тирүү калбаган
Жерге түшүп барды эле.
Алмамбет, Чубак, эр Манас
Куланын кууп топтоткон,
Азуулуу зыян салар деп,
Атайы келген тукумдар,
Бир балаага чалынып,
Бир мүшкүлгө калар деп,
Ташын оюп шарт коюп,
«Барса келбес болсун» — деп,
Белгилүү шерлер ат койгон.
Ары карай бастырса,
Ат капталдан шор экен.
Кезиккен адам мерт болгон
Кудай урган жол экен.
Адыры аскар жар экен.
Ошо жердин ээси —
Желмогуз уулу Сарыбай
Өрттөнгөн чочко бар экен.
Сарыбай жайы ушундай
Кайгул чалып, аңгырап,
Ууга чыгып келчү экен.
Адам уулу билбеген
Чууга чыгып калчу экен.
Жер түгөнгөн Желпиниш
Шамалдуу жерде туулган,
Ааламга кылган чуулган,
Балакет жайы ушундай.
Аскери тоодой жөө болгон,
Ал Сарыбай капырың

Жүрөгүнөн чаң чыккан.
Добушунан жан чыккан,
Кабылганды кайсаган,
Кез болгонду кемирген.
Желмаян атын ойноткон,
Жетсе жанды сойлоткон,
Көзү ачылган ороодой,
Мурду беде бородой.
Көз чылпагы муштумдай,
Көрсөң чочко ушундай,
Аңдыганы арстандай.
Карадөө тургай кутургур,
Кан Семетей, Күлчоро
Сейтек, кыргыз эл келсе,
Аргын каптап тең келсе,
А дегизбей баскандай.
Чалыша кетсе, кокустан
Эл чуркурап бөлүнүп,
Ажалдуу каны төгүлүп,
Кан кызарып, жан кетип,
Калайык кулап жаткандай,
Каарланса Сарыбай —
Доңузду кудай аткандай.
Желиксе жанды жыккандай,
Сарыбайды карасаң,
Жер астынан чыккандай.
Желдеттен жети сан келсе,
Желкеден кармап куушуруп,
Жерге чогуу тыккандай.
Жолоп адам баргысыз,
Жологон тирүү калгысыз,
Кезигип адам баргысыз,
Кез болгон тирүү калгысыз.
Саадактары кетмендей,
Сакалы типтик, көзү көк
Муруттары капырдын
Сарапты тешип өткүдөй.
Көрсөң түрү ушундай,
Бою узун чынардай,
Алп кезиксе кутургур,
Жутчудай такыр чыгарбай.
Жер түгөнгөн Желпиниш
Желмогуздан туулган,
Ааламга салган чуулган,
Ала-Тоону жердеген
Алышып адам жеңбеген,
Айкөл Манас шер чыгып,
Аккуласын ойнотуп,
Арстан чыкты деп угуп,
Көк аскар тоодой толуптур.
Угуп алып Сарыбай,
Эр Манастын журтуна
Көбүрөөк кастар коюптур.
Тукумун туздай куурсам деп,
Түптөп калган чынарын
Түбү менен суурсам деп,
Керегe-уугун кыйратып,
Керишкенин ыйлатып,
Болот найза сунсам деп,
Эренин жерге тыксам деп,
Өзөндүү элин бурсам деп,
Ал Манастын тукумун
Өрт өчкөндөй кылсам деп,
Жери Талас деп угуп,
Сыйкырчыдан кеп угуп,
Баарысынын баатыры
Семетей экен деп угуп,
Жадыгөйдөн кеп угуп,
Ал Манастын тукуму
Жабыркап кетти деп угуп,
Таласка талкан салууга,
Жалгыз кыл талын таштабай,
Айыл-айыл көп журтун
Талкалап кырып таштоого
Караргандан түнөрүп,
Кастарын тигип атайы
Калган экен Сарыбай
Чатагы кымбат бир далай.
Өрттөнгүрдүн өзү экен,
Бузуктун кара көзү экен.
Балбандыгы, эрдиги.
Башка чыгып озуптур,
Эл баспастын талаасын
Эчен жылы тосуптур.
Тоо арытып, жер чалып,
Көптү союп олжо алып,
Кызыл канга батыптыр.
Жин жыттанып, кан ичип,
Капырды кудай атыптыр.
Сарыбай жайын сурасаң,
Урушар жалгыз жан калбай.
Акнайза болот сыдырып,
Ай ааламды кыдырып,
Ашкан экен дүмөгү.

Манас шердин тукумун
Баатыр тегиз сойсом деп.
Ошондо экен тилеги.
Желмогуздун жатканы
Эл жүрбөстүн чөлү экен.
Токойду тосуп, пил кармап,
Жаралган адам уулунан
Бирин-серин тил кармап,
Суроодон каnып, кеп угуп,
Ал Манастын тукуму
Таласта болот деп угуп,
Каарлуу болот аштаптыр,
Кайран жанды Сарыбай
Кылга байлап таштаптыр.
Сууну тартып кудуктан,
Куланды кууп кысыктан,
Бука кийик, төө кийик,
Аюу, арстан, жолборстон,
Кабылган аман болбостон,
Канчасын кууп союптур,
Сойгонуна тоюптур.
Талпак сыйрып бүктөтүп,
Аң терисин кутургур
Асемдеп пилге жүктөтүп,
Көргөндүн башы маң болуп,
Сарыбай мындай жан болуп,
Төшү түктүү кайран жер
Төбөңдөн тийген чочкого
Калыңынан түтүптүр.
Жети күндө чочконун
Сунган буту тартылбай,
Жумган көзү ачылбай,
Коркураган өрттөнгүр,
Коңуругу басылбай,
Чыканактап, тынч алып,
Жети күн тынбай уйку алып,
Желдет менен кароолчу
Жерин кесип, жол чалып,
Желмогуз уулу Сарыбай
Жаткан экен дардайып,
Кутургур жайы момундай
Ала аскар тоодой көрүнүп,
Каарын төгүп, камынып
Калакай тонун жамынып,
Найза сайса, тешпеген,
Мылтык атса, өтпөгөн,
Шилтесе, кылыч кеспеген,
Чокко салса, күйбөгөн
Селге салса, акпаган,
Кутуруп алган бу чочко
Орго салса, батпаган,
Өрттөнгүрдүн өзү экен,
Балаанын кара көзү экен,
Чын жалаңкыч өзү экен,
Укташы алты күн болуп,
Уйкусунан турууга
Бир күн калган кези экен.
Кадимки балбан Карадөө
Кынсыз кылыч байланган,
Кайра бургак болчудай,
Каар бетине айланган.
Сарыбайды көргөндө
Анын арамза сырын билгенде,
Баатыр экен Карадөө
Беттешүүгө самады:
«Каралды кылган Бозбала
Камбыл чечен ыктуу элең,
Атка жеңил, тайга чак,
Алыска эптүү, жолго чак,
Жең учунда катын бар,
Эр Бозбала атың бар.
Шай колдогон абама айт,
Күлчоро менен Семетей
Каралды эки бабама айт!
Акылманга айт, карыга айт,
Калбай журттун баарына айт.
Ат бороюн сыдырган
Ай ааламдын баарысын
Учуп жүрүп кыдырган,
Беризаада Айчүрөк
Бек акылман жеңеме айт!
Бул Сарыбай капырдын
Кайрат, каары бөлүнбөйт,
Сыягы бузук жүзү заар,
Кыйындар тийсе колуна
Кылчаяр түрү көрүнбөйт.
Жеткилең чыккан шум экен,
Өзү Желмогуздун уулу экен.
Эр Сарыбай даңкы бар.
Ат арытып, жер чалып,
Жан кейитип, жер кезип,
Бейпилде жаткан тынч элге
Кастарын тиккен түрү бар.
Карасак мындай жини бар».


Деп, ошентип Карадөө
Кабар бергин шерге деп,
Семетей, Сейтек, Күлчоро
Бул өңдүү көк жал эрге деп,
Жекейбоз тон кийгизди,
Жел жетпести мингизди.
Акнайза кармап имерди,
Кең-Колдо көк жал төрөңө,
Бозбаланы жиберди.
Карадөө калды майданда,
Майданда калып Карадөө
Кынсыз кылыч салынды,
Кыямат кеткен шерлердин,
Кабылан Манас, эр Сыргак
Алмамбет менен эр Чубак
Арбагына жалынды.
Уңгусу болот Сырнайза
Жана сунуп камынды.
Алдындагы Кылкүрөң
Кара жаак булдурсун
Чапса кулак тундурсун.
Кармай калып имерди,
Каң дегизе Күрөңдү
Касага тартып жиберди.
Камчы жеген Кылкүрөң
Тулпар сыны көрүнүп,
Туяк тийген кара жер
Туш-тушунан бөлүнүп,
Булуттай учуп ыркырап,
Бурулуп тийген жерлери
Кемегедей быркырап,
Күндүрдүн бери бетинен,
Ээн талаанын четинен,
Баткалчанын оюнан,
Лоп дайранын боюнан,
Жаңгак жыгач добурак,
Жер соорусу сонундан,
Айбатпастын белинен,
Жан жүрбөс-түн жээгинен,
Айгай дүмөк чоң чатак,
Арт жакка белги чоң атак,
Карадөө менен Сарыбай
Калктан чыккан чоң балбан
Качырышып, найза алып,
Кайрандар салды чоң жаңжал.
Кыйкырып салган чоң дүрбөөн.
Найза имерип, жылдырып,
Кудай бетин көргөзбө,
Айгай кулак тундуруп,
Жеткилеңдер желигип,
Жеткенде найза сунушту,
Жети күн тынбай урушту.
Адам карап, жан көрбөйт,
Бул өңдүү жаңжал жумушту.
Алты күндөн, жети күн
Алыша албай турушту.
Адистик кылып бир бирин
Чалыша албай турушту.
Найза менен малышып.
Мушташса найза быркырап,
Тутам жери калышты.
Найзадан айла такыр жок,
Жааннамда жаралган
Сарыбай өңдүү капыр жок.
Кыйкырышып кымбаттар,
Кылычташып салышты.
Кылыч кыйрап, быркырап,
Кабы куру калышты.
Айбалталап салышып,
Сарыбай салып бек бузук,
Айбалта жайын сурасаң.
Көмүрүнө чыдабай.
Көп токойлор жоюлган.
Көөрүгүнө калганда.
Салык түшүп айылга,
Букачар торпок союлган.
Болот чаап мизин чыгарган,
Шилтесе, бу жан кубанган.
Тийген жери тим калбай,
Куйкаланып кетсин деп,
Куп ажалы жетсин деп.
Ажыдаардын уусуна
Алтымыш күндөп чылаган,
Кылдаткерге кердирген.
Кызматына миң нарды
Тартуусуна бердирген.
Мизи карыш калжайган,
Шилтеген жерден кан жайган.
Кыжырланып шилтесе,
Көк жашыл мизи кызарып,
Шилтеген сайын узарган,
Сабын салып толгогон.
Душманга чактап оңдогон
Карадөөнүн айбалта

Кармай калып имерди.
Ал Сарыбай капырды
Карсылдатып жиберди.
Айбалта сынып быркырап,
Бүтүп кетип баратат.
Чапкан сайын Сарыбай
Күчөп кетип баратат.
Жакасы алтын, жеңи жез,
Ок өтпөгөн бадана
Түптөп кетип баратат.
Баштагыдан миң эсе.
Ал кутурган Сарыбай
Күчөп кетип баратат.
Найзакерден ыктуу экен.
Айласы тегиз, заары күч,
Аябаган мыктуу экен.
Жолум үйдөй чоюн баш,
Каардуу чабат балбаны.
Анча-мынча адамдын
Чыгып кетчү далдалы
Түз урушпай турбады,
Чын сөөгүнөн кубат-күч
Эки колго жыйнады.
Бура тартып калганча,
Жаадай учуп Кылкүрөң
Булт деп качып алгыча,
Оңтойлонуп жарыктык
Оң колуна салгыча,
Жолум үйдөй чоюн баш
Жолуңа таш үйүлгүр,
Камындырбай тигини
Кара саат кутургур
Кармай калып имерди.
Как далынын кечирге
Кош колдоп тартып жиберди.
Мына ошондо Карадөө
Ичи-сырты чок болду,
Күрдөөлү чокмор тийгенде,
Сексен жаны болсо да,
Жалындап ичи өрт болду.
Дене бошоп, бөлүнүп,
Бу дүнүйө кызыталак
Акыр-такыр иш түшүп,
Кетүүчүдөй көрүнүп,
Коюлуп көзү сүзүлүп
Астындагы Кылкүрөң
Бели кетип үзүлүп,
Кайрылып учуп чыккысыз
Торго түштү Карадөө.
Желмогуз уулу Сарыбай
Өрттөнгүрдүн өзү ошол,
Тажалдын кара көзү ошол,
Карылуу балбан санаты.
Кабылганды жөн койбой,
Канын ичмей адаты.
Кутургурдун бузугу,
Кез болгонду кайсаган,
Түбүнөн берки кылыгы.
Куйкаланган кутургур
Адамды тирүү кыларбы?
Кан агызып, баш кеспей,
Каардуу чочко тынарбы?
Араң турган Карадөө.
Аттан түшүп, калган жөө.
Чокмор тийип кайгырган,
Канатынан айрылган,
Төбөгө мүшкүл күн түшүп,
Көңүл көөдөн бөлүнгөн,
Көздүн жашы төгүлгөн.
Бул дүнүйө куу жалган
Акыр-такыр көрүнгөн.
Акыл чарчап, ал кетип.
Курч түгөнүп, кан кетип
Кургуруңдан ал кетип,
Көз коюлуп, сүзүлүп.
Көп керек жандан түңүлүп,
Колдо калды Карадөө,
Түшкөн жан кайтып чыга алгыс,
Ордо калды Карадөө.
Каруусу калың, заары күч,
Зордо калды Карадөө.
Ажыратып алуучу
Шай колдогон Күлчоро
Каралды кылган бели жок.
Айгайды арбын салуучу,
Өлүм — орток, жан бирге
Өткөрө көк жал эр Сейтек
Өкүм мындай бала жок.
Каруусу мыктуу баатырдан
Кутуларга чара жок.
Мындан качып кетер айла жок.
Каарланып, күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Көк болот кармап камынып,


www.bizdin.kg

Көк арстандай чамынып,
Каарланып, какайып,
Желмогуз уулу Сарыбай
Өрттөнүп көзү жайнады,
Кан ичмеси кармады.
Кезиккен жанды коёбу?
Ач буурадай алкынып
Азуусун анык кайрады.
Болот кылыч малды эми,
Карадөөнү куткарбай
Башын кесип алды эми.
Ичиндеги кара кан
Кочуштап жутуп алды эми.
Белгилүү белди сындырып,
Белеске жайлап беренди
Кароол карап Сарыбай
Күркүрөдү мактанып:
«Жер желпинип, таш көчүп,
Атагым уккан көп жандар,
Чымындай жандан түңүлсүн!
Атам Желмогуз айткан кеп эле.

Жер үстүнө Сарыбай —
Жеке өзүң болгун деди эле
Какайып каарым төгөйүн,
Кан Манас шердин элине
Кармаш кылып көрөйүн.
Чочоңдогон чоросун
Кабыргасын сөгөйүн,
Жергели уулу Сейтегин
Кармап канын төгөйүн.
Калкына каран салайын,
Катындарын, кыздарын
Олжолоп, талап алайын.
Алтын, күмүш зээр алып,
Ар дүйнөнү мол алып,
Олжолоп күлдүү тон алып,
Жаманын коюп, узду алып,
Жубанын таштап, кызды алып,
Ар олжону көп алып
Үптөй албай калайын.
Казына бузуп, мал алып,
Жүктөй албай калайын.
Кыргыз тургай, оолуксам
Кытай журтун чабайын.
Кыжырыма катылса,
Кызылбаш талап алайын.
Бир жаралган эр болуп,
Ашкан экен таалайым.
Күчөтөйүн бул ишти.
Күүлөнтөйүн урушту.
Ашырайын атакты.
Арбытайын чатакты!»
Деп, күркүрөп, Сарыбай
Желмаянын байлатып.
Баглан тамак, сүт бото,
Төөдөн төрттөн кайнатып,
Аш тамагын ал капыр
Баркырата кайнатып.
Талыкпастан ой кылып,
Төөдөн союп той кылып,
Дөө, алп, төрө чогулуп,
Калың кызык башташып,
Дууга кирип алышты.
Айгай кулак тундурган
Чууга кирип алышты.
Желмогуз уулу Сарыбай
Дүмөк кылган кези экен.
Кабылганды жутсам деп
Тилек кылган кези экен.
Жедигерин баштаган,
Белдүү балбан Карадөө
Карадөөсүн сойдум деп,
Желигип минтип капырың,
Желмаянга, аттанып,
Жер айрылтып мактанып,
Жүрүп калган кези экен.



# Желмогуз уулу Сарыбайдын урушу



## ЖОО МЕНЕН БЕТТЕШҮҮ

Кең Таластын боюнда,
Жылгындуу Кең-Кол оюнда,
Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Төрөнүн тиккен багына
Барган экен Бозбала.
Дөбө-Мойнок, Капка-Таш,
Көтөрмөнүн жонунан
Каар салып, бакырып,
Калтырбай элди чакырып
«Айланайын, эр аба,
Караңгыда айдаса,
Кабылан сырдуу жойлодуң.
Ала-Тоону жердедиң,
Өнөрүң жанга бербедиң.
Таласты күтүп, жер кылдың.
Таласта кыргыз, аргынды
Эби менен эл кылдың.
Баатыр Сейтек, эр көк жал,
Иним мында турасың,
Шай колдогон Күлчоро,
Шерим мында турасын,
Жол кыйшыгын оңдогон.
Конуп өткөн жерине
Кородой мазар орногон,
Эрдиги журтка даң болгон,
Абам мында турасың.
Акылга дыйкан зор Бакай
Бабам мында турасың.
Эл жүрбөстүн чөлүнөн
Касаба туусу калкылдап,
Төөгө минип, найза алган.
Төбөңдөн тийгир кандай жан?
Желмогуз уулу Сарыбай
Жер майышкан чоң көрдүм.
Ажалдуулар тутулду,
Ажалы жоктор кутулду.
Шору калың тутулду,
Шору жоктор кутулду.
Ошо келген Сарыбай
Баатыр да экен, шер да экен,
Кармашкан тийсе колуна,
Кармап алып жээр экен.
Айбаты күйгөн чок экен,
Жумуру баштуу адамда
Каарлуу мындай жок экен.
Эл жүрбөстүн жээгинде,
Жан баспастын чөлүндө,
Жер бузулуп түз болот,
Найза сайса, күл болот
Каралды болуп бербесек,
Баатыр, Карадөөдөн айрылдык.
Каралды болгон беренге
Кагыш кыла баралы.
Өлүп калса Карадөө
Өлүшүп өчүн алалы.
Өлбөй калса кыраанга
Бир болушуп калалы
Азаптуу тозок-мүшкүлдөн
Ажыратып алалы!» —
Деп, Бозбала күүлөнүп,
Кабар айтып келгенде,
Баатыр Сейтек, Күлчоро
Жоо бөрүсү эрендер

Укканда, чыдап тура албай
Айбаттанып, коңгурап,
Аргын менен кыргыздан
Алды түмөн кол курап.
Асманга көчүп топурак,
Чын болот найза аштады.
Чын кайраттан бир күндө
Каңтарылган кара жер
Кулап кете таштады.
Мына ошондо Күлчоро
Ок өтпөстү жамынды,
Каарланып камынды:
«Күндүзү эмес түнү го,
Каапырдын каардуу жини го.
Кастарын тигип атайы
Куйкаланган кутургур,
Куп издеп келген күнү го.
Уламадан сурасам,
Бузук жоо дешет Сарыбай.
Кутурма тийген акмакка
Калкты кантип берели?
Жолун тосуп көрөлү,
Куп ажал жетсе, өлөлү!
Мылтык атып, жаа тартып
Кыйырды сактап келели»!
Бу көк жал туулган Күлчоро
Ашып-шашып токтобой,
Ок өтпөс тонун кийинди,
Жай жарагын жайланып,
Жаланган кылыч байланды.
Кайра туман түшчүдөй,
Каар бетине айланды.
Калайык каны Сейтекти
Жолдоштукка чакырды.
Алсыздын баары күйүнүп,
Эрендердин баарысы
Ок өтпөс тонду кийинип,
Кыяптуу болот байланып,
Жай жарагын жайланып,
Уңгусу болот найзаны,
Көкөлөтүп колго алып.
Кара болот Зулпукор,
Кол-колунда жаркылдап,
Күндүз жүрбөй, түн катып,
Айкырык салып, чуу тартып,
Аскер камдап, кол алып,
Колдун баарын чогуу алып,
Жер силкинип туу болуп,
Кулак тунган чуу болуп,
Ай ааламды шаштырып,
Астындагы Буурулду
Алчаңдата бастырып,
Эр кайраты таш жарып,
Эр сүрөөнү баш жарып,
Касабасы калкылдап,
Жер айрылып тоо болуп,
Кайраттуулар даңкылдап,
Жазбай аткан мергенди,
Найзакердин ыктууну,
Айбалта чапчуу мыктууну,
Жоо бөрүсү эренди,
Жоонун айласын билчүү беренди,
Жабылта жолго салды эле.
Дүркүн-дүркүн бөгүлүп,
Бир адамдын керт башы,
Миң кишидей көрүнүп,
Ок өтпөс тон кийишип,
Ок жетпеген тулпардан
Ошондон каалап минишип,
Найза каалап, ашташып,
Аманат жанды кыраандар
Кылга байлап ташташып,
Очогор сунуп бор атып,
Очогор үнү буркурап,
Жоого аттанган түмөн кол,
Кан Манас деп чуркурап,
Эрендери жол баштап,
Жез най үнү бакылдап,
Кериней үнү такылдап,
Чымчык учпас кең сайдан
Чыңыроон тартып жез найдан,
Добулбас кулак тундуруп,
Эренден кайрат төгүлүп.
Баатырлары, шерлери
Кыраандар да бөлүнүп,
Кылкылдаган жан болуп,
Туу түбүнө Семетей,
Туурасында Күлчоро,
Асман көмгөн чаң болуп,
Кол баштаган эр Сейтек,
Козголбогон кара көк,
Башындагы кийгени —
Кошомолуу жекей кыргыз бөрк.
Кыргак темир сырнайза

Жер жарылткан баатырга,
Сарыбай уулу капырга,
Казатты катуу салууга,
Кыйырлуу журтка сын кылып,
Жанды байлап эл үчүн,
Каза жетсе, өлүүгө,
Каарлуу балбан Сарыбай
Кармаш кылып көрүүгө,
Көй душманды өңүүгө,
Ою жүрөт Сейтектин
Эсен болсо Карадөө,
Ажыратып алууда.
Кол алдында өр Сейтек,
Ач айкырык таш жарып,
Катуу кайрат баш жарып,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көк аскадай көрүнүп,
Кирпиги жалын чок болуп,
Каары болот ок болуп,
Кагышаар жоосун көргөндө
Кантип турсун токтолуп.
Атасынын баласын
Колдогонун карачы!
Кара чаар кабылан
Казыр жара тартчуудай
Капталында чамынып,
Кара жалдуу арстан
Казыр илип чалчуудай,
Жан-жанында камынып.
Алды жакта сур жолборс,
Аңдаса мындай жан болбос,
Алп кара куш — зымурук —
Бутун салып арбайып,
Азыр эңип кетчүүдөй.
Кыркасында кырк жолборс,
Кыйладан мындай жан болбос.
Бет алганы өрт болуп,
Пейли кызыл чок болуп,
Каралуу душман келген соң,
Атанын уулу кыраанын
Кантип турсун токтолуп.
Кезеңдин белин ашчуу эле,
Эл жүрбөстүн талаасын —
Эңкейип барып басты эле.
Кол чуркурап. эл конду,
Кезек коюп, тай сойду.
Сай буудандын баарысын
Кермеге аса байлады.
Жатып жамбаш талдырды,
Жантайып уйку кандырды.
Кол ушунтип турганда,
Көл дайрадай жер толкуп,
Эл ушунтип турганда,
Тан агарып сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Таң алдында муздак жел
Өзөн ылдый урганда,
Камыштын башы зыркырап,
Балапан торгой чуркурап,
Макулук, айбан ойгонуп,
Асмандан жылдыз бириндеп,
Кыбыла көздөй дирилдеп,
Таң кашкайып ачылып,
Жер күүгүмү басылып,
Жел аргы согуп, жел болуп,
Жер көрүндү эл толуп.
Каракчы кыраан бөлүнүп,
Дүнүйө жүзү көрүнүп,
Кош-колоңду жыйганда:
«Көрүнөө кымбат кайран жан
Аябастан кармашып,
Желмогуз уулу Сарыбайдан,
Кыйрыбызды коргойлу!»—
Деп, Күлчоро муну айтып,
Көп колдон чыгып бөлүндү.
Кылкүрөң менен чуратып,
Жер киндигин уратып,
Сарыбай деген капырга,
Жеке чыкты Күлчоро,
Кызы талак кылкүрөң,
Көрүнгөн жерде көрүндү,
Көрүнбөгөн өзөндө
Көк түтүндөй бөлүндү.
Те, каптаган жоонун алдында,
Каары катуу Сарыбайга
Куп болоттуу найза алып,
Берен экен Күлчоро
Тартынбай жетип барганда
Айтып турду мындай деп:
«Желмогуздун уулу нак,
Эр Сарыбай сен болсоң,
Эр Күлчоро мен болом,
Баатыр адам кем болбойт,
Алды-кийнин ойлогон.

Анык баатыр сен болсоң,
Сөз сурадым жообун бер!
Каарланып чыр салып,
Не желиктиң, мынчалык?
Алаңды ала качпасак,
Казынаңды чачпасак,
Казатташып чуу кылып,
Калың элиң баспасак?
Неге жаңжал кыласың,
Өзөнүңө бээ байлап,
Калкыңа баса кондукпу?
Сен карарып тургудай,
Айлыңды кырып, сордукпу?
Кулжуңдап чатак салгыдай,
Элиңди кырып койдукпу?
Казат баштап урушсак,
Калк кырылып, эр өлөр,
Жаңжал кандай, чыр кандай?
Жай сүйлөп, баатыр жообун бер!»—
Деп, ошентип, Күлчоро
Кылкүрөң оозун бурганда,
Урушпайлы баатыр деп,
Жөнүн сурап турганда,
Сарыбай — дөө муну айтат,
Көрсөң мүшкүл шумду айтат:
«Тукумуң туура кырбасам,
Билген чырым кылбасам.
Сарыбай болбой өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн!
Баатырдырмын, шердирмин,
Сарыбай балбан мендирмин!
Кагыштын кара көзүмүн,
Кезиккенди кемирген,
Кара тажаал өзүмүн!»—
Деп, ошентип, Сарыбай
Оозунан жалын өрт күйүп,
Тоодой чокмор колго алып,
Желмаян санга бир салып,
Кысыкты бузуп, жол салып,
Күлчорого кол салып,
Каарланып турду эле,
Чыңыроон үндүү жез найды
Айбалта менен урду эле.
Жер дүңгүрөп тоо көчүп,
Уккан жанды жүдөтүп,
Сарыбай турду минетип.
Жазайыл атып, жаа тартып,
Жан аябай Сарыбай
Кайра сөгүп, ок төгүп,
Катуу күчкө салды эле.
Каарланып чамынып,
Жолум үйдөй чоюн баш
Жана колго алды эле.
Чоюн баш менен салды эле.
Араан ооз Сыржебе,
Ала коюп жүздү атып,
Сарыбай кайрат кылды эле.
Заманады тарытып,
Кутургур минтип турду эле.
Кылкүрөңгө камчы уруп,
Жоого ылайык ыктуу кул,
Жоонун айласын билчүү мыктуу кул,
Жолумдуу тууган Күлчоро
Зың-зың этип кенебейт,
Сарыбайдын чабышын
Бучкагына теңебейт.
Кыйшаң уруп кылт этпей,
Ата шай колдогон кургуруң
Шайман чарчап былк этпей,
Тулпар оозун бурду эле,
Өлөр жерин өлчөлөп
Өткөрө камбыл эр чоро
Сарыбайдай дөөгө
Жетип найза урду эле.
Таш муштаган эмедей
Кадырман жанга күч келип,
Болоттугу билинди
Сынып кетпей Сырнайза
Түпкүч болуп ийилди.
Алмамбет уулу кургурдун
Шер экени билинди.
Артык камбыл, ак жолтой,
Кайраты болот коргондой,
Каарды чоро баштады,
Эки өңүрү калдактап,
Желмаяндан Сарыбай,
Кулап кете жаздады.
Желмаяны сандалып,
Сарыбай турду ошондо,
Күлчорого таң калып:
«Мен Сарыбай болгону
Сарыбай атка конгону,
Мен баспаган чөл калбай,
Мен көрбөгөн эл калбай,

Кыдырдым эле кыйланы,
Жеңип алып мынчаны,
Чуркуратып жандарды,
Баатырсынган, дөөсүнгөн,
Жер үстүндө ээсинген,
Сойдум мынча балбанды.
Кыйладан мындай көрбөдүм,
Кыйын да экен, шер да экен». —
Деп, ошентип, Сарыбай
Күлчородой баатырдын
Эрдигин сынап алды эле.
Тоо салмагын салды эле.
Дөөнү кудай берсе деп,
Чымырканып Күлчоро
Найза тартпай туштады,
Ал Сарыбай капырды
Алтымыш сапар муштады.
Зыңгырады кенебей
Алтымыш найза сайганын
Бучкагына теңебей.
Арбайып айла тапты эле,
Күлчоронун найзасын
Орто белден чапты эле.
Орто белден быркырап,
Күлчоронун Сырнайза
Асманга чыкты чыркырап.
Ал Күлчоро көк жалдын
Жарагы бар, жары бар,
Көк жалда мынча каруу бар.
Жарагынын баары бар.
Камбыл тууган шер чоро
Алтын жаак айбалта
Билегинде чалылуу
Орой кармап калды эле.
Алтын жаак айбалта
Ал шамдагай эр чоро
Кошколдоп кармап имерди,
Ай дегиче Сарыбай,
Болот миздүү айбалта
Шай колдогон шер чоро
Кошколдоп тартып жиберди.
Кылкүрөң оозун бурду эле,
Кыраан карап турду эле.
Желмогуз уулу капырдын
Өлөргө оюу жок болду.
Башында болот калканы
Быркырап кыйрап чок болду.
Анык тажаал Сарыбай
Тоо томкоруп, көл соруп,
Токтолбой катуу иш кылды,
Кабылганды отоду,
Бузулуп кетпей кара жер
Калыңынан токтоду.
Адырдын баарын түз кылды,
Капыр экен Сарыбай
Каарланды күркүрөп,
Карап турган пенденин,
Тула бою дүркүрөп,
Берен экен Күлчоро
Жан аяшпай турушту.
Жадаалдашып урушту.
Агала майдан туу болуп,
Асман жарган чуу болуп,
Алыш кылып турду эле,
Чапкан сайын Сарыбай
Чагылгандай чартылдайт,
Кайраттанып карсылдайт.
Карала майдан туу кармап,
Ач бөрүдөй көз жайнап,
Белсөөлөнүп белсенип,
Найза урган Сарыбай
Ант ургур жайы момундай:
Күчөп чыгып баратат,
Ачып көздү жумгуча,
Андай-мындай дегиче,
Түргө салып баратат,
Адам аңдап тапкысыз
Жинге салып баратат,
Эрендерди, колдорду
Басып чыгып баратат.
Ойду, тоону томкоруп
Капырыңдын каардуу жин
Ашып чыгып баратат.
Сарыбай антип турганда,
Заман жаман тарылды,
Акыр-такыр чыр салды,
Ачууланып Сарыбай
Дөбөчөнү бир салды.
Чокморунан чок чыкты,
Дөбөчөдөн от чыкты.
Чоң салмагы жер өрттөп,
Чоголдугу элди өрттөп,
Чоң бүлүктү баштады,
Калк жанынан түңүлүп,

Кырылып кете таштады.
Күлчорого алкынып,
Куу болот найза сунуптур,
Жебеден мурун жетерде,
Шай колдогон эренди
Жетип сайып өтөрдө,
Көңүлгө батпай көп санаа,
Көп мүшкүл көрүп бечара,
Семетей уулу эр Сейтек
Кыраан да экен, шер да экен,
Баатырлыгы, шердиги
Озо чыккан чагы экен.
Ойдо көк жал абасын
Тосо чыккан кези экен.
«Көбү кеткен абама,
Көмүлгөн чочко жетер деп,
Каруусу кенен, заары күч,
Кокустан сайып өтөр деп,
Болушпай койсом бекер деп,
Абам Күлчоро көзү жумулса,
Өзөнгө тартып конорбуз,
Өрт өчкөндөй болорбуз.
Адырга бойлой конорбуз,
Ай баткандай болорбуз.
Жал, куйруктан айрылсак
Топол болуп каларбыз.
Мүйүз сынып, баш калса,
Токол болуп каларбыз.
Бирөө сынса мүйүздүн
Күчсүз болуп каларбыз.
Эмчектин бирөө кесилсе,
Сүтсүз болуп каларбыз.
Чаркым келсе Сарыбай
Чапчып канын төгөйүн.
Алышты арбын салайын,
Айласы толук абамды
Каарлуунун колунан
Ажыратып калайын».
Учтуу болот найзаны,
Мына ошондо эр Сейтек
Бурай кармап колго алып,
Он бөйрөктүн бети деп,
Омуртка сөөктүн тушу деп,
Чын өлөр жери ушу деп,
Желмогуз уулу капырды
Жетип муштап өттү эле,
Таш муштаган эмедей,
Болот найза бүктөлдү,
Болумдуу жанга күч келди,
Жолум үйдөй ак була
Сарыбайдын капталдан
Жорудай учуп буркурап,
Катуу тийген найзасы
Сексен бөлөк быркырап,
Баатырлардын, шерлердин
Чамасы бөлөк эрлердин
Жал-куйругу жайылды,
Катуу күч менен Телкызыл
Кар жиликке жеткенче
Кагып салган эмедей
Кара жерге сайылды.
Оңолуп Сейтек алгыча,
Каарланган Сарыбай дөө
Эр Сейтекке жулунуп,
Жетип чокмор чабарда,
Шай колдогон Күлчоро
«Бачагар» — деп, бакырып,
Баарыдан эптүү көк жалын,
Манастап ураан чакырып,
Камчы чапса Кылкүрөң
Тулпарлык сыны билинип,
Туягы урса кара жер,
Баскан жери быркырап,
Найза бою таш, даңкан,
Алачыктай чоронун,
Төбөсүндө чыркырап.
Таноосунан чыккан буу
Кол ыштыктай буркурап,
Жер түгөнүп закымдап
Сарыбайга жакындап
Шай колдогон шер чоро
Каарлууга жетти эле,
Ал Сарыбай капырды
Как жаакка муштап өттү эле.
Баатырсынган Сарыбай
Басар жолу байланды,
Эт бышымга айланды.
Эсин тегиз жыя албай,
Айкырып найза ура албай,
Эстен танып алсырап,
Сарыбай турду кансырап.
Күлүстөн тууган Күлчоро
Күңгүрөнүп күүлөндү
Эр Сейтекке сүйлөндү:

«Ботом, Желмогуз уулу баатырга
Жер өрттөнгөн капырга,
Ааламга жеке болууга,
Адам турмак жер үстүн
Жеке кайсап сорчуга,
Жетип найза урасың,
Ар качандан бир качан
Балалык кылып турасың.
Жыйырмага жашың жетелек
Бала убактың кете элек.
Болумдуу сөөгүң боло элек.
Он устукан, сексен сөөк
Толкуп ташып толо элек.
Бул өңдөнгөн чоң жоого,
Ботом, беттешер чагың боло элек!
Мен Күлчоро болгону.
Эрен көрдүм, эр көрдүм,
Кыйла тажаал мен көрдүм.
Тозоку мындай балааны
Жер үстүнөн көрбөдүм». —
Деп, ошентип, Күлчоро
Кылкүрөң менен чуратып,
Сейтекти коштоп алыптыр...
Күлчоро минтип жүргөндө,
Каары катуу Сарыбай,
Алп уйкусун салыптыр,
Коңурук тартып козголбой
Уктап жатып алыптыр.
Жети күнгө толуптур.
Жер майланган чочконун
Уйкусу канып болуптур.
Күч-кайраты толуптур.
Урунарга тоо таппай,
Бузуп иер жер таппай,
Чатакташар өл таппай,
Бузулгур жайы ушундай.
Чындап көчкөн көчкүдөй,
Жер жарылып дүңгүрөп,
Адам көөнү бөлүнүп,
Жер силкинип сөгүлүп.
Дөөлүк түрү көрүнүп,
Айбаты күйгөн чок болуп,
Желмогуз уулу опсуз алп
Кантип турсун токтолуп?
Кожураган өрттөнгүр
Желмаянды токунуп,
Себил тон кийип, жайланып,
Жолум үйдөй чоюн баш
Чокморун кармап камданып,
Капаланды Сарыбай:
«Ботом, катуу жети күн уктап
Кокуй болгон экемин
Эски дайра укуму
Эр Манастын тукуму
Түбүнө түптүз жетпесем,
Кылча талың бир койбой,
Кыргын кылып кетпесем!»
Каарланган Сарыбай
Кайра баштан бүлүнүп,
Көпкөк темир кийинип,
Көк ала болот найза алып,
Карааны тоодой көрүнүп,
Желмаян менен дыркырап,
Оозунан чыккан көк жалын
Найза бою шыркырап.
Каарын төгүп күркүрөп,
Караанын көргөн баатырлар
Азат бою дүркүрөп.
Сарыбай түрүн көргөндө,
Шай колдогон чоронун
Акылы айран бөлүндү:
«Чын ыймансыз бул экен,
Жергени өрттөп кетет бейм?»
Деп, ошентип, Күлчоро,
Журт коргону шер чоро
Жер киндигин уратып,
Кылкүрөң менен чуратып,
Сарыбайга бет алып,
Согуш кылып турганда,
Жан жараткан дөөлөрү,
Сарыбайдай болорбу?
Каптоосундай Сарыбай
Алышар жоого маш экен.
Чын мүшкүлдү баштады,
Ай ааламды бу доңуз
Соруп ие таштады
Үтүрөйүп, үксөйүп,
Оруп, жыйып алчудай
Кайраттанып камынып,
Ажыдаардай оп тартып,
Аймап жутуп салчуудай
Каарданды Сарыбай.

* * *

Билген адам муну айткан,
Акундун кызы Чүрөк деп,
Ай ааламды көп көргөн
Акылга дыйкан дүмөк деп.
Перизаттан тил билген.
Учканын жума күн билген.
Ат бороюн сыдырган,
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Медиянын беш бурчун
Учуп жүрүп кыдырган.
Белестин орто бетинен,
Ит-Жойлордун сеңирден,
Дүңүрөйгөн урчуктан
Түзүндө чынар тумшуктан,
Өзү бала секелек
Өрүмгө чачы жетелек,
Кайыбынан кабылган,
Как талаадан табылган,
Бар бою толгон акылга
Бала болгон Акунга,
Кеби угулуп Таласка
Келиң болгон Манаска.
Беризаада Чүрөгүң,
Белгилүү берен дүмөгүң,
Артык дуба окуган,
Атагын уккан чочуган.
Узун кулак шайырдын
[4] Илгичтиги дагы бар,
Сурап билген көп жерди
Билгичтиги дагы бар.
Ошол катын Айчүрөк,
Уламадан улаптыр, ,
Билгичтерден сураптыр.
Кербендерден кеп угуп,
Кайып чал кызы Куялы
Баатыр экен деп угуп.
Кезиккенди кент кылган,
Алышканды мент кылган,
Беттешсе, жоону койбогон,
Аталган даңкы таш жарган,
Эр кайраты баш жарган.
Токойдо туулуп, сайда өскөн,
Тоодо жаңгак байда өскөн,
Кыздан балбан шер болгон.
Атасы кыраан Кайыпчал,
Ар дөө менен тең болгон,
Кайыпчанын Кара-кыр,
Касиеттүү мына бул.
Чыта-Терек, Чук-Терек,
Короолу мазар боюнда,
Коңурчач кыздын тоюнда,
Ар тилегин бергенде,
Перизаада Айчүрөк
Жыйырма бирге келгенде,
Ошо мазар оюнда,
Коңурчач кыздын тоюнда,
Көктөн жылдыз козголуп,
Кайыпчал кызы Куялы,
Калган экен Айчүрөк
Кыяматтык дос болуп:
«Мен перизат, сен адам,
Көрүүгө айыл конушар,
Бирибизге, бирибиз
Керегибиз болушар» —
Деп — ошентип, шарт кылып,
Убаданы бек кылып,
Ак буудай наным чайнашып,
Ач болот мизин жалашып,
Дүнүйө мындай көрөлү,
Калк кууратkan доо чыкса,
Эл бүлдүргөн жоо чыкса,
Айгайды артык салууга
Ар бир мүшкүл караандан
Ажыратып алууга,
Ант айтышкан жайы бар.
Каруусу толук капырга
Эр Сарыбай баатырга,
Балааны мүшкүл салууга,
Учканын жума күн билип,
Кеткенин кадыр түн билип,
Куу канатын сыдырып,
Куркулдап учуп жер жүзүн.
Өлгөнүнчө кыдырып;
«Кайыпчал кызы Куялы
Карап кабар салбасам,
Кара баш жерге киргиче
Эптеп таап албасам,
Өчкөн отту тамызчу,
Өлөр жанды тиргизчү,
Үзүлгөндү улачу,
Чачылганды жыйноочу,
Кең көкүрөк, ак пейил,
Келишкен мыктуу жан эле.
Кечээ, токсон тоонун оюнда,

Калк чуу туруп, журт дүрбөп,
Калың кызык тамаша,
Кан кызынын тоюнда,
Бир көрүшкөн жан эле,
Укумунан тукумуң
Бир балаага кабылса,
Жадаалдуу жаңжал табылса,
Касаба калкып, туу толсо
Башыңда мүшкүл чуу болсо,
Катын арстан ал кургур,
Атышты арбын салам деп,
Балаалуу мүшкүл тозоктон
Ажыратып алам деп,
Арбагы артык жан эле,
Калк жыйылган жыйында,
Журт дүрбөгөн кыйында,
Убадасы бар эле.
Куркулдап учуп айланып
Куялы достум табайын».
Кереметтүү Айчүрөк,
Кыз чакта кейпин кийинип,
Ат бороюн сыдырып,
Ай ааламды жер жүзүн,
Учуп чыгып кыдыры.
Жергелей талды сыдырды,
Жердин үстүн кыдырды.
Боз мунарык Күйгөн-Таш,
Күйүктүн белин ашты эле.
Күн-Кетпестин талаасын
Кыдырып учуп басты эле,
Ал талаага барганда,
Жерге көзүн салганда,
Көңүл толкуп, көз тоюп,
Адыры токсон керүү экен,
Жан-жаныбар макулук
Мекен кылган жер экен.
Киши кийик, төө кийик,
Кулан да бар, жаргыч бар,
Кулан үрксө талаадан
Куушурулуп барбайып
Куланды илип чалчуу бар.
Бука кийик, жарчуу бар,
Койбос, тойбос алчуу бар,
Кез болгонду кетирбей
Талап-булап салчу бар.
Алыс жерден оп тарткан,
Кара ажыдаар сорчу бар.
Эл Барбастын талаага
Мекен кылган бугулар.
Көрүп жеңең таңданып,
Көз кайкыган борчукка,
Көз жетпеген тумшукка,
Күдүрдүн төмөн оюна,
Белендинин боюна,
Көз тунарган керүүгө,
Ышкылуу балбан Куялы
Ит агытчуу жерине
Таң саргарып сүргөндө.
Жерге жарык тийгенде,
Барып жеңең караса.
Кайыпчал кызы Куялы
Ургаачынын шери экен,
Дайрадан ичи кең экен
Калпагынын кашаты
Он эки курчак сел экен.
Көргөн адам баарысы,
Куялы балбан дээр экен.
Кырк жигитин кошчу алып,
Кырк балбаны жол чалып,
Салбуурундай жайланып.
Азуулудан түмөнүн
Аттырып алып байланып.
Жекей бозун жүктөтүп,
Андан алган терисин
Жети пилге жүктөтүп.
Кыярын чалып кызыкты,
Аңга салып бузукту,
Курбудан кулан куудуруп, —
Буткулдагы бугуну,
Койбой кармап жыйдырып,
Мына ошондо Куялы
Булуттай жээрде ат минип,
Ал жээрденин куйругун
Асемдеп байлап шарт түйүп,
Жабдыгы бар, каруу бар,
Жан-жараткан баары бар,
Ок өтпөгөн тону бар,
Ок жетпеген аты бар,
Жалаң азиз зайыптан
Жаралган экен мындай жан.
Эки ийнине көз салса,
Айчүрөк баштап алты кыз,
Бир ийнине конгудай
Шыңкылдашып ушулар


www.bizdin.kg

Жайлуу конок болгудай.
Чырайлуу бетке көз салса,
Кең өзөн талаа. баткандай,
Көрүп Чүрөк жактырып,
Кыңай тартып отуруп,
Кыялына толтуруп,
Байкап, бейлеп отуруп,
Бараанын көзгө толтуруп,
Боконосу болпоюп,
Болуп турган кези экен.
Айдай бети жаркылдап,
Эки эмчеги балкылдап,
Чын урушчу жоо таппай,
Урунуп бузар тоо таппай,
Курсак күйүп кутуруп,
Аңдасаң ушул Куялы
Арстандай жутунуп,
Уңгусу болот найза алып,
Астындагы жээрде атын
Аркы-терки чуратып,
Өз балбанын оңбогур
Ойноп, сайып, кулатып,
Далайдан кечип кызыкты
Ит агытып, жаа тартып,
Аңга салып бузукту.
Муну көрүп, Айчүрөк
Балбан кызга кызыкты.
Айдай катын Айчүрөк
Ал Куялы балбандын
Астынан чыкты көрүнүп,
Тийген айдай жаркылдап,
Шекер сөз баштап, балкылдап,
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Асемдеп артык кеп баштап,
Нурдуу Чүрөк уйпалгыр
Ургаачыдан мындай жан
Кайдан чыксын сыйпалгыр.
Курган жеңең, Куялы
Достусуна кезигип,
Көрсө мындай Куялы
Көк аскар тоодой көрүнүп,
Жаадай учка$_{н}$ жээрденин
Тартып оозун бурду эми,
Астынан чыккан Чүрөккө
Амандашып турду эми.
«Уламадан уладым,
Убадалаш достум кайда деп,
Айчүрөк, сени сурадым,
Сурасам, чыкпайт кабарың.
О, Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас.
Жериң эсен жатабы?
Атагы чыккан ааламга,
Арбагы кеткен далайга,
О, ботом, эриң эсен жатабы?
Добул келсе, жел тийбес,
Доочуларга мал бербес,
Айбаты кызык ак жолтой,
Аркасы кымбат сан колдой,
Ай ааламда атагы,
Душманга каар чатагы,
Кайниң эле Күлчоро,
Ботом, кайраның аман жатабы?
Олжолоп барып туу кылган,
Ааламга кенен чуу кылган,
Себепкер болуп Карачач
Жедигер элден туулган,
Тоюна токсон союлган,
Аты Сейтек коюлган,
Уулуң аман бар бекен?
Артык балбан Карадөө,
Мунуң аман бар бекен?
Эрте сөзүм кеч болду,
Тирүү болсо көрсөм, деп,
Өлүп калса баатырга
Куран окуп келсем деп,
Кумар болуп жүрөмүн,
Айчүрөк сени көрсөм деп.
Ат арытып, куш салып,
Атайы чыктым өзүңө.
Айдай достум бир келип,
Армансыз болуп көрсөм деп.
Тирүү көрдүм өзүңдү,

Тиктедим, көрдүм көзүңдү,
Тим уктум шекер сөзүңдү.
Аккуу кебиң кийинип,
Азарланып күйүнүп,
Асыл жан кыйнап, жер чалып,
Азып келген экенсиз.
Ботом ар бир сөзүң шашкактай,
Шашып калган экенсиз.
Кубулуп учуп чалдырып,
Кырдан келген экенсиз.
Мүнөзүңдү карасам,

О ботом, чырдан келген экенсиз.
Ырдап айткын сырыңды,
Ырас, Чүрөк, жан достум,
Ырастап айткын чыныңды!
Мурунтан айткан сөзүңө, .
Мен Куялы өлбөсөм,
Мураа болом өзүңө».
Айчүрөк анда кеп айтат:
«Таластан учуп, жер жайлап,
Атайы келдим, Куялы,
Балбан эр сага дем байлап.
Сарыбай менен беттешип,
Балбан да өлдү, эр да өлдү,
Айтылуу Карадөө өлдү.
Ажалсыз пенде күн көрдү.
Каруусу толук, заары күч,
Бу, капырдай эрди ким көрдү».
Деп, айтканда Айчүрөк,
Кайыпчал кызы Куялы
Бул сөзгө чыдап туралбай,
Касабасын байланды,
Ок өтпөгөн тон кийип,
Каарланып токтобой,
Очогорун октоду.
Кырк балбандын баарына
Эр Муратай карыга
Буйрук кылып турганда,
Айта-буйта дегиче
Ачып көздү жумгуча.
Эр Муратай карысы,
Кыйкырышып, чуу туруп,
Балбандардын баарысы
Сарыбайдын түбүнө,
Жаңжалдашып жетүүгө,
Кас ажал жетсе, өлүүгө,
Кыз Куялы, балбанга
Каралды болуп берүүгө,
Чымырканып балбандар,
Болоттон найза аштaшып,
Айчыгы алтын кызыл туу
Желпилдете кармашып,
Жеткилеңин айдатып,
Колго белги чоң тууну
Муратай эрге, карматып,
Куялы баштап өң балбан
Жүрдү жоого камынып.
Адырлап чубап бел басып,
Албан түрдүү жер басып
Дайра кечип, тоо кесип,
Керней, сурнай тартышып,
Керикке мылтык артылып,
Күн болжолун албастан,
Күндө тынып калбастан,
Кең-Чаткалды ашты эле.
Кең Таласты басты эле
Кең Таласка келгенде,
Тоодой болгон Сарыбай дөө
Бет алышып, беттешип,
Бейпай сала бериптир.
Бет алган арбын кол-тажап.
Кыйла жан анчаң өлүптүр.
Кайра тартпас чын жайын
Кас ажал жешен көрүптүр.
Жаңжалды жаман баштаптыр,
Чоң уруш салып таштаптыр.





## СЕЙТЕКТИН САРЫБАЙ ДӨӨ МЕНЕН БЕТТЕШКЕНИ


Мына ошондо карасаң,
Айкөлдүн уулу Семетей
Айдыңы тоодой калкылдап,
Ак шумкардай баркылдап,
Калың элге кеп айтат:
«О, кагылайын калкым ук!
Улуу, кичүү — жалпың ук!
Каары калың Сарыбай,
Каптап кетчүү сел экен.
Карарып күйгөн, өрт экен,
Камбылы болот ок экен,
Илеби жанды өрттөгөн,
Кап тоосундай чоң экен.
О, калайык кайрат кылгыла!
Кап тоодой кызыл чогуна
Көл дайрадай кайран журт
Өчүрчү күчтү жайгыла!
Бүлүк тартып душмандан
О, журтум далай чачылдык;
Алды болуп Алтайда,
Көп бөлүндүң Каңгайга,
Кыйлабыз кетип эренге.
Кыстаган душман көп болуп,
Түштү далай ушул журт
Кайра тартпас тереңге,
Каарлуу душман айынан,
Кээбиз кеттик бөлүнүп
Эл көрбөстүн артына.
Кээбиз кеттик бөлүнүп,
Индистандын калкына.
Кармаштан кан төгүлүп,
Ар дайымдан, бир дайым,
Ар убактан, бир убак
Чоң зордук тартып элибиз,
Камчыга ченеп бөлүндүк.
Каар салган душмандан,
Кайран жан тирүү көрүндүк.
Кастарлуу душман келүүчү,
Кан төгүлүп, эр өлүп,
Кызырлуу кыйын биздин журт
Кыйрын жоодон багуучу.
Намыс үчүн, эл үчүн,
Эрен өлүп калуучу,
Калкым белди буугула,
Кап тоосундай тургула!»
Баатыр көк жал муну айтып,
Көк жалдын үнүн укканда,
Акылды артык баштады,
Малы түгүл жанынан
«Баатырдын сөзү ырас» — деп,
Калың журт кечип таштады:
«Жазайылды, дүмөктү
Көрбөйт деген кандай кеп?
Кас ажал жетсе дүйнөдөн,
Моюнга жазса көрөлү.
Баатырдын уулу Сейтекке
Караан болуп берели!»
Журт чуркурап муну айтат:
«Сарыбайдан баарыбыз
Аянып калсак зоо урсун!
Аркайган Ала-Тоо урсун!
Ак милтенин чогу урсун!
Аккелтенин огу урсун!
Төшү түктүү жер урсун,
Төбөсү бүтүн көк урсун!
Кул болуп туткун жүргүчө

Сарыбайга кабылып,
Калакай кара жамынып,
Күйүп-жанып чок болуп,
Ушаланып жок болуп,
Балааны башка тарткыча,
Кордук көрүп жаткыча,
Чын кыргынды баштайлы,
Чыркыратып куу жанды
Кылга байлап таштайлы!
Сарыбайды дөө кылбай,
Бу Таласка ээ кылбай,
Суудай аксын каныбыз,
Кырылалы баарыбыз!
Кыялуу жактан чалдырып,
Сарыбайга алдырып,
Жал куйруктан айрылып,
Сопол болуп жүргүчө
Мүйүз сынып, баш калып,
Токол болуп жүргүчө,
Сарыбай бизге улук деп,
Өрттөнүп, жанып күйгүчө,
Опол тоодой дөө менен
Жети жыл тынбай урушуп,
Бир бокчосун тинтели.
Кагышты калың баштайлы.
Эр Семетей, Күлчоро,
Баана кылган жаш Сейтек,
Ушул үчөөн, калың журт,
Белге таңуу кылалы!
Эл толкуган дарыя,
Дарыя каптап, сел жүрүп,
Ажал жетсе өлөлү
Ит менен 'бир чапчылашып көрөлү!
Эл чуркурап чуу болуп,
Асман жарган дуу болуп,
Керней-сурнай тартылып,
Жан аябай төш тиреп
Туруп берди калың эл.
Комокойлуу Сыр найза
Колоюп колдон бөлүндү.
Уңгусу болот айбалта
Эл колунда көрүндү.
Эрендин баары ээлигип,
Эсер кайрат суу жүрөк,
Эл баштабай демигип,
Балбан четтеп таралып,
Эшикке чыкпас коркоктор,
Эми эмне болор деп,
Эң ортодо камалып,
Уйгу-туйгу сөгүлүп,
Калк минетип турганда,
Мына ошондо жаш Сейтек
Карчыгадай камынып,
Кайран шердин уулуна
Кайыптан акыл табылып
Жай-жарагын жайланып,
Жалантып кылыч байланып,
Болот уңгу найза алып,
Ок өтпөс тонду кийинип,
Жекелеп элден бөлүнүп,
Көрсөң баатыр Сейтекти
Бет алдында сур жолборс,
Бейлесе мынча жан болбос,
Бет алышкан жоо оңбос.
Атасын тарткан көк жал шер
Көк аскардай бөлүндү,
Жер жоголгон түз жердин
Дөбөсүндөй көрүндү.
Дүнүйөнү курчаган
Болот чынжыр курчоонун
Көбөөсүндөй көрүндү.
Атасынан бабасы
Калк алдында чеп болуп,
Жекеге чыкмай адаты.
Алп кара куш зымурук
Түнөөсүндөй көрүнүп,
Көргөн жанды шаштырып,
Көркөм тулпар бууданды
Маңкаңдата бастырып,
Белеске чыга келгенде,
Сарыбай түрүн карасаң
Жер чапчыган арстандай,
Караанынан капырдын
Адам заат пендеси
Жолобой оолак качкыдай.
Жүргөн жери чаң болгон,
Серпөөрү кызыл кан болгон.
Колуна мыктап тийгени,
Быт-чыт кыйрап, дан болгон.
Кармашканды жеп жүргөн,
Жер үстүнө жаралган
Жеке өзүммүн деп жүргөн.
Сарыбай жайы ушундай,
Башындагы чарайна,

Чарайна этек кийизи
Төрт үйгө үзүк чыккандай,
Кылымдын баарын кыйратып,
Бир тешикке тыккыдай.
Адам заат пендеси
Чымындай жаны чыркырап,
Каарынан күйүп быркырап,
Талкан болуп кеткидей.
Кабактын үстү кашына
Тогуз жору кара куш
Топтоп уя салгыдай.
Толкуп кетсе тозогуң
Толгон жандын баарысын
Карап кылып салгыдай.
Мурдуңдагы таноого
Күчтүү даңгыт тойгондой.
Күрпүлдөсө, кутургур,
Ай ааламдын баарысын
Кыймылдатпай, соргондой.
Бою бийик чынардай,
Кайран жандан калайык
Түңүлгөндөй тура албай.
Кол шадысы устундай,
Ай ааламды буй кылып.
Жаралган жанды кыскандай.
Самсаалаган кирпиги
Саат баскан капырдын
Булдурсун камчы сабындай.
Бузулгурдун ыраңы,
Мурунтан көрсөң момундай.
Кыймылдаса, кызыл чок,
Кыйлада мындай шумдук жок.
Күркүрөсө кутургур,
Эр жаралган пендени,
Эңип алып жөн эле
Баштыгына салгандай.
Алда таала кудурет,
Бирөөң — баатыр, бирөөң — эр,
Бирөөн кылган кара жер.
Эчен түрдүү айбандай,
Жан жаралган ар кандай.
Желмогуз уулу Сарыбай,
Жүзү өрттөнгөн көмүрдөй,
Муруну бүткүл сеңирдей,
Көзү өгөгөн темирдей,
Качырганга жеткидей,
Типтик чыккан муруту
Сарапты тешип кеткендей.
Жалын да экен, чок да экен,
Жаның чыккан бачагар,
Жааннамда жок экен.
Ушул Сарыбай чоң дөөгө
Көк жалдын уулу эр Сейтек
Бет алышып турушту.
Беттешип найза сунушту.
Атышты арбын баштады
Чымындай жандан көргөн журт
Чын эле кечип таштады.
Бет алса найза ийилип:
«Эки берен кантип кетер» — деп,
Пенде жандан түңүлүп,
Жаалданып кутуруп,
Кан тоосундай Сарыбай
Сейтекке карап сүйлөндү:
«Ээ Семетей уулу чунагым,
Көздөгөн жоом сен болсоң,
Кырып, жутуп тынамын!
Жадалдуунун түрүмүн,
Жан кыйгычтын биримин,
Каршыга чыккан бутамын,
Кармашсаң сени жутамын,
Төбөдөн тирүү басамын!
Төрт түлүгүң чачамын!
Чын эсебиң табамын!
Чындап журтуң чабамын!
Бар жиним келип кутурсам,
Сындырып, бүктөп белиңди,
Чыркыратып элиңди,
Кара жолдой таптаймын,
Кең Ала-Тоо жериңди.
Кырамын кыргыз элиңди.
Катыныңды тул кылып,
Эриниң байлап кул кылып,
Суутамын демиңди.
Кызык болсо малыңыз,
Кымбаттуу болсо жаныңыз...
Деген сөзгө көнүңүз,
Каалаганды бериңиз?
Ургаачыдан узду бер!
Токсон беш айым, Айчүрөк
Өз энеңди баш кылып,
Тартууга жүздөн кызды бер!
Ала-Тоо тартуу жерди бер!

Жер-жердеген элди бер!
Бу сөзүмө көнбөсөң,
Бул айтканды бербесең,
Сындырамын белиңди.
Каарым келди какайдым
Калтырбай кырам элиңди!»
Деп, ошентип, Сарыбай
Желмаян санга бир салып,
Уңгусу болот, сабы жез,
Айбалтаны колго алып,
Араандай оозу ачылды,
Оозунан чыккан көк жалын
Жер куйкалап чачылды.
Эр Сейтекке камынып,
Ал Сарыбай жетти эле.
Кандуу болот Айбалта
Кармай калып имерди,
Өлчөлүүнүн өзү деп,
Өлчүнүн кара көзү деп,
Көк жалды тартып жиберди.
Арстан Сейтек кенебей
Сарыбайдын балтасын
Кайра кагып калды эле.
Тону калың Сейтекти
Тон көтөрүп калыптыр.
Тоодой Манас арбагы
Чоң көтөрүп алыптыр.
Кийген тону Аколпок
Жоого ылайык, чак олпок,
Жакасы болот, жеңи жез,
Жетик кылган ок өтпөс,
Тийген жери сүзүлдү,
Сарыбайдын айбалта,
Уңгусунан үзүлдү.
Сырнайза колго алгыча,
Сырты кара, боору көк
Сырттаның найза салгыча,
Ал Сарыбай каапырдын
Баатырдыгы башкача
Балбандыгы бир канча,
Араан ооз Сыржебе
Ааламга тозок аңгеме.
Ала коюп кутургур
Аны менен төрт атты.
Уңгусу болот, учу курч
Учмагы дүмөк Сырнайза .
Баса кармап бадырек
Баатыр көк жал эр Сейтек
Селдей толкуп бакырды,
«Манастап» ураан чакырды.
Тайманбай найза салды эле,
Белден найза бүктөлдү,
Бегирээк жанга күч келди.
Бул өрттөнгөн Сарыбай
Өзөн, чуңкур, тоо жолду,
Бүктөп кетип баратат,
Куйкаланган кутургур
Барган сайын ушинтип
Күчөп кетип баратат.
Эренди байлап «өп алып,
Оңбой кетип баратат.
Басар жагын адамдын
Торгой кетип баратат.
Ал Сарыбай капырга
Табылгы жакса, чок өтпөй,
Кармашканда кол өтпөй,
Аккелте атса, ок өтпөй,
Чамаа чарчап, ал жетпей,
Желмаянга мал жетпей,
Айбалта, найза жутулуп,
Ок өтпөгөн Аколпок
Быт-чыт болуп тытылып,
Атасын тарткан Сейтек шер
Өлөрүнө карабай,
Кайкалаган калың кол,
Өлүмдөн жанды аяшпай,
Кагышты катуу салса да,
Тажаал экен кутурган —
Күчөп барат Сарыбай…





## КАЙЫПЧАЛ КЫЗЫ КУЯЛЫ

Кайыпчал кызы Куялы
Тиштээрине таш таппай,
Эрте сөзү кеч болгон,
Сарыбайдай чоң дөөгө
Бир беттешип калууга
Эки көзү төрт болгон.
Сулуулугу бир башка
Баатырдыгы бир канча,
Кыздан болгон шер экен.
Такыянын кыруусу
Он эки карыш сере экен.
Ат көтөргүс алп экен.
Кол дүрбөтүп, жыйнатып,
Козголбос туунун киндигин
Эрендерге карматып,
Алкым жолду чаңдатып,
Эрендин баары жарышып,
Ээликкен тулпар күлүктүн
Оозу менен алышып,
Найзанын башы! кылкылдап,
Жоокер чуулап былкылдап,
Сарала майдан чеп болуп,
Сарыбайга бет болуп.
«Ааламга жеткен чатагы
Сарыбай балбан кайдалап!»
Кайыпчал кызы Куялы
Алтын түркүк чатырга
Азыр жетип келди эми,
Эр Семетей баатырга,
Беттешкенде Куялы
Эрге сынчы, эң билгич,
Кыздан баатыр неме экен.
Кабылан туулган баатырды
Сынап турган кези экен,
Кыйындап карап олтуруп,
Кыябына толтуруп,
Бейлеп карап олтуруп,
Бейлине бекем толтуруп,
Акыл ийлеп, ой ойлоп,
Дууга кирип алды эми.
Аябаган чоң кызык
Чууга кирип алды эми:
«Жакасы алтын, жеңи жез,
Кийбей турган тон бекен,
Каралды кылып, эр кылып,

Тийбей турган эр бекен.
Таң-тамаша үлкөн той,
Кылбай турган эр бекен?
Кызмат кылып алдына
Турбай турган эр бекен?
Салганым кыраан куш эле,
Самаганым ушу эле...
Кайыпчалдан туулуп,
Тоюма токсон союлуп,
Атымды Куялы койгону
Сайыша чыгып алп көрдүм,
Албан түрлүү калк көрдүм.
Баатыр көрүп, шер көрдүм,
Маңдайы жарык, жүзү ачык,
Манастын уулун мен көрдүм.
Көп тамаша оюнга
Батпай турган эр бекен?
Кумардан чыгып, кол булгап,
Жатпай турган шер бекен?
Чыгып жортуп келгемин,
Желпиниш тоонун тушу эле,
Жеткилең тилек кылганым
Так ушундай киши эле».
Деп, сынаган Куялы
Кан Семетей баатырга
Кастарын тиккен чоң ашык.
Ар кызматын билсем дейт,
Айкөл шерге тийсем дейт.
Деген менен тие албайт,
Айчүрөк менен антташкан
Достукту кыйып ие албайт.
Опол тоодой Куялы
Толкуп өтсө, бейбакка
Тоо туруштук бере албайт.
Же убада танып кеткидей
Уяты жок жан эмес.
Кыйын баатыр атанган,
Кырк чилтенден бата алган,
Жолун азыр оңдогон,
Жаралган катын зайыптан
Бул өңдүү балбан болбогон.
Кумардын кара көзү экен.
Семетейге кезигип,
Кубангандан эзилип,
Куп жалынып, кеп баштап,
Кыз Куялы муну айтат,
Көрсөң дүмөк шумду айтат:
«Менин жайым сурасаң,
Асмандан жылдыз боз экен,
Асыл атам Кайыпчал
Атаңыз Манас кан менен
Алты антташкан дос экен.
Туура шер атаң кан Манас
Туу түбүнө туруптур,
Менин атам Кайыпчал
Айтканына көнүптүр.
Аралашып, кол үзбөй,
Атам шер менен келиптир.
Кайып атам көргөндө
Тоюма токсон союптур.
Алп эрге жолдош болсун деп,
Атымды Куялы коюптур.
Айчүрөктөн кеп угуп,
Айкөл шердин тукумун
Кастык кылып Сарыбай
Камап атат деп угуп,
Ок өтпөс каалап, тон алып,
Кайыпчалдын элинен
Чубатып сынап, кол алып,
Кам-кайгыңды жеп келдим.
Кадикти душман Сарыбай
Кармашайын деп келдим.
Курсак ачып, жол басып,
Кулан атып жеп келдим.
Желмогуз уулу арамды
Жер майлайын деп келдим.
Качырганым Сарыбай,
Кадырман достум сен өзүң.
Жан баспаган чөлдөрдөн
Азуулуу атып жеп келдим.
Желмогуз уулу капырды
Жексен кылам деп келдим.
Баатыр, аргынды жайып кол алып,
Антаң уруп калыпсыз,
Ашып-шашып кычырап,
Алек болуп алыпсыз.
Сары адырмак бел барбы?
Салыш кылчу эл барбы?
Эр көк жал айтам сөзүм ук,
Урунаарым, тоо кайда?
Уруш кылам жоо кайда?
Кечип өтөр чок барбы?
Кежирлик кылып журтуңа
Кесирден чыккан ок барбы?

Эл чалынган тор кайда,
Эл бүлдүргөн зор кайда?
Калк түшүрчү ор кайда?
Эр Сарыбай зор кайда?
Баатыр болсо, шер болсо,
Басташкан жоо, эр болсо,
Кас ажал жетсе чыгалы.
Тийишкениң кайсы жоо?
Чын досчулук кылалы».
Деп, ошентип, Куялы
Карарган көзүн нур чалып,
Көргөнгө көңүл бөлүнүп,
Кыз арстан келип турганда
Айдай катын Айчүрөк,
Акырын сүйлөп, бек таштайт:
«Кайыпчал кызы сен элең,
Кан Акун кызы мен элем.
Көктөн жылдыз козголуп,
Кеп антташып дос болуп,
Ак буудай унун чайнашып,
Бирге жолдош болууга,
Бир жайлоого конууга
Эже, сиңди болууга,
Убаданы чын кылдык,
Чоң Таласка айыл кон,
Добул тийсе, жел тийбес,
Доочу кирсе, мал бербес,
Каз айланбас зоо болгун,
Каргылуу кара тоо болгун.
Айтканым ушул, билип ал,
Асыл достум тилимди ал,
Бараан болгун, бел болгун.
Байкачу көк жал сен болгун!
Коюбуз болсун короолош,
Ашыбыз болсун жоролош,
Тапканыбыз жыйгандаш,
Эже, сиңди курбалдаш,
Чалгынга чыксак, жол бирге,
Өлүп калсак, кан бирге,
Тирүүлүктө жан бирге
Достукту сактап курбалдаш,
Сарыбай колун сүрүшүп,
Атышты арбын салыңыз,
Жоо камаган бу элди
Ажыратып алыңыз!»
Деп ошентип, Айчүрөк
Кайыпчал кызы балбанга
Айтып сайрап турду эле,
Айчүрөк мындай деген соң,
Кайыпчал кызы Куялы
Айтып турду бу дагы:
«Ушундай дүмөк кебим бар,
Журт коргошуп жүрүүгө
Өзүң достум Чүрөккө
Убада кылган жерим бар.
О, Айчүрөк, угуп кой,
Убададан танбаймын,
Кармашарым Сарыбай
Капарсыз тим калбаймын!»
Деп, ошентип Куялы
Кыз кабылан бу дагы
Күлүмсүрөп турганы.
Арадан бир күн, түн өтүп,
Таң кашкайып сүргөндө
Жерге жарык тийгенде,
Таң атардын муздак жели урганда,
Камыштын башы зыркырап,
Жан-жаныбар макулук,
Жер жүзүнөн турганда,
Төбөдөн жылдыз бөлүнүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Төгөрөктүн төрт бурчу
Беш колдой даана көрүнүп,
Желмогуз уулу баатырың,
Жер өрттөгөн капырың,
Ак асаба туу кылып,
Асман жарган чуу кылып,
Таласты беттеп өрт кылып,
Кең-Колду күйгөн чок кылып,
Кез болгонду жок кылып,
Чапса чама келе албай,
Чаркы бузук доңуздур
Алмамбет уулу Күлчоро,
Семетей уулу эр Сейтек
Бир тынымдай жай албай,
Маңдай-тескей турушту,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушту.
Түндө тынып калбастан,
Күндүз тыным албастан,
Күндөп-түндөп салышты,
Желмогуз уулу эр менен
Өлбөгөн жерде калышты.
Дөбөнүн баары коо болду.

Желмогуз уулу Сарыбай
Жер жуткур шондой жоо болду.
Мына ушуну көргөндө
Кайыпчал кызы байкушуң
Пейли жумшак, ичи кең,
Аттын оозун бурду эми,
Бар карыя шерлердин
Кабылан Бакай, Каныкей,
Жыйылган калың элдердин
Батасын сурап турду эми:
«Желпиниш менен күн чыгыш,
Өзүм чапкан жол эле,
Сарыбайдай чоң дөөнү
Жети жол сайган кол эле.
Өпкө жарыт, баш кескен,
Чатак кылып, кан төккөн,
Кеги бар душман жоо эле.
Кериште кенен салайын,
Каардуу душман Сарыбай
Карсылдашып калайын!
О, карыя атам кан Бакай,
Картайган энем Каныкей,
Жыйылган ушул калың эл,
Батаңарды алайын.
Мыктап жаңжал салайын!
Кандай кыраан болсо да
Канаты менен учат го,
Куйругу менен конот го,
О, кагылайын, Күлчоро,
Кайраты болот жаш Сейтек
Кадууну арты кол баштап
Такоол болуп бергиле!
Каары катуу Сарыбайга
Качпай тике баралы,
Кармашты күчтүү салалы».
Кайыпчал кызы Куялы
Желжетпес оозун бурду эми,
Баатырдан калган мурас деп,
Сырнайза менен Зулпукор,
Белекке сурап турду эми.
Пайгамбар Бакай карыя,
Байбиче энең Каныкей
Эченди көргөн олуя,
Улук Бакай карыя,
Алакан жайып буркурап:
«Каардуу душман огунан,
Капырдын муздак колунан,
Казылган чуңкур орунан,
Азат кылгын жараткан,
Ушул Сарыбай иттин торунан!
Тулпар күлүк Желжетпес.
Мамысына байлатпа!
Аргын кыргыз көп журтум,
Душман көзүн каратпа.
Оомийин, балам Куялы!
Ак жолтой Бакай мен элем.
Байланып жаткан базардын
Баасын ачкан кул элем.
Байлоого түшкөн муңдуунун
Колун чечкен уул элем.
Бек бекинген мүшкүлдүн
Жолун ачкан эр элем.
Бек чырмалган түйүндүн
Кырсыгын чечкен мен элем.
Сарыбайды астын кыл,
Баламды кудай үстүн кыл!
Артын берген заман кыл,
Кайыпчалдын кыз балбан
Куялыны аман кыл.
Айбаты кымбат доңузга
Алдырып ийсе жаман ат,
Зулпукор кылыч, Сырнайза,
Балбанга бердик аманат!
Эчен бирге кол берген.
Жети олуя жол берген,
Пери түрдүү зор Манас,
Өзүң көзүң сала көр!
Кайыпчал кызы балбанга,
Кармашка чыккан жандарга,
Арбагы зор чоң Манас
Жолдош болуп кала көр!
Түбү суук арамды
Түп этектен ала көр!
Узунунан сала көр!
Калың илек зор колду
Жекеге өзү баштаган,
Машыктыгы башкача,
Баатырлыгы бир канча,
Азиз кандын артыгы,
Алакем көзүң сала көр!
Жоболуу мүшкүл иш кылбай,
Кайыпчал, жолдош болуп кала көр!»
Деп, ошентип, зор Бакай,
Бата берип бакырды.


А дүйнө кеткен төрөнүн
Арбактарын чакырды.
Өңү агарып суюлду,
Эки беттен аккан жаш
Сакалы ылдый куюлду.
Бабабыз Бакай карынын
Батасын алып Куялы.
Желмогуз уулу капырга
Казатка чыгар убагы.
Мунун көбү жалган, көбү чын,
Көрүп келген киши жок,
Жармы төгүн, жармы чын,
Жанынан келген киши жок.
Жараткан өзү билбесе,
Атаңыздын жомогу,
Айтпай койсок болобу?
Жоголуп кеткен беренди
Жомок кылдым эрмекке,
Жоругун айтып бермекке,
Төгүн-чынын, ким билет?
Жараткан кудай бир билет.
Албан түрдүү бейбакты
Колдогону бир тогуз,
Колдоп келип туруптур.
Жандап турган сур жолборс,
Жагымдуу мындай жан болбос.
Колдогону көрүнүп,
Тулпар оозун бурду эле:
«Кан, калайык, калың эл,
Каалап сөздү өзүң бил,
Кең Желпиниш, улуу журт,
Элим алыс калды эле,
Киндик кесип, кир жууган,
Топуракка сойлогон,
Жаш кезекте ойногон,
Жерим алыс калды эле.
Боз бурчукта кыя жар.
Болжоп чытар жол эмес,
Желмогуз уулу капырды
Оюн кылар жоо эмес.
Оттук жалдын чогу өтпөс,
Оолукмалуу доңузга
Кармаш кылса, кол өтпөс,
Сууга салса чөкпөгөн,
Чокко салса күйбөгөн,
Кармашып киши жүрбөгөн,
Анын баатырдыгы бир башка.
Мен Куялы балаңыз,
Бекип жаткан белимден,
Силер үчүн келгемин!
Жердин түбү Желпиниш.
Менин жерим алыс калды эле.
Жеткилең журтум тууган эл,
Элим алыс калды эле.
Калалуу коргон чеп элем.
Элге душман жоо келсе,
Боо түшүрүп чапкамын,
Борой, борой күн жааса,
Болумдуу журтум баарына
Кыз падыша кан элем.
Ээн калды элибиз,
Чын бөлүндү көөнүбүз,
Алышканым Сарыбай,
Аттын оозун буралык.
Төшү түктүү жер үчүн,
Саамайы аппак эне үчүн,
Эне тууган эл үчүн
Секелек чакта достошкон
О, Айчүрөк сен үчүн,
Аманат жанды кыялык.
Чамаа келип, ал жетсе,
Желмогуз уулу капырды,
Кызык кылып келелик.
Бабам Бакай карыя
Колду башта олуя!
Арстан тууган Күлчоро,
Ардактаган эр Сейтек,
Канатташ болуп баралы!
Жоболоңдуу кажырга,
Үлкөн жаңжал, улуу дуу
Аябай катуу салалы!
Ага, жеңе, кары, жаш,
Айкөл төрө, кадырлаш,
Батаңды бергин алалы!
Желмогуз уулу капырга
Жеткилең жаңжал салалы!»
Деп, ошентип, Куялы
Ок өтпөгөн тон кийип,
Ок жетпеген ат минип,
Жан-жарагын жайланып,
Манастан калган Зулпукор,
Көк жалдан сурап аны алып,
Уңгусу болот, найза алып,
Майданды, көздөй бет алып,

Чын тагдыр болсо өлүүгө,
Чымылдай жанды журт үчүн,
Курман кылып берүүгө,
Чымчык өтпөс кең сайга,
Кара адырмак керүүгө,
Желмогуз уулу чочконун
Казат кылчуу жерине,
Нардай күлүк жел жетпес,
Тартып оозун бурду эми.
Айбандан артык тулпардын
Сөлөкөтү момундай;
Булчуңу бука белиндей,
Жүргөнү сырттын желиндей
Куйругу суюк, жалы сай,
Булуттай учат жаныбар.
Толгонуп куйрук чубаган,
Токсон күн чөлгө жол жүрсө,
Кертип чөптөн чалбаган,
Атына минип алкынтып,
«Намыс үчүн, ар үчүн,
Эрен жоодон өлбөйбү,» —
Деп, ошентип. кыз балбан,
Тулпар оозун бурду эми,
Жоого карай жүрдү эми.
Мына ошондо Семетей,
Бабаң Бакай, Каныкей
Басташканы Сарыбай,
Балаалуу мүшкүл момундай.
Баары катар турду эми,
Шай колдогон Күлчоро,
Нардай болгон Буурул ат.
Туура тартып мингени,
Бабасы Манас айкөлдүн
Каалап калган ок өтпөс,
Айкөл шердин Аколпок,
Күлчоронун кийгени.
Каалап кыштан кандагай,
Кандагай жайы ушундай.
Кашатында каты бар,
Кагышка балбан кийүүчү
Кандагай деген аты бар.
Кагышпай жоого тиет деп,
Кайран энең жасаган,
Алмамбет уулу Күлчоро
Кандагай болду кийгени.


Сейтеги бар жанында
Калың кол баштап жүргөнү.
Каныкей, Бакай олуя
Мойнуна кисе салынды,
А дүйнө кеткен Айкөлдүн
Арбагына жалынды.
Ортодогу ак боз бээ
Каныкей, Бакай жетелеп,
Алаша моюн, ак шамшаар
А, кудай, сенин жолуң деп,
Кындан сууруп алды эми.
Көкүлү менен кулагын
Картайса да зор Бакай
Бириктире бек кармап,
Куркурата чалды эми.
Жыкпай туруп жыластын
Башын кесип алды эми.
Баштагы кеткен бабаңдын
Арбагына чалды эми.
Баабединге бээ чалып,
«Оомийин» — деп журт чуулап,
Ошончо адам кары, жаш,
Эркек-аял аралаш,
Санаа сайлап бөлүнүп,
Бата кылды журт чуулап,
Эрендин баары ээлигип,
Арстандын баары желигип,
Очогорду октоду,
Оодарылбай кара жер
Калыңынан токтоду.
«Эгерде өлсө Сарыбай
Дүнүйө кенен, тарыбай
Жибек болор жүнүбүз,
Бейиш болор күнүбүз,
Бек оңолор түрүбүз.
Алтын болор темириң.
Арман качып, кайран эл,
Арылар эле, көңүлүң.
Үзгүлтүктөр уланар,
Ак калпак кыргыз кубанар.
Каардуудан кутулса,
калк жайлоого конбойбу,
Журт көңүлү толбойбу,
Ичкендери жай болуп,
Жегендери май болуп,
Эл эркиндеп оңбойбу!
Эгем өзүң колдой көр!
Эгер алса Сарыбай

www.bizdin.kg

Калың журт карып болбойбу!
Каарлуудан кутулса,
Калың журт чалкып оңбойбу!
Элкин жаткан эл элек,
Кызырлуу жакшы заман жыл,
Жан деп адам жаратсаң,
Айкөл шердин тукумун
Калын эл медер кылууга
Шерлерди кудай аман кыл!»
Деп, алакан жайып, кол сунуп,
Жазайылын салынып,
Ал тилеги дарыя
Жаратканга жалынып,
Журттан бата алды эми.
Кармашары Сарыбай,
Берендер беттеп калды эми,
Беттешери Сарыбай,
Бейпайлык мүшкүл мамындай,
Бет алышты тайланбай.



www.bizdin.kg



## ЖЕЛМОГУЗ УУЛУ САРЫБАЙ

Кошойдун сеңирге,
Майданга чыкчуу керүүгө,
Каптоосундай Сарыбайдын
Жекеге чыкчуу жерине,
Капка таштын оозуна
Сарыбай чеби орногон.
Таштан жайып, зоо кылган,
Карагайдан коо кылган,
Айланасын тор кылган,
Айры белес кайкаңдан,
Кайнаган илек кол айдап,
Жер тумандап, көз жайнап,
Сарыбай жайы ушундай!
Эл бүлдүрүп, журт кырып,
Канды кечип катыккан,
Калың элдин баарына
Кан ичер болуп атыккан.
Эки беттин отуна
Эчен даңгыт тойгондой.
Көзү ачылган ородой,
Мурунунун чоңдугу,
Бузулган тоонун бооруңдай,
Жаралган мындай болобу?
Качырса жанды коёбу?
Басташары балбан кыз,
Колго алганы чоюн баш,
Бул Сарыбай баатырдын
Түрүнөн чочуп оолак кач.
Алышып чама келе албай
Азапты тарткан алтын баш.
Майдан көздөй бет алып,
Уңгусу болот Айбалта
Муну колго көтөрүп,
Зың-зың этип кенебей,
Манастын баатыр тукумун
Туусун бузуп кырам деп,
Тукум курут кылам деп
Кагышкан балбан эрлерди,
Шай колдогон шерлерди,
Бучкагына теңебей,
Балбандыкты, чоңдукту
Алда таалам доңузга
Берген экен ченебей.
Кыйшаң уруп, кылт этпей
Кыйшалактап былк этпей,
Токойдогу арстандай,
Он сегиз миң ааламды
Камырдай тепсеп баскандай,
Айбаттанып өкүрсө,
Казылган терең көргө окшойт,
Күркүрөшү капырдын
Капталдан аккан селге окшойт,
Кыялы чукул, пейли тар,
Бек мүшкүл душман Сарыбай,
Алкымга салып кол айдап,
Колду бөлбөй чогуу айдап,
Айдаган колдун ичинде
Нелер бар да, нелер жок.
Түндө эшикке чыкпаган
Коркоктору дагы бар,
Адам тилин билбеген
Башы ооган жакка кайрылган,
Торпоктору дагы бар.
Найза менен муштаган
Чоркокторy дагы бар.
Бу дүйнөдө көзү ачык,
Сүйлөп турса сөзү ачык,
Ишке мыктап кирүүчү
Качпай жоого туруучу,

Кармашканды сүрүүчү
Даңгылдары дагы бар.
Калың мүшкүл чок келсе,
Карсылдаган ок келсе,
Кабак бүркөп, каш какпай
Тобокел деп баш тартпай,
Туу түбүнө турчу бар.
Ала көөдөн, чорт кыял
Ала даңгыл түрсүлдөк,
Жоон өпкө күрсүлдөк
Кең багалек, жайык төш
Бөрк ал десе, баш кескен.
Суу ич десе, уу ичкен,
Өзү өлөрдү түк билбей,
Жанын колго кармаган,
Жан кечкиси дагы бар.
Убадага бир канча
Турбаганы, дагы бар.
Санаа тартып, саргайып,
Түн эмне болот деп,
Ажал жетип, күн бүтсө,
Жаман катын, жаш бала,
Күнү эмне болот деп,
Колду айнытып ыйлаган,
Жашыктары дагы бар.
Кол ичинде Сарыбай
Эсерди кудай уруптур,
Колго буйрук кылыптыр:
«Кызыл найза салгыла,
Кылычты кындан алгыла!
Баарын калбай жабылып,
Кыргын болуп калгыла!
Ой, калың кол, угуп ал,
Ажал менен өлүмдү
Азап менен мүшкүлдү
Кордук менен жаңжалдан,
Корккон адам оңобу?
Өлбөй калчуу дүйнөдө
Темир өзөк болобу?
Баатырсынган бул журттун
Качанкы жинин кагалы.
Тапкан экен чатакты,
Караан кылды деп уктум
Аты ургаачы Куялы
Баягы биз алучу катынды,
Болушканын кыралы,
Болушканда калың кол,
Орой, ортоң салышта
Олжо катын кылалы!
Алжактаган доңузду
Ат сооруга салалы!
Көргүлүгүн көр кылып,
Айрөк-айрөк кылалы.
Катуу жиним ушундай
Буйрук сөзүм аласың.
Буйрук сөзүм албасаң,
Жер жайнаган калың кол
Кыргын болуп каласың!»
Деп, Желмогуз уулу Сарыбай
Кол алдында чамынды.
Ай ааламга чоң тутка
Өзүм жеке болом деп,
Каарланды Сарыбай
Журт бузулуп дүрбөдү,
Туталанган кутургур
Түгөнөрүн билбеди.
Чоң майданга келгенде
Тулпарды тартып токуду.
Жандуу жандан түңүлүп,
Жалпы жан минтип турганда,
Кайыпчалдын Куялы
Баштады казат бу дагы.
Ошондо Сейтек кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Тагдыр жетсе өлөйүн,
Кутурган экен куу доңуз,
Кулжуңдашып көрөйүн.
Кектүү өчүм алайын,
Кесири калың чочкого
Жекеге чыгып барайын?
О, эжеке Куялы
Акыл айтсаң, угамын
Бир кезекти бериңиз,
Сарыбай жолун сурадым!» —
Деп, күүлөнгөн эр Сейтек
Кезегин алып турду эле,
Кулансур оозун бурду эле.
Кармашары Сарыбай
Каарын төгүп бакырды,
Кан атасы Манастын
Арбагын айтып чакырды.
Токой, тоо бузуп жол салып,
Тоодой ишке кол салып,
Айгай кулак тундуруп,

Манас шердин Сырнайза
Күркүрөтө сунду эми.
Андай-мындай дегиче,
Кулансур менен ургутуп,
Барып Сейтек Жетти эле,
Беттеше келген чочкону
Кыргактуу болот Сырнайза
Как жаакка муштап өттү эле.
Муштаганга кенебей
Ал сайганын Сейтектин
Ал түгөнгөн Сарыбай
Бучкагына теңебей,
Кыйшалактап, кылт этпей,
Каардуу чочко былк этпейт.
Бир сайганда өлгөн жок,
Кабылан Сейтек сайганын
Каакы ордуна көргөн жок.
Ачууланды Сарыбай
Айбаты кыйын, заары күч
Арамды көрсөң момундай.
Айла билгич доңуздун
Билеги жоон эн ыктуу,
Пил мүчөлүү эн мыкты,
Ай ааламды кылган түз.
Түрүн көрсөң күдөр үз.
Түгөнгүр жайы ушундай,
Нечен чатак, нечен чыр
Нечен мүшкүл, нечен түн,
Мындайына көнгөн бул.
Каары калың Сарыбай
Каруусу кабат чочкоңуз,
Тишин бекем чайнады,
Кан иччү түрү кармады.
Маңдайлашып урушуп,
Балталап башын кесем деп,
Бар түбүнө жетем деп,
Айбаттанып, акыры,
Асман көктү сапырып,
Сакал,- мурут бириндеп,
Кирген суудай күрүлдөп,
Абайлап туруп көргөн жан
Аманат жандан түңүлдү.
Адырды бузуп, жол чалды,
Ал Сейтекке кол салды.
Кара жаак булдурсун
Булдурсун булкуп имерди,
Буудан тулпар Тоокызыл
Бучкакка тартып жиберди.
Ошондо, тоодой толкун токтоду»
Тоо куланат окшоду…
Дүбүртүнөн чочконун
Оодарылбай кара жер
Калыңынан токтоду.
Тоодой болгон Тоокызыл
Баскан жерин уратты,
Көз тунарып, чуу болду,
Көрсөң жаңжал дуу болду.
Бала Сейтек көк жалга,
Жебеден мурун жетерде
Жеткен жерин өлчөөлөп,
Баланы муштап өтөрдө
Артын кудай оңдо деп,
Бабам Манас колдо деп,
Айбаттанган арамга
Кабылганды кайсаган
Эр Сарыбай каманга,
Эр көк жалдын тукуму
Кулансур оозун буруптур,
Катуу кайрат кылыптыр.
Эмчектин асты жээги деп,
Өпкөнүн таамай өзү деп,
Өлүүчү эрдин кези деп,.
Сарыбай найза сунганда,
Как жаагынын башы деп,
Как жүрөктүн өзү деп,
Өкүлдөгөн доңуздун
Өлүп кетер кези деп,
Өлчөөнү өлчөп туштады,
Каарланган капырды
Калк куруткан баатырды
Бала да жетип муштады.
Эки найза тең тийип,
Эки найза тийген соң
Быт-чыт болуп быркырап,
Кол устундай жараңка
Асманга учту быркырап.
Беттешип экөө турганда
Кезек-кезек найзаны
Бир-бирине урганда,
Калк жанынан түңүлдү
Ок өтпөс соот бөлүндү.
Кулансур менен Тоокызыл,
Буту жерге батышты.
Буудан экен Тоокызыл

Ыргып жерден турганы,
Ат алдында болгондо
Желмогуз уулу Сарыбай
Алыш кылбай турабы?
Араандай оозу ачылды,
Ооздуктан күйгөн чок
Октос берип чачылды.
Чачылгандын себеби,
Ал Сарыбай болгону
Аша назар салбаган,
Бет алып пенде барбаган,
Ааламга моюн бурбаган,
Ал кутурган доңузга
Укурук кайрар калбаган,
Кармаш кылып кан өлгөн,
Кагышкан эрдин баары өлгөн.
Мыктысынган эр өлгөн,
Кармашам деп шер өлгөн,
Атагы кымбат, заары күч,
Кабылганды кылган түз.
Мына ошондо Сарыбай
Баатыр Сейтек эр менен
Жан аябай салышты,
Найзалашып турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушту.
Балта сынып быркырап,
Сабы колдо калды эми,
Кылыч менен салышып,
Кылыч кыйрап, быркырап,
Кабы куру калды эми.
Кандын баары тутулду,
Кандагай менен ок өтпөс
Калбай баары тытылды.
Карагай найза кагышты
Сейтек менен Сарыбай
Качпай туруп сайышты.
Жер бузулуп, бөлүндү
Көргөндүн баары маң болуп,
Койнуна жык кан толуп,
Катуулашып, кагышты
Маңдайлашып, сайышты.
Найза, кылыч, Айбалта
Такыр кыйрап калышы.
Сейтек менен Сарыбай
Эр экени билинди.
Ок өтпөс чопкут, күрмө тон,
Кат-катынан бөлүндү.
Катуу болду чоң жаңжал
Тоокызыл менен Кулансур
Боёлгон кызыл кан болду.
Бүткөн бойдун баарысы
Былкылдабай дал болду.
Колдун-буттун баарысы
Тартылбастан шаа болду,
Момундай салыш болду эми.
Жаңжалдашып турганда,
Тоокызыл оозун бурду эми,
Акылга кыйын эр экен,
Желмогуз уулу Сарыбай
Жети күнү Сейтектен
Мөөнөт сурап турду эми:
«Мен Сарыбай болгону
Улуусу илек сан көрдүм
Жерди уруктап көп өскөн,
Жетик мынча жан көрдүм.
Нечен баатыр, нечен жоо
Кармаш кылып өлбөдүм.
Кайраттуу сендей балбанды,
Баатыр, жер үстүнөн көрбөдүм.
Берендигиң белгилүү,
Көк жалдыгың көрүндү.
Бөрү экенсиң, эр Сейтек,
Кара тажаал, эр балбан,
Шер экенсиң, эр Сейтек,
Кармаш кылган, кан төккөн,
Сен экенсиң, эр Сейтек.
Берен кыргыз элине
Бек бекиткен темирдей
Чеп экенсиң, эр Сейтек!
Талыкпас элем талыдым,
Арстан элем наалыдым,
Чабышып жүрүп чаалыдым.
Күрөш баштап күбүлдүм,
Бүгүн жандан түңүлдүм.
Айткан сөзгө көнүңүз,
Жети күн мөөнөт бериңиз?
Кан экениң чын болсо,
Убадада туруңуз!»
Муну укканда эр Сейтек
Дегенине көндү эми.
Желмогуз уулу баатырга
Жети күн мөөнөт берди эми.
Найзанын баарын жыйдырды,

Чатактын баарын тыйдырды.
Жети күн мөөнөт алдым деп,
Калпы-чынын көрүү үчүн
Беш таш бою бек жерге
Бекине түшүп Сарыбай
Алдында тулпар Тоокызыл,
Ээн калган каранды
Ээрин алып жайдактап,
Кишен салып, баймактап,
Аркыраган муздак жел
Аса байлап салды эми.
Акканкыны жазданып,
Ок өтпөс тонду жамынып,
Сунган буту тартылбай,
Жумган көзү ачылбай,
Чыканактап, тынч алып,
Чырым этип, уйку алып,
Арбаңдаган кутургур
Зыӊ-зыӊ этип кенебей,
Ай ааламдын баарысын
Бучкагына теңебей,
Жети күнү толгуча
Айтылган сөз болгуча,
Алп уйкуну салды эми.
Жамбаштап жатып, жай алып,
Жан мемиреп май алып,
Уйку канып болгондо
Сууткану Тоокызыл
Туура чөптөн чалдырып,
Муздак таза булактан
Суусаганын кандырып,
Кеп жетелеп отуруп,
Көркөмдүү тулпар карандын
Көөдөнүн чөпкө толтуруп.
Аз жетелеп отуруп,
Таз кардын чөпкө толтуруп,
Эңишке келер бекен деп,
Эр Сейтектен чочунду
Тоокызылды токунду.
Көз жумулуп, кан жайнап,
Көрө жазган экемин,
Көрсө Сейтек баладан
Өлө жазган экемин.
Күч берген эки кары ооруйт,
Баатыр кайрат, эр мүчө
Кыймылдабай баары ооруйт.
Жүлүндүн бир жак чети ооруйт.
Башым сыздап, басылбайт,
Балта каары жеткендей,
Белим сыздап басылбайт.
Мээнет кирип кеткендей,
Капаланып Сарыбай
Кайгыланып тура албай
Ичи өрттөнүп, боору чок,
Эр Сейтек болду буга ок.
«Бай-бай Сейтек эр экен,
Телегейи тең экен,
Кыргыздан чыккан шок экен.
Кылымда мындай жок экен.
Жүрөккө Сейтек чок болду,
Эр Сарыбай мен атым,
Астымда тулпар канатын,
Титиретип ааламды
Айдап барган адатым.
Эрдикке салып эптедим,
Эр айласын таппадым.
Болжолу жок бала экен,
Бооруна найза кагамын,
Найзаны катуу сунамын,
Таш талканын чыгарып,
Айлын кырып, олжо алып,
Күн бүтпөсө, кайтамын.
Төлгө жаман, түш жаман,
Оӊой тийсе, иш жаман,
Көтөрүп кийген тон жаман».
Деп, ошентип, Сарыбай
Тоокызылды токунуп,
Кара болот кан төгөр
Зулпукор кылыч салынып,
Тегиз аккан дайра суу
Чынар терек, мөмө тал,
Кайратынан, каарынан,
Тилсиз айбан багынып
Желмогуз уулу Сарыбай
Казатка чыкты камынып.
Жети күнү толгондо,
Убагы толук болгондо
Таң кашкайып сүргөндө
Жерге жарык тийгенде,
Эр Сейтектин сынчысы
Кароолдогу төлгөчү,
Бабадан калган мураапы,
Баатырдан калган кыраакы,
Сүйлөгөндө сөзү ачык,

www.bizdin.kg

Тирүүлүктө көзү ачык.
Желмогуз уулу баатырды
Эр төлгөчү көрүптүр,
Сейтекке кабар бериптир,
Ошол кезде төлгөчү
Сүйлөп турду мындай деп:
«Көк жал Сейтек угуп ал,
Көрдүм мүшкүл мындай бар.
Баатыр, жети күн мөөнөт берипсиң,
Каарланган Сарыбай
Каардуу мүшкүл капырай,
Арстандай көзү жайнаптыр,
Ашып жини кайнаптыр,
Көк кенедей толуптур,
Көп эс алып болуптур.
Ал, кериден күйгөн чок болду,
Келбетинен капырдын
Аккан дайра, тилсиз суу,
Тим эле акпай токтолду».
Деп, ошентип, төлгөчү
Кабарга келип турганда,
Токойдон булбул үн салды,
Тоодон күкүк муңканды.
Таң кашкайып атканда,
Кулансурду токунуп,
Эр Сейтек атка миниптир.
Душман келип калды — деп,
Жар чакырып ийиптир.
Мына ошондо Куялы
Кыраан куштай каранып,
Болот найза колго алып,
Бастырып чыкты жекеге
Сарыбайды' бет алып.
Качпагын деп бакырды,
Чындап ураан чакырды.
Өлүмгө моюн бурду эми,
Уңгусу болот, учу курч
Жоого ылайык Сырнайза
Күркүрөтө сунду эми.
Атка камчы басканы,
Телегейи тең бейбак,
Ай ааламдын баарына
Аты' угулган шер бейбак.
Шака найза сунду эми,
Чатышкан согуш кылды эми.
Ошондо кесир сүйлөп Сарыбай
«Канчык кел» — деп, чакырды,
Барбалаңдай бакырды:
«Илгертен бери зор улук,
Ургаачынын жолу улук,
Бардык күчүң сал бейбак.
Кезегиңди ал бейбак!»
Сарыбай мындай деген соң.
Кыз арстан Куялы
Өрттөй ичи кайнады:
«Акыл болот мунуңуз,
Эр Сарыбай сен элең
Кыз Куялы мен элем».
Деп, ошондо Куялы
Кара көзү чок болду,
Кападан ичи от болду.
Эрдиги кармап ээликти,
Эсеби жок желикти.
Тоокызылдын оозун
Буруп берди Сарыбай,
Тоодой болуп заңкайып,
Туруп берди Сарыбай.
Булуттай учкан Желжетпес,
Тартпай оозун бурду эми,
Кыраакы болот Сырнайза
Кыйшаңдатпай Куялы
Сарыбайга урду эми.
Жаман мүшкүл баштады,
Тоокызылдан Сарыбай
Кулап кете таштады.
Найза кыйрап күл болду,
Көз тунарып, түн болду.
Куюшкан менен басмайыл,
Быт-чыт болуп үзүлдү,
Кыйшаңдаган баатырдын
Кылансур көзү сүзүлдү.
Сол колунан жал тайып,
Ээрден арты бултайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Көзү кетти алактап,
Буту кетип салактап.
Тоокызылдан Сарыбай
Кулап кете таштады,
Бир сайганда арстан кыз
Бул өңдүү мүшкүл баштады.
Мына ошондо балбан кыз
Булут сындуу Желжетпес,
Мустайып оозун бурду эми,
Буурусун тийбес талаада

www.bizdin.kg

Кезегиң ал деп турду эми.
Кезегин берип керилип,
Калк көзүнө көрүнүп,
Эрдик менен Куялы
Желжетпес оозун бурганда,
Кезегин берип турганда,
Найза сынып калар деп,
Каарданса Сарыбай
«Кандим болгон ит эле,
Каран күндү салар» деп,
Бала Сейтек берениң:
«Эр мүчөлүү эжекем,
Эбегейсиз шер экен.
Телегейи тең экен.
Теңиз арстан шер экен
Теңирсиген чочкого
Теңдиги жетер кези экен,
Айза берсем колуна,
Каарланган капырдын
Бир эсебин табат го». —
Деп ошентип, эр Сейтек
Сарпоочтотуп бүктөтүп,
Сары атанга жүктөтүп,
Сары алтындан боо кылган,
Көлөкө жерге сактатып,
Пил терисин каптаткан,
Муштаганда караандын
Болоттугу билинген,
Тийген жери тилинген.
Сынып кетпей тим эле,
Түпкүч болуп ийилген,
Сырнайзаны бергени
Белеке берген найзанын
Болоттугун билди кыз,
Эр Сейтекке жалынып,
Ыраазы , болуп турду кыз.
Өбөктөп кетсе куу жанга
Жөлөк найза тийген соң,
Тилегени бүт келип,
Арыстан Кыздын өзүнө,
Алтымыш эрдик күч келип,
Ободогу ай чолпон
Болжош болуп калды эми,
О, дүйнө кеткен эр атам,
Ошол кезде балбанга
Жолдош болуп калды эми.
Сарыбай кезек аларда
Айкөл шердин арбагы
Жылоолоп курчап арстанга
Жолдош болуп калды эми.
Бел беттеген шай атам
Беттеп жолун оңдоду.
Аты кызыр машайык
Ал ооздуктан алыптыр:
«Балам согуш кылгын» — деп,
Коштоп калган кези экен.
Колдогону бир тогуз,
Колдоп алган кези экен.
Башта күндөн кыз балбан
Канчалар менен кармашкан,
Кан төгүшүп жайлашкан,
Жан жүрбөгөн чөл көргөн,
Канча мыкты эр көргөн,
Телегейин тең көргөн,
Желжетпес оозун бурду эми,
Кутпа жакты бет алып,
Зың-зың этип кенебей,
Чабышаары Сарыбай
Бучкагына теңебей.
Кезегин берип турду эми.
Мына ошондо Сарыбай
Алдындагы Тоокызыл
Аркасы бийик, зээри бас,
Алдыга салса чарчабас,
Кең көкүрөк, тайкы жал,
Келишимдүү бууданды,
Кара жаак булдурсун
Кармай калып имерди,
Тоокызылды токтобой,
Томукка салып жиберди.
Эти ачынган Тоокызыл
Койдой саны бөлүнүп,
Коёндой жону түзөлүп,
Арандай оозу ачылып,
Катып кеткен туягы
Табактай болуп жазылып
Тулпардыгы билинди,
Жебедей ыргып түйүлдү.
Жагалмай сындуу доңуздун
Жадабай оозун бурду эле.
Каруусу толук капыр кул,
Кан Сарыбай баатыр кул,
Музду бузуп, тоону алган,
Чөп кыйратып, жоону алган,

Башта баркын билишкен,
Ай аалам менен тийишкен,
Аты угулган ааламга,
Арбагы чыккан далайга,
Катуу каардуу Сарыбай
Аныктап кудай урду эми,
Кан жыттанган көк найза
Күркүрөтө сунду эми.
Кайран ээрдин кашы деп,
Алыс кетсе тетиги
Жүрөгүнүн башы деп,
Көк жалдын кара көзү деп,
Как өлөр жердин өзү деп,
Алма сындуу ак эмчек
Жарып өтөр бети деп,
Ажалдын убак тушу деп,
Сексен жаны болсо да,
Көк кенедей толсо да,
Алжаңдаган катынды
Аңтара саяр чагым бар,
Азыр келди, табым бар,
Токсон жаны болсо да,
Токтоосу жок учар деп,
Токтоно албай Сарыбай
Желиккен экен кутургур,
Жердин жүзүн үрпөйтүп,
Жетик күлүк Тоокызыл
Желиктирип чуратып,
Жердин жүзүн уратып,
Жагалданган кутургур.
Чын сайылса бу найзам,
Чыканактын тушу деп,
Бул кутурган канчыктын
Чын өлөр жери ушу деп,
Чымырканып найза урсам,
Чындап найзам тийбейби?
Канча баатыр болсо да,
Башы» жерге кирбейби?»
Деп ойлонуп Сарыбай
Күп дедире урду эми.
Муштап келип турду эми.
Муштаган да көк найза
Быт-чыт болуп бөлүндү.
Кайыпчалдын Куялы
Кыйын найза тийгенде,
Кыйшаңдабай, кылт этпей,
Кылтылдабай, былк этпей,
Ал Сарыбай капырга
Ушу кепти кылды эми:
«Деген сөзгө көнүңүз,
Баатыр болсоң, эр болсоң,
Эр Сарыбай сен болсоң,
Экинчи кезек бериңиз?!»
Сурап турду Куялы,
Сарыбайды кудай урганы,
Одураңдап ороюп,
Сөзгө келбей турганы.
Оруп, жыйып алчудай
Тарбаңдаган кызыталак,
Баштыгына салчудай,
Дүнүйөнүн түбүнө
Жалгыз өзү жетчүдөй.
Каарданды Сарыбай,
Айтканына көнбөстөн.
Эр кезегин бербестен,
Кара жаак айбалта,
Кармап алып имерди,
Камынтпастан балбанды
Карсылдатып жиберди.
Сарыбайдын жаңжалын
Ар качандан билүүчү.
Көпкөк темир туулга
Көрсөң арстан балбандын
Көмкөрүп башта кийилүү,
Камбыл экен Куялы
Басып найза кирүүгө
Бир жеринде тешик жок,
(Куялыга катылган
Сарыбайда кешик жок).
Деген сөзгө көнбөстөн,
Эр кезегин бербестен,
Сарыбай чабыш кылган соң,
Шер атактуу балбан кыз
Куялы карап турабы?
Кудай бетин көрсөтпө,
Жаман жаңжал баштады,
Куялыдай баатырың,
Жандан кечип таштады.
Түп этектен алышты,
Түгөнүшүп калышты.
Жер бузулуп, аң болуп,
Адамдын башы маң болуп,
Эрен да экен, шер да экен,

Эр Сарыбай, Куялы,
Пендеден чыккан эр экен.
Бир-бирине карабай,
Кылча жанын аябай,
Балаалуу жаңжал башташты,
Байкуш жанды экөө тең,
Кылга байлап ташташты.
Кыйын жаңжал дуу болуп,
Толук канды жутушуп,
Тондун баарын тытышып,
Союлдашса солк этпей,
Балталашса болк этпей,
Камчылашса каңк этпей,
Кылычташса кыңк этпей,
Кыйын согуш салышты.
Кызык өмүр, таттуу жан,
Кылга байлап таштаптыр,
Кызыл кыргын, куу сүргүн,
Кыраандарың баштаптыр.
Жакалашып чоюшуп,
Жакын келип калганын,
Балта менен коюшуп,
Күнү-түнү эки күн,
Күпүлдөшүп тынбады.
Кыйын дүмөк чыр болду,
Асман жарган чуу болду.
Айгайлаган дуу болду.
Күү-күү этип күүлөнүп,
Күңгүрөнүп сүйлөнүп,
Күркүрөдү Сарыбай:
«Мен Сарыбай баатырмын,
Кайратымды ашырдым,
Кайыпчалдын сетер күң
Ала турган катыным?»
Деп, ошентип, Сарыбай
Арбын жаңжал, улуу дуу,
Бүтөп кетип баратат,
Баштагыдан ансайын,
Күчөп кетип баратат.
Чагылгандай, чартылдап,
Айбаттанып, акылдап.
Ач айкырык дуу салып,
Айгайлаган чуу салып,
Күйгүзгөнү чочконун
Сөксөөлдүн чогундай,
Айткан кеби арамдын
Жазайылдын огундай,
Жаны чыккан чочконун
Жаңжалдыгы момундай.
Сүйлөгөнү доңуздун
Сөөккө батып такалды.
Жин ургандай Куялы
Башындагы суусар бөрк,
Эрдигин көрсөң кара көк,
Сарыбайдын заарына,
Салып жаткан каарына,
Күйүп-жанып чок болду,
Жан зыркырап, тиш кайрап,
Көңүл муздап, кыш болду
Көрсөң жүрөк муз болду.
Кайрат толкуп, кан кайнап,
Катуу каар баштады,
Кадыр алда берген жан
Өлсөм мени көмгүн деп,
Жерге ыргытып таштады.
Мына ошондо Куялы
Эрдиги эпсиз кармады,
Эки жакты карабай,
Эсил жанды аябай,
Желжетпести бурду эле;
«Атаңдын көрү Желжетпес,
Жабыраган жоо келди,
Жеткен башка доо келди,
Мунара күйгөн чок келди,
Бузулбай тийген ок келди,
Терең казган ор келди,
Тепчип кетер шер келди,
Деги жанга зор келди.
Айбан да болсоң анттуашып
Кенедейден кезиктим.
Керишке минсе кебелбес,
Чабышка минсе чарчабас,
Ооруkка минсе оорубас,
Опсуз тулпар сен элең,
Жаныбарым Желжетпес,
Бугудай мойну буралган,
Бута бою ор келсе,
Буйталбастан чуркаган,
Буудан элен жаныбар,
Башыңды жерге сала көр!
Кагышарым Сарыбай,
Катуу арыш ала көр!
Айкырып найза малбасам,
Айгай тартып салбасам,

Алда тала мени урсун!
Кыйшалаңдап, кылт койсоң,
Бир жагына булт койсоң,
Жаратканым сени урсун!» —
Деп, антташып, Куялы
Кобулу болот Сырнайза,
Мелтирете сунду эми
Ала аскар тоодой арамды
Өпкөгө туштап урду эми.
Ок өтпөстүн он топчу,
Он бүчүсүн чечиптир,
Бетинен тийген Сырнайза
Сыртына чыгып кетиптир!
Алдында тулпар Желжетпес
Тартып оозун бурду эми
Эр Сарыбай баатырды,
Кулатып жерге урду эми.
Найзасын өйдө кылганда,
Арстандыгы билинди,
Найза учунда Сарыбай
Жем баштыктай илинди.
Атаңдын көрү кыз арстан,
Телегейиң тең экен,
Каардуу жоону кулаткан
Кабылан көк жал шер экен.
Мына шондо Куялы
Масан-масан кеп айтат,
Ар бир кебин карасаң,
Сарыбайды жеп айтат:
«Каарлансаң, Сарыбай,
Баатыр элең, шер элең,
Кара болот зулпукор,
«Каалоочу белең, Сарыбай?!
Ай ааламдын баарысын
Айдап жүрүп буй кылып,
Ээлөөчү белең, Сарыбай?!
Кылмышы жок, кеби жок,
Далай момун адамды
Талоочу белен, Сарыбай?!
Маа балакет жоо кайда,
Дечү белең, Сарыбай?!
Адам этин чийкилей
Жечүү белең, Сарыбай?!
Жесир менен жетимди,
Бакыр менен мискинди,
Баатыр менен балбанды
Кутурма жиниң бек кайнап
Чапчу белен Сарыбай?!
Беренсинип, бексинип,
Турчу белен Сарыбай?!
Билген чырды ааламга
Кылчу белең, Сарыбай?!
Кылмышсызды кыйратып
Кыруучу белен, Сарыбай?!
Эң бир кыйын чоң ишти
Кылчу белең, Сарыбай?!
Азыр жалынсаң укпайм сөзүңдү,
Бир буздумбу чегинди?!
Жалдыраган куу доңуз,
Жалынсаң укпайм, кебиңди!
Элимди эркин кондурбай,
Эрки менен болтурбай,
Нечен жылы жооладың,
Канча жаңжал баштадың,
Кан атан өчү элде жок,
Алтымыш катын тул кылып,
Айылды каран таштадың.
Алты атаңдын кеги жок,
Мынча не жаңжал баштадың!
Кейитип жанга күч кылдың,
Дөбөчөнү түз кылдың,
Түгөнгөн жанга күч кылдың,
Кулжулуңдап кубарып,
Кутуруп көр, Сарыбай!
Калайыктын баарына,
Жашы менен карыга,

Заарың өттү, Сарыбай!
Ай ааламга тойбогон
Алкың кана, Сарыбай?!
Найза учунда турасың,
Кимге такаат кыласың,
Чаркың кана, Сарыбай?!»—
Деп, ошентип, Куялы
Колундагы Сырнайза
Учундагы Сарыбай,
Булкуп-силкип жиберди:
«Өз убалын өзүңө!
Эмгегиң кара төбөңө?!»
Кайра тартпас чын жайга
Кеткен экен Сарыбай,
Кыз балбандын колунан
Чын ажалы доңуздун
Жеткен экен ушундай.

Кыш камын жеп, чөп чапкан,
Сарыбай колу багынып,
Кээ бир эрге кээ бир эр,
Тизелери бүгүлүп,
Артынан чуркап жүгүрүп,
Окоро түйгөн чылбырды
Моюнуна артышты,
Бир-бирине бир-бири,
Тулпар атты тартышты.
Энтеңдешип желишип,
Элчиликке келишип,
Баатырына багынын,
Мал тартыша калышты.
Улуу ускадан башташты,
Уруш менен жаңжалды
Унутушуп ташташты.
Жан талашкан Сарыбайды
Чалкасынан салдыңыз.
Кенедей колдо кылмыш жок.
Айкел уулу кабылан,
Жүйөөлүү сөзгө көнүңүз,
Сарыбайга теңелип,
Кылмышы жок көп элге
Жапалуу жаңжал кылбаңыз!

Сарыбайдын каарынан
Эл жыйнала бергенбиз,
Кордук менен айдалып,
Кол жиби жок байланып,
Айла жоктон келгенбиз.
Көп укпаган «сонунду», —
Түк билбеген момунду,
Аштык айдап, жан баккан,
Жашы менен карысын,
Айдады журттун баарысын». —
Деп, ошентип, журт чуулат.
Кол чуркурап чуу болуп,
Кайран шердин тукуму
Эр Сейтекке келгени.
«Баса, эл чабам деп оолуккан
Канкору Сарыбай дебесе,
Кара мүртөс кутургур,
Каарданып баштап келбесе,
Калын элде не жазык!»—
Деп, сүйлөгөн Сейтектин
Төп экени билинди.
Майдан токтоп, кол тынчып,
Калайык эми сүйүндү.



# СӨЗ АЯГЫ

Кыз Куялы, Сейтек эр,
Тилеги тийип колуна,
Берени кирип жолуна
Намыздуу шердин тукуму
Баабединден бата алып,
Арстан ата жолуна
Ай туяк деп аталып,
Калайыкты чакырып,
Ай маңдайы ачылып,
Эл чуркурап, ой кылып,
Жатышты журту жай алып.
Жамбашына май алып,
Кенен көчүп, тоо жайлап.
Кай жакканы бээ байлап.
Адырга чыга жайлашып,
Эрки менен болушуп,
Эмгек тарткан чоң кордук
Сарыбайдан кутулуп,
Жалпы журттун баарысы,
Улукмандуу-карысы,
Даанышманы, чечени,
Иш билгени, нечени,
Нур төгүлгөн ой кылды,
Куялы, Сейтек баатырдын
Урматында той кылды.
Жылгындынын оюна,
Кең Таластын боюна,
Төрт күлдүн төмөн жагына,
Төрө Манас көк жалдын
Мурда сайган багына,
Калк жыйылып келишти.
Курун селде чалынган,
Кудайым деп жалынган,
Тегерек бышкан даны бар,
Төрт түлүктүү малы бар,
Ала-була тоң кийген,
Албан түрдүү жан келди.
Элдин келген себеби —
Сарыбай отко тутулуп,
Сары ооруган кайран журт
Бүгүн чыкты кутулуп.
Айдай кабак ачылып,
Аптыккан жүрөк басылып,
Чын көңүлдү басты эми.
Чын кабагы ачылып,
Каткан-күткөн казына,
Калайыктын баарына,
Каар Сарыбай өлдү деп,
Калтырбастан чачты эми.
Эбегейсиз той болуп,
Эр Сейтектин тою деп,
Эр Куялы ою деп,
Азаптан башты куткарган
Арстандын тою деп.
Азууларын аркайтып,
Алдыңкы ээрдин шалпайтып,
Эки өркөчүн зоңкойтуп,
Өрдөктөй мойнун койкойтуп,
Чуудаларын чубалтып,
Калың элдин баарысын
Чуркуратып кубантып,
Кыпкызыл нар төө сойду.
Казысы карыш бээ сойду.
Төрт түлүктөн тең сойду.
Дүнүйөнү тең койду.
Калтырбай журтту бүт жыйнап,
Жер буркурап, май болуп,
Журт кубанып, эл толуп,
Кымбат Сейтек тою деп,
Ала аскардай бели деп,
Сарыбайды жеңди деп,
Ал Таластын боюнда,
Эр Сейтектин тоюнда
Нойгут тоюн жеп кетти,
Аман болсо, Куялы
Кыйшаңдаган пендеге
Кызыкты салар деп кетти.
Тогуз күнү казына
Казына оозун ачтырды,
Жетим, жарды, тул катын,
Мал билбеген бакырга
Сарып кылып чачтырды.
Жоомарттыгы көрүндү,

Начар менен мискинге
Арык менен карыпка
Кылча көрбөй дүйнөнү
Камчыга ченеп бөлдүрдү.
Ошолорго бердирип,
Эл көңүлүн жай кылды.
Ай жылдыздын болжошу
Айкөл шердин жолдошу,
Көрсөң Бакай карыя
Кыбыланы бет алып,
Алда деп колду көтөрүп:
«Көлөкөлөп эл жаткан
Какырга чыккан чынарым,
Каралды болуп олтурган
Кагылайын чырагым!
Куялы, Сейтек кулунум
Куркулдаган кузгунду
Куп келтирип ордуна
Айдап келген туйгунум!
Кыз арстан, эр Сейтек
Эки түгөй чынарым,
Армандуу журтту азаптан
Ажыратып алганың,
Маңдайдагы барааным,
Медер кылган карааным!
Карыштасам нукумум,
Каралды болуп отурган
Кагылайын тукумум.
Алтын болсун көмүрүң,
Алыс болсун өмүрүң!
Мингениң алтын так болсун,
Маңдайына бак консун!
Душман жолу тар болсун,
Койгулашсаң душманга,
Атаң Манас арбагы
Силерге жолдош жар болсун!
Ынтымак, ырыс, касиет,
Балдарым сени даарысын
Ой, оомийин, журт, омийин!
Алышкан душман басылсын,
Кабагың гүлдөп ачылсын!
Сапар жүрсөң алыска,
Кармаш кылсаң кагышка
Жол баабедин жолдосун!
Шыдыр кылып жолуңду,
Жол баабедин шай атам,
Балам сени колдосун!
Жолугушуп касташкан,
Эгер жолу болбосун!
Душманыңдын жолуна,
Тоо кара таш үйүлсүн,
Аттарың чыгып ааламга
Балдарым, арстандыгың билинсин!
Басып суук боор келбесин,
Басташып адам жеңбесин!
Кара кылды как жарган
Калыс болгун калкыңа,
Калк түшпөсүн артыңа!
Куялы, Сейтек кулундар,
Жаман болсо көөнүңөр,
Жаман чыгар өөнүңөр,
Журтка мөмө болуңар,
Айткан сөзду угуңар,
Үзүлгөндү улап бил,
Чачылган журтту жыйнап жүр,
Темир короо таалайың,
Балдарым, журт силердин
маанайың,
Жергелеш конуп конушка,
Балдарым, журттун көөнүн
оорутпа!»
Абаң Бакай карыя
А деп, бата бериптир.
Касташкан душман жай болду.
Муну мындай таштайлы
Кайыпчалдын Куялы
Ошондон кабар баштайлы.
Кыз Куялы шер балбан,
Акырын сүйлөп, бек таштайт,
Өтүнүп элге кеп баштайт:
«Эл сагынган пейлим бар,
Менин дагы элим бар,
Элим алтын тапчу эле,
Элимди пери чапчу эле,
Кайран журтум не болду?
Чалкып жатпай жер болбос,
Эл сагынбас эр болбос,
Элдүү киши кем болбос,
Кайран журтка жетейин,
О, жыйылган көпчүлүк,
Кымбат достум Айчүрөк,
Маа руксат этиңиз?»—
Деп, өтүнүп, Куялы
Коштошуп кол кармашып,

www.bizdin.kg

Жердин жүзүн уратып,
Желпиниш көздөй чуратып,
Кайыпчалдын Куялы
Балбан кыз жолго түштү эми.
«Сапарыбыз карыбас —
Кезип жүрөр кез келди»
Дешип Бакай, Каныкей,
Күлчоро менен Семетей,
Айдай катын Айчүрөк
Бешөө кайып болушуп,
Кетмек болду сапарга.
Тигип койгон айлы жок,
Сапарынын дайны жок,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө шок.
Сапардын жайын укканда
Эл чогулуп дуу болду:
«Ушу Бакай менен Каныкей
Толкуп жаткан бел эле,
Семетей менен Күлчоро
Добул келсе, жел тийбес,
Доочу келсе мал бербес,
Тажаал келсе жан бербес,
Бузулбас Кап-Тоо бел эле,
Калың кара чеп эле» —
Деп, калайык турганда
Беш берендин ичинен
Семетей баатыр кеп баштайт:
«Улуу, кичүү, кары, жаш,
Курбу, курдаш, талапташ,
Ар түйүндү чечип кой,

Жаман, жакшы өткөн иш,
Кайран журтум кечип кой?!
Ала-Тоону жер кылган,
Азаматын эр кылган,
Ак калпактуу калың журт,
Кыйрың менен эсен бол!

Биз кеткен менен сапарга
Арка болор Сейтек бар.
Далай журттун уулу бар.
Бейпай болбо, ар бир жан,
Үзүлүп кетсе улачу,
Чачылып кетсе жыйноочу,
Берен кутман өзү бар.
Кыжылдаган жоо болсо,
Жолотуп жоону киргизбей,
Кайып болгон биздердин,
Жогубузду билгизбей,
Канаттууга кактырбай
Камчылууга чаптырбай,
Журтка балаа тарттырбай,
Өрүшкө душман жолотпой,
Өкүмдү ичке киргизбей,
Жобо, капа билгизбей,
Баш-көз болор Сейтек бар.
Бел байлаган белин бар,
Бекип жаткан чагың бар.
Бейлеп кулак салыңар,
Угуп турган кебимди
Улуу, кичүү баарыңар,
Ушул калган силерге
Сейтек болсун чоң мураа!
Биздер кеттик сапарга,
Өлбөс журтум, кошкула!»
Берен мындай деген соң,
Эл арасы дуу болду,
Асман жарган чуу болду.
Көбү жалган, көбү чын,
Ошол күндөн ушул күн
Көпчүлүктүн көөнү үчүн,
Айтарга жомок бай болуп,
Бабаңардын сапары,
Ааламга жетип атагы:
«Байыркы Манас сөзү» — деп
Өчпөс болуп калыптыр.

# КОММЕНТАРИЙЛЕР

## А

**Аалы** (наалы) — өтүктүн такасы.
**Абырай** — кадыр.
**Агар алтын** — накта алтын, таза алтын.
**Адими** — көркөм, сулуу.
**Ажайып** — кызык, аң-таң каларлык.
**Ажурун** — уруунун аты.
**Ажырук** — азап, куурал.
**Азар (назар), азар салбаган** — көңүл бурбаган.
**Азар — миң; азар түмөн** — көп, сан жеткис кол.
**Азиз** — ыйык, кымбаттуу, кадырлуу.
**Азкайып** — олуя.
**Аймак** — айыл.
**Айрөк** — тилди ооздон чыгарып тууроо, келекелөө, мазактоо.
**Айтуяк** — түлөөгө союлуучу жылкы.
**Айып болду Актайган** — Актайган дайынсыз жок болду.
**Акбыштан** — ээрге салынган көрпөчөнүн алды жана артынан бастыра тартылган басмайыл.
**Ак жылкынын чаңы урсун** — каргыштын же анттын бир түрү.
**Акуш айт** — үн кошуп ырдоо.
Ак шайтандуу — жете шайтандуу.
**Алакчы дүйнө** — опасыз дүйнө, жалган дүйнө.
**Алапай** — арга, айла.
Алда-жалда — араңдан-зорго эптеп-септеп.
**Аленңгир** — алек, жабыр, жапа; алаңгир жаа — атканда адамды алек кыла турган жаа.
**Алко** — абышка деген сөздүн кош сөзү (абышка)
**Алты арыш** — алты уруу, алты топ.
**Ант келди** — ант ургур келди.
**Аңгир** — кыян.
**Аңги суу** — эрте жаздагы кирген суу.
**Апат** — булук, кыргын, кыйроо, жок болуу
**Апы, эбин** — дарынын аттары.
**Аргын** — уруунун аты, элдин бир уруусу,
**Арс эмген** — тайдын кунанына чейин энесин эмгени.
**Арыптатып** — ыктатып, кынаптап.
**Аса (аза)** — өлгөндү тазалоо.
**Асаба** — желек, байрак.
**Ата жете** — эскиче оюндун аттары,
**Аяр** — амалдуу, айлакер, көз боочу сыйкыр.

## Б

**Баана (маана)** — эш тутуу, караан кылуу.
**Баар** — 1) жылдын жаз мезгили,
2) убай көрүү, жыргоо.
**Багалак** — оюндун түрү (ордо, күрөш).
**Багдагүл** — гүлдүн бир түрү
**Бадик** — тентек, терс аяк, ээн баш.
**Бадирек** — тентек, уятсыз бузуку,
кара нээт.
**Баймалуу** — саймалуу.
**Бакбурчун** — эпос боюнча — бир элдин кандыгы, шаардын аты,
**Баки** — бүткүл, баары.
**Бакмал (макмал)** — баркыт.
**Бараан** — жөлөк, караан.
**Баранды** — майда жандыктар.
**Баргек** — кооз, алтындын буусуна
кармалган учтуу нерсе.
**Баямалуу** — эби менен байлаган,
**Бегилик** — сыйлык.
**Бедер** — оймо-чийме (орнаменттер).
**Безе** — сайра.
**Бейдаарат** — даaратсыз.
**Бейлеп** — баамдап, көздөп;
бейлесе — көздөсө, байкаса.
**Бекүүр** — чын кубаныч, чоң кубаныч.
**Белсенелүү** — жыйнактуу, бел байлоо.
**Беренелүү** — кайраттуу, тайманбас.
**Берсе** — эпос боюнча — кенгура,
**Бичик** — калмактын, монголдун дин китеби.
**Бозум** — балапан куш.

Бороон күптүү — суукка алдырып алсыроо.
**Була**—1) асыл жибек, 2) кебез.
**Булдурсун** — мыкты камчы.
**Бурак** — аттардын эң күлүгү.
**Бутбарас** — бутка табынуучу, сыйынуучу.
**Буулум** — байыркы баалуу, асыл кездеменин бир түрү.
**Бушман** — өкүнүү, кейүү.

## Д

**Дааныш** — даанышман, акылман.
**Далбаа кылып** — бөлө-бөлө чаап.
**Даңгыл** — машыккан, көнүккөн.
**Даң** — даңаза.
**Даңза** — эпос боюнча — калмактардын атактуу адамдарынын аттары жазылуучу дептер.
**Дасып калган** — такшалган, тажрыйбалуу.
**Демөөрүн** — жардам, көмөк, таяныч, жөлөк.
**Дене күң** — түбөлүк күң.
**Дидар** — адамдын жүзү, бети-өңү
**Дилде** — алтын, алтын акча.
**Добулбас** — барабан.
**Долу** — бейжай, өжөр, көк.
**Домпуш** — басыгынын тынчы жок кашаң ат.
**Дөөтү** — темир устанын колдоочусу,
**Дулдул** — чарчап-чалыкпаган күлүк аттын эң мыктысы.
**Дүмөк** — азап, коркунуч.

## Ж

**Жаамы** — жалпы, баары.
**Жааннам** — тозок.
**Жагдан** — сандык.
**Жада** — сыйкыр, дуба.
**Жадаал**—1) чыр, чатак; 2) каардуу, ачуулу, көк.
**Жадыгөй** — сыйкырчы.
**Жазайыл көрдүк** — кордук көрдүк.
**Жайсаң** — калмактардагы бир айылдын же бир топ жигиттердин башчысы.
**Жакут** — кызыл түстүү, баалуу асыл таштын бир түрү.
**Жамагат** — чөйрөлөш, айылдаш,
**Жапа** — азап, кыйноо, кордук.
**Жаханнамды кыдырып** — эпос боюнча — ааламды, бүт дүйнөнү кыдырып.
**Жебе** — жаанын огу.
**Жебирейил** — периштенин аты.
**Жезнай** — жез сыбызгы, жез чоор,
**Желмаян** — төөнүн эң күлүгү.
**Жерге** — 1) көпчүлүк эл, 2) түбүнөн, укум тукумунан.
**Жесек** — кароолчу.
**Жет-кайт** — жердин түбү, эң ыраакы жер.
**Жоболоң** — чыр, калаба, кырсык.
**Жобоп жүрдүм** — кейип-кепчип жүрдүм.
**Жоботуу** — сооротуу, көңүл улоо.
**Жоңгучка** — беде.
**Жыла салба белиме** — жолто кылба.
**Жышана** — белги.

## З

**Заар** — ачуу, каар.
**Замзам** — Мекедеги бир булактын аты,
**Зар** — алтын.
**Зарбар (сарбар)** — касиеттүү суу.
**Зардал** — жолбашчы
**Зекиткен** — кекеткен.
**Зыйнат** — сын, сыпат, адеп сый.
**Зындан** — терең казылган ор

## И

**Идерлүү жигит** — мыкты, болумдуу игит.
**Ийрек** — кайыш ийлөөчү жыгач.
**Ике** — нике.
**Илек** — жүз миң.

## К

**Кадыр түн** — дин ишениминдеги касиеттүү түн.
**Кажагай** — кежир, терс аяк.
**Казанат** — ашкан күлүк, ашкан баатыр.
**Каймал** — ургаачы төө.

**Кайып болуу** — көзгө көрүнбөй кетүү, жок болуу.
**Какан, каканчын** — эпосто — кытай падышасы — кээде кытай мамлекети деген мааниде айтылат.
**Калайман** — бүлүк, дүрбөлөң,
**Калакай** — тондун бир түрү.
**Калдай** — монгол, калмак элдеринде жогорку мансап.
**Калча** — 1) сүрдүү, каардуу, 2) Коңурбайдын эпитети, 3) сакчы.
**Кам** — чийки.
**Камбар ата** — жылкынын колдоочу ээси.
**Камбыл** — шамдагай, эпчил.
**Камка тон** — эски убактагы тондун эң жакшысы.
**Кандагай** — тоо текенин терисинен иштелген шым.
**Кан талоо** — кан өлгөндө анын мал-мүлкүн талоо.
**Капилет** — кокустук, байкоосуз, билбей, туйбай калгандык.
**Капия** — купуя сөз.
**Кап тоо** — к. көйкап.
**Капчал** — аскалуу капчыгай; капчал бузуп — тоо бузуп.
**Кара байыр** — жылкынын бир түрү,
**Кара мар** — кара жылан.
**Каранды** — жөлөк, таяныч.
**Карап кылам** — талкалайм, жок кылам, айлаңды кетирем, ойрон кылуу, жок кылуу, талкалоо, кыйратуу.
**Карапта** — оорудан, ачкалыктан адамдын эс-учунан танганы.
**Кара саат** — кырсык, тоскоолдук.
**Каргы** — тайгандын мойнуна тагылган кайыш.
**Каргылаган** — каргы тагылган.
**Каргылуу тоом** — караандуу тоом.
**Каркыбар** — кайран, мыкты
**Каркыт тарткыч** — калмактардын арак куя турган көөкөрү.
**Карсак** — жырткыч айбандардын жалпы аты (түлкү, карышкыр ж.б. ).
**Касаба** — туунун учуна таккан кездеме.
**Каса курч** — накта болот
**Касаптанып** — каарданып, ачууланып.
**Кастар** — сарамжалдуу, кадырлуу.
**Келем шарып** — курандагы узун сүйлөм курулмалары.
**Келеңкер** — алтын, күмүш, жезден иштелген чачпак.
**Келик** — элпек, тил алгыч, учкаяк.
**Кемел** — 1) бараал, курак, 2) чыныгы, кемтиксиз.
**Кеменгер** — акылман, даанышман.
**Кемер** — алтын, күмүш чөгөрүлгөн кайыш кур
**Кент** — кыштак, калаа.
**Кербен** — соодагер; келим-кетимдүү маанисинде да айтылат; кербен атаң — келим-кетимдүү атаң.
**Керден** — моюн.
**Керене** — буюмдун, кийимдин четиндеги сайма.
**Керет** — керемет.
**Керешкей там** — жапырайган жаман там.
**Керик** — носорог (айбандын аты).
**Керимсел** — ысык жел.
**Керме** — 1) ат байлоо үчүн керилген аркан; 2) жаанын кермеси.
**Керээттүү** — кереметтүү.
**Кесирет** — кесир.
**Кете** — асыл материалдын түрү.
**Кечир**—1) далынын кечири, 2) жердин кыртышы.
**Киричим калбай** — арамдыгым, кирим калбай.
**Киш** — териси баалуу майда жандык, булгун.
**Киште** — сайма.
**Кобурт** — тымызын сөз кылуу.
**Козу боор** — боорго окшогон ок.
**Койчагыр** — чоң мылтыктын бир түрү.
**Колбакыр** — жан казан.
**Кологонун кыйратып** — тартынганын, айбыкканын, даабаганын талкалап.
**Колок** — жаа.
**Колоп** — 1) камап, коркутуу, 2) корголоо.
**Колоюп** — катып, селейип калуу.

**Комокой** — найзанын толтосу.
**Коомут** — көңүл толбоо, ыраазы болбоо.
**Коон** — кубан, сүйүн.
**Коросон** — 1) чечектин ээси; 2) күчтүү курч маанисинде.
**Кохар** — асыл таш.
**Кошуун** — кол, аскер.
**Көзөл (көсөл)** — чыйрак, тың.
**Көй** — чылк, жалаң, өңкөй.
**Көйкап** — миф. дүйнөнү курчап турган дөө-перилер жашаган чексиз бийик тоо.
**Көйкашка** — жеткен баатыр.
**Көккүбө** — тон.
**Көккүпү** — тайлактын терисинен жасалган ичтен кийе турган тон.
**Көкөмерен** — чөптүн аты.
**Көкшал** — көк кайыш.
**Көнчөк** — аялдардын төшүнө таккан тегерек металл.
**Көңкү** — жалпы, баары
**Көөдө** — жайлоодогу майда чөп.
**Кубаар** — түп ата.
**Кумай** — (агалай кумай короо таш) кумдуу, корумдуу.
**Кумпай** — 1) ылаачындын кыраааны; 2) куу, шылуун.
**Кунт** — көңүл коюу.
**Курама** — ар кошкон эл.
**Куткулоо** — кодулоо, четтетүү.
**Кутман** — сыймык, ырыс.
**Кутпа** — жылдыздын аты.
**Куу изине чөп салуу** — артынан калбай, изине сүрө түшүү.
**Күдөр** — үмүт.
**Күл азык** — берекелүү, түгөнбөгөн тамак (жолго, сапарга алынуучу тамак).
**Күлгүн** — 1) кооз кездеменин түрү; 2) жаштык мезгил, курак.
**Күлдүү** — бүткүл, жалпы, баары.
**Күмүрөй** — жок болуу.
**Күптүү** — 1) ич күптүү; 2) наарazы.
**Күпчөк** — шири идиштин бир түрү.
**Күр** — семиз жер.
**Күрдөөл** — көпчүлүк.
**Кыба** — көңүл толуу, кычуу кануу.
**Кыдыр (кызыр)** — миф. аян берип, адамды колдоочу.
**Кызыл баш** — парсы эли персиян.
**Кылдырооч** — үзүктүн этегине бастырган сайманын чачысы.
**Кылоо** — бычактын, кылычтын бүлөнбөгөн мизи.
**Кындыры чыккан** — адам же айбан өтө кыйналгандан кийин ичи, боюу тартылган учур.
**Кынжы** — каппас үчүн иттин мойнуна байланган эки калакча.
**Кыптырлуу** — түптүү, тектүү.
**Кырга** — элечектин кыргасы.
**Кырк чилтен** — дин ишениминде — адамды колдоочулар.
**Кырмызы** — кызыл жибек.
**Кысырык** — кысыр бээ.
**Кыябы** — ыгы, жөнү.
**Кыяпат** — ушак, айың.
**Кээ** — кесир

## Л

**Лоп тартуу** — оп тартуу.
**Лөк** — нар төө, балбан төө; лөк куржун — куржундун өтө чоңу.

## М

**Мадер** — эне
**Макулук** — жан-жаныбар.
**Мамырчылык** — тынччылык, бейкутчулук.
**Манжу** — Манжурия.
**Мар (маар)** — зор жылан
**Масан** — масан кеп айтат — түрлүү-түрлүү деп айтат.
**Маша** — чиркей.
**Машаган** — бышыктаган, бекемдеген, көрктөгөн.
**Машайык** — олуя.
**Медет** — кубат, жардам
**Мент кылуу (мерт)** — мерт кылуу, майып кылуу.
**Мизат (бурсат)** — согушта эс алуу үчүн уруксат суроо.
**Милте** — мылтыкка от берүүчү эшкен кебез
**Мөөсүл** — сый, белек.

**Мубайрек (маарек)** — кут болсун.
**Мунар** — 1) абадагы түс, 2) бийик жөлөк.
**Мунарык** — алыстан бүлбүлдөп көрүнгөн элес.
**Мура, мурапы, мураз** — кенч, атадан калган мүлк.
**Мүлүшкөр** — куш таптаган адам.
**Мүрөк** — өлбөстүн суусу.
**Мүшкүл** — оорчулук, кыйынчылык.
**Мысыр** — Египет.

## Н

**Наалат** — каргыш.
**Накерле** — саймала.
**Нөкөр** — жан жолдош.

## О

**Обо, аба** — асман, көк; ободо — асманда.
**Обоздоп** — мактап, даңктап,
**Ойрот** — 1) элдин аты, 2) топ эл, көпчүлүк;
3) кыргыздар өзүнөн башка элдерди да ойрот деп атай беришкен.
**Ойсул ата** — төөнүн колдоочусу.
**Окоро түйгөн** — томолоктоп түйгөн.
**Октолуу** — тап берүү, демитүү.
**Ооз жарма тай** — жашка жетпеген кулун.
**Опасы тар** — пайдасы тар.
**Опат** — жок болуу, кыйроо.
**Опу** — дарынын аты.
**Оорук**—1) согушта кол белгилүү жерге барып токтогон жай; 2) узакка көчпөй калган айыл.
**Отогот** — кытайдын, монгол, калмактардын бөркүнө сайылган ташы.
**Очогор** — байыркы эң чоң мылтыктын бир түрү.

## Ө

**Өзөлөнүү**—1) кайгыруу, өкүнүү; 2) берилүү, артынан түшүү.
**Өсөк** — ушак.

## П

**Перизаада** — эпос боюнча — дин ишениминдеги касиеттүү кары.
Пир — сыйына турган зоболосу бийик киши.

## С

**Саадак** — жаанын жебесин салчу баштыкча.
**Сайсөөк** — тула бой.
**Салбуурун** — ан уулап чыгуу.
**Самат (замат)** — тез, ыкчам.
**Сан** — сан жеткис.
**Санжырга** — сөөлөт.
**Сапсалга** — жылкыны бычканда касасын кыпчып, канын токтотуу үчүн жасалган жыгаччалар.
**Сарап** — такта темир.
**Сарпооч**—1) жаралуу жана колго түшкөн адамды атка тануу; 2) атты бош коштоо.
**Себи кетип** — түрү кетип.
**Себил** — 1) жасалга, 2) жарак-жабдыгы толук.
**Селүү** — эс алуу.
**Сетер күң** — кичине чабал күң.
**Солоон** — калмактын, манжулардын бир уруусу.
**Сөдөрлүк** — одоно, келишпеген
**Сөлөкөт** — кебете, кешпир, түр
**Суп көйнөк** — ак төөнүн жүнүнөн жасалган көйнөк.
**Сурайыл** — керилген, чоюлган.
**Сүйрүсүнө сүт толуп** — семирип.

## Т

**Таажы (тажы)** — кандардын башына кийилүүчү кандык белги.
**Талмаз** — эң кыйын азуулу айбан.
**Талмыз** — мыкты.
**Танап**—1) жер өлчөөсү, 2) Эпэс боюнча: ойлонуу, акыл менен иш аткаруу;
3) тетиктөө, эптөө, амалдоо.
**Тегирич** — боз үйдүн ички кооздук буюму.
**Телкуш (телик куш)** — жырткыч куштардын бир түрү.
**Теңирсүү** — менменсинүү, бой көтөрүү.
**Тогол** — үркөр менен айдын бир бирине жакын келиши.

**Топот бол** — кыйрап кал.
**Торко** — асыл кездеме.
**Тукул** — чолок, кыска,
**Тулумдуу** — узун чачтуу.
**Тун** — жырга, мары.
**Тундурма** — дайынсыз житирүү, жок кылуу.
**Тутам болуп** — амалы түгөнүү, айласы кетүү.
**Туткагы кармап** — 1) ачуусу келүү, буулугуу, 2) майда ууру.
**Туу казына** — типтүү казына.
**Туулга** — баатырлардын ок өтпөс тебетейи.
**Туур** — куш кондуруучу жыгач.
**Түлкү мурут** — чөптүн бир түрү.
**Түпөк** — туунун учундагы кыл. чачысы.
**Түшкүн** — камчынын учундагы түйүнү.
**Тынар** — кыраан куштун бир түрү.
**Тындым кылуу** — көзүн жоготуу, түбүнө жетүү, жок кылуу.
**Тырмак алды** — биринчи табылга.

## У

**Убай бар** — санаа, коркунуч.
**Убар журт** — кадырлаш журт.
**Убарлаш** — кадырлаш, сырдаш, муңдаш.
**Улама** — дин жагынан окумуштуу, билгич киши.
**Умай эне** — элдин эски ишенивиминде ичте жаткан баланын колдоочусу.
**Ур кыздай** — нур кыздай.
**Урлуу** — нурлуу.
**Ускат** — келбет, туруш, көркөм.

## Ү

**Үзүр** — мазир — айтуу — акыл айтуу , үгүт
**Үп** — үй мүлк.
насаат айтуу.
**Үптөй албай** — шаасы келбей.
**Үкү аяктуу** — туягынын үстү түктүү (жылкы жөнүндө).

## Ч

**Чалгай** — кыйшык көз.
**Чалгырт** — арам ой.
**Чампан** — тили түшүнүксүз.
**Чапма нике** — капыстан кыйылган нике.
**Чарайна** — төшкө тарта турган чарчы темир.
**Чарк** — күч, кубат, чама.
**Чеге** — 1) мык. 2) акыл-эси менен эл бийлеген адам.
**Чегир** — алгыр куш...
**Чеч кап** — чоң кап.
**Чылаба** — кытайдын бир уруусу.
**Чынмачын** — эпос боюнча кытай эли.
**Чыңыроон** — сурнай, керней.

## Ш

**Шабият** — жаш балдардын оюну.
**Шай колдогон** — олуя колдогон.
**Шайык** — эпос боюнча — аксакал касиеттүү адам.
**Шап** — шамшар.
**Шапар** — оюндун аты.
карыя,
**Шардан** — катарда жүрүү маанисинде.
**Шибе** — калмактын бир уруусу.
**Шыпаа кыл** — айыктыр.

## Э

**Эбен** — дарынын аты.
**Эзгара** — (Нескара).
**Эмил** — жыгачтын аты (орусчасы — дуб).
**Энсейип** — начарлыктан көтөрүлүп, менменсинүү, кекейүү.
**Эски дайра укулу** — эски дайранын нугу,
**Эш туткан** — жөлөк, таяныч кылган.